ЖУРНАЛ «ВЕСТНИК КЫРГЫЗСТАНА»
ИЗДАЕТСЯ С 2016 ГОДА

# ВЕСТНИК КЫРГЫЗСТАНА
# № 2(1), 2024

**БИШКЕК 2024**

**Главный редактор д.э.н. К.К. Шакирова**

**Ответственные редакторы:** Бектурова Р. О., Асанова К.Б.

**Редакционная коллегия журнала:**
**Аюпов А.Н.** – доктор экономических наук, профессор
**Бейшембиев Э. Ж.** – доктор юридических наук, профессор
**Бекбалаев А.А.** – доктор филологических наук, профессор
**Биримкулова К.Д.** – доктор экономических наук, профессор
**Бисалиев Р.В.** – доктор медицинских наук, профессор
**Жумалиева Г. Э.** – кандидат филологических наук, доцент
**Деркенбаев С.М.** – доктор сельско-хозяйственных наук, профессор
**Иманалиев Т.М.** – доктор физико-математических, профессор
**Ишенов Б.Ч.** – доктор экономических наук, профессор
**Калдыбаева А.Т.** – доктор педагогических наук, профессор
**Карабаев Н.А.** - доктор сельско-хозяйственных наук, профессор,
**Найманова Ч.К.** - доктор филологических наук, профессор,
**Розахунова Н.Р.** – доктор юридических наук, доцент,
**Самыкбаев А. К.** - доктор сельско-хозяйственных наук, профессор,
**Сартбекова Н.К.** – доктор педагогических наук, профессор,
**Сияев Т.М.** - доктор педагогических наук, профессор, профессор,
**Токтосунова Б.Б.** - доктор химических наук, профессор, изобретатель,
**Тулеева Ч.С.** – д. филологических наук, доцент,
**Чернов С.С.** – к.э.н., доцент, декан факультета Энергетики Новосибирского государственного технического университета,
**Чолбаева С.Ж.** - доктор экономических наук, профессор,
**Чубурова Ж.Т.** – доктор экономических наук, профессор,
**Шалпыков К. Т.** - д. биол. н., профессор,
**Шерипов Н.** - доктор юридических наук, профессор.

**http://vestnik.kg/**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН**
**ТАЛАС ОБЛУСУНДАГЫ ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛЧҮЛҮГҮ**

**ТАЛАС ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ**

**ТАЛАС МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**2024-жыл Шанхай кызматташтык уюмунун мейкиндигинде**
**“Экология жылына” карата, илимпоз, биология илимдеринин кандидаты,**
**Талас мамлекеттик университетинин доценти Сагынбеков Жышан Сагынбековичтин**
**85 жылына арналган**
**эл аралык илимий-практикалык конференциянын жыйынтыгы**




**29-ноябрь 2024-жыл**

## ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР

УДК:947.1:93\99(575.2)(043.3)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-4-9

**Абдиева Ж. К., Шайдылдаева Н. Б.**
Талас мамлекеттик университети, тарых илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, тарых жана коомдук илимдер кафедрасы, магистрант
**Абдиева Ж. К., Шайдылдаева Н. Б.**
Таласский государственный университет, кандидат исторических наук, доцент,
Таласский государственный университет, кафедра истории и социальных наук, магистрант
**Abdieva Zh. K., Shaidyldaeva N. B.**
Talas State University, Candidate of Historical Sciences, Associate Professor,
Talas State University, Department of History and Social Sciences, Master's student

# “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ ТАБИЯТКА БОЛГОН МАМИЛЕЛЕРДИН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ
# ОТРАЖЕНИЯ ОТНОШЕНИЙ К ПРИРОДЕ В ЭПОСЕ «МАНАС»
# REFLECTIONS OF RELATIONSHIPS WITH NATURE IN THE EPIC "MANAS"

**Аннотация:** Кыргыз маданиятында негизги ролду оозеки чыгармачылык ойногон. Анда элдин тарыхый тагдыры, жашоо маданияты, эмгеги, дүйнөгө болгон көз карашы, жаратылышка болгон мамилеси көп кырдуу жана ачык формада берилген. Биздин күнгө чейин «Манас» эпосу анын алдыңкы идеялары, осуяттары жаш муундарды табият менен таттуу мамиледе болууга, ага аяр мамиле жасоого тарбиялап келген жана бүгүнкү күндө да тарбиялык иштин чордону боло алат. Жаратылышты таанып-билүүдө, калкыбыздын оозеки чыгармалачылыгы эч качан өз актуалдуулугун жоготбойт. Макалада, байыркы кыргыздар дайыма табият менен бирге болгондугу, андан өзүн ажыратып карабагандыгы, табиятты өзүнөн улук сезгендиги, ага багынып, каршы чыккан эместиги жазылды. “Манас” эпосунун материалдарында кыргыз элинин табиятка болгон ар тараптуу мамилесин чагылдыруу келечектин иши деп айтсак жаңылышпайбыз.

**Аннотация:** В кыргызской культуре важную роль играло устное народное творчество. В многогранной и в открытой форме представлены в нем исторические судьбы народа, культура быта и труда, мировоззрение, отношение к природе. До наших дней эпос «Манас», ведущие идеи и заповеди воспитывали молодое поколение чуткому и нежному отношению к природе и в настоящее время является центром просветительской работы. Устное народное творчество нашего народа никогда не утратит своей актуальности в познании природы. В статье передается, что древние кыргызы всегда были в гармонии с природой, не отделяя себя от нее, чувствовали превосходство природы над собой, подчиняясь не противостояли ей. Не ошибемся мы, если скажем, что отражение всестороннего отношения кыргызов к природе в материалах эпоса «Манас» – дело будущего.

**Abstract:** In Kyrgyz culture, oral folk art has played a significant role. It presents, in a multifaceted and open form, the historical destinies of the people, their cultural life, labor, worldview, and attitude towards nature. To this day, the epic "Manas" continues to instill leading ideas and principles that nurture a sensitive and gentle attitude towards nature in the younger generation, and it remains a central part of educational efforts. The oral folk creativity of our people will never lose its relevance in understanding nature. The article conveys that the ancient Kyrgyz were always in harmony with nature, never separating themselves from it; they felt the superiority of nature over themselves and submitted to it rather than opposing it. We would not be mistaken in saying that the reflection of the Kyrgyz people's comprehensive attitude towards nature in the materials of the epic "Manas" is a matter for the future.

**Негизги сөздөр:** Теңир, табият, оозеки чыгармачылык, тарбия, ырымдар, ишеним.

**Ключевые слова:** тенирианство, природа, устное народное творчество, воспитание, быт и нравы, вера.

**Keywords:** tengrianism, nature, oral folk art, education, daily life and customs, faith.

"Манас" эпосу – дүйнө маданиятына кыргыз элинин кошкон көрүнүктүү салымы. Ал кыргыз рухунун туу чокусу" – деп, улуу гуманист жазуучу, Чыңгыз Айтматовдун берген баасынан бийик баа берүү мүмкүн эмес. Ошондуктан, кыргыз элинин материалдык, руханий баалуулуктары тууралуу сөз козгогондо көркөм өнөр казынабыздан кыйгап өтүү мүмкүн эмес.

Кыргыз маданиятында негизги ролду оозеки чыгармачылык ойногон. Анда элдин тарыхый тагдыры, жашоо маданияты, эмгеги, дүйнөгө болгон көз карашы, жаратылышка болгон мамилеси көп кырдуу жана ачык формада берилген. Биздин күнгө чейин «Манас» эпосу анын алдыңкы идеялары, осуяттары жаш муундарды табият менен таттуу мамиледе болууга, ага аяр мамиле жасоого тарбиялап келген жана бүгүнкү күндө да тарбиялык иштин чордону боло алат. Алып карасак, кыргыз элине эмне керек болсо, маселен элдик педаогикабы, элдик медицинабы, элдик оозеки чыгармачылыкпы, элдик үрп-адатпы, салт-санаабы, ыймандуулукпу, ырыс-ынтымакпы, адамды сыйлоо-барктообу, адам үчүн кам көрүүнү жана дагы ушул сыяктуу баалуу нерселерди ушул бийик көркөм чыгармадан таба алабыз.

Жаратылышты таанып-билүүдө кыргыз элинин да өзүнчө спецификалык өзгөчөлүктөрү болгон. Жаратылышты таанып-билүүдө, калкыбыздын оозеки чыгармалачылыгы эч качан өз актуалдуулугун жоготбойт.

Мезгилдин учурдагы талабы – жаштарга жаратылыштын өзгөчөлүктөрүн таанып-билүүсүнө кеңири шарт түзүү, өлкөнүн ар бир жаранын кары-жаш дебей, өз жерин, көл, дарыялары, тоо-токойлору, айбанаттары б.а. өлкөнүн табигый көркү, куту үчүн жоопкерчиликти сезе билген денгээлде тарбиялоо зарыл.

Байыртадан кыргыздарда жаратылышка сыйынуу негизги ролду ойногон. Жаратылышка тирүү жандай мамиле кылуу, кайра жандандырууга аралашуу менен өзүнчө татаал картина түзүлгөн. Кыргыздар жаратылышка сыйынышкан жана аны менен тыгыз байланышта жашоо үчүн ырымдарды жасашкан. Байыркы кыргыздар көккө карап асманга сыйынган. Ал Теңир, жогорку кудай, деп эсептелген. Кыйын мезгилдерде кыргыздар асманга кайрылып, "Теңир колдой көр! Теңир жалгай көр!" Жаш жубайларга жакшы тилек айтканда, же бир адамга ыраазычылык билдиргенде: "Теңир жалгасын!" – деген. Жакшы тилектер менен бирге Теңирдин аты менен каргыш сөздөрдү да айткан. Мисалы, "Теңир урсун!"

Асманды кудайлаштыруу менен кыргыздар жаратылыштын бир бөлүгү болгон асманга сыйынуулар кыргыздарда жашаган. Кыргыздар көп убакта "Көк асман колдо!" - дешкен. Кыргыздардын эпикалык чыгармаларында "Манас" эпосунда "Төбөсү ачык көк урсун, төшү түктүү жер урсун" деген саптар көп орун алган.

Ч.Ч. Валиханов «от, ай, жылдыздар алардын (казактардын) жакшы көргөнү» [2, 370 с.]. Ч.Ч. Валихановдун жазган маалыматы кыргыздарга тиешелүү деп айтсак болот. Ал: «Кыргыздар жаңырган айды көргөндө ага жүгүнүшөт. Жайында жүгүнгөн жеринен чөп жулуп алып, үйүндө отко салат. Даараткканага барган убакта да айды карабоо керек болгон. Деги эле ай жөнүндө сый кеп көп кылышкан. Кыргыздар ай алдында баш кийими жок, жылаң баш укташкан эмес. Айдагы кемпир чачтарын санап коюушу мүмкүн болгон. Чачы саналган адам өлүп калат деп ишенишкен.

Эпосто Манасты сүрөттөгөндө Ай мене Күнгө салыштырат:

Айың менен Күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй,

же болбосо; асман телолорунун эпосто берилиши:

Көк бирөө деп ойлобо, Төртүнчү кабат асманда,
Катар – катар көп, Күнү менен айлар бар [8. 444 б].

Ал эми Манас дүйнөдөн кайтканда асман телосу ай менен байланышкан көрүнүш:

Алты күнү ай чыкпай,

Ой тобо, Ай караңгы түн болду, – деп сүрөттөлөт [7, 2. 249 б]. Ай менен күндүн тутулушун байыркы элдер падышалардын, кандардын өлө тургандыгы, согуш, ачарчылык, кургакчылык, жут болорун алдын-ала билдирген керемет катары карашкан.

Теңирчилик – эң байыркы дүйнө тааным. Дин пайда боло электе дүйнө таанымдын өзөгүн табият менен эриш-аркак жашоо образы түзгөн. Биздин ата бабаларыбыз табиятка зыян келтирбөө менен жашоого умтулушкан. Ислам келгенге чейин Теңир түшүнүгү бир эле кыргыздарда эмес, түрк тилдүү элдердин баарында эле болгонун “Манас” эпосунун саптарынан байкадык. Манас. Энциклопедиясынын 2-бөлүмүндө ал байыркы түрк-монгол элдеринин эң жогорку кудайы экендиги, түрк-монгол тилдериндеги ар кандай аталыштар, аны изилдеген изилдөөчүүлөр аны “асманды” түшүндүргөн шумердик “диндер” менен байланыштырып, зороастризм динин тутунгандар сыяктуу эле Теңирге сыйынгандар да өздөрүнүн башкы кудайын Чыгыштан нурларын чачыратып келаткан күнгө сыйынып, алоолоп күйгөн отко табынышкан. Демек, Теңирчилик менен байланышкан ишенимдер, диний ырым-жырымдар байыркы мезгилде пайда болуп, “Азияда жашаган кээ бир элдердин түшүнүгү боюнча 99 Теңир бар, алардын башкы ээси Көк-Теңир саналат” [13. 277 б.] дегендей, ал бардык кудайларга төрөлүк кылып келгендигин айтабыз.

Байыркы түрктөрдүн Теңир, Умай, Жер-Сууга сыйынуулары соңку мезгилдерге чейин кыргыздарда жашап келген. Кыргыздардын байыркы түрктөр менен диний көз карашындагы, салттарындагы окшоштуктар, байланыштар азыркы кыргыздардын этногенезисинде байыркы түрктөрдүн компоненттери бар экендигин айгинелейт.

Жер-Сууга сыйынуу – бул элдин суу жүрөктүгүнөн же баёлугунан чыккан эмес. Муну кыргыздар адамдын денеси менен ой-санаасын тазартуунун жолу жана айлана-чөйрө менен эриш-аркак, шайкеш жашоо деп билишкен. Байыркы кыргыздар жазында жер айдап, Жер-энеге кайрылып үрөнүн сепкен:

Айланайын Жер-Эне! Жылуу жерден конуш тап.

Үрөн септим уучтап, Баба дыйкан жолдошум,

Бардык ишти оңдосун [3, 100 б].

Кыргыздардын жалпы жер-суу кудайына карата ишенимдери, жер жаратылышын кудайга айландырып жиберген ишенимдери асман жылдыздары жана жаратылыштын стихиялуу күчтөрү жөнүндөгү түшүнүктөрү менен толукталат.

Кыргыздардын жан-жаныбарларга, тоо-ташка касиеттүү объектилер катары сыйынгандары эпосто кенен берилген. Эпостогу тотемдик элементтер кыргыздардын алгачкы жамааттык коомдогу ишенимдерин чагылдырып турат. Тотемизм байыркы убакта дүйнөдөгү көп элдерге тарап, алардын маданий турмушуна өз таасирин тийгизген.

С.Токарев: “Тотемизмде адамдардын тобунун өздөрү жашаган аймагы, аң уулоочу жерлери, жаныбарлар менен болгон тыгыз, таза материалдык байланыштары кандаштык, уруулук байланыш катары кабылданат. ”, – деп билдирет [17, С.68]. Ооба, байыркы мезгилде адамдар өзүн табияттан бөлүп караган эмес. Алардын ишенимдеринен өзүн курчап турган чөйрөнү таанууну бирден-бир жолу катары өзүндөгү касиеттерди табиятка, жаныбарлар дүйнөсүнө энчилегенин, алардын баарын өзүндөй көргөнүн байкоого болот.

Тотем ишеними дүйнө таануунун формасы катары көптөгөн элдердин аң-сезиминен өткөн, күнүмдүк жашоосуна сиңирилген. Ал кыргыздарда дагы өтө кеңири тараган. Биздин ата-бабаларыбыздын түшүнүгүндө жаныбарлардын, кандайдыр бир заттын колдоочусу, пири болбогон учурлар дээрлик аз. Мисалга алсак, “Куш атасы - Буудайык”, “Ит атасы - Кумайык”, “Кийик атасы - Кайберен” [6, 23 б.] ж.б. “Ошол эле жылкынын пири Камбарата, койдун пири Чолпоната, уйдун пири Аймүйүз, төөнүн пири Ойсулата ж.б. бүгүнкү күндө жашап жаткан бугу, багыш, бөрү сыяктуу уруулар качандыр бир кездерде алгачкы топтун, жамааттын тотемдери болгон. Кийин дин маданияты баскычка көтөрүлүп, адамзат бир кудайдын өзүн тааныганда жаныбар-тотемдер өз маанисин жоготпостон, ички байланышта болуп, жараткандын ыйык жаныбарлары өз тукумунун коргоочулары

бойдон кала берген” – деп билдирет философ окумуштуулар М.М.Жумагулов, М.М.Калманбетов [4, 9 б.]

Кээ бир элдерде тотем жандыктын этин жешпейт. Ал эми кээ бир элдерде тотем жандыктын эти касиеттүү күч-кубат берет деп ишенишкен. Жогоруда биз байкагандай, кыргыздардын тотем ишеними менен байланышкан салттар “Манас” эпосунун саптарында чагылдырылат. Эпостун саптарында, шер (жолборс), көк бөрү, кумайык, ак буура, алп кара куш, жылан (ажыдаар), кайберен, кырк чилтен жана башка тотем-жаныбарларына байланышкан ишенимдер кеңири берилген.

Жолборстун эпикалык образы башкы каармандын тотеми катары милдет аткарат. “Манас жоого киргенде жолборс да мифтик башка жандыктар менен кошо баатырды коштоп жүрөт. Манастын кереметтүү бойго бүтүшү жана укмуштуу төрөлүшү да магиялык түшүнүк менен байланыштырылган. Бойго бүтөрдө эне-атасы элдин көз карашы боюнча тартынбастыктын, кайраттуулуктун, баатырдыктын символу болгон жырткыч жаныбарларды жана алгыр куштарды түштөрүндө көрүшөт. Түштө берилген аян аркылуу ошол жаныбарга таандык артыкча сапатка ээ эркек бала төрөлөрүн алдын-ала билишет. Болочоктогу баатырдын энеси арстандын жүрөгүнө талгак болуп, аны жегенден кийин же ажыдаардын башын чайнагандан кийин гана каалагандай баатыр уул төрөшү казактардын «Кабыланды» эпосунда да кезигет” деп маалымдалган Манас энциклопедиясында [13, І.б. 220 б.]. «Манас» эпосунун сюжетиндеги Чыйырды менен Жакыптын түшүнө кирген жолборс Манастын тотемине айланып, классикалык тотемдерге мүнөздүү белгилерди сактаганын көрөбүз. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Манас төрөлгөндө: «Бир карасаң баладай, бир карасаң сур жолборс» [10, 54.б.] болуп көрүнөт. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Көзкамандардан ууланып, жарадар болуп өлүм алдында жаткан Манас колдоочусу жолборстон жардам аларын, өзүн издеп келген Сыргак менен Серекке «Мени дагы чоролор Бейдаарат бенде дебеңдер Жолборстон болор жолдошум Коркпостон болор колдошум”, - деп билдирет [8, 437 б.]. Жолборс колдоочунун жардамы менен Манас жаратынан айыгат [13, 220.б.]

Ал эми Сагымбай Орозбаковдун вариантында Манас баатырды жолборстун шамдагайлыгына, сүрүнө салыштырат:

Шаңың көрсө сур жолборс,
Чамынганы соо болбос [9, 122 б.] же,
Солтон Манас как ушу!
Качырганы жолборстой... [9, 73 б.]. Эпостун саптарынан Манас баатырды колдоп жүргөн жолборс - тотеми анын согуштук жүрүштөрүндө же баатырдык сапаттарын сүрөттөөдө кең-кесири жолуккан тотем-жаныбар болуп саналат.

Кайберен - эчки, тоо текелеринин пири, колдоочусу делип, эсепсиз кырган мергенчилердин кырсыка учурашы кыргыз уламыштарында жана “Кожожаш” эпосунда баяндалат. Ошондой эле бугунун энелик образы, “бугу” этнониминин кыргыздардын эң байыркы тотемдик түшүнүктөрүнөн келип чыккандыгы жана ага карата анын урпактарынын мамилеси кыргыз элинин улуу жазуучусу Ч.Т.Айтматовдун “Ак кеме” чыгармасында чагылдырылат. Кыргыздардын кайберендин колдоочулук мүмкүнчүлүгүнө ишенүүсү Манастын образында жана Семетей бөлүмүндө да берилет:

Ошондо он эки айры ак бугу, Эмчегин берип ал бугу,
Чуркап жетип келди эле, Мойнун гана бөлөк буруптур,
Бешиктеги беренин- Бу баланын өзүнө?
Семетейди көрдү эле Эмчегин берип туруптур, – деп сүрөттөлөт [31, 52 б.].

Семетейди алып Чыйырды менен Каныкей Букарага качып бара жаткан жолдо ыйык Байтерекке токтогондо тотемдик дарактын колдоо көрсөткөн учуру эпостун саптарында төмөндөгүчө айтылат:

Ошо жалбырагы жазылып, Бир бутактын четинен,
Бата болду байтерек, Ошондо булактай агып сүт кетти
Тентиген жетим-жесирге, Ачка болгон карыптар, жан аякты сунушуп
Ата болду Байтерек... Жайнап чыккан аппак сүт,

Тосуп эле ичип тунушуп...[33, 124 б].

Философ окумуштуу С.С. Иманалиев “Манас” эпосундагы адам болмушу” аттуу монографиясында байтеректи колдоочу дарак катарында карап, С.Каралаевдин вариантындагы саптарга токтолуп, аалам дарагы үй, жолдош маанисинде, тирүүлүктүн, байлыктын башаты, төлгө салуунун, божомолдоонун объектиси катары, адамга караан, колдоочу касиеттүү мазар маанисинде, адамга өмүр берүүчү жана дарылык касиети бар дарак маанисинде сүрөттөйт [118, 41-42 бб.].

Баякы гана сүттү ичкенде   Каныкей менен Чыйырды

Ооруган жерлер басылып,   Умачтай гана көзү ачылып, [32, 124 б]

деп Байтеректин дарылык касиети сүрөттөлөт.

“Байтерек дарагынан тышкары кыргыздар тарабынан касиети бар өсүмдүктөр арча, адрашман чөбү жана башка өсүмдүктөр бааланып келет. Арча менен адрашман бүгүнкү күндө ар бир кыргыздын үйүндө жаман кырсыктан коргоочу, тазалоочу же адам тумоологондо ага жардам берүүчү өсүмдүк катары кабыл алынат”, – деп билдирет Кожокеева Орунбү (74 жашта. Талас району, Кара-Ой айылынын тургуну, кушчу уруусунан) [1.7-8.бб].

Байыртадан кыргыз элинде “Ат адамдын канаты” делип келген накыл кеби, эпостогу каармандардын минген аттары, тулпарларынын күлүктүгү, чыдамкайлыгы, акылдуулугу, адамдын ишенимдүү жолдошу катарында сүрөттөлүп, сапаттары артыкчылыктары да тотемдик нукта түшүндүрүлгөндүгү менен бекемделет. Атап айтсак, эпостогу Манастын Аккула тулпары адамдай акыл сезим туюмуна ээ экендиги, Мааникердей жел жетпеген жана ошондой эле кайып буюруган Көк тулпар өңдүү тулпарлардын образдары жетиштүү санда жолугат. Мисалы, Аккуланын ыйык касиети эпосто төмөндөгүдөй берилет:

Басып өткөн кара таш,  Булуттай учуп дыркырайт

Таруудайдан быркырайт   Олуяттан бата алат,

Оозун жайса тим эле    Аккула болуп аталат [15, 176 б.].

Ал эми Көкөтөйдүн айтылуу күлүк тулпары Мааникердин образы:

Энеси аркар жел кайып,   Жетик күлүк Мааникер

Атасы тулпар чел кайып  Учкан куштай такымдайт

Желгенине жел жетпес,   Булут өңдүү закымдайт, –  деп сүрөттөлөт [16,14 б.].

Жогорудагы саптардан кыргыздардын ат жаныбарына сый-урмат менен мамиле жасап баа бергендиги байкалат.

Кыргыздарда жашоо-тиричилигине, жүргүзгөн чарбачылыгына ылайык жаныбарлардын аталыштарынан турган календарь пайдаланылып келген. Элдик түшүнүктөргө ылайык 12 жылдык жаныбарлар циклинде ар бир жаныбарга тиешелүү белгилери жана өзгөчөлүктөрү бар. Эпосто Семетей он экиге чыкканда Таласка келип Бакайга жолугат. Өзүнүн Семетей экенин билгизбей аны сынап турганда Бакай жылды эсептеп Семетейдин келер жылы быйыл экендигин аны күтүп жүргөндүгүн айтат:

Жыл эсебин алайын,  Ал эле тоок, ал улуу,

Эми жылды катка салайын, Ал эле мечин, а да кой,

Ал эле чычкан, ал эле уй,  Ал эле доңуз, ал эле ит,

Ал эле жылкы, а да барс, Айкөлдөн калган кулунум,

Ал эле коён, ал жылан,  Өлбөй жүрсөң Семетей

Быйыл он экиге толгон кез, – деп баяндалат [14, 1 230 б.].

Демек кыргыздардын жыл сүрүүсү алардын жашоо - тиричилик образы менен чарбачылык иштери менен тыгыз байланыштырылган. Кыргыздардын убакыт боюнча билимдери эпостун материалдарында кеңири чагылдырылып берилгендигин айтсак болот.

Корутундулай келгенде, байыркы кыргыздар дайыма табият менен бирге болгон, андан өзүн ажыратып караган эмес. Табиятты өзүнөн улук сезген, ага багынган, ага каршы чыккан эмес.

Бул макалада кыргыз элинин табиятка болгон мамилесинин айрым гана элементтерин маалымдай алдык, “Манас” эпосунун материалдарында кыргыз элинин табиятка болгон ар тараптуу мамилесин чагылдырууну келечектин иши деп атсак жаңылышпайбыз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абдиева Ж.К. “Манас” эпосундагы диний ишенимдердин чагылдырылышы. Бишкек. 2014. – 145 б.
2. Валиханов, Ч.Ч. Избранные произведении. – М.: Наука, 1986. – 414 с.
3. Жусупов, К. Кыргыздардын байыркы маданияты– Б.: Бийиктик, 2006. – 228 б.
4. Жумагулов, М.Ж. М. Калманбетов. Ыймандуулуктун табияты– Б., 2012. – 164 б.
5. Иманалиев, С.С. “Манас” эпосундагы адам болмушу. – Бишкек, 2014. – 110 б.
6. Кыргыз поэзиясынын антологиясы [Текст]. – Б., 1999. - Т.1. – 23 б.
7. Манас. Жусуп Мамай – Б., 2014. – 751 б.
8. Манас. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. - Т.3 // Фонд Инв.№ 543. – 446.
9. Манас. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. – Ф., 1980.
10. Манас. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. – Ф., 1984. - I китеп. – 245 б.
11. Манас. С.Каралаевдин варианты боюнча. – Ф., 1984. - II китеп. – 258 б.
12. Манас. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча түз.: А. Акматалиев, А. Жайнакова. – Б.: “Турар” 2010. – 1008 бет.
13. Манас энциклопедия. – Б., 1995. - I-II. бөлүк
14. Семетей. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. – Ф., 1959. – 242 б.
15. Семетей. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. – Ф., 1959. – 242 б.
16. Семетей: кыскартылып бириктирилген вариант, 3-китеп: “Манас” эпосунун 2-бөлүгү. – Ф., 1959.
17. Токарев, С.А. Ранние формы религии. – М., 1990. – 622 с.


УДК 372-58/6
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-9-12

**Айталиева Т.К.**
Талас мамлекеттик университети, филология илимдеринин кандидаты, доцент
**Айталиева Т.К.**
Таласский государственный университет, кандидат филологических наук, доцент
**Aitalieva T.K.**
Talas State University, Candidate of Philological Sciences, Associate Professor

# СЕМЕТЕЙЧИ ЖАҢЫБАЙ КОЖЕКОВДУН ӨМҮР ЖОЛУ
# ЖИЗНЕННЫЙ ПУТЬ СЕМЕТЕЙЧИ ЖАҢЫБАЯ КОЖЕКОВА
# THE LIFE OF SEMETEICHI ZHANGYBAY KOZHEKOV

**Аннотация:** Жаңыбай Кожеков 1869-жылы Жумгал өрөөнүндө жарык дүйнөгө келген. Жаңыбайдын эскерүүсүндө анын жети атасы тең (Айдарбек, Сүйүнбай, Сакочук, Теңирбай, Сары, Жаманкары, Кожек) «Манас» айтып, манасчылык атадан балага өтүп, мурас катары сакталып жана айтылып келген. Бул тууралуу Жаңыбай Кожеков өз эскерүүлөрүндө алардын тукумунда көп эле манасчылар болгондугун эскерген. Анын атасы Кожек да чоң манасчы болгон. Бирок Жаңыбай “Манас” айтууну атасынан үйрөнгөн эмес экен. Ал өзүнүн эпосту айтып калуусун касиеттүү түш көрүү менен байланыштырган. Семетейчиден 100 басма табак көлөмүндө эпостун текстти жазылып алынган. Бүгүнкү күндө “Семетей” эпосунун вариаттарынын ичинен сюжеттик окуялары толук айтылган, көлөмдүү варианттардын бири экени белгилүү.

**Аннотация:** Джаныбай Кожеков родился в 1869 году в Джумгальской долине. В своих воспоминаниях Жаныбай упоминает, что его семь предков (Айдарбек, Сүйүнбай, Сакочук, Теңирбай, Сары, Жаманкары, Кожек) тоже были манасчи, хранителями и сказителями великого эпоса “Манас”. Сказания передавались по наследству, от отца к сыну, сохраняясь и звуча из поколения в поколение. Жаныбай так же связывает свое умение рассказывать эпос с пророческим сном. От Жаныбая записан текст эпоса “Семетей” объемом в 100 печатных листов. Известно, что на сегодняшний день это один из самых полных и объемных вариантов “Семетея” с прослеживаемой сюжетной линией.

**Abstract:** DzhanybayKozhekov was born in 1869 in the Dzhumgal Valley. In his memoirs, Dzhanybay mentions that his seven ancestors (Aidarbek, Suyunbay, Sakochuk, Tenirbay, Sary, Zhamankary, Kozhek) were alsomanaschi, keepers and storytellers of the great epic “Manas”. The tales were passed down from father to son, being preserved and heard from generation to generation. Dzhanybay also connects his ability to tell an epic with a prophetic dream. The text of the epic “Semetey” was recorded from Dzhanybay in a volume of 100 printed sheets. It is known that today this is one of the most complete and voluminous versions of “Semetey” with a traceable storyline.

**Негизги сөздөр:** Манасчы, семетейчи, мурас, түш, өмүр жолу, акын, урпактары, маараке, чыгармачылык, өнөр.

**Ключевые слова:** Манасчи, семетейчи, наследие, сон, жизненный путь, поэт, потомки, юбилей, творчество, талант.

**Keywords:** Manaschi, semeteychi, heritage, dream, life path, poet, descendants, anniversary, creativity, talent.

Кыргыз эли сөзмөр, өнөрдү баалаган, таланттуу адамдарга бай. Элибизге белгилүү сөз баккан, манасчы, семетейчи Ж.Кожековдун өмүрү, чыгармачылыгы изилденип келет. Кандидаттык диссертациямды коргоонун алдында, КРУАнын тил жана адабият институтунда алдын ала талкуу болду. Академик А.Акматалиевдин төрагалыгы астында кыргыз элине таанымал окумуштуулар С.Мусаев, К.Кырбашев, Р.З.Кыдырбаева, А.Жайнакова, Э.Абдылдаев, Р.Сарыпбеков ж.б. илимпоздор катышкан талкууда окумуштуу А.Жайнакова: - Жаңыбай Кожековдун жети атасынан бери манасчы болгонун кантип далилдейсиң? Балким манасчы жөн гана айтып койгон чыгар- деп суроо узаткан. Окуган маалыматтарыма таянганымды билдиргем. Токтогул районуна барганда, Кетмен-Төбөдөн чыккан белгилүү семетейчи С.Молдокееванын үйүнө барып жолугуп, Ж.Кожеков тууралуу маалыматтарды топтогом.[1]

Токтогулдан чыккан жазуучу Айылчы Токтогуловдун семетейчи тууралуу айткандарына токтоло турган болсок төмөндөгүдөй маалыматка ээ болобуз: Жаңыбай Кожеков болжол менен 30 жашка чукулдап калганда Кетмен-Төбөлүк атактуу Сыдык болушка барып, анын ырчысы болгон. Сыдык болуш өз доорунда атактуу, элге таанымал , алдын ала көрө билген адам болгон.

Ал өмүрүнүн акырына чейин Кетмен-Төбөдө Үч-Терек районунун Бууракан айылында жашап калган. Көп кырдуу талант Ж.Кожеков акындык өнөрдү да аркалап, шакирттерин да тарбиялаган. Белгилүү акын К.Акиев өзүнүн өмүр баяндык “Баскан жол” аттуу чыгармасында Ж.Кожеков тууралуу мындайча эскерген: “Эшмамбет ырчы бойлуу, буудай өңдүү, сакалы сеңселген толмоч киши эле. Жаш ырчыларды ошол убакта басмырлап, сезин алып ырдачу. Жаңыбай ырчыларды кордобогон, Эшмамбетче эч кимдин жолун торгобогон, “Манас”, “Семетейди” айткыч жомокчу эле. Өзү куштун чүйлүсүндөй чыртыйган, сыпаа киши болчу”. – деп жазган. К.Акиев Жаңыбайдан таалим алгандыгы тууралуу да эскерген. Калык жаш кезинен эле элге таанымал ырчылардын ырларын укканын уккандай жаттап калган. Бир чоң тойдо ат чабышта биринчи чыгып келген Төрөгелдинин Кerooз күлүгүн Жаңыбай менен Эшмамбеттин алым сабак айтышып мактаганын жаттап алып, кандайча Төрөгелди манаптын сурагына калып ырдай баштаганы тууралуу да өзүнүн өмүр баяндык чыгармасынын “Ыр көрөңгөсү” аттуу бөлүмүндө кеңири токтолгон.[2]

Небереси К.Смадилов Жаңыбай Кожековдун аталары Таласта жашап, белгилүү даткалардын жанында жүргөндүгү тууралуу эскерген.

Кыргыз Өкмөтүнүн 2022-жылдын 22-мартындагы №189 токтомунун негизинде семетейчи Ж.Кожековдун 150 жылдык маарекесин белгилөө тууралуу чечим чыгарылган. Маарекени белгилөөнүн алкагында конференциялар, тегерек столдорду өткөрүү, семетейчинин варианттарын кайрадан чыгаруу, драма жаздыруу, Токтогул шаарында жана Жумгалда эстелигин тургузуу өңдүү иштер пландалган. Натыйжада семетейчинин маарекесине карата уюштурула турган иштердин дээрлик бардыгы аткарылды. Региондордо семетейчинин өмүрү, чыгармачылыгына арналган конференциялар, тегерек столдор өткөрүлдү. Белгилүү театр иликтөөчү Ж.Кулманбетов "Жаңыбай манасчынын аяндары" аттуу драмасын жазды. Токтогул шаарчасында өрөөнгө таанымал адамдардын эстеликтери орнотулган аянтчага Ж.Кожековдун да эстелиги урпактарынын демөөрчүлүгүнүн менен тургузулду. Урпактарынын аталарына көрсөткөн сый-урматы колдоого аларлык. Жумгалда да К.Смадиловдун аракети менен эстелиги орнотулду жана 150 жылдык маарекеси туулган жери Жумгалда жана Бишкек шаарында салтанаттуу белгиленди. Манасчынын урматына Жумгал жана Токтогул райондорунда мектеп окуучуларынын арасында манас айтуу сынактары уюштурулду.

Семетейчи Ж.Кожековдун жээн небереси Калыбай Күчүкбаев манасчынын Малике аттуу кызынын Жакут деген кызынын баласы, жеке ишкер, таятасынын эстелигинин тургузулушуна чоң салым кошту. Акгүл аттуу кызынын баласы Кадырбайдын уулу Бакиров Талант таятасы тууралуу атасынан уккан төмөнкүдөй маалыматтарды айтты: -Таятамды өз учурунда эл кадырлап, сыйлаган адам болгон. Ал "Манас" айта турган болгондо, угуп отурган адамдарга алдын ала аба ырайы бузулуп, алай-дүлөй бороон болуп, кар түшүшү ыктымал экендигин эскерткен. Ал манас айткан учурда боз үйдүн айланасына кум септирип койгон учурлары болгон. Манасчы манасын көп убакыт айтып бүткөн соң, ошол жерде олтургандар кумдун үстүнө тулпарлардын издеринин түшүп калгандыгын байкашчу экен.[3] Жаңыбай манасчы тууралуу айтылып калган аңыз кеп, калмактардын "Жангар" айтуучулары тууралуу айтылган маалыматтарда да кездешет. Ф.и.к., доцент Цаган Селеева өзүнүн жангарчылар тууралуу макаласында калмак жангарчылары да эпосту аткарганда үйдүн айланасына кум сээп коюшуп, айтып бүткөндөн кийин, угуп отургандар кумдун үстүнө тулпарлардын издеринин түшүп калгандыгын байкашканы тууралуу жазган. Жаңыбайдын Бермет аттуу кызы атасынын жолун жолдоп манасчы болгон. Бир ирет семетейчи С.Молдокеева менен манасчылык боюнча жарышып, жеңилип калат. Аны филармонияга чакырган учурлары да болгон экен. Эмнегедир баргысы келбей, эл арасында өзүнүн бүбүчүлүгүн кылып жүрө берген. Аны эл арасында бүбү катары да билишкен. Кетмен-Төбөдө Бермет апаны Акбү деп да атап коюшкан экен. Көп адамдар дартына даба издешип келип айыгып кетишкен. Анда башка адамдарда жок гипноздук касиетке окшош өзгөчөлүктөр да болгон.

Экономика илимдеринин доктору, коомдук ишмер Талант Бекжанов Жаңыбай Кожеков тууралуу төмөнкүлөрдү айтып берди. Таятасы Токтогул уулу Молдомуса санжырачы, Фергана өрөөнүнө таанымал табып болгон. Ал Ж.Кожеков сыркоолоп калганда айыктырган экен. Ошондон кийин экөөнүн мамилеси абдан жакшы болуп, кыздары да бири-бири менен жакшы мамиле түзүшүп курдаш болушкан экен. Апасы Турдукан Жаңыбай манасчынын кызы Акбермет менен өмүр бою жакын санаалаш курдаш болуп өтүшкөн. Акбермет бети чаар, толук аял болгон. Кетмен-Төбөдө ал айыктырбаган адам калбагандыгы тууралуу маалыматтарды айткан. Сөз арасында Т.Бекжанов Молдомуса табып айтылуу Токтогул акындын тамырын кармап көрүп: "Сен кан болмок экенсиң, кандыгың өнөрүңө өтүп кетиптир." - деп айтканы тууралуу маалыматка да токтолду.

Ал убакытта Ж.Кожековдун жакын туугандары менен тааныша элек элем. Белгилүү окумуштуу О.Сооронов бир ирет телефон чалып калды. Агай жанында Ж.Кожековдун жакын тууганы отурганын айтып, байланышып сүйлөшүп көрүүмдү айтты. Мен макул болуп жакындан таанып калдым. Куттубек Смадилов кесиби боюнча курулушчу. Жубайы Аня эже колу эм, ооруган адамдарды дарылаган, элдик дарыгер. К.Смадилов Ж.Кожековдун небереси катары көп иштерди аткарды. Жогорудагы айтылган иш-чаралардын өткөрүлүшү, манасчы тууралуу телекөрсөтүүлөрдүн, радио уктурууларын уюштурулушу, телефильмдин тартылышын да уюштурду. Ж.Кожековдун өмүрү, чыгармачылыгын элге таанытууда бир топ алгылыктуу иштерди алып барды.

Жаңыбай манасчы, семетейчи, акын да болгон.[3] Анын акындыгы тууралуу замандаштарынын эскерүүлөрүнөн билебиз. Демократ акын Т.Сатылгановдун репертуарын башынан аягына чейин билген. Аш, тойлордо жамактатып ырдап Эшмамбет баштаган акындар менен айтышып, Калык өңдүү акындарга насаатчы болгон. Ал өзү айткан “Семетейине” башка айтуучуларда кездешпеген айрым сюжеттерди кошкондугу анын акындык өнөрүнүн таасиринен улам болгон деген тыянакка алып келет. Жаңыбай Кожековдун КР УИАнын кол жазмалар фондусунда сакталып турган, “Ак Мөөр” дастаны да буга мисал болуп бере алат. 1936-жылы эл чыгармачылыгынын олимпиадасына келип, вариантын жактырышпай койгондо, үйүнө кайтып кетип жатып, өзүнүн “Арманым” деген ырын ырдаган. Ыр 239 саптан турат. Анда семетейчи сынакка кантип келгенин, карып калган убагын, ушул кезге чейин айткан эпосун оң менен солдо жактырып угушканын айтып, баарына жаккан чыгармасы кандайча чоңдорго жакпай калганына нааразы болгон.[5]

Өңү сары, көзү көк, Чар учкандай сөзү көп, Бабырашып сүйлөгөн,Чалдарга жаккан Эр Манас, Бардыгы бирдей көгөн көз, Орuска жаккан Семетей,

Илгери залим тушунда, Болушка жаккан Семетей, Ай менен Күндөй жаркылдап, Азыркы заман кеңчилик, Адабият закүнгө, Не себептен жакпады?

Төкмөчүлүк өнөрдүн стилинде чыгарылган ырдан Жаңыбайдын акындык таланты көрүнөт. Ырдын мааниси, уйкаштыгы жана анда колдонулган көркөм сөз каражаттары да көңүлдү өзүнө бурат. Салыштыруу, синтаксистик параллелизмди кылдат колдонуп, ырдын уккулуктуулугун арттырган. Санат, терме ырларынын үлгүсүндөгү ыр саптарынын тарбиялык мааниси күчтүү.

Ал өзүнүн манасчылык өнөрү тууралуу төмөнкүдөй ырдаган:

“Манас” менен “Семетей”, Атадан калган кесибим, Үйрөнчүк эмес жомогум, Жети атамдан калган мүлк.

Жогорудагы ыр саптарынын өзү анын жети атасынан бери манасчы болгондугунун далили деп айтсак болот. Жаңыбай Кожековдун “Семетейин” окуп чыккан адам анын чыгармачылык дараметине жогорку баа берет деп ойлойм. Себеби чыгармачыл инсан эпостогу салттуу туруктуу окуяларды сактап, чеберчилик менен баяндайт. Өзүнүн бүткүл чыгармачылык дараметин жумшап, чыгарманын образдарын ачып берүүдө да кылдап изденгенин байкоого болот. Көп кырдуу өнөр ээси Ж.Кожеков манасчылардын арасында татыктуу орунда турат деп айтууга болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кожеков Ж.Семетей.1-2-3-том.Б.,2017.
2. Акиев К. Баскан жол.Ф.,1964.29-бет.
3. Кыргыз радиосунун “Элемент” програмасы.
4. Смадилов Куттубек.Жаңыбай семетейчи. Манас дүйнөсү газетасы.2020-жыл.№3-саны.
5.Айталиева Т.Семетейчи Ж.Кожеков.Б.,2023.

УДК 372-58/6
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-12-15

**Айталиева Т.К.**
Талас мамлекеттик университети, филология илимдеринин кандидаты, доцент
**Айталиева Т.К.**
Таласский государственный университет, кандидат филологических наук, доцент
**Aitalieva T.K.**
Talas State University, Candidate of Philological Sciences, Associate Professor

# “МАНАС” ЭПОСУНДА ЖИН-ШАЙТАН ТҮШҮНҮГҮНҮН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ
# ОТРАЖЕНИЕ ПОНЯТИЕ ДЕМОН В ЭПОСЕ “МАНАС”
# REFLECTION OF THE CONCEPT OF DEMON IN THE EPIC “MANAS”

**Аннотация:** Дүйнө жүзүндө жашаган адамдардын ишенимдери ар түрдүү. Алардын ар биринин тутунган диндеринде кудай, периште, шайтан деген түшүнүктөр бар. Мусулман growth жин-шайтанды кудай оттон жаратып, жаныбардын, адамдын образына кире алган, атайын туруктуу формасы жок көзгө көрүнбөй турган кылып жараткан. Ал кудайга: “Мен оттон жаралгам, адам топурактан жаралган. Адамга караганда алда канча тазамын” -деп текеберленген. Шайтан өзүнүн текеберчилигинен улам кудайдан куугунтук көргөн. Макалада манасчы С.Орозбаковдун варианты изилдөөгө алынды. Себеби манасчынын вариантында диний элементтер өтө көп кездешет. Ошону менен катар эле диний китептерде кездешкен азезил, жин, шайтан деген түшүнүктөрдү манасчы өзүнүн вариантында камтып, алар жөнүндө маалыматтарды берет. Диний китептерде айтылган уламыштарды С.Орозбаков өз вариантында кандайча пайдалангандыгы талдоого алынды.

**Аннотация:** В религиях мира существует множество убеждений, каждая из которых предлагает свое видение бога, ангелов и демонов. К примеру, в мусульманской религии дьявол, известный как Иблис или Сатана, был создан Богом из огня и обладал способностью менять облик и форму. Иблис горделиво возражал Богу, утверждая, что, будучи созданным из огня, он чище человека, созданного из почвы. Эта гордыня и стала причиной его падения. В статье рассматривается версия манасчи С. Орозбакова. Это связано с тем, что в версии сказителя много религиозных элементов. В то же время рассказчик включает в свою версию понятия дьявола, демона и дьявола, встречающиеся в религиозных книгах, и дает информацию о них. Проанализировано, как С. Орозбаков в своем варианте использовал легенды, упомянутые в религиозных книгах.

**Abstract:** There are many beliefs in the religions of the world, each of which offers its own vision of God, angels and demons. For example, in the Muslim religion, the devil, known as Iblis or Satan, was created by God from fire and had the ability to change shape and form. Iblis proudly objected to God, claiming that, being created from fire, he was purer than man, created from soil. This pride was the reason for his downfall. The article discusses the version of manaschi by S. Orozbakov. This is due to the fact that the narrator's version contains many religious elements. At the same time, the narrator includes in his version the concepts of devil, demon and devil found in religious books and gives information about them. It is analyzed how S. Orozbakov used legends mentioned in religious books in his version.

**Негизги сөздөр:** эпос, шайтан түшүнүгү, от, топурак, азгыруу, жаман жолго салуу, периште, азезил, уламыш, дин.

**Ключевые слова:** эпос, понятие дьявола, огонь, почва, искушение, заблуждение, ангел, азазель, легенда, религия.

**Keywords:** epic, concept of the devil, fire, soil, temptation, delusion, angel, azazel, legend, religion.

Мусулман growth жиндер да адамга таасир тийгизе алгандыгына жараша даражаларга бөлүнүшөт. Жинний даражасындагы жиндер адамдарга эч кандай зыян келтире албайт. Аамир даражасындагы жиндер адамдар менен чогуу алардын үйүндө жашап тамактанат. Эгерде адам үйдүн босогосун “бисмила” деп оң буту менен аттабаса, ал үйдүн ичине аны менен чогуу кирип, жаман иштердин болушуна себепкер болот. Аруах даражасындагы жини жаш балдарды, өспүрүмдөрдү ээликтеп, аларга жаманчылык жасап азгырат. Ата-энеси балдарын урушуп койсо, алардын оюна өмүрүнө кол сала турган ойлорду салат. Шайтан даражасындагы дин бойго жеткен балдардан баштап кары-картаңдарга чейин зыян келтирет. Ал адамдарды туура жолдон азгырат. Ал адамдардын денесинде, кан тамырында жүрүп жаман жолго түшүрүү жана туура жолдо жүргөн адамдарды жек көргөзүүгө аракет кылат. Маарид даражасындагы жиндер көзү ачыктар, бакшылар менен иштешет. Бул жиндер периштелердин келечек тууралуу сүйлөшкөндөрүн тыңшап,аларды көзү ачыкка калпты

кошуп айтып келет. Адамдарга көзү ачыктардын айткандары чындыктай туюлат. Ифрит мартабасындагы жин сыйкырчылар менен шериктеш. Аларга ысытмай, суутмай, сооданы токтотуучу, адамды оорутуучу же аны өлтүрө турган жана башка сыйкырларды үйрөтөт. Диний ишенимдерде кара дуба деген түшүнүк бар. Бул нерселердин баары ифрит даражасындагы жиндин жардамы менен ишке ашат. [1]

Адамзаттын жашоосунда болуп жаткан жакшы нерселердин баары кудайдын жана анын периштелеринин жардамы менен болот. Ал эми жаман нерселердин баары шайтандын азгырыгы менен боло турган нерселер экендиги диндерде кеңири айтылат.

Кыргыздардын улуу эпосу “Манас” эпосунда да жин-шайтан, азезил түшүнүктөрү кеңири учурайт. Белгилүү манасчы С.Орозбаков динчил адам болгон. Ошондуктан өзүнүн вариантында жин-шайтан түшүнүгүнө байланыштуу окуяларды кошуп сүрөттөгөн. Манасчынын варианты 180378 сап ырдан турат. Вариантта азезил(шайтан) деген сөздүн 148 жолу колдонулганын, шайтан деген сөздүн 184 жолу колдонулганы белгилүү. Ал сөздөрдү манасчы кандай мааниде колдонгондугу тууралуу иликтөө жүргүзүүдө көптөгөн кызыктуу маалыматтарга ээ болобуз. [2]

“Манас” эпосунда жин-шайтан түшүнүгү кеңири берилген. Бизде кыргыздарда “жинди” деген сөз бар. Бул сөздүн этимологиясы жиндүү деген сөздөн келип чыккан болуу керек деген ойго алып келет. Эгерде адам өзүн туура эмес алып жүрсө, аны жинди деп айтышат. Ал эми эпосто башкы каармандын акылга салып иш кылбаган айрым жүрүш-турушун атасы Жакып “Балама жин тийди” деп түшүндүрөт.

Мындан сырткары Нескара деген кытай каны тууралуу төмөнкүлөр айтылат. Нескаранын Чабдар аты болот.Ал ээси менен сүйлөшүп, боло турган нерселерди алдын-ала айтып турат. Чындыгында анын аты болуп сүйлөп турган 6 жин-шайтаны бар экен. Нескаранын 50 балбан дөө колдоочулары болот.Алар көзгө көрүнбөйт, кармаса колго кармалбайт. Эртели-кеч эки убак алар Нескараны азгырып турушат. Ал алардын айткандарын угуп, өздөрүн көрбөсө да аларга ишенет. Жин, шайтан, азезил түшүнүктөрү синоним катары колдонулат. Нескаранын Чабдар аты адамча сүйлөп, Манас деген баатыр баланын чыккандыгы тууралуу жана аны тез арада жок кылбаса башына кыйынчылык түшө тургандыгын эскертет. Чабдар аттын айтуусу боюнча ал Манас баатырды издеп чыгып табат. Экөөнүн ортосунда кармаш жүрүп жатканда Манас баатырга кызыр жардамга келет. Кызыр дем салганда, Нескараны колдоп жүргөн дөө, жин, шайтандары Нескарадан кайтып, кырк күнчүлүк алыска кылчайбай качышат.

Кызыр эпостогу башкы каармандын колдоочусу. Түшүндүрмө сөздүктөрдө ал пайгамбарлардын бири. Мүрөктүн суусун ичкенден кийин өлбөс болуп калган. Ал адамдарды колдоп, дайыма жолун ачып, ийгиликтерге жеткирет. Кыргыздарда Кызыр Илияс, кырк чилтен деген түшүнүктөр кеңири колдонулат. Мунун далили катары “Манас” эпосу баштаган кенже эпостордо көпчүлүк учурда башкы оң каармандын колдоочусу катары берилгенинен байкоого болот. “Манас” эпосундагы жин-шайтан түшүнүгү тууралуу изилдөө жүргүзүүдө кытай каны Нескаранын жин-шайтандар менен сүйлөшүүсү, анын көөдөнүндө сексен шайтаны бар Чабдар атынын адамча сүйлөп, ага акыл үйрөткөнү өңдүү маалыматтарды кездештиребиз. Кыргыз эпосторунда жан-жаныбарлардын, баатырлардын тулпарларынын адамча сүйлөшү өңдүү архаикалык түшүнүктөр кеңири кездешет. Ал эми жин-шайтандардын алдын- ала айтуучу катары белги бериши дин менен тыгыз байланышта. Азезил сөзү да “Манас” эпосунда кеңири кездешет.

“Манас” энциклопедиясында: “Азезил- Библияда жана мусулман уламыштарында шайтандын күнөөгө бата элек периште кездеги ысмы. Уламыш боюнча Азезил адам пайда боло электе Алла тарабынан жердеги жиндердин башкаруучусу болуп дайындалган имиш. Кыргыздар азгырык, шайтан катары түшүнөт. “Манаста” Азезил бутпарас дининдеги эпикалык душмандарды кудаймын деп алдап, азгыруучу.”-деп берилген деген маалыматтар берилген. [3]

Манасчы С.Орозбаковдун вариантында казактардын эр Көкчөсү менен Алмамбет биринчи кезиккенде, алардын аңгемелешүүсү ишенимдери тууралуу болот. Көкчө Алмамбетке мусулманчылык тууралуу кеңири айтып берет. Көкчөнүн дин тууралуу маалымат берүүсү,

манасчынын дин тууралуу билген маалыматтарынын негизинде чыгармачылыгында иштелип чыкканын байкоого болот. Эпостун тексттине таяна турган болсок, кудай каарданып тозок жасап, анын оту азыркы оттон 40 эсе ысык болгон экен. Кайрадан тозоктун отун 40 кайтара өчүрүп, пендем оокат кылсын деп жалган жайга көчүрөт. Жер жүзүндө миң жерге күркүрөп күйүп жагылган от күчүнөн Арбилит, Тарбилит дегендер жаралат. Алардын атагы алис-малис деп таанылып, адамдарды аздыра турган сапаттары болгон. Бул сөздөрдүн этимологиясына изилдөө жүргүзүү кызыктуу маалыматтарды берет. Азезил кудайга сыйынып, ибадат кылат. Кудай аны тозоктон чыгарып, дүйнө жүзүн каратып коёт. Азезилдин табынбаган жери калбай, мурадына жетип, алтынчы кабат асманга чыгып кетет. Бул жерде кездешкен аршы-күрсү, арш деген сөздөрдүн маанисин да бүгүнкү күндө баары эле түшүнө бербейт. Азезил: “Менден илимдүү ким бар?”- деп ойлонот. Кудай азезилдин оюн билип анын тамагына балгам менен какырык салып коёт. Ал ылдый көздөй эмес жогору карап түкүрөт. Анын түкүрүгү асманга барып байланып, түрүү суук бир нерсе тегеренип айланып калат. Ал акырындык менен кара тоого айланып калат.

Кудай адам жасоо тууралуу ойлонот. Жерден топурак берсин деп периштелерди жиберет.

Жер ойлонуп:

Өзүмдөн адам жасар деп, Дарак сайып, там кылып, Тириликке кам кылып, Өз денемди казар деп-деп, Эр өлтүрөр, кан төгөр, Баш сындырып, кол сөгөр, Бетиме кылар зынаны, Мээнетинен тынамбы, -деп макул болбой коёт. Периштелер жообун айтып кудайга барышат. Андан соң кудай Жебирейил, Микейил, Ысрапил периштелерди жиберет. Жер макулдугун бербей коёт. Төртүнчү болуп барган Азирейил периште жердин кыртышынан оюп, чеңгелин салып, топурак алат. Жер ачууланып, адам жасалса эмне боло турганын айтып, Азирейил периштенин аркасынан кубалап жеткенде, ал кудайдын тапшырмасы менен келгенин айтат. Жер күлүп макул болгондо, кудай кайыптан белги берип: “Карызга берсин, кайра өзүнө берем”- деп айтат.

С.Орозбаков диний китептерде баяндалган окуялардын мазмунун ырга айлантып, кайрадан өз чыгармачылыгында иштеп чыккан. Мусулман done адам топурактан жаралган кайра топуракка айланат деген түшүнүк бар. Кудай Адам ата менен Обо энени жаратып, бейиште жашатып коёт. Бейиштин капкасында сакчылыкта тоту куш менен жылан болгон экен. Азезил тоту кушка келип анын үнүнүн жагымдуулугун, кулпурган сулуулугун айтып, башыңа өлүм келгенде ушул нерселериңдин баары жок болот деп айтып кооптондурат. Тоту куш жыланга барып Азезилден уккандарын айтат. Экөө тынчсызданып, Азезилден канткенде өлбөстүккө жетишебиз деп сурашат. Ал: “Силер мени бейишке алып киргиле, мен жыландын тишинин арасына эле батам”, -деп экөөнү макул кылат. Бейишке киргенден кийин жылан болуп сүйлөп, Обо эне менен Адам атаны азгырып, буудай жегизип, экөөнүн бейиштен кубулуп чыкканына себепкер болот. Кудай Адам ата менен Обо энеге жебегиле деген мөмөсүн жешип бейиштен кубаланышкандыктары тууралуу диний уламыштарда айтылат. Айрым учурларда буудай же жүзүм жегенден кийин бейиштен куулгандыктары айтылат. Манасчы С.Орозбаков жогоруда сөз болуп жаткан окуяны баяндоодо, кайсы бир нерсенин эмне себептен ошондой болуп калганын бири-бири менен байланыштырып сүрөттөгөн.

Улуу “Манас” эпосубуздагы жин-шайтан түшүнүгү олуттуу изилдөөнү талап кылат деп айтууга болот. Себеби көлөмдүү эпосубузда изилдөөгө алынып жаткан тема менен байланыштуу маалыматтар өтө көп жана кылдат иликтөөнү талап кылат деп ойлойм.

**Колдонулган адабияттар:**

1.Жиндер ааламы. Мусулман дин башкармалыгы.https://muftiyat.kg/articles/41166/
2.Орозбаков С. Манас.Бишкек,2010.
3.“Манас” энциклопедиясы.I том. Б.,1995.

УДК 81(575.2)+81´243
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-16-21

**Жумалиев С. С.**
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, филология илимдеринин доктору, профессор
**Жумалиев С. С.**
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева, доктор филологических наук, профессор
**Jumaliev S. S.**
Kyrgyz State University named after I.Arabayev, doctor of science, professor

# ЧЕТ ТИЛДЕРДИН КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ (XX-XXI КЫЛЫМДАР)
# ВЛИЯНИЕ ИНОСТРАННЫХ ЯЗЫКОВ НА КЫРГЫЗСКИЙ ЯЗЫК (XX-XXI ВЕКИ)
# THE INFLUENCE OF FOREIGN LANGUAGES ON THE KYRGYZ LANGUAGE (XX-XXI CENTURY)

**Аннотация:** Бул макалада акыркы кылымдар аралыгындагы азыркы кыргыз тилине фонетикалык, грамматикалык жана лексикалык деңгээлдерине чет тилдердин тийгизген таасирлери иликке алынат. Тактап айтканда, XIX кылымдын башынан XXI кылымдарга чейинки аралыкта иран, араб сөздөрүнүн, кийинчерээк орус сөздөрүнүн, акыркы мезгилде англис тилинен кабыл алынып жаткан сөздөрдүн таасиринин натыйжасында тилдин тыбыштык системасы менен мыйзамдарына, грамматикалык структурасына жана лексикалык коруна, семантикасына тийгизген таасирлердин натыйжасында жаңыдан пайда болгон тилдик көрүнүштөргө анализ жүргүзүлөт. Алгачкы мезгилде алфавит системасына киргизилген өзгөрүүлөр менен орфографиялык эреже-талаптардын жыйынтыгы азыркы кыргыз тилине кандайча түрдө таасир эткени тыбыш, тамга, басым, сөз, грамматикалык катеогриялык маани, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр түрүндөгү мисалдар менен лингвистикалык анализге алынат.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается влияние иностранных языков на фонетический, грамматический и лексический уровни современного кыргызского языка на протяжении последних столетий. В частности, с начала XIX века по XXI век в результате воздействия иранских и арабских слов, позднее русских слов, а также недавно заимствованных слов из английского языка, на звуковой строй и законы языка. Проведен анализ грамматического строя и лексической базы, а также семантики вновь возникающих языковых явлений. Результаты изменений, внесенных в алфавитную систему, орфографические правила и требования в ранний период, лингвистически анализируются на примерах в виде звуков, букв, ударений, слов, грамматических категорий, простых и сложных предложений.

**Abstract:** This article examines the impact of foreign languages on the phonetic, grammatical and lexical levels of the modern Kyrgyz language over the past centuries. Specifically, from the beginning of the 19th century to the 21st century, the analysis of newly emerging linguistic phenomena as a result of the influence of Iranian and Arabic words, later Russian words, and recently adopted words from the English language on the sound system and laws of the language, its grammatical structure and lexical base, and semantics is carried out. How the changes introduced into the alphabet system and the results of orthographic rules and requirements in the early period affected the modern Kyrgyz language is analyzed linguistically using examples in the form of sounds, letters, stress, words, grammatical categorical meaning, simple and complex sentences.

**Негизги сөздөр:** тил, кыргыз тили, сөз, семантика, түркология, фонетика, лексика, морфология, синтаксис, жөнөкөй сүйлөм, татаал сүйлөм, омоним, синоним.

**Ключевые слова:** язык, кыргызский язык, слово, семантика, тюркология, фонетика, лексика, морфология, синтаксис, простое предложение, сложное предложение, омоним, синоним.

**Keywords:** language, Kyrgyz language, word, semantics, Turkology, phonetics, vocabulary, morphology, syntax, simple sentence, complex sentence, homonym, synonym.

Биз жашап жаткан жер шаарында экологиялык өзгөрүүлөрдүн кулачы кеңейип, адазат өзүнүн келечек тагдыры жөнүндө ойлонуп, аны чечүүнүн жолдорун издей баштады. Илим, техника, айрыкча маалыматтык технологиялардын өнүгүүсү менен маданияттар аралык, тилдер аралык таасир этүү, аралашуу процесстери тездик менен күчөдү. Мына ушундай шартта тээ байыркы мезгилдерден бери өз уңгусун сактап келе жаткан кыргыз тилинде да өзгөрүүлөр болдубу же болгон жокпу, эгерде өзгөрүүлөр бар болсо алар тилдин кайсы деңгээлдери боюнча жүрдү деген суроо жаралат. Бул маселени аныктоо үчүн кыргыз тилинин акыркы бир кылым аралыгындагы абалына диахрондук аспектиде илик жүргүзүп көрөбүз.

Түркология илиминде кыргыз тилинин өнүгүү жана калыптануу доорлорун негизинен алты мезгилге бөлүп, анын эң жаңы доору катары XIX кылымдын башынан XX кылым ичиндеги мезгилди эсептейт. Ушул эң жаңы доордун XIX кылымынан элүүнчү жылдарында кыргыздар Россиянын карамагына өткөн, 1917-жылдан совет бийлиги орногон, 1990-жылдар аралыгына өз алдынча эгемендүү мамлекет болгон жана XXI кылымдын биринчи чейрегине чейинки мезгилде кыргыз элинин турмушунда тагдыр чечүүчү ири өзгөрүүлөр болуп өтүп, андай көрүнүштөр азыркы кыргыз тилинин өнүгүшүнө да зор таасирин тийгизген. Айталы, эң жаңы доордун алгачкы мезгилинде Кыргызстандын Россияга кошулуусу менен кошо түндүктөгү кыргыз тилине чарбачылыкка, административдик башкарууга, аскер ишине ж.б. тармактарга мүнөздүү болуш, оёз//үйөз, ыстарчын, губурнадыр//губернатор, жандарм, сот, судья, закүн//закон, сыйаз//сьезд, кемессия, партия, облус, учаске, бристап//пристав, дума, бесир (писарь), түрмө, чиркөө, абак//набакты//навак (гаупвахт), медал, салдат//солдат, майыр (майор), бардаңке (берданка), бистон(пистон), станса, бекет, повозка, тилграм//телеграмма, телефон, почто, белет, машине, зоот (завод), соко, картөшкө, капуста, саржан ж.б. орус сөздөрү оозеки түрдө кабыл алынган.

Ал эми ушул мезгилде «түштүк тараптагы кыргыз урууларына тажик, өзбек тилдери аркылуу иран, араб сөздөрү кабыл алынып, **-көй, -мал, -кер, -кеч, -дар, -поз, -зат, -мет, -кана** сыяктуу кыргыз тилине мүнөздүү болбогон айрым мүчөлөр, **-бей, -на** өңдүү префикстер да кээ бир сөздөрдүн курамы менен кошо кире баштаган. Андай иран-араб сөздөрү ошол аймактагы кыргыз урууларынын күнүмдүк пикир алышуусунда активдүү колдонулуп, өздөрүнө синонимдеш болгон жалпы элдик кыргыз сөздөрүн пассивдүү катмарга айланткан.

1917-жылдагы Октябрь революциясынан кийин Кыргызстандын түндүгүндө да, түштүгүндө да совет бийлиги орноп, кыргыз эли кайрадан биригип, мамлекеттүүлүк статусуна ээ болуп, эл жаңы формациядагы турмушту курууга өттү. Араб графикасынын негизинде кыргыз тилинин реформаланган жаңы алфавити кабыл алынып, жалпы элдик тилге негизделген жаңы жазма адабий тили түзүлдү. Жаңы коомдук өзгөрүүлөргө байланыштуу кыргыз элинде көптөгөн жаңы түшүнүктөр пайда болуп, аларды туюндуруу үчүн орусча аталыштарды өзгөртпөй ошол бойдон кабыл алуу, же аларды кыргызчага которуу жолу менен өздөштүрүү аракети өзгөчө күч алды. Совет доорунда орустар менен кыргыздар бир өлкөнүн өнөр жайында, айыл чарбасында, маданий-агартуу мекемелеринде, мамлекеттик-коомдук иштеринде жана башка бардык жайларда чогуу эмгектенип калышты. Анын натыйжасында кыргыз эли жаңы түшүнүктөрдү туюндурган сөздөрдү оозеки жана жазма түрүндө окуу китептерин, окуу куралдарын орусчадан кыргызчага которуу жолу менен кабыл ала баштады. Кыргыз тилинин лексикалык курамынын тышкы булактар аркылуу баюусу тилдин тыбыштык курамына, муун типтерине, лексикасына жана грамматикалык түзүлүшүнө да таасирин тийгизди. Атап айтканда, адабий тилибизде **в, ф, ц, щ** сыяктуу жаңы тыбыштар, мурда болбогон муундун жаңы типтери жаралды, фонетикалык закондорунда, сөз жасоодо, сөз өзгөртүүчү

мүчөлөрдө, сүйлөм курууда ар түрдүү өлчөмдөгү жылыштар жүрдү жана андай кубулуштар азыркы учурда да улантылып жатат.

Фонетика боюнча түрк элдеринин арасындагы эң байыркыларынын бири болгон кыргыз эли V-VI кылымдардан баштап байыркы түрк-рун алфавитин, X-XI кылымдар аралыгында уйгур жана араб алфавиттерин, X-XIX кылымдарда араб алфавитин, 1924-жылдан тарта 1930-жылга чейин араб графикасынын базасында реформаланып түзүлгөн кыргыз алфавитин, 1930-1940-жылдарда латын графикасына негизделип түзүлгөн кыргыз алфавитин, 1940-жылдан кийин кириллицаны колдонуп келди. Тилибизге кошумча тамгалар алынды, мисалы, 1924-жылдагы кыргыз алфавитине х, һ» тамгалары алынса, андан кийин 1928-1940-жж. кыргыз эли латын алфавитин колдонууга өтүп, ал алфавиттен 1930-жылы **h** алынып ташталса, 1938-жылы алфавитке **z** тамгасы кошулду. Ал эми 1941-жылы кабыл алган кириллицага латындын **v** тамгасынын ордуна **в, je** ордуна **е, jo** ордуна **ё, f** ордуна **ф, ts** ордуна **ц, sc** ордуна **щ, ju** ордуна **ю, ja** ордуна **я** деген кирилл тамгалары кабыл алынып, андан кыргыз тилине мүнөздүү тыбыштарды белгилөөчү мурдакы алфавиттердеги **ғ(га), қ q(кы)** тамгалары алынып салынган. Өзгөчө тыбыштарды белгилөө үчүн ага **ө, ү, ң** тамгалары кошулат, ошондой эле орус сөздөрүн туура жазуу максатында жогоркудай тамгалар менен кошо **ь, ъ** тамгалары да алынган. Башкача айтканда, кыргыз адабий тилине орус тили аркылуу оошкон орус жана эл аралык сөздөрдү туура жазуу жана айтуу үчүн орус алфавитинен йоттошкон **е, ё, ю, я** жана **в, ф, ц, щ, ь, ъ** тамгалары кыргыз алфавитине киргизилген. Ошондон тарта, орус тилиндеги же ал аркылуу башка чет тилдердин сөздөрү кыргыз тилине орус тилиндегидей тыбыштык турпатында кабыл алынып, ошондой формаларында айтылып жана жазыла баштады

Натыйжада, тилибиздин сөздүк курамына орус тилинин тыбыштары бар муундун көптөгөн жаңы типтеги сөздөрү орфографияда гана эмес, орфоэпияда да пайда болду. Алар өз кезегинде кыргыз тилинин төл сөздөрүнө мурда мүнөздүү болбогон фонетикалык төмөнкүдөй жаңы көрүнүштөрдүн жаралышына түрткү болду: үндүүлөрдүн үндөшүүсү менен үнсүздөрдүн ассимиляция, диссимиляция кубулуштары чет тилдерден кирип жаткан сөздөрдүн көбүндө бузулган турпатында жазыла жана айтыла баштады, сөздөрдө кыргыз тилинде мурда болбогон тыбыштык жаңы айкалыштар пайда болду, тыбыштардын позициялык-комбинатордук абалдарында турукташуу же активдешүү багытында бир катар өзгөрүүлөр жүрдү. Басымдын орду өзгөргөн сөздөр көбөйдү.

Мурда кыргыз тилинде эки башка (бири жоон, экинчиси ичке; бири кең, бири кууш сыяктуу) кыска үндүүлөр сөз ичинде катар айтылбаган жана жазылбаган болсо, алар орус орфографиясынын үлгүсүндөгүдөй болуп жазыла жана айтыла баштады. Маселен: аэровокзал, аэродром, аэрозол, аэроклуб (аэ-); Гаити, Каир, кокаин (аи); аорист, аорта, Лаос (ао); каухар, ауденция, аудит, аудитория, аукцион, аура, аут (ау); ареал, идеал, креатив (еа) ж.б.

Кыргыз тилине мүнөздүү болбогон мындай айтылыштар кыргыз тилинде дифтонг сымал жогоркудай жаңы көрүнүштөрдүн жаралуусуна өбөлгө түзүп, үндүүлөрдөгү үндөштүктүн бузулуусуна алып бара жатат. Алгачкы мезгилде араб-иран тилдеринин аким, увазир, аспиет, каниет, касиет сыяктуу сөздөрү кабыл алына баштагандан тарта кыргыз тилинде үндүүлөрдүн жоон-ичкелигине жана эрин күүсүнө карай үндөшпөгөн жаңы фактылары жаралып, совет доорунда андай процесс тездик менен уланды. Анын күчөп кетүүсүнө «Орус тилинен жазма аркылуу кабыл алынган сөздөр орус тилиндегидей тыбыштык турпатында жазылат» деген эреже себепкер болгон. Ошол эреженин негизинде орус жана башка чет тилдердин сөздөрү азыркы кыргыз тилинде үндөшүүгө баш ийбеген формаларында төмөнкүдөй болуп жазылып жатат: абитуриент, азимут, аллергия, амплуа, витамин, идиома, инвалид, киноактер, машина, мезолит, невроз, оппонент, оратор, циклон, цитрус, эксплуатация ж.б.

Башка түрк тилдерине окшоп, кыргыз тилинде б тыбышы сөз аягында келчү эмес. Эгер сөз аягына жумшак /б/ келсе, анда ал дайыма каткалаңдашып айтылчу. Мындай закон ченемдүүлүк эң алды сөздөрдүн араб графикасы боюнча араб, аиб, асбаб, жабаб, карыб, касаб, китаб, майиб, мактаб, талаб, кийин орус орфографиясы боюнча генштаб, герб, краб, клуб, микроб, погреб түрүндө

жазылышынан тарта бузула баштады. Мындай орфографиялык норма өз кезегинде орфоэпиялык нормаларга да кандайдыр бир өлчөмдө өз таасирин тийгизип жатат.

Кыргыз тилиндеги төл сөздөрдөгү басым күчтүү динамикалык мүнөздө болуп, ал дайыма алган ордуна карай сөз аягындагы муунга мал**чы**, малчы**лар**, малчылары**быз**, малчыларыбызды**кы** ж.б. (1, 70-б.) туруктуу түшүп келген. Бирок кыргыз тилинин лексикалык курамына кабыл алынып жаткан көптөгөн чет тилдердин сөздөрүндө басым такай эле сөз аягына түшпөй турган көрүнүшкө айланып баратат. Маселен: аб**о**нент, **а**зимут, барон**е**сса, иди**о**ма, нот**а**риус, эксплуат**а**ция, х**а**йтек ж.б.

Ошентип, кыргыз тилинде мурдатан келаткан басымдын жогоркудай мыйзамы кабыл алынып жаткан чет тилдердин сөздөрүндө сакталбай айтылып калды.

Жалпы категориялык грамматикалык маанилерине карай зат атооч сөздөрдүн машинага, техникага, спортко, илим-билимге, экономикага ж.б. тармактарына байланыштуу көптөгөн лексика-тематикалык жаңы топтору пайда болду. Маселен, кишинин аты-жөнү, ысымдары өзгөрдү: Акыл Асанович, М.Аскарова, Марлен, Октябр ж.б. Фауна, флорага байланыштуу жаңы аталыштар кабыл алынды: бегемот, калибри, кобра, крокодил, носорог, удав; ананас, апельсин, банан, мандарин, редиска ж.б.

Метал, метал эмес заттардын, алардын бөлүктөрүнүн аталыштары: алюминий, атом, газ, гелий, натрий, нейтрон, нефть, никель, молекула, молибден ж.б.; буюм-теримдердин, машиналардын жана алардын тетиктеринин жаңы аталыштары: автобус, болт, гайка, корабль, машина, ракета, бус, фоматик ж.б.у.с.

Бир маанилүү сөздөрдүн саны мурунку доорлорго караганда жаңы жаралып жаткан терминдерге байланыштуу көбөйүү процессин башынан кечирип жатат. Көп маанилүү сөздөрдө болсо, мезгилдин өтүшүнө байланыштуу, т.а., күндөлүк турмушубузга мурда болбогон жаңы көрүнүштөрдүн, түшүнүктөрдүн кириши менен айрым сөздөрдүн маанилери кеңейип, алардын кошумча маанилери пайда боло баштады. Мисалы, адамдын же жаныбарлардын көрүү органын билдирген көз деген сөз өзүнүн алгачкы маанисинен башка да мурда күндүн көзү, булактын көзү, куржундун көзү, тузактын көзү, жаранын көзү, ийненин көзү, терезенин көзү сыяктуу бир нече түшүнүктү атап келген болсо, кийинки доордо кездеменин жаралышына байланыштуу кездеменин көзү, картошканын кыргыз турмушуна киришине байланыштуу картошканын көзү деген анын жаңы маанилери пайда болду.

Башка тилдерден кабыл алынган айрым сөздөрдүн кыргыз тилиндеги сөздөргө окшоп калуусу менен омонимдер пайда болду. Мисалы, кыргыз тилиндеги сыр “краска”, сыр “тайна” деген мурунку сөздөрүнө кийин орус тилинен сыр “быштактын бир түрү” аталышы кабыл алынып, алар өз ара омонимдик түгөйлөрдү түзүп калды.

Синонимдик катардагы түгөйлөрдүн айрымдары араб-фарсы тилдеринен алынды: доомат – милдет - док, атак – даңк – мартаба - даража, бет – жүз – ирең – өң – ажар - дидар, даамдуу – таттуу - ширин.

Эгемендүүлүк алган мезгилдерде кыргыз элинин эл аралык маданий, соода-экономикалык, саясий жана сырткы байланыштары чет өлкөлөр менен түзүлүп, алар менен соода-экономикалык, маданий, саясий, илимий-техникалык, туристтик ж.б. алакалары күчөй баштады. Андай алакалардын жана дүйнөдө болуп жаткан илимий-техникалык прогресстин натыйжасында кыргыз адамдарынын арасында техникалык байланыш каражаттарды, айрыкча интернет булактарындагы маалыматтарды колдонуу жолдору кеңири жайылды. Ошондон улам, эл аралык терминдердин, аталыштардын бир тобу аралык тилдин милдетин аткарып келген чет тилдердин өздөрүнөн кыргыз тилине тикеден-тике өздөштүрүлө баштады. Бирок эгемендүүлүккө жетишкенден кийин өлкөбүздө орус тили - расмий тилдин, кыргыз тили - мамлекеттик тилдин милдетин аткарганына байланыштуу, б.а., расмий жана күндөлүк турмушта эки тилдин катар колдонулушуна байланыштуу андай аталыштарды орус жана кыргыз тилдериндегидей формаларда катар колдонуу - шаар жеринде жашаган кыргыз өкүлдөрү үчүн демейки көрүнүшкө айланды. Мисалы: диллер - ортомчу, далдалчы, импортер - импорттоочу, кассир - эсепчи, коммерсант - соодагер, оптовик - дүңүнөн сатып алуучу, продавец - сатуучу, реализатор –

жалданма сатуучу, скупщик - алып сатар, спонсор – демөөрчү, биржа, бутик, букмекер, ГУМ, касса, киоск, комок, минирынок - кичи базар, ломбард - күрөөкана, обменный пункт/акча алмаштыруу пункту, рынок – базар ж.б.

Орус, англис ж.б. чет тилдерден кирип жаткан аталыштар, эл аралык терминдер азыркы учурда кыргыз тилинин сөздүк курамына төмөнкүдөй жолдор аркылуу өздөштүрүлүп жатат:

Чет сөздөрүн кыргызчага которуп алууда калька жолу пайдаланылды. Мындай учурларда - кыргыз тилинин лексикалык курамындагы сөздөргө чет сөздөрүнүн маанилерине төп келчү жаңы маанилерди берип которуу жолу колдонулат. Жаңы маанилерди берип которуунун өзү, кыргыз тилинин сөздүк курамындагы сөздөрдүн өнүгүшүнө көптөгөн семантикалык өзгөрүүлөрдү, жылыштарды алып келди. Тышкы таасирдин натыйжасында жаралып жаткан мындай процесстер акыры келип, кыргыз тилинин көп кылымдардан бери кыймылсыз турган ички мүмкүнчүлүктөрүн ойготту: сөз жасоонун семантикалык жолун активдештирди, сөз жасоонун аналитикалык жолун болуп көрбөгөндөй жандандырды; чет тилдердин сөздөрүнө сөз жасоочу мүчөлөрдү жалгоо аркылуу көптөгөн жаңы туунду сөздөрү жасалды.

Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр болуп, алар андан нары өнүктү: Түн. Тынчтык. Тунук асман. Жымыңдаган сан жеткис жылдыздар (2., 387) сыяктуу оозеки кепке мүнөздүү болбогон атама сүйлөмдөр жазма адабиятта пайда болду. Жазма адабият пайда болгонго чейинки татаал сүйлөм сүйлөө речинин негизинде өнүккөндүктөн, жөнөкөй сүйлөмгө караганда татаал сүйлөм көп колдонулган эмес. Жөнөкөй сүйлөмдөрдү өз ара байланыштыруучу багындырбас жана багындыргыч байламталардын колдонулушу өтө активдешти; татаал сүйлөмдөрдүн компоненттерин өз ара байланыштыруучу а байламтасы (Сен бир айылдын активисиң, а мен жөн гана жумушчумун (Т.Сыдыкбеков) пайда болду; бир катар жаңы структурадагы байламтасыз багынычтуу татаал сүйлөмдөр (Танабай койнуна колун салып, боолуу булгаары калтадан Чоронун билетин алып чыкканча, сектор баш чысы чыдап күтүп турду (Ч.Айтматов) таралды; баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдөрдүн орун тартиптеринде да (Өмүрбектин атасы дыйкан болгондуктан, күтүрөтүп мал айдабаса да, күрмөп жутар нан менен жарманы үйүнөн үзгөн эмес, ошон үчүн эч нерсеге кор болуп көрбөгөн (К.Жантөшев) өзгөрүүлөр болду; компоненттери орток баяндоочтуу чакырыктар (Бирдиктүүлүк – бул жашоо, бирдиктүүлүк – бул күч, бирдиктүүлүк – бул жеңиш (“СК”) эне тилибизден орун алды.

Жай, суроолуу сүйлөмдөрдөгү (түз орун тартибиндеги) ээ дайыма баяндоочтун алдында (препозитивдүү абалда), баяндооч постпозитивдүү абалда турду: Жаркыраган жаз келди. От дуулдап күйүп турат. Сүйлөм мүчөлөрүнүн түз орун тартибине тиешелүү болгон мындай көрүнүш менен кошо кыргыз тилинде ээ менен баяндоочтун орун алмашкан инверсия кубулушу да орун алды. Андай фактылар ириде сүйлөмдүн баяндооч мүчөсү синтетикалык же аналитикалык баяндоочтук формаларда турганда байкалат: Мен азыр студентмин (түз орун тартиби). Студентмин мен азыр (кыйыр орун тартиби (2., 394-396-бб.).

Жыйынтыктап айтканда, XX-XXI кылымдар аралыгындагы өзгөрүүлөр кыргыз тилинин бардык бөлүмдөрүнө мүнөздүү: морфология менен синтаксисте азыраак өлчөмдө, фонетикада андан көбүрөөк, лексикада, айрыкча сөздүк курамда өлчөөсүз кабыл алуулар көбөйдү. Бул көрүнүш геосаясий, маданий, экономикалык жана чарбалык жаңы шарттардын натыйжасында пайда болду жана болуп жатат. Андай шарттар кыргыз тилинин өнүгүүсүнө түздөн-түз таасирин тийгизди. Демек, аталган маселе атайын изилдөөнү талап кылат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Азыркы кыргыз адабий тили: фонетика, лексикология, лексикография, фразеология, морфология, синтаксис, стилистика. –Б.:Авразия Пресс, 2009.
2. Азыркы кыргыз тили. Фонетика, лексикология, морфология, синтаксис.- Б.,2015.
3. Жумалиев С.С. Кыргыз тилинин фонетикалык кубулуштары. –Б., 2010.

4. Карасаев Х.К. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. Толукталып, кайрадан басылышы.-Б.,2009.
5. Юнусалиев Б.М. Кыргыз диалектологиясы. Китепте: Тандалган эмгектер.-Фрунзе,1985,11-312-бб..

УДК:947.1.
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-21-26

**Жусупова М. М., Бакаева Г. К.**
Талас мамлекеттик университети, тарых илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Жусупова М.М., Бакаева Г. К.**
Таласский государственный университет, кандидат исторических наук, доцент,
Таласский государственный университет, магистрант
**Zhusupova M.M., Bakaeva G. K.**
Talas State University, Candidate of Historical Sciences, Associate Professor,
Talas State University, Master's student

## ЭЛЕЧЕК– КЫРГЫЗ АЯЛДАРЫНЫН УЛУТТУК БАШ КИЙИМИ
## ЭЛЕЧЕК – НАЦИОНАЛЬНЫЙ ГОЛОВНОЙ УБОР КЫРГЫЗСКИХ ЖЕНЩИН
## ELECHEK – NATIONAL HEADDRESS OF KYRGYZ WOMEN

**Аннотация:** Бул макалада кыргыз элинин аялдарына тиешелүү баш кийими элечектин материалдык баалуулугу каралган. Элечектин келип чыгуу тарыхы, анын түрлөрүн иликтөөгө аракет жасалды. Макалада элечек негизинен баш кийимдин татаал түрү экени баса белгиленген. Жаш келиндин, зайыттардын, улгайган байбичелердин сыймактана кийүүчү ардактуу баш кийими. Аялдар элечекти аш-тойлордо, ырахаттуу отурууда, асемдеп тосуп алуучу жайларга барганда элечек салынуу нарктуу болгонун билгизет. Мурда кээ бир элечектерге шуру бастырышкан. Кыргагы күмүштөн тартылып, кездемеси кенен оролуп баалуу болгон. Элечек текчеде күзгү кап менен катар жүктүн эпчи тарабында, ичине толтура жумшак нерсени салып коёт. Себеби кеби бузулбай тура берет. Элечекти бирөөлөр кийбейт. Башкага белекке бербейт. Ыйык, кир кол менен кармабай турган баш кийим экенин ар кимибиз билүүбүз зарыл. Элечектин формасы, ором ыкмасы боюнча жергиликтүү өзгөчөлүккө ээ экени белгилүү деген сыяктуу элечектин жасалышы, аны кийүүнүн, колдонуунун эрежелери каралды.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается материальная ценность элечек – национального женского головного убора кыргызов. Была предпринята попытка исследовать историю элечека и его типов. В статье подчеркивается, что вуаль по своей сути представляет собой сложный вид головного убора. Почетный головной убор юных невест, женщин и пожилых бабушек. Женщины показывают, что было полезно носить чадру на обедах, во время приятных посиделок и при посещении мест гостеприимства. Раньше на некоторых ситах печатали бусинки. Бахрома была сделана из серебра, а ткань была завернута в широкую ткань, и это было ценно. Сбоку сумки, вместе с зеркальной сумкой, сбоку сумки внутрь положите мягкий материал. Причина в том, что он не будет поврежден. Никто не носит сито. Не дарите это. Всем нам необходимо знать, что шляпа священна и ее нельзя трогать грязными руками. Известно, что форма сита, способ наматывания имеют местные особенности, рассмотрены правила изготовления сита, его ношения и использования.

**Abstract:** This article discusses material value elechek - national women's headdress Kyrgyz. This article examines the material value of elechek - the national women's headdress of the Kyrgyz people. An attempt has been made to explore the history of the elechek and its types. An honorary headdress for young brides, women and elderly grandmothers. Women show that it was useful to wear the veil at dinners, during pleasant gatherings and when visiting places of hospitality. In the past, beads were printed on some sieves.

We all need to know that the hat is sacred and should not be touched with dirty hands. It is known that the shape of the sieve and the method of winding have local characteristics; the rules for making the sieve, its carrying and use are considered.

**Негизги сөздөр:** Элечек, баш кийим, тарыхы, түрлөрү, нарк, каада-салт, ороо ыкмасы, материалдык баалуулук.

**Ключевые слова:** Элечек, головной убор, история, виды, ценность, способ упаковки, материальная ценность.

**Keywords:** Elechek, headdress, story, types, packing method, material value.

Бүгүнкү күндө улуттук материалдык баалуулуктарды изилдөө өзгөчө кызыгууну пайда кылып келет. Баш кийим-башка кийүүчү кийимдин жалпы аталышы. Ар бир жердин шартына, элдин салтына, жаш өзгөчөлүгүнө жараша баш кийим сырткы түрү, жердиги жана башка жагынан айырмаланат. Байыркы кыргыз элибиздин баш кийимдери жыл мезгилдерине жараша жылуу, суук убактарында кийип жүрүүгө ылайыкталып, айбанаттын терисинен, кийизден, түрдүү кездемеден үлгү боюнча бычып тигишкен. Жипти да ылайыгына жараша жүндөн, кебезден кабаттап ийрип колдонушкан. Кыргыз элинин баш кийимди кийүүдө өз эрежелери болгон. Баш кийимди башка бирөөгө белекке бербейт. Эгерде баш кийим эскирип баратса, жаш балага жыртылганча кийгизип, андан соң өрттөп салышкан. Баш кийимди тескери каратып кийбейт.

Макалада кыргыздардын аялдарынын улуттук баш кийими болуп саналган элечек жөнүндө кеңири баяндалат. Элечек— негизинен баш кийимдин татаал түрү. Жаш келиндин, зайыттардын, улгайган байбичелердин сыймактана кийүүчү ардактуу баш кийими. Аялдар элечекти аш-тойлордо, ырахаттуу отурууда, асемдеп тосуп алуучу жайларга барганда элечек салынуу нарктуу болгонун билгизет.

Элечек – (ир. илачаг – ханышанын баш кийими) узундугу 25 метрдей жука кездеме узунунан эки катталып, башка кийилген кеп такыянын сыртынан улам астыңкы катмарынын чети көрүнүп тургандай болуп кабатталып оролгон баш кийим, учтары төөнөгүч менен бекитилип, үстүнөн тартма менен оролгон, 25-30 см бийиктикте бүт ором тикесинен тегизделип, сол жак кабаттары тегерек оромдордун ичине көздөй киргизилип, оң жак кабаты сол жакка жыгылып, тартманын сыртына (кээде асты жагына) бекитилет. Элечектин негизги бөлүктөрү: кеп такыя, сала коймо, ээк алмай жана анын жээктери шуру-мончок, күмүш ж.б. менен коoздолот [1.375 б]. Элечекти эмнеден жасашкан. Элечекти жасоодо бышык токулган истанбул деп аталган ичке ак кездеме кыйла кеңири тараган материал болуп кызмат кылган.

Элечектин тарыхына кайрылсак, 1900-жылы жайында италиялык альпинисттер Боргезе князы менен бирдикте Кайыңды дарыясынын өрөөнүндө Хан-Теңири чокусуна чыгуу максатында Борбордук Тянь-Шанда болгондорунда биринчи жолу улуттук кийим кийип бала кармаган ак элечекчен аялдарды сүрөткө тартышкан [2.78 б]. Бала кармаган аялдар улуттук кийим менен. 1900-ж. Эзелтен келген элечек – кыргыз зайыптарынын байыртадан кийип келаткан, калпактын катарында турган баш кийим. Элечек сыртынан бирдей көрүнгөнү менен оромуна жараша көп түргө бөлүнүп, аны кийген зайыптын жаш курагынан, кайсы жерлик экенинен өйдө көрсөтүп турган. Бай оокаттуу айымдар элечекке 30-50 метрдей өтө жука ак кездемени тайпы орогон. Натыйжада ал көлөмдүү чыгып, тыкан көрүнгөн. Ал эми элечектин бир эле коoздугу эмес, пайдасы да көп болгон. Мисалы, журт көчүп баратканда келиндер төрөп калса, элечекке ороп, наристенин керегине жаратышкан же адам каза болсо кепин катары колдонушкан. Ал эми улгайган чоң энелерибиз элечектин уч жагына кооз-шуру мончокторду тагышып, ал шуру-мончоктор бир топ оор болсо да кыргыздын салтын сактап кийип жүрүшкөн. Алгач жолу элечекти жаш келинге кийгизип жатканда:“Башыңдан ак элечек түшпөсүн”, - деп үй-бүлөнүн бактылуу болушуна каалоо айтышкан. Элечекти кышы-жайы бою кийишкен жана ансыз эшикке суу алууга чыкканга да болгон эмес. Элдик каада-салтта аял заты элечекти жаш курак өзгөчөлүктөрүнө ылайык кийишкен жана төмөндөгүдөй түрлөрдөн турат. Улгайгандардын элечеги жөнөкөй оролуп, көлөмдүү көрүнөт. Сыртынан чоң ак жоолук менен

жабылган. Аза күткөн (же жесир) аял кара бүркөгөн элечек кийген. Ал эми өлгөн кишинин жакын туугандары анын ашы өткөнчө элечектин ээк алмайынын бир жаагын бошотуп да жүргөн.

Элечектин дагы бир түрү мурда кээ бир элечектерге шуру бастырышкан. Кыргагы күмүштөн тартылып, кездемеси кенен оролуп баалуу болгон. Элечек текчеде күзгү кап менен катар жүктүн эпчи тарабында, ичине толтура жумшак нерсени салып коёт. Себеби кеби бузулбай тура берет. Элечекти бирөөлөр кийбейт. Башкага белекке бербейт. Ыйык, кир кол менен кармабай турган баш кийим экенин ар кимибиз билүүбүз зарыл. Элечектин формасы, ором ыкмасы боюнча жергиликтүү өзгөчөлүккө ээ экени белгилүү.

Адатта элечектерди 5 метр кездемеден жасашкан, бирок көпчүлүгү 15тен ашык же ал түгүл 30 метр кездемени колдонушкан, бул болсо алардын даражасын чоңойткон. Сурп элечекти «сүрп элечек» деп атайт. Сурп — жөнөкөй кездеменин бир түрү. Боёлбогон, агартылбаган жибек кездемени илгери эл «торко» дешчү. Бул элечектин жердигинин милдетин аткарат. Чеберлер, театрлардын, филармониялардын артисттери жана өздүк-көркөм чыгармачылыгынын ышкыбоз коллективдери мунун жакшынакай үлгүлөрүн сактап, андан ары өнүктүрүүгө зарыл. Элечектин астынан кийилүүчү баш кийим чач кеп деп аталат. Чач кеп элечектин ички оромун терден-кирден жана чаңдан сактайт. Муну бөтөнчө байбичелер жылуулук үчүн жоолуктун ичинен да кийип жүрүшкөн. Мындай чач кеп көбүнчө кызыл, жашыл, көк, кара манат менен баркыттан жасалган. Чач кеп маңдайы тегиз, эки жан (каптал) жагынан жаак (кулакчын) түшүрүлүп, артынан (желкесинен) сала коймо (куйрулчук) чыгарылат. Үч кабатталып, башкача айтканда, тышы колдо токулган ак бөздөн тышталып, ичи гүлдүү чыттан астарланат. Ортосуна өрмөктө созулган тасма салынып жасалат. Төбөсү тигилбестен, жип өткөрүп бүрмөлөнгөн же байланган (кездеменин өзүнөн төбө чыгарылган) чач кептин жаактары, маңдайы, сала коймосу сайманын «терс кайык», «илме» («илме дос»), «туура сайма», «басма сайма» деген түрлөрү менен «мүйүз», «ит куйрук», «ийрик», «кыял», «куш канат», «бармак боочу», «кочкерек» өңдүү көркөм оюм-көчөттөр менен кештеленет. Чекесине бермет, шуру, топчу жана башка кооздук тагылып, жылаажын, шамалбак да кадалган. Ал канча белден ылдый карай төгүлүп турган олоң чачты чаңдан жана ар кандай тоскоолдуктардан сактоо эле эмес, кыз-келиндерди артынан караганда шаңдуулук да болуп саналат. Элечек кыргагын саймалайт-оймолойт. Мурун күмүш кыргак да болуучу. Манат этегине зер калакчаларын да кадаар эле, кеп такыяга түшкөн көркөм көчөттөр менен зер шөкөттөрү элечектин кооздугуна үндөшө турган. Илгери элечекти дуруя жоолук менен үстүн жапчу. Аны «ала коймо», «сала коймо» деп айтышчу. Азыр дуруя жоолуктун ордуна ак кездеменин четине кызыл чачы кармайт. Аны үч бүктөп, элечектин үстүнө салып коёт. Албетте, уяттуу келиндер үстүңкү «ала коймо», «сала коймо» жоолуктун астыңкы учун бетин карай түшүрүүчү.

Кыргыз элечегинин формасы, оролуш ыкмасы жагынан ар кандай урууларда жана жашаган аймагына жараша өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Элечекти Кыргызстандын аймактарында ар кандай формада орошкон. Мисалы, Кыргызстандын түндүгүндө аялдардын баш кийими белге түшүп турган чач кеп бекитилген кеп такыянын сыртына оролгон элечектен турган. Аккездеме менен ээкти, моюнду жана ийиндин бөлүгүн бир нече айлантып орошкон. Бул көлөмдүү ак элечек аялдардын сырткы түрүн көбүнчө сүрдүү көрсөткөн жана түндүк кыргыздарда түштүк кыргыздардыкына караганда азыраак кооздолгон. Ысык-Көлдүк, чүйлүк жана тянь-шандык кыргыз келиндери элечектин оромдорун спираль түрүндө, кыргактары ылдыйдан өйдөнү көздөй бирдей аралыкта түшүрүлгөн кыр менен цилиндр формасында ороп, жыкмайын сол тарабына түшүрүп коюшкан.

1930-ж. Талас өрөөнүндө жана Ош облусунун кээ бир түндүк райондорунда илгерки саруу, кытай, кутчу, жетиген жана багыш урууларында элечек тегерек жана сүйрү формада болуп, үстү жагы астына караганда жазыраак жыкмайы жок болгон жана маңдай жагы томпоюп чыгып турган. Азыркы Ош облусунун түштүк райондорунда, ошондой эле мундуз жана басыз урууларында элечектин көлөмү абдан чоң болуп, маңдайы ылдыйды көздөй салаңдап турган. Элечектин астынан кийилүүчү кеп такыянын маңдай жагы, эки капталынын ылдыйкы бөлүгү жана артынан чачты жапкан белге түшүүчү чачкеп ар түркүн жибек жиптер менен кооз саймаланган. Кеп такыяга эки капталынан

көкүрөккө чейин түшүп турган күмүш жана маржан шурулар менен коодолуп чулбур бекитилип көрк берип турчу. Ош облусунун түштүк-батыш тарабында ичкилик уруулары жашаган аймактарда элечектин формасы тогологураак жана бийигирээк келген, ал эми астынан кеп такыя кийилген. Кээде саймалар менен кооздолгон, элечектин үстүнөн учу арт жакка түшүп тургандай, жээгине чачык тигилген ак же өңү ачык түстөгү жоолук салынылчу. Кеп такыяны ар түрдүү маңдай жагынан кесилишкен саймалар менен, жибек кыюу, күмүш жасалгалар, маржаншуру, тыйындар жана акак таштар менен кооздошкон. Азыркы мезгилде элечекти биздин күнүмдүк жашоодо пайдаланган келин-кесек жокко эсе, ал эми элечек кийген байбичелер Ысык-Көл жана Чүй өрөөнүндө такыр кездешпейт, Тянь-Шанда кээде, ал эми Талас өрөөнүндө илгерки – илекини (элечек) байбичелерден башка да орто жаштан өтүп калган келиндердин башында кездешет. Түштүк тарапта бул баш кийим такыр эле пайдаланылбай калган, ал эми Тажикстандын Жерге-Тал өрөөнүндө жашаган кыргыздарда элечек келиндердин үлпөт кийими катары сакталган. Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тарых музейинде 2013-жылдын 28-ноябрынын 12-декабрына чейин Кристенсен фонду колдогон кыргыздын аялдарынын баш кийимдери “Элечек” долбоорунун көрсөтмөсү болуп өттү. [3.123 б] Көрсөтмөдө, КР мамлекеттик тарых музейинин фондундагы сүрөттөр, экспонаттар чагылдырылды. Мындан сырткары долбоордун жыйынтыгынын жана тарыхый-этнографиялык материалдардын, Кыргызстандын Нарын, Ысык-Көл, Ош облустарында жана Тажикстан Республикасынын Мургаб районунда жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде, элечектин ар кыл түрү жана сүрөттөрү коюлган. 2013-жылы “Элечек көргөзмөсү” өткөрүлгөн. Бул иш чара боюнча “Мурас” кыргыз элинин тарых жана маданият мурастары фондунун мурдагы төрагасы,т.и.д, профессор Тынчтыкбек Чоротегин оюн мындайча билдирген: “Бул табылгыс экспонаттарды чагылдырган эң биринчи көрсөтмө. Биз жашап жаткан глобализация доорунда кыргыздардын тарыхын жана маданиятын этнос катары сактап калуу өзгөчө мааниге ээ”.

Элечек жалпысынан бирдей көрүнгөнү менен формасы, ороо ыкмасы боюнча Ысык-Көл, Тянь-Шань, Чүй, Талас, Ош өрөөндөрүндө бири-биринен айырмаланган. Төмөндө Ысык-Көлдүн Жети-Өгүз, Түп тарабы орогон элечектин үлгүсү берилмекчи (көркөмдүгүнө байланыштуу). [4.96 б]

1.Эң ичкиси — кеп такыя. Ал ак болотнайдан жасалган башка кийүүчү топу. Анын төмөнкү жээгинин айланасы — баштын айланасы менен тең бычылат. Иштүүлөр жана колунда барлар эки кулактын ортосун мандай тарабынан жыйырып, бүйүрмө салып, кооздоп коюшкан. Кеп такыянын аркасына, узундугу бел кырчоодон төмөн түшкөн төрт бүктөм узун чүпүрөк — сала коймо бекитилет.

2.Ээк алма, кээде сала коймо деп дагы коюшат. Анын узундугу 1 метр, жазылыгы жарым метр болот. Бир жак кулактан баштап, кеп такыянын төмөнкү кыры менен жүрүп, башты бир ороп, кайра башталган жерине келгенден кийин, ээк алманын учун кымтып, төмөн түшүп, ээктин алды менен өтүп, экинчи кулакты жаап, экинчи учу оромдун арт жагынан кыстарылып бекийт. Мында 2 метрлик кездеме тыкан төрт бүктөлгөн болот.

3.Оромол — элечектин негизги бөлүгү. Ага орто эсеп менен 15 ором болотнай кетет. Эң көбү 20 ором болот да, аны «каз элечек» дешет. Мындай бийик оролгон чон элечектерди байбичелер кийишкен. Ал эми эн азы 10 ором болот да, аны «токол элечек» деп аташат. Мунун биринчи учун дагы бир жак кулак туштан баштап ороп, улам кийинки оромун 3—4 мм ден өйдөлөп алып, муруңку оромдун четин көргөзүп калтырат. Учурунда «элечек» ороо дагы өзүнчө бир чеберчилик өнөр болгон. Ошон үчүн салтанаттуу учурларда түкүнчө келин жакшы оройт деп, кадырлап чакырып келип оротуп алышкан. Анын үстүнө элекчекти күнүгө эле ороп отурушкан эмес, аны бир оротуп алгандан кийин оромун жазбай, тыкаттык менен чечип, текчеге салып коюп сакташкан.




**1-сүрөт. Элечекти ороо ыкмасы**




**2-сүрөт. Элечекти ороо ыкмасы**



**3-сүрөт. Учурдагы элечектин көрүнүшү**

Элечек баш кийим катары 1950-жылдан 2000-жылга чейинки аралыктарда унутулуп, күнүмдүк жашоодо жөнөкөй эл арасында пайдаланылбай калган. Ал баш кийимди театр сахналарында жана кино тасмаларда гана көрчүбүз. Кийинки мезгилде (2000-ж. кийин) унутулуп бараткан элечекти материалдык баалуулук катары баалашып, аздектеп келишүүдө. Жыйынтыгында, элечектин материалдык-руханий баалуулуктары адамдын турмушундагы кызматы, жаңы төрөлгөн наристени ороо үчүн, жаңы үй-бүлөнү күтүүдө жаш келиндин башына салынган баш кийими, кыргыз коомунда аялдардын жаш курактарынын өзгөчөлүктөрүн чагылдырган, үй-бүлөнүн материалдык абалын көрсөтүп, элечек – сулуулуктун, ажарлуулуктун эталону катары аздектелген. Унутта калган

материалдык жана руханий баалуулуктарды үйрөнүү, изилдөө иштерин жүргүзүү – мезгилдин талабы.

Кыргыз аялдарынын улуттук баш кийими болгон элечек ЮНЕСКОнун маданий мурастар тизмесине киргизилди. Бул тууралуу уюмдун X социалдык тармактагы (мурдагы Твиттер) расмий баракчасына жарыяланды. Тиешелүү чечим ЮНЕСКОнун Мамлекеттер аралык комитетинин сессиясында кабыл алынган.



**3-сүрөт. Элечек ороо учурунда**

**Колдонулган адабияттар:**

1. Каратаев О.К, Эралиев С.Н. Кыргыз этнографиясы жөнүндө сөздүк. –Бишкек, 2005. 375 б.
2. Аттокуров С.С. Кыргыз этнографиясы. – Бишкек, 1997.
3. Максимов В., Сорокин Е., которгон Төлөмүшев М. Кыргыз оймолору. –Фрунзе,1986.
4. http://ky.wikipedia.org 5. http://static.akipess/org.//
5. **ch.sabyrbekov**
6. https://www.azattyk.org/a/32716864.html
7. https://kyrgyzmedia
8. Кыргыз улуттук энциклопедиясы.4-том.Асанов У.А. Б,1997.
9.Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.Б.,2012.

УДК:947.1.
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-26-32

**Жусупова М. М., Сагыналиев А. Д.**
Талас мамлекеттик университети, тарых илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Жусупова М. М., Сагыналиев А. Д.**
Таласский государственный университет, кандидат исторических наук, доцент,
Таласский государственный университет, магистрант
**Zhusupova M. M., Sagynaliev A. D.**
Talas State University, Candidate of Historical Sciences, Associate Professor,
Talas State University, Master's student

## КЫРГЫЗДАРДЫН XVII-XVIII КЫЛЫМДАГЫ ОЙРОТ-КАЛМАК БАСКЫНЧЫЛАР МЕНЕН САЛГЫЛАШУУСУ ЖАНА ЭР СОЛТОНОЙ

## БОРЬБА КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА С ОЙРОТ-КАЛМАКСКИМ ЗАХВАТЧИКАМИ В XVII-XVIII ВЕКАХ И ЭР СОЛТОНОЙ

# THE STRUGGLE OF THE KYRGYZ PEOPLE AGAINST THE OIROT-KALMAK INVADERS IN THE XVII th-XVIII th CENTURIES AND THE ER SOLTONOI

**Аннотация:** Илимий макалада XVII - XVIII кылымдагы ойрот-калмак баскынчылар менен салгылашуусу жана Эр Солтонойдун өмүрү, эрдиги жөнүндө баяндалган. Бул макала Кыргызстанданы тарыхындагы инсан таануу маселесине багытталган. Бул мезгилге чейин Эр Солтонойдун эрдиги эпикалык гана чыгарма болуп, эл оозунда, дастандарда айтылып жүргөн.Жакынкы беш жылда илимий багытка буруп, тарыхый инсан экенин далилдөөгө окумуштуулар тарабынан аракеттер жасалууда. Авторлор теманы Эр Солтонойдун эл оозунан жана кээ бир окумуштуулар тарабынан иликтенген эмгектердин негизинде ачууга аракет жасашкан. Тарых изилдеген санжырачылардын айтымында, XVIII кылымдын орто ченинде Таластан чыккан Эр Солтоной кыргыз баатырларынын башын кошуп, аларга улуттук аскер өнөрүн үйрөтүп, калмак-кытайларды жергеден сүрүп чыгарганга зор салым кошконун авторлор макалада далилдүү көрсөтүшкөн.

**Аннотация:** В научной статье описывается битва с калмыками захватчиками в XVII-XVIII веках, жизнь и мужество Эр Солтоноя. Данная статья посвящена вопросу признания личности в Истории Кыргызстана. До этого периода храбрость Эр Солтоного была лишь эпическим произведением, о котором рассказывалось в народных сказках и былинах. В ближайшие пять лет ученые прилагают усилия, чтобы обратиться к научному направлению и доказать, что он является исторической личностью. Авторы попытались раскрыть тему на основе устного высказывания Эр Солтоного и работ, исследованных некоторыми учеными. По мнению генеалогов, изучающих историю, Эр Солтоной приехавший из Таласа в середине XVIII века присоединился к кыргызским героям, научил их национальному военному искусству, а авторы в статье доказали, что он внес большой вклад в изгнание калмако-китайцев от земли.

**Abstract:** The scientific article describes the battle with the Kalmyk invaders in the XVII-XVIII centuries, the life and courage of Er Soltonoy. This article is devoted to the issue of recognition of personality in the History of Kyrgyzstan. Before this period, the bravery of Er Soltonoy was only an epic, told in folk tales and bylinas. In the next five years, scholars are making efforts to address the scientific direction and prove that he is a historical personality. The authors have tried to reveal the topic based on the oral statement of Er Soltony and the works researched by some scholars. According to genealogists who study history, Er Soltonoy who came from Talas in the middle of the 18th century joined Kyrgyz heroes and taught them the national military art, and the authors in the article proved that he made a great contribution to the expulsion of the Kalmako-Chinese from the land.

**Негизги сөздөр:** Эр Солтоной, баатыр, Жунгар хандыгы, калмактар, ойроттор. салгылашуу, эрдик, согуш өнөрү.

**Ключевые слова:** Эр Солтоной, герой, Жунгарское ханство, калмыки, ойроты, сражение, подвиг, боевое искусство.

**Keywords**: Er Soltonoy, hero, Zhungar Khanate, kalmyks, oirots, battle, feat.

Эгемендүүлүккө ээ болгондон бери өз Ата Мекен тарыхыбызга олуттуу көңүл бурулуп келет. Өзгөчө инсан таануу маселесине кызыгуу жана аны иликтөө жолго коюлуп келүүдө. Эркин мамлекеттүүлүкө аракет жасаган, салымын кошкон коомдук жана саясий ишмерлердин Кыргызстандын тарыхындагы ээлеген орду зор десек жаңылышпайбыз. Адамзаттын басып өткөн тарыхынын өз дооруна тиешелүү кол башчылары, уруу башчылары, коомдук, мамлекеттик жана саясий ишмерлери өткөн жана тарыхта алтын тамгалар жазылып калган. Алардын өмүр жолу жана ишмердүүлүктөрү кийинки муундар үчүн тарбиялык мааниси зор экендиги шексиз. Андыктан кээ бир Кыргыз мамлекетинин эркиндиги үчүн күрөшкөн Талас өрөөнүнөн чыккан кээ бир тарыхый инсандарга токтолуп кетсек.

Кыргызстандын жерине XVII-XVIII кылымда ойрот-калмак баскынчылары тынымсыз талоончул жортуулдарды уюштуруп турушкандыгы тарыхта маалым. XVII кылымдын биринчи чейрегинде кыргыз-казактын ханы, кыргыздын саруу уруусунан чыккан Эр Эшим, кыргыздарынын улугу Манап бий, анын уулу Жарбан баатыр, Кокум бий жана башка коомдук ишмерлер кыргыз-казактын биримдигин чындап көп күч жумшашкан. Кыргыз-казактын биргелешкен соккусунан улам калмактар Сибирге чегинүүгө аргасыз болушкан.

1635-ж. ойрот-калмактардын кубаттуу мамлекети - Жунгар хандыгы түзүлөт. Чачкынды ойрот уруулары Эрдене Батур хоңтайжынын (1635-1653) бийлиги алдында биригип, 1643-ж. алар 50 миндей аскери менен кыргыз, казактын жерине басып киришкен. Бул согушта кыргыз, казак калкы жан аябай салгылашып, бир нече жолку оор салгылашуудан кийин кыргыз-казак ханы Жангир менен Самаркан акими Жалантош баатырдын бириккен колу жоого сокку уруп, чегинүүгө мажбур кылган. Кыргыз-казактардын жунгарлар менен кийинки кандуу кагылышуусу 1652-ж. болгон. Хонтайжы Галдан Бошоктунун (1670-1697) тушунда калмак феодалдары кыргыз, казак журтуна бир нече жолу кол салат. 1678-ж. ал Орто Азия менен Чыгыш Туркстанды каратып алууга аракеттенет. 1680-ж. Жаркентти каратат. 1681-83-ж. Сайрамды (азыркы Чымкент шаарына жакын) камап, бирок ала албай, Анжиянга аттанат. Жолдо калмактар Ошту ээлешет. Анжиянды өзбектер менен кыргыздар жан аябай коргошот. Шаарды ала албагандан кийин кайра Сайрамга келип, жан аябай чабуул коё берип, акыры багындырат. Миндеген сайрамдыктар кул болушат [1.460 б].

Кыргыз жерине көп күч жумшаганы менен  калмактар өз бийлигин орното алган эмес. Кыргыз, казактар менен жунгарлардын ортосунда мамилелер Цеван Рабдандын (1697-1727-ж.), айрыкча Галдан-Церендин (1727-1745-ж.) тушунда кайрадан кескин курчуп кетет. Жунгарлар Тундук Кыргызстан аймактарын басып алышкан. Чүй, Нарын, Ысыккөл, Таластагы кыргыз уруулары Фергана, Алай, Гисар тарапка көчүүгө аргасыз болушкан. Бирок айрым маалыматтар боюнча бул мезгилде Ысыккөлдүн айланасында 5 миндей түтүн кыргыздар жашаганы белгилүү. Калмак феодалдарынын баскынчылык саясатына кыргыздар коргонуу менен гана чектелбестен айрым учурда чабуулга өтүп турган. 1747-жылы Акмат бий баштап барган кыргыз кошууну (10 мин) Кашкар тараптагы калмактарды талкалап, жениш менен кайтат. 1748-49-жылдары калмактар менен кыргыздардын ортосундагы согуш башталып, калмактардын женилүүсү менен аяктаган.

Бирок буга карабастан, Жунгар хандыгы бытыранды кыргыз, казак урууларына Караганда али кубаттуу эле, ошондуктан алар XVII к. экинчи жарымынан – XVIII кылымдын биринчи жарымына чейин калмактардын бийлигине моюн сунуп, оор салыктарды төлөп турган [2.194 б].  Хандыктагы ич ара чыр-чатактар, ошондой эле Орто Азия жана Чыгыш Түркстандын калкынын көз каранды эместик үчүн тынымсыз күрөштөрү Жунгар мамлекетин алсыраткан. Бул мезгилде калмактарга каршы кыргыздардын күрөшүнүн башында Мааматкул, Тынай, Жанболот, Качыке, Кошой, Нышаа, Бердике, Туубий, Каработо, Эр Солтоной, Атаке баатыр жана башкалар турган. Бул күрөштө Таластан чыккан Бердике баатыр жана Эр Солтоной тууралуу токтолуп өтсөк.

Бердике Сырдыбай уулу (XVIII кылымдын ортосу, азыркы Талас району, Беш-Таш капчыгайы. XVIII кылымдын аягы, Анжиян ш.) түндүк кыргыздардын Жунгар хандыгына каршы күрөшүнүн уюштуруучуларынын бири. Санжырачылардын айтымында Бердике жоого киргенде жайдак ат минип, кылыч чаап, айбалта соккон. Жогоруда аталган баатырлар менен Талас өрөөнүнөн, Чүйдөн, Keминден баскынчыларды сүрүп, Ысык-Көлдүн тескейин бошотушкан. [3.194 б].  Бердике үч жыл көл боюнда туруп, хан Бердике аталып жүргөн. Бердике ал жерде үйлөнүп, анын тукуму азыр Саруу айылында 25-30 түтүндү түзөт. Бердике кийин Таласка кайтып келип, кокон бийи Эрденеге каршы аттанган. Ушул жортуулунда Бердикени Анжиянда Эрдене бийдин тыңчылары ууланган жебе менен капысынан атып өлтүрүшкөн. [4] Бердикенин Таласта беш баласы болуп, алар да баатыр чыккан. Улуу уулу Жарке чоң манап болгон. Ал Беш-Таш суусунун башынан 40-50 км. узундуктагы канал каздырган. Ал азыр Жарке арык деген ат менен белгилүү. Бердикенин небереси Аткозу ушул каналдан төмөнүрөөк дагы бир арык чыгарткан. Ал Аткозу арык деп аталат . Бул арыктарды жергиликтүү эл азыркыга чейин пайдаланууда. Бердикенин балдары Талас элине Бердикенин беш

берен деген ат менен белгилүү. Анын тукумдары азыркы учрда Талас жана Бакай-Ата райондорунда жашайт.

Тарых изилдеген санжырачылардын айтымында, XVIII кылымдын орто ченинде Таластан чыккан Эр Солтоной кыргыз баатырларынын башын кошуп, аларга улуттук аскер өнөрүн үйрөтүп, калмак-кытайларды жергеден сүрүп чыгарганга зор салым кошкон. “Эрдин атын эл сактайт” - деген макалда айтылгандай, “Эр Солтоной ким болгон, баатырларга пир болгон, Жетигенден тараган, эки буттуу пил болгон” - деген саптар эл оозунда сакталып келет. Башка баатырларга колдонулбаган “Жабыр баян” деген атак берилгендиги, чебер кол башчылыгы, жеке эрөөлдө бир жолу да жеңилбегендиги, кара башын сайып күрөшкөн мекенчилдиги, ыр, күү, нуска сөздөр менен жоокерлерди өзүнө тартып, алардын мекенчил сезимдерин ойготкон, шерденткен, элге жерге болгон сүйүүсүн өркүндөткөн салтанаттуу, журт уюткан кол башчылыгы, аскер көсөмдүгү (комузун дайыма жанында болгон), нарк-насилди алып жүргөн көсөмдүгү, туура бийде тууган жок, тууганд уу бийде ыйман жок-деген принципти кармангандыгы, калыстыгы, жеке, үй-бүлөлүк кызыкчылыгын элдин кызыкчылыгынан төмөн койгондугу (өз баласын кепилдикке берген, Итаяк ак үйлүү болгон), азыркы кыргыз, казак, өзбек талааларында жоо менен аёосуз кармашып жүргөндүгү оозеки, жазма булактарда кенен айтылып келет. Анын өлүмү, согуш талаасында курман болгондугу, кыргыздын биригүүсүнө негиз болуп берди, арбагы себепкер болду деген ой айрым чыгармаларда кездешет.

Кыргыздын алгачкы тарыхчысы Белек Солтоноевдин “Кызыл кыргыз тарыхы” аттуу китебинде: “Солтоной 60 жашка келгенде Тынайдын 13 жаштагы Атаке деген уулун, солтодон 13 жашаар Момоконду согушуп кан көрсүн деп алып, 200 киши менен келип Кара-Балта, Аксууда жаткан калмак менен урушуп, көп мал алып, Кара-Балта ашырып, жылкыны 100 киши менен жөнөтүп, Солтоной Атаке менен Момоконду жанына алып калып, Кызыл –Белестен тосуп жатканда, бешим убакта Аларча, Жыламыштан Дөңкөнөй баштык көп калмак урушка чыгып, урушта Солтоной баштап 30 киши өлүп, калганы качып Кошойго барган” (Б. С. Кызыл Кыргыз Тарыхы, Бишкек 1993.140-141-беттер). Б. Солтоноевдин бул китеби кол жазма түрүндө абакта жатып 1934-жылы эле жазылып, 1993-жылы алгачкы жолу жарыкка чыккан.[5.140-141 бб.]

Эр Солтонойдун урпагы Айдарбек Кутманалиев Талас райондук мамлекеттик администрациясынын жана жалпы элдин колдоосунда өзү курган дендра паркты «Эр Солтоной атындагы Айдарбек» паркы деп атаган. Талас облустук администрациясынын басма сөз кызматы билдиргендей, Аксай айылынын тургуну Айдарбек Кутманалиев мындан он жыл илгери жалпысынан 25 гектар келген бийик адырлуу жерге мөмө – жемиштүү бактардын 32 түрүн, декоративдүү дарактардын 29 түрүн олтургузуп, дендра парк уюштурган. Азыр алар мөмө-жемиш бере баштады. Аталган райондо 2012-жыл Талас райондук мамлекеттик администрация башчысы аким Б. Сейдибалиевдин буйругу менен «2012-жыл Эр Солтоной жылы» деп аталган. [6]

XVIII кылымдын 60-жылдары Ирдана бийдин Ферганадагы ийгиликтүү согуштук аракетинин жана басып алуучулук тышкы саясатынын натыйжасында, кокондуктардын ээлиги кенейип, күч-кубаты артат. Ушундай кырдаалда Кокон улугу кыргыз уруулары менен ынтымагын бузуп, аларды багындырууга жана кыргыз жеринин эсебинен өз ээлигин кеңейтүүгө күч үрөп киришкен. Ирдана бий 1762-жылы кыргыздарга тиешелүү Өзгөн жана Ош шаарларына жортуул уюштурат. Жортуул учурунда Кокон аскерлерине ичкилик адыгине, монолдор урууларынын улугу Ажы бийдин колу катуу каршылык көрсөткөн. Бир нече жолку салгылашуудан кийин көп жоготууларга дуушар болгон кыргыз жоокерлери тоо тарапка чегинет. Кокондук төрөлөр кээде кыргыздарды тынчтык жолу менен өз тарабына тартуу учун аларга ар кандай иш берип, наам-даражаларды ыйгарчу, алык-салыктарды жеңилдетчү, жакшы жайыттарды убада кылчу. Кыргыз башкаруучулары Кокон хандыгы тарабынан эзүүгө алынбастан, өздөрү хандык деңгээлдеги саясий маселелерге чечүүгө катышышкан. Ушул мезгилге туура келүүчү Таластан чыккан баатырлар жана саясий аренада белгилүү орунду ээлеген тарыхый инсандар тууралуу сөз кылсак.

Бүргө Итим бий уулу (болжол менен 1763–1831-ж.ж.чен)– манап, элдик баатыр. Талас өрөөнүндөгү кыргыздардын кушчу уруусунан. Кыргыз элин чет элдик баскынчылардан сактоодо

көрсөткөн эрдиктери үчүн баатыр атакка жетишип, кушчу уруусунан хан көтөрүлгөн. Бүргө баатырдын эрдиги казак ханы Абылайдын кыргыз жергесине уюштурган жортуулдарында өзгөчө көрүнгөн. Казак ханынын колун Балхаш көлүнүн аймагына чейин сүрүп барган. Кокон хандыгынын саясий окуяларына да жигердүү аралашкан. Кокон хандыгы сунуш кылган датка наамынан баш тартып, Олуяата, Сайрамдагы чептерге кол салган. Цинь императорунун чакыруусу менен Кашкарга чейин барып, баалуу сый алган. Көз карандысыз саясаты үчүн аны Кокон шаарынын башчысы тымызын тыңчы жиберип, ууландыртып өлтүргөн. Кыргыздардын белгилүү баатырлары Атаке, Эсенгул, хан Садыр, Жаманак баатыр, Жайыл хан, Кошой баатыр, Түлөберди баатыр, Ажыбек баатыр менен үзөңгүлөш, замандаш жашап, кыргыз элинин биримдиги үчүн кызмат кылган. Бүргө баатыр жоокерчилик менен катар эле чарбачыл адам болгон. Азыркы Мерке облусундагы өзү жердеген жерге арык каздырып, суу чыгарткан, ал арык «Бүргөнүн Тогонду сайы» деп аталган. Бүргө баатырдын өзүнө таандык кызыл кочкул түстөгү туусун, мөөрүн, жортуулда кийүүчү темир зоотун жана жоокердик кылычын урпактары азыркы кезге чейин сактап жүргөн. [7.520 б]

Кубат бий (туулган, каза болгон жылдары белгисиз) – XVIII кылымдын экинчи жарымында Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыз урууларынын төбөлү, кол башчы, саясий ишмер, кушчу уруусунан чыккан бий. Кокон башкаруучусу Абд-ал-Каримдин мезгилинде жуңгарлардын баскынчылыгына каршы биргелешип сокку уруу үчүн Кокон бийликтери Кубат бий башында турган кыргыздар менен союз түзүп, алардын биргелешкен күчү баскынчыларды кууп чыккан. Кокон хандыгын Эрдене бий башкара баштаган кезде, Оротөбөгө ээ болуу максатында ал кыргыз бийлери менен өнөктөш болууга аракеттенип, мына ушул кырдаалда да Кубат бий негизги ролду ойногон. Тарыхый булактарда айтылгандай, Кубат бий «кыргыздын падышасы» аталып, «өз алдынча башкаруучу катары жеке пайдасы үчүн тигил же бул башкаруучу менен каалагандай достошуп же ажырашып турган». Кокон хандары жана Кытай императору Кубат бийдин пикири менен эсептешкен. 1855-ж. Кубат бий Цин империясына каршы боштондук кыймыл жүргүзүп жаткан кашкарлык Жусуп Кожонун чакырыгы боюнча аскерлери менен Чыгыш Түркстанга кеткен. Ушул окуядан кийин Кубат бийдин тагдыры белгисиз. Ал жакта набыт болгонун уккан карындашы Аксуусар мындай деп кошкондугу эл оозунда айтылат, «Кубат хан өлбөй кут өлдү, кушчу, мундуз журт өлдү». [8.231 б]

Алчикен уулу Ажыбек датка (болжол менен 1770-80-ж., Талас өрөөнү- болжол менен 1844-45-ж.) Талас өрөөнүндө жашаган уруулардын чоң манабы, алакчын уруусунан чыккан. Атасы Алчикен айтылуу баатыр адам болгон. Ажыбек элге күйүмдүү болуп бийлигин калыстык менен жүргүзгөн. Кокон хандыгына кызмат өтөп 1838-жылы датка даражасы ыйгарылып, өрөөндүн элин башкаруу укугу берилген. Ал Талас, Кетмен-Төбө, Чаткал, Аксы өрөөндөрүндөгү кыргыздарды уюштуруп, хандыкта кыргыздардын башкаруусун орнотуу үчүн Шераалыны такка отургузуу төңкөрүшүн жетектегендердин бири болгон. Ажыбектин калк арасындагы чоң кадыр- баркынан, беделинен чочулап, бузукулардын тилине кирген Шераалы хан аны өлтүрткөн. Ал каза болгондон кийин Талас өрөөнүнүн калкын анын уулу Нурак датка, андан кийин небереси Кыдыралы датка (1826-1889) башкарган. Ал Чоң-Капкадан тоо этектей Кара-Ойго чейин канал каздырып, Талас суусун эгин талааларына пайдаланткан. [9.169б] Бул арык азыркыга чейин пайдаланылууда. Чөбөрөсү Эшенкул ажы (1868-1933) да элге барктуу, болуп болуш болуп шайланган. Айылга мечит салдырып, молдо алдырып балдарды окуттурган. Талас кыргыздарынын 1916-ж. Үркүндө Кытайга качпай калышына Эшенкул ажыга маанилүү орун таандык. Жанкороз Бердикожо уулу (1830, Кетментөбө өрөөнү–1910, Бешташ өрөөнү) – коомдук ишмер. Саруу уруусунан чыккан, акылмандыгы менен элге кеңири таанымал инсан. Бардар үй-бүлөдө туулган. Молдодон окуп, сабатын ачкан. Ал акыйкатчылдыгынан, даанышмандыгынан улам ири талаш-тартыш маселелерди чечүүгө чакырылып турган. Өзгөчө бугу, сарыбагыш, солто урууларынын ортосундагы чыр-чатактарды жөнгө салууга кошкон салымы чоң. 1870-жылдардан баштап Россиядан көчүп келе баштаган орус, немис калктары менен жергиликтүү элдин ортосунда ынтымак орнотууга көп күч жумшаган, келгиндер арасында кадыр-баркка ээ болгон. Түркестан генерал-губернатору Кауфман Х1Х к. акырында Бишкекте жана Токмокто өткөн кээ бир курултайларды Жанкорозго башкарткан. Ал Олуяата уездинин башчысы В. А. Каллаурга жолугуп, ага

Таластын революция мезгилине чейинки тарыхын З.Л. Амитин-Шапиро түзгөн адабияттардын кыскача көрсөткүчү эмгегинде талдоого алынган. Мында Туркестан археология сүйүүчүлөрүнүн экспедициялык материалдары жарыяланып маанилүү ролду ойнойт. Орус географиялык коомунун материалдарына 1860-жылы Кашгардан Таласка чейинки каттамды жарыялаган М.Венюков зор салым кошкон. Аталган материал Талас боюнча революцияга чейинки булактардын эң алгачкыларынан болуп саналары талашсыз. Россиялык мезгилдүү басма сөз беттеринде (“Русский вестник”, «Туркестанские ведомости» ж.б.) Европалык Россиядан Туркестан аймактарына, биринчи кезекте Олуя-Ата уездине (Талас дарыясынын жогору жагы) дыйкандардын көчүп келип отурукташа баштагандыгы, Талас өрөөнүндө орус кыштактарынын пайда болгондугу, мындан тышкары колонияга чейинки тарыхы аркылуу жергиликтүү жашоочулары тууралуу маалыматтар жарыяланган [1, 162-б]. Мында эске алуучу нерсе Талас аймагы толугу менен революцияга чейинки мезгилде Аулиа-Ата уездине караган. Аталган уезддин тоолу аймагы катары изилдегнен.

В.А. Каллаур, А.А. Кауфман, В.Р. Розен, В.В. Бартольд, Н.И. Гродеков, Веселовский Н.И. ж.б. россиялык изилдөөчүлөр Талас өрөөнүнүн тарыхын иликтөөгө ТАСИнин отурумдарында Талас өрөөнүнүн байыркы коргондору, бир катар изилдөөлөрү, орхон жана уйгур жазуулары тууралуу ачылыштары, археологиялык табылгалары, жаралуу тарыхы, Талас өрөөнүндөгү жана Жети-Суудагы орус кыштактарынын жашоосу жана чарбачылыгы тууралуу баяндамаларды жасап чоң салым кошушкан[7, 17-б].

Кыргызстандын коомдук-экономикалык өнүгүүсүнө арналган совет мезгилиндеги кыргызстандык изилдөөчүлөрдүн эмгектери түздү. Джамгерчинов Б.Дж., Усенбаев К.У., Зима А.Г. өз эмгектеринде Кыргызстандын Россия империясынын биригүүсүнүн тарыхын, ролун жана маанисин изилдөөгө алышкан. Кыргызстандагы өнөр жайдын өнүгүшү Аттокурова С.А.. Омурзаков С., Б.А. Нурунбетовдордун [2,5,4,7] монографияларында талданган, алар Кыргызстандын өнөр жайындагы жумушчу кадрлардын калыптануусун жана өсүшүн иликтөөгө алышкан.

Совет мезгилинин алгачкы жылдары тарыхта Талас өрөөнү өтө аз изилденгендиги белгилүү. Себиби, алгачкы мезгилде Аулие-Ата уездинин бир бөлүгү ал эми казак атрыхчыларына кыргыз аймагы болуп ортодо калып кеткен сыяктуу туюм жаратат. А.Н. Бернштам, П.Н. Кожемяко , В.Д. Горячева жана С.Я. Перегудова , И. Жумагулов , Эсен уулу К. көп эмгек жасашкан. Д.С. Лосевдин «Города Киргизии. Краткий указатель» аттуу эмгектеринде Чүй жана Талас өрөөнүндөгү урбанизация процессин иликтөөдө жана тарыхый эстеликтерди изилдөөдө Кыргызстандагы шаарлардын, анын ичинде Талас өрөөнүнүн жаралышына өбөлгө түзгөн шарттарды жана себептерди белгилешкен[1,8,10,7]. Белиницкий А.М., Бентович И.Б., Большаков О.Г. «Средневековый город Средней Азии» аттуу жамааттык эмгегинде Талас жана Жети-Суу өрөөндөрүндөгү калк жайгашкан кээ бир аймактарды жана шаарларды жана Орто Азиянын борбордук бөлүгүндөгү калктын санын салыштырма талдоого алышкан [3].

Ата мекендик историографияда Кыргызстандын конкреттүү шаарларын талдоого алган эмгектер аз. Бишкек жана Ош шаарларынын тарыхый-маданий тарыхы тууралуу системалуу маалымат берген эмгектер бар. В.Я. Галицкий «Пишпек шаарынын тарыхы» жана В.М. Плоских менен авторлош «Байыркы Ош», Ж.М. Малабаев “Бишкек – Кыргызстандын борбору” эмгектеринде бул шаарлардын жаралышын жана түптөлүүсүн биринчилерден болуп изилдешкен. Ош шаарынын тарыхы Б.К.Абытовдун диссертациясында кылдат иликтенген. Каракол шаарынын тарыхы Т.М. Рыскуловдун илимий ишинде каралат, Таш-Көмүр шаарынын тарыхын Г.Жумашова, Өзгөн шаарынын тарыхын О.А.Ташмаматов изилдеген, Түрк каганаты доорундагы Тянь-Шань регионунун шаар маданиятынын тарыхы В.Д.Горячеванын докторлук диссертациясынын негизин түзгөн [7,18-б]. Талас облусунун постсоветтик мезгилдеги тарыхын Р.Т. Конокбаев изилдеген. Талас шаарынын тарыхы кыргыз жана орус тилдеринде К.А.Кенешбековдун брошюрасында орун алган.

Сонку мезгилде жарык көргөн Ата Мекендик тарыхчылардын эмгектеринде Советтик тарыхнаамадан айрымаланып, кыргыз элинин тарыхына жаңы көз караштарды киргизген эмгектер жазылган. Булар – падышачылыктын көчүп-конуу саясатын иликтеп, шарттуу түрдө төрт мезгилге бөлүп караган С.А. Ташболотованын, россия-совет доорундагы Кыргызстандын өнөр жайынын тарыхын иликтеген А.А.Арзыматованын, жеңил өнөр жайынын өнүгүү маселелерин талдаган К.К. Батыркулов, А.А. Маматкаимовдун илимий изилдөөлөрү Т.А. Абдырахманов, Ж.О. Омурованын эмгектеринен Кыргызстандын экономикасынын өнүгүүсү тууралуу кеңири маалыматтарды алып, Талас шаарынын жылдык архивдик материалдары менен салыштырууга болот. Өлкөбүздөгү жогорку билим берүүнүн өнүгүшүнө Т.А. Абдырахмановдун [7, 17-б] изилдөөлөрү арналган.

Таластын тарыхын иликтөөгө көптөгөн аймак таануу жана архивдик материалдарды топтогон жана республикалык, облустук басылмаларга Талас шаары тууралуу бир катар макалаларды жарыялаган Талас шаарынын №2 орто мектебинин мугалими Рысакова Р.Я. зор салым кошкон. Анын аракеттеринин натыйжасында Талас шаары жана Талас өрөөнүнүн тарыхына арналган аймак таануу музейи түзүлгөн жана ал бүгүнкү күндө Таластагы жападан-жалгаз край таануу музейи болуп саналат.

Талас шаарынын тарыхы тууралуу айрым фактыларды энциклопедиялардан, «Кыргыз ССР тарыхы» сымал фундаменталдык басылмалардын материалдарынан алса болот. Республикалык жана облустук мезгилдүү басылмаларда Талас шаарынын тарыхы тууралуу айрым бир макалалар жарыяланган. Талас шаарынын жана Талас облусунун тарыхы Р.Т.Конокбаев, Э.К.Кулова, А.С.Усубалиевалардын илимий иштеринде чагылдырылган.

Жыйынтыктап айтканда, Талас тарыхы боюнча көптогөн архивдик материалдар менен байытылган тарыхый эмгек жазуу шарт экендигин жана тарыхый булактарды кенири изилдөөну колго алуу зарыл экендигин белгилеп өткүбүз керек.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Амитин-Шапиро З.Л. Аннотированный указатель литературы по истории, археологии и этнографии Киргизии (1750–1917) / З.Л. Амитин-Шапиро. – Фрунзе: [б.и.], 1958.–118 с.
2. Археологические памятники Таласской долины [Текст] / Отв. ред. П.Н. Кожемяко. – Фрунзе: [б.и.], 1963. – 263 с.
3. Белиницкий, А.М. Средневековый город Средней Азии [Текст] / А.М. Белиницкий, И.Б. Бентович, О.Г. Большоков. – Л.: [б.и.], 1973. – 76 с.
4. Бернштам, А.Н. Кенкольский могильник [Текст] / А.Н. Бернштам. – Л.: [б.и.], 1940. – 56 с.
5. Галицкий, В.Я. История города Пишпека (1878–1917) [Текст] / В.Я. Галицкий. – Фрунзе: [б.и.], 1980. – 128 с.
6. Кенешбеков, К.А. Становление и социально-экономическое развитие города Талас. / К.А. Кенешбеков. – Бишкек: [б.и.], 2000. – 14 с.
7. Кулова Э.К. История города Талас (1888-2010) [Текст]: дис…. канд. ист. наук: 07.00.02 / Э.К.Кулова. – Бишкек, 2017. – 163 с.

1. Лосев, Д.С. Города Киргизии[Текст]: Краткий библиографический указатель / Д.С. Лосев. – Фрунзе: [б.и.], 1958. – 90 с.
2. Малабаев, Ж.М. Бишкек – столица Кыргызстана [Текст] / Ж.М. Малабаев. – Бишкек: [б.и.], 2001. – 304 с.
3. Средневековые города Средней Азии и Казахстана [Текст]: Тезисы к совещанию в г. Фрунзе 24–29 нояб. 1970 г. – Л.: [б.и.], 1970. – 92 с.
4. Talas savaşi ve tarihi önemi – Талас салгылашуусу жана анын тарыхый мааниси, İstanbul, 2022

УДК: 392+394.3+397+930.2+930.85+94(575.2)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-46-52

**Рысмендеева Н. К.**
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, тарых илимдеринин кандидаты
**Рысмендеева Н. К.**
Кыргызский государственный университет им. И.Арабаева, кандидат исторических наук
**Rysmendeeva N. K.**
Kyrgyz State University named after. I. Arabaeva, Candidate of Historical Sciences

## МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮК «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ТҮЙҮНДҮҮ МОТИВДЕРДИН БИРИ ЖАНА АНЫН ОРДО ОЮНУНДАГЫ ЧЕЧМЕЛЕНИШИ
## ГОСУДАРСТВЕННОСТЬ КАК КЛЮЧЕВОЙ МОТИВ ЭПОСА "МАНАС" И ЕЕ ИНТЕРПРЕТАЦИЯ В ИГРЕ 'ОРДО
## STATEHOOD AS A KEY MOTIF OF THE EPIC "MANAS" AND ITS INTERPRETATION IN THE GAME 'ORDO'

**Аннотация:** Макала "Манас" эпосундагы мамлекеттүүлүктүн негизги мотиви жана анын "Ордо" оюнундагы интерпретациясына арналган. Изилдөөнүн жүрүшүндө "Манас" эпосунда мамлекеттүүлүк каармандардын образдары, алардын бийлик үчүн күрөшү жана тартипти орнотуусу аркылуу, ошондой эле элдин биримдиги тууралуу түшүнүк аркылуу көрсөтүлгөнү талданат. Мамлекеттүүлүккө байланыштуу кыргыз элинин маданиятындагы салттуу түшүнүктөрдү чагылдырып жаткан символикалык аспектилерге өзгөчө көңүл бурулат. Макалада "Манас" эпосу жана "Ордо" оюну аркылуу бул идеялардын кантип трансформацияланып, жаңы түшүнүктөргө ээ болгону, оюндун өзүнүн оюндук формасы болууга карабай, мамлекеттин иденттүүлүгү жана саясий уюштуруунун негизги элементтерин кантип сактап, өткөрүп берүүсү талданат. "Ордо" оюну, өзүнүн

көңүл ачуу функциясынан тышкары, эпоско негизделген саясий түзүлүш жана коомдук тартип менен байланышкан идеалдарды жана символикаларды чагылдырат. Макалада "Манас" эпосу жана "Ордо" оюну элдин биримдиги, лидерлик жана мамлекеттин бүтүндүгү сыяктуу маанилүү баалуулуктарды кантип билдирип, бул элементтердин кандайча сакталары жана заманбап маданиятта кантип өзгөрөрү каралат.

**Аннотация:** Статья посвящена анализу государственности как ключевого мотива в эпосе "Манас" и её интерпретации в традиционной игре 'Ордо'. В ходе исследования рассматривается, как в эпосе "Манас" государственность представлена через образы героев, их борьбу за власть и установление порядка, а также через концепцию единства народа. Особое внимание уделено символическим аспектам, которые отражают традиционные представления о государственности в культуре кыргызского народа. В статье также анализируется, как эти идеи трансформируются и получают новое прочтение в игре 'Ордо', которая, несмотря на свою игровую форму, сохраняет и передает важнейшие элементы государственной идентичности и политической организации. Игровая форма 'Ордо' служит не только развлекательным элементом, но и репрезентирует идеалы и символику, связанные с политическим устройством и общественным порядком, заложенные в эпосе. В статье проводится анализ того, как эпос "Манас" и игра 'Ордо' выражают важнейшие ценности, такие как единство народа, лидерство и государственная целостность, и как эти элементы сохраняются и трансформируются в современной культуре. Исследование направлено на выявление взаимосвязей между фольклорной традицией и современными культурными практиками, а также на изучение роли игры как формы культурной памяти и социальной практики в сохранении исторических и политических концептов.

**Abstract:** The article is dedicated to the analysis of statehood as a key motif in the epic "Manas" and its interpretation in the traditional game 'Ordo'. The study explores how statehood is presented in the epic "Manas" through the images of heroes, their struggle for power, the establishment of order, and the concept of national unity. Special attention is given to the symbolic aspects that reflect traditional representations of statehood in Kyrgyz culture. The article also examines how these ideas are transformed and acquire new interpretations in the game 'Ordo', which, despite its playful form, preserves and conveys crucial elements of state identity and political organization. The game 'Ordo' serves not only as an entertainment element but also as a representation of ideals and symbols associated with political structure and social order embedded in the epic. The article analyzes how the epic "Manas" and the game 'Ordo' express essential values such as national unity, leadership, and state integrity, and how these elements are preserved and transformed in contemporary culture. The study aims to identify the interconnections between folklore traditions and modern cultural practices, as well as to explore the role of the game as a form of cultural memory and social practice in preserving historical and political concepts.

**Негизги сөздөр:** мамлекеттүүлүк, "Манас" эпосу, "Ордо" оюну, саясий түзүлүш, маданият, лидерлик, эл биримдиги, каада-салт, символизм, фольклор, социалдык уюштуруу, маданий мурас.

**Ключевые слова:** государственность, эпос "Манас", игра "Ордо", политическое устройство, культура, лидерство, народное единство, традиции, символизм, фольклор, социальная организация, культурное наследие.

**Keywords:** statehood, epic "Manas", game "Ordo", political structure, culture, leadership, national unity, traditions, symbolism, folklore, social organization, cultural heritage.

**Киришүү.** Ар бир улуттун өзүнө гана тийешелүү руханий жана заттык маданий баалуулуктары бар. Кыргыз элинде буга мисал катары «Манас» эпосун да келтирүүгө болот. «Манас» эпосу кыргыз элине гана таандык феномен болгон сыяктуу, чүкө оюндарына түздөн-түз тийешеси болгону менен ордо оюнунун кыргыз элинде гана ойнолуп, башка бир да элде кездешпегени кыйла кызыктуу көрүнүш.

Чүкө оюндары узак мезгил аралыгында ар кыл элдерде улам кийинки муун тарабынан маани-мазмуну жагынан байытылып, өнүктүрүлүп, жаңыланып, жаңы оюндарга өсүп чыгып келген. Кыргыз

элинин дал ошондой башка этностордогу чүкө оюндарынан таптакыр айырмалуу болгон көзгө басар татаал жана топтук (командалык) оюну – ордо оюну болуп саналат.

**Изилдөө объектиси:** кыргыз элинин баатырдык эпосу «Манас» жана ордо оюну.

**Изилдөө предмети:** «Манас» эпосундагы түйүндүү мотивдердин бири болгон мамлекеттүүлүк жана анын салттуу Ордо оюну аркылуу чечмелениши.

**Изилдөө методдору:** Текстке анализ жасоо: мамлекеттүүлүк жана ошондой эле саясий түзүлүш жана социалдык уюштуруу менен байланышкан түйүндүү учурларды аныктоо максатында изилденет.

Компаративдик анализ – «Манас» эпосудагы жана Ордо оюнундагы мамлекеттүүлүк, бийлик, мамлекет башкаруучусу, элдин биримдиги сыяктуу жалпы тематикалык жана символикалык элементтерди салыштырма изилдөө.

Тарыхый-маданий усул – кыргыз элинин мамлекеттүүлүк менен байланышкан тажрыйбасынын тарыхый контекстте изилдөө.

Тарыхчы жана этнограф Б. Солтоноев айткандай, оюндардын ичинде кыргыздын эң биринчи жакшы көргөнү жана көп ойногону – ордо оюну болгон [1, 13-б.]. Аны чүкө оюндарынын эң толумдуусу жана туу чокусу деп кароого толук негиз бар.

Түркияда эмгеги жарыяланган кыргыз илимпозу Майрамбек Орозобаев калыс айткандай, тарыхый калыптануу жүрүмү көз карашынан алганда, ордо оюну – кыргыз элинин эң кеңири таралган чүкө оюндарынын бири. «Мында социо-маданий, философиялык-агартуучулук элементтер камтылган» [2, 3-б.].

Элдик оюндардын калыптануусу, тарыхы ошол оюндарды алып жүрүүчү этностун тарыхы менен тыгыз байланышта. Ордо оюну тууралуу да ушуну айтууга болот. Ордо оюну кыргыз элинде мамлекеттин түптөлүүсү, аны чыңдоо, коргоо, өнүктүрүү сыяктуу стратегиялык-тактикалык ыкмалардын оюн түрүндө чагылдырылышы катары каралып келет. Андыктан ордо оюнунун сакталышы, өнүктүрүлүшү учурдун көйгөйлүү маселелеринин бири.

Ордо оюнунда кыргыз мамлекеттүүлүгү жаатындагы элдин мүдөө-максаттары, тилектери, кыялдары камтылып, эгемендикке жетүүнүн жана анын сакталышын камсыздоонун жолдору, элдин дүйнө таанымы идеалдаштырылып берилген. Бул идеялар оюн каражаты аркылуу улам кийинки муундарга өткөрүлө берген. Демек, эл оозунда ордо оюну тууралуу сакталган ар кыл маанидеги нарративдер кандайдыр бир деңгээлде реалдуулукка да, саясий үмүт-тилекке да негизделген.

Күтүүсүз кол салуулар, тынымсыз араздашуулар болуп турган жоокердик заманда коопсуздукту камсыздоо, элин-жерин коргоо ар бир атуулдун парзы болгон. Балдар кичинесинен ушул нукта тарбияланып, эрезеге жеткенде такшалган жоокер болуп чыга келген. Мындай тарбиялоонун негизги ыкмаларынын бири болуп ордо оюну эсептелген.

Ордо оюнунда чүкө оюндарына тийешелүү дээрлик бардык оюн ыкмалары, эрежелери камтылган. Башкача айтканда, ордо оюну чүкө оюндарынын энциклопедиялык жыйындысы десек болот [3, 52-67-бб. ж.б.].

“Манас” эпосун айтуу өнөрүнүн жана ордо оюнунун өзөктүк жалпылыктары, окшоштуктары бар. Эпостогу негизги идея – элдин азаттыгы, мамлекеттүүлүк, мындагы ар бир жарандын алган орду эпикалык өңүттөн баяндалса, ал эми ордо оюнун мазмуну аталган идеянын оюн эрежелеринде чагылдырылышы десек болот. Андыктан, чүкө оюндарынын башка түрлөрүнө караганда «Ордо» оюну тууралуу маалымат көбүрөөк сакталгандыгын ар кыл булактардан байкоого болот.

Белгилей кетчү нерсе, ордо оюну – дасыккан, машыккан жигиттердин, эрлердин оюну. Аны кичине, тестиер балдар ойнобойт. Аларга эч ким деле тыюу салбайт, бирок, бул оюндун салт катары сакталып келген жазылбаган кодекси бар, ага ылайык ордо оюнунда ойноочулардын курактык өзгөчөлүгү эске алынган.

Ордо деген аталыштын шаар, борбор, хан ордосу деген түшүнүктөр менен үндөшүүсү, аталган түшүнүктөрдүн бул ордо оюну менен түпкү байланышы, этимологиялык жактан жакындыгы бар экендигин кабарлап турат.

Демек, ордо оюну башка чүкө оюндарына салыштырмалуу кийинчерээк, башкача айтканда, мамлекеттик негиз түптөлгөндө ойноло баштаган оюн деп айтууга негиз бар. Бул оюн элди, коомду кантип башкарып, аны багыттоонун, эгемен мамлекетти коргоонун жолдорун аныктоо ыкмаларын чагылдырат. Бул тууралуу ордо оюнун изилдеген, ага илик жүргүзгөн дээрлик бардык окумуштуулар, коомдук ишмерлер белгилешет [4].

Кыргыздар тигил же бул аймакта эгемен хандык негизделгенде борбор шаарында – хан ордосунда ар дайым “хан ордо” тигип турушкан. Ушундан улам ордо оюнунун дагы бир аталышы “хан ордо”. Ордо оюнунун хандык, б.а. монархиялык мамлекеттик түзүлүш түшүнүктөрү менен тыгыз байланышы бар. Архивдик маалыматтар, библиографиялык булактар, респонденттердин нарративдери, адистердин кесипкөй маалыматтары – баары бул айтылгандарды тастыктап турат.

Ордо оюну тууралуу “кыргыз элинин турмушунун энциклопедиясы” аталган «Манас» эпосунда эпизоддор көп кездешет.

Ордо оюнун келип чыгышын «Манас» эпосуна байланыштырган пикирди бир катар изилдөөчүлөр эмгектеринде белгилешет [5, 15-б.].

«Манас» эпосунун кыргыз эли үчүн маанисин, анын дүйнөлүк маданий-руханий бай казынада алган салмактуу ордун, мында айтылган ар бир эпизоддун, сюжеттин, каармандын канчалык олуттуу мааниге ээ экендигин эске алганда, “ордо оюну да Манастын доорунан бери ойнолуп келет”, деген манасчынын көркөм жоромолун түшүнүүгө болот.

Бул эки феноменди өз ара байланыштырып, бир катар түшүндүрмөлөрдү берсек болот. Маселен, биринчиден, «Манас» кыргыз элине гана тийешелүү болгондугу ырас; ал эми ордо оюну – кыргыздарда гана ойнолуп калган; экинчиден, эпостун байыркылыгына (анын жаралуу датасын так эч ким айта албайт, болгону, болжолдуу гана баскычтар айтылып келет), эпостогу мифтик элементтердин сакталуусуна негизделүү менен чүкө оюндары, анын ичинде ордо оюну «Манас» эпосу менен үндөшүп турат.

Кандай гана болбосун, «Манас» эпосунун да, ордо оюнун да башка бир да тектеш элдерде кездешпегендиги (эки түшүнүк тең мамлекеттүүлүктүн, хан ордонун чагылдырылышы, дүйнө таанымдын дүңдөлгөн теги), эриш-аркакталган мааниси жатат. «Манас» эпосу да, ордо оюну да – көчмөн кыргыздардын турмуштук тажрыйбасынын салттуу материалдык-маданий мурастарда чагылдырылышы. ««Манас» эпосу кыргыз элинин урууларынын өткөн кылымдардагы этнографиялык турмушунун жана мифологиясынын энциклопедиясы эмес, ал – кыргыз коомунун далай кылымдар бою башынан өткөргөн реалдуу тарыхый окуяларын көркөм чыгарма аркылуу билдирген баян болуп эсептелет», - деп белгилүү окумуштууларыбыздын бири Б. Юнусалиевдин айтканы бар [6, 395-б.].

Ордо оюну кыргыздардан башка эч бир этностордо кездешпеген феноменалдык көрүнүшкө түшүндүрмө иретинде төмөнкүдөй жоромолду айтсак болот: мезгилдин өтүшү менен айрым көчмөн калктар отурукташып, алардын коомдук-социалдык турмушунда олуттуу өзгөрүүлөр болуп турган. Оюндар коомдук-социалдык мүнөзгө ээ болгондуктан, мындай өзгөрүүлөр оюндарга да таасир эткен; жер иштетүү, кол өнөрчүлүк ж.б. ишмердиктер өнүгүп, малчылык сүрүлүп отуруп көмөкчү чарба катары мурунку маанисин жоготкон; ал эми көчмөндүк жашоо образы дээрлик XX кылымдын башына чейин сакталган кыргыз элинде шаарлары сепил менен курчалып корголбогондуктан, капыстан келүүчү коопсуздуктарга даяр болуу үчүн коомду коргоочу жоокерди кичине кезинен тарбиялап өстүрүү табигый зарылчылык болгон. Ордо оюну элдик дүйнө таанымдын, мамлекеттик идеологиянын макети болгон десек да болот.

Элдик оюндар коомдун толук кандуу мүчөсүн даярдоонун стратегиялык-тактикалык, адеп-ахлактык тарбиялоо ыкмасы катары дүйнө элдеринин дээрлик бардыгында кездешет.

Ордо оюнунда бүт мамлекет маселеси, мамлекеттик ой толгоо, мамлекеттик баалуулуктар камтылган, башкача айтканда, хан тургандан кийин мамлекет түзүлүп калган учур. Демек, ордо оюну башка чүкө оюндарына салыштырмалуу кечирээк пайда болгон (же, чүкө оюндарынын өзөгүндө жаткан ордо оюну кийинчерээк тааныла баштаган) деп толук ынанымдуу жоромол чыгарууга болот.

Тарбиялоонун эң таасирдүү ыкмасы катары оюн эсептелгендиктен, көчмөн оюндары оюн-зооктук мүнөз күткөнү менен, мында балдарды физикалык жана руханий тарбиясына басым жасалган, башкача айтканда, бардык аракеттер элин-жерин коргогон жоокерди даярдоого багытталган.

Ордо оюнунун көптөгөн чөлкөмдүк варианттары бар. Бул варианттардын санын так айтуу мүмкүн эмес. Анткени, ордо оюну ойнолуучу аймакка, оюндун катышуучуларына (алардын социалдык абалы, оюнчулардын саны ж.б.) жараша жер-жерлерде айрым өзгөрүүлөргө дуушар боло берген.

Ордо оюнунун байыркылыгын байыркы замандардан бери элдин мүдөө-максаттарын өзүндө камтып, муундан муунга мурасталып айтылып келген өтө сөөлөттүү окуя катары “Манас” эпосунда мындайча сыпатталган:

Баштаптыр Манас ордону
Ордо деген оюнду
Бизге мурас койгону…
Атып жаткан ордону
Отуз эки жолдошу.
Он алтысы бир тарап,
Жана он алтысы бир тарап,
Ордого кызып анталап... [7, 248-, 249-, 502-, 510-бб.].

Ордо оюну аркылуу кыргыз эли хандын башка мамлекеттер менен, хандыктагы жергиликтүү (букара) эл менен алакасын, кишилердин табият менен болгон карым-катнашын чагылдырып көрсөткөн. Ордо оюнунун ар бир элементи оюн эле эмес, андан да кеңири түшүнүктөрдү камтып турат. Айталы, ордонун чийини, борбору, ортосуна коюлган хан, хандын жанындагы эки чүкө, ханды айланта тигилген чүкөлөр, оюндун эрежелери, оюнчулардын аталыштары – дээрлик бардык компоненттер, көрүнүштөр, элементтер (тогуз коргоол, дойбу, чатыраш, б.а. шахмат оюнундагы камтылган идеялар сыяктуу эле) терең философиялык чечилишке ээ.

Ордо оюнундагы өзөктүү түшүнүктөрүн карап көрсөк: чийин – мамлекеттин чегин билдирген, башкача айтканда, мамлекеттик чек аранын символу. Ал эми хан турган ордо – кадимки эле мамлекеттин саясий ордосу. Хандын тагы ордонун ортосуна коюлган, анын айланасында жан-жөкөрлөрү болуп, белгилүү бир аймакты ээлеп, бул мамлекеттин атайын белгиленген чеги болгон. Ордо оюнунда чийинди тебелеген оюнчу жыдыйт. Башкача айтканда чийинди тебелебейт, бул демек, мамлекеттин чек арасын оюнчу бузбайт, бузса, жыдыйт (Бул эски “жыдымак” сөзү аркылуу эрежеден тыш, калпыс иш-аракетке барган оюнчунун жазаланышы тууралуу маани камтылган).

Ордодо «ак басыш керек» деген да түшүнүк бар. Бул учурда оюнчунун согончогу чийинге тийиш керек, эгер аша басып кетсе, атып чыгарган чүкөсү оюнчуга берилбейт (Мында “ак басуу” – “акыйкат”, б.а. эрежеге ылайык кыймыл-аракет кылуу дегенди туюнткан). «Манас» эпосунун Саякбай Каралаев (1894–1977) айткан вариантында бул оюндук талап тууралуу мындайча чагылдырылган:

Чийип койгон чийинди,
Кара баспай ак басып,
Кыйшыгы жок так басып [7, 129-б.].

Ордо оюнундагы хандын тегерегиндеги чүкөлөр мамлекеттин букараларын (жарандарын) элестеткен. Ал эми атуучу (оюнчу) чүкөнү чийинден так атып чыгарганда гана утушка ээ болот. Муну менен, хан өз карамагындагы ар бир жаран жана жоокер үчүн жооп берет, чүкөнүн чийинден чыкканы – хандын бир жоокеринин башкаларга жеңилгени дегенди билдирет.

«Манас» эпосунда ордонун чийини, анын мааниси элестүү сүрөттөлгөн

Маселен, Сагынбай Орозбак уулу айткан вариантта ордо оюну үчүн атайын орун жасалганда, бетегеден бери сүрдүрүлүп, чийин чийилгендиги сыпатталган:

Бетегесин жулдуруп,
Белгини жерге урдуруп,

Беш чүкөнү бир – дешип,
Сызып алып сызыкты,
Кыйлача кылып кызыкты,
Жерди чийип салышып,
Желпинишип алышып…[8, 248-, 249-, 502-, 510-беттер].

Ордо оюнундагы анын катышуучулары жана көрүүчүлөрү кастарлаган түшүнүк – дал ошол чийин менен байланыштуу. Мындай кызыктуу эпизоддордун бирин кытайлык кыргыздардын залкар манасчысы, Жусуп Мамайдын айтуусундагы “Манас” вариантынан да учуратабыз:

Кадамагын кадашып,
Кээ-кээсинде кычылап,
Жыдыдың деп талашып,
Уруша кетчү немедей,
Опурандап урушуп,
Кызык атып жатканда,
Төөнүн асты чыгыптыр...
Толук үч жүз төө экен,
Дөөкан деген байы бар,
Дөөкан менен Алооке
Соодагерлик кылуучу,
Үчтөн төөгө бирден эр...
Жетелеп жетип келишти,
Ордо аткан такырга [9, 55-б.].

Эпостогу бул эпизоддо баскынчы калмактар Манастын бала чагында Алтайда эч кимди тоотпой "эркин жүрүп, эрке өскөн заман" эле. Балдардын чуркурап жүгүрүп чыкканын тоотуп койоор пейли жок. Топтоп кылып төөсүн жетелеп, калмак кербенчилери ордого (ордо оюнунун чийилген тегерек сызыгынын ичине) кирип барышат.

Ошол кезде Чоң жинди
Чүкөнү чертип салыптыр,
Чоң жинди колу не күчтүү,
Домпой тийген чүкө учту,
Талкалап өтүп кетиптир,
Колу менен бир бутту.

Колу-буту кыйрады... [9, 56-б.]. Муну карап турган Дөөдүр алп: "Силер ким болосуңар? Чүкөгө, чийинди тебелегенге да ушунча чатак кыласыңарбы?" – деп таң калуу менен суроо берет.
«Чүкөгө ушунча чатак кыласыңарбы?» – деп таң калуу, бул оюндун аларга бейтааныштыгын, башкача айтканда, ордо оюну – кыргыздар үчүн оюн эле эмес, оюнга камтылган бүтүндөй көчмөн турмуштун саясат таануу, укук жана башка өңүттөрүн чагылдырган жашоо мыйзамдарынын жыйындысы,

Чынында эле, ордо оюну сырттан караган кишиге жөн гана чүкө оюн көрүнгөнү менен, бул оюнга кыргыз элинде өзгөчө кастарлоо менен мамиле этилери белгилүү. Анткени, кыргыз элинде бүгүнкү күнгө дейре ордонун чийинин тепселөө – мамлекетке кол салуу дегенге тете түшүнүк жашайт.

Манасчы Дөөлөт Сыдыков бул эпизод тууралуу өзгөчө белгилеп: “...Ордо оюнунун эрежеси боюнча ордонун чийинин тебелегенге болбойт... ошондо Манас баштаган кыргыздар биринчи жолу урушуп, чоң ийгиликке, жеңишке жетишет”, – деп, болочокку хан Манастын алгачкы жоокердик эрдигин ордо оюнун бузгандарга каршы күрөш менен байланыштырат [3, 134-б.].

«Манас» эпосундагы ар бир эпизод, ар бир персонаж, ал эле эмес, көркөм эпитеттер да белгилүү бир маанини билдирерин эске алганда, Манастын душмандарга каршы күрөшүндө алгачкы куралы катары чүкөнү колдонушунун олуттуу мааниси бар экенин жана бул келечекте кеңири, илимий өңүттөн талдоого алынарына ишенебиз.

Жыйынтыктай айтканда, көрүнүп тургандай, ордо оюну көчмөн жоокердин дене тарбиялык өнүгүүсүнө, мейкиндикти калчап сереп салуусуна, шамдагай жана чебер кыймылдоосуна өбөлгө түзгөн. Жигиттердин аралыктан атуу жөндөмүн, көзгө атар мергенчилигин, кеми жок чеберлигин көрсөтүү менен, алар турмушта эмнеге да болсо даяр, көз карашынын багыты түз, күчкө толгондугунан кабар берет.

Айрым серепчилер ордо оюнунун эрежелерин аскердик терминологиянын жашыруун коду катары да түшүндүрүп жүрүшөт: «Ордо жашыруун кодго айландырылган жалгыз эле оюн эмес, көптөгөн оюндар мына ушундай коддон турат. Балдар жана жаштар ушул оюндар аркылуу аскердик чеберчиликке, эмгек ишмердигине, өзгөчө этикага үйрөнүшкөн» [10, 224-226-бб.].

Албетте, ордо оюнун мамлекет таануу, саясат таануу, дипломатия, аскердик стратегия сыяктуу өнүттөрдө чечмелөө орундуу болоорун баса белгилегибиз келет.

Ордо оюнунун кыргыздарда эле болушу – анын байыркы эл катары өзгөчөлүгүн белгилейт. “Кыргыз эли байыркы эл, жоокер эл болгон. Бул оюн жоокердик доордо калыптангандыктан, жашоо шарттын ажырагыс бир бөлүгү болуп калган.

Анткени, бул оюндун негизги максаты – жоокерлерди машыктыруу болгон»

Ордо оюну тышкы саясий-идеологиялык, аскерий-дипломатиялык мамилелердин чечилиши тууралуу ойду берүү менен чектелбестен, кыргыздын ички коомдук турмушунда кандайдыр бир чыр-чатакты чечүү, орток мунасага келүү, курултай же аш-той маалында элди ынтымакка чакыруу аргасы катары да колдонулган.

Ошентип, чүкө оюндарынын туу чокусу эсептелген ордо оюну кыргыздардан башка бир да элде кездешпегендиги өзгөчө кызыгууну туудурат жана бул феноменди кыргыздардын байыркы эл катары этностук-маданий өзгөчөлүгү катары көрсөтүү жана ал жаатта ар тараптуу жана кеңири изилдөө иштерин улантуу абзел. Ордо оюну кыргыздарда спорттук оюн катары эле кабылданбастан, анын коомдук, маданий жана саясат таануу жаатында мааниси абдан терең экендигин тастыктай алабыз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Солтоноев, Б. Кыргыз тарыхы [Текст] / Б. Солтоноев; жоопт. ред. А. Какеев. – Бишкек: АРХИ, 2003. – 447 б.

2. Orozbayev, Mayrambek. Kırgız kültüründe aşık kemiği ve kırgızcadaki aşık oyunlarıyla ilgili söz varlığı [Text] / Mayrambek, Orozbayev. – Ankara, 2018. – 170 s.

3. Рысмендеева, Н. К. Кыргыз элинин чүкө оюндарынын улуттук дүйнөтаанымдын калыптануусуна тийгизген таасири [Текст] / Н. К. Рысмендеева // II Türk Halklarinin Geleneksel Spor Oyunlari-II. – Бишкек, 2018. – 320-б.

4. Тыныбеков, А. Жыйнак. – 1 бөлүк [Текст] / А. Тыныбеков; туз. Ж. Таштемиров. Кырг. Респ. УИАсы, Кол жазмалар фонду, 1968, инв. № 506.

5. Керимов, Д. Айкөл Манас оюндары [Текст] / Д. Керимов. – Бишкек: Улуу Тоолор, 2016. – 208 б.

6. Юнусалиев, Б. М. Тандалган эмгектер [Текст] / Б. М. Юнусалиев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1985. – 509 б.

7. Манас [Текст]: баатырдык эпос / Ж. Мамайдын варианты боюнча. – Бишкек: Нур-Ас, 2014. –752 б.

7. Манас [Текст]: эпос / Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984. – 1-китеп. – 248 б.

8. Манас – кыргыз элинин батырдык эпосу [Текст] / Сагынбай Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 1 китеп. – 567 б.

9. Манас [Текст]: баатырдык эпос / Ж. Мамайдын варианты боюнча. – Бишкек: Нур-Ас, 2014. –752 б.

10. Солтоноев, Б. Кыргыз тарыхы [Текст]: тарыхый очерктер / Б. Солтоноев. – Бишкек: Учкун, 1993. – 1-китеп. – 208 б.

УДК 821.512.0
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-53-57

**Сатаева Г. С., Мураталиева А.**
Талас мамлекеттик университети, филология илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, окуутучу
**Сатаева Г. С., Мураталиева А.**
Таласский государственный университет, кандидат филологических наук, доцент,
Таласский государственный университет, преподаватель
**Sataeva G. S., Muratalieva A.**
Talas State University, Candidate of Philological Sciences, Associate Professor,
Talas State University, lecturer

# АНГЛИС ТИЛИ САБАГЫНДА ВИДЕО РОЛИКТЕРДИ КОЛДОНУУ МЕНЕН АНГЛИС ТИЛИН ҮЙРӨТҮҮ БОЮНЧА САБАКТАРДЫ УЮШТУРУУ МЕТОДИКАСЫ
# МЕТОДИКА ОРГАНИЗАЦИИ УРОКОВ ПО ПРЕПОДАВАНИЮ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ ВИДЕО НА УРОКЕ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА
# METHODOLOGY FOR ORGANIZING LESSONS ON TEACHING ENGLISH USING VIDEO IN ENGLISH LESSONS

**Аннотация:** Биздин доордо – технологиялар өнүккөн мезгилде – студенттер үчүн чет тилин үйрөнүү, балким, эң кызыктуу нерсе болуп калды. Техникалык каражаттардын пайда болушуна жана өркүндөтүлүшүнө байланыштуу мугалимдин арсеналында көптөгөн техникалар пайда болду. Бул чет тилин үйрөнүү процессин жеңилдетүү үчүн гана эмес, студенттердин мотивациясын жогорулатуу жана чет тили сабагын кызыктуу жана билим берүүчү иш-чарага айландыруу үчүн эң сонун мүмкүнчүлүк. Макалада видеолор менен иштөө үчүн эң типтүү көнүгүүлөр, рецептивдик сөз байлыгын калыптандыруучу, грамматикалык көндүмдөрдү калыптандыруучу, угууга үйрөтүүчү жана жазууга үйрөтүү боюнча көнүгүүлөр сунушталган.

**Аннотация:** В нашу эпоху – время развития технологий – изучение иностранного языка стало, пожалуй, самым интересным занятием для студентов. Благодаря появлению и совершенствованию технических средств в арсенале учителя появилось множество приемов. Это прекрасная возможность не только облегчить процесс изучения иностранного языка, но и повысить мотивацию учащихся и превратить урок иностранного языка в интересное и познавательное занятие. В статье предложены наиболее типичные упражнения для работы с видео, упражнения для формирования рецептивного словарного запаса, формирования грамматических навыков, обучения аудированию и обучения письму.

**Abstract:** In our era - the time of technological development - learning a foreign language has become, perhaps, the most interesting thing for students. Due to the emergence and improvement of technical means, many techniques have appeared in the teacher's arsenal. This is an excellent opportunity not only to facilitate the process of learning a foreign language, but also to increase the motivation of students and turn the foreign language lesson into an interesting and educational activity. The article offers the most typical exercises for working with videos, exercises for building receptive vocabulary, building grammar skills, teaching listening and teaching writing.

**Негизги сөздөр:** коммуникативдик окутуу, лексикалык бирдиктер, имитация, трансформация, кеп ишмердүүлүгү, синтагм.

**Ключевые слова:** коммуникативное обучение, лексические единицы, подражание, трансформация, речевая деятельность, синтагма.

**Keywords:** communicative learning, lexical units, imitation, transformation, speech activity, syntagm.

Чет тили сабагында видеоматериалдарды колдонуу окуу процессине ар түрдүүлүк алып келип, окуучулардын активдүүлүгүнө өбөлгө түзөт жана предметке болгон кызыгуусун арттырат. Видеофильм оозеки сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн эффективдүү каражаты болуп саналат жана сөзсүз түрдө өтүлгөн лексикалык, грамматикалык жана фонетикалык материалды консолидациялоого, сөз байлыгын кеңейтүүгө жардам берет, окуучуларды ар кандай адамдардын кептерин түшүнүүгө даярдоого жана класста табигый тил чөйрөсүн түзүүгө жардам берет.

Видеороликтердин негизги максаты – тилдик материалды өздөштүрүү процессинде студенттердин кептик-ойлоо активдүүлүгүн актуалдуу кеп жагдайларын моделдөө аркылуу активдештирүү.

Видеолорду көрсөтүү үчүн түздөн-түз колдонулган телевизор жана видеомагнитофондордон тышкары, сабакта студенттик китеп (же иш китеби) колдонулат, анда студенттер видеокурс менен иштөөдө белгилүү көнүгүүлөрдү аткарышат.

Биринчиден, алар чет тил маданиятынын аспектилерин чагылдырат. Ар бир көнүгүү өзүнүн билим берүү, өнүктүрүү, билим берүү жана тарбиялоо максаттарына ээ. Бирок бул дароо эле эмес, көнүгүүлөрдүн сериясында, сабакта, сабактардын циклинде болот, анткени билим берүү, таанып-билүү, өнүктүрүү жана тарбиялоо көбүнчө бөлүнбөйт. Бул максаттардын ар бири көнүгүүлөрдүн каалаганында үстөмдүк кыла алат.

Экинчиден, көнүгүү ар тараптуу болушу керек, башкача айтканда, сүйлөө ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүндө өз ара байланышта окутуу процессин чагылдырышы керек жана бул жерде ошол эле үстөмдүк принцибине байкоо жүргүзүүгө болот: эгерде көнүгүүлөрдүн негизги максаты, мисалы, окууну үйрөнүү болсо, анда окуу процесси сүйлөө, угуу жана жазуу процесстери менен коштолушу керек (жок дегенде бир же алардын экөө). Бул көнүгүүлөр көп функционалдуу болушу керек дегенди билдирет.

Үчүнчүдөн, көнүгүүлөр коммуникативдик окутуунун принциптерин чагылдырууга тийиш – сүйлөө жана ой жүгүртүү багыты, функционалдуулук, жаңычылдык, ситуациялуулук, жеке индивидуалдаштыруу ж.б.

Коммуникативдик тренингде колдонулган бардык көнүгүүлөр сүйлөө мүнөзүндө, тагыраагы, коммуникация көнүгүүлөрү болуп, “көндүмдөргө калыптандыруу – көндүмдөрдү өнүктүрүү” схемасына негизделиши керек, ага ылайык көндүмдөрдү калыптандыруу ага ылайыктуу шарттарда ишке ашат. Бул алардын өткөрүп берүү жөндөмдүүлүгүн камсыз кылат.

Бул жерде видеолор менен иштөө үчүн эң типтүү көнүгүүлөр.

**Сүйлөө үчүн көнүгүүлөр**

Бул көнүгүүлөрдү сөз байлыгын, грамматикасын жана айтылыш көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн колдонсо болот.

Алар комплекстерге уюштурулуп, алардын ар бири кеп каражаттарын автоматташтырууга арналган: кеп үлгүсү, лексикалык бирдиктердин тобу, кээ бир тыбыш(тар) ж.б. Комплекс көнүгүүлөрдүн төрт түрүн (имитация, алмаштыруу, трансформация жана репродуктивдүү) камтыйт, алардын ырааттуулугу сүйлөө көндүмдөрүн калыптандыруунун этаптары менен аныкталат.

1. Т**ууроочу көнүгүүлөр.** Окуучу сүйлөө тапшырмасын аткаруу үчүн фильмдин каармандарынын ремаркеттеринен (кеп үлгүсүндөгү) тил формаларын, лексикалык бирдиктерди таап, аларды өзгөртпөстөн колдоно турган көнүгүүлөр**.** Мисалы: "Say if you do the same". - I'll meet my friends on Sunday. - I'll meet my friends on Sunday too.

2. **Алмаштыруу көнүгүүлөрү** ар кандай кеп үлгүсүнө лексикалык бирдиктерди алмаштырууну камтышы менен мүнөздөлөт.

Мисалы: Watch the next part of the interview to 'You didn 't have any sugar'. Write down what you have for breakfast. - I have Bran Flakes for breakfast. - I have esss for breakfast. -

3. **Трансформациялык көнүгүүлөр** эпизоддогу каармандын репликасынын (же репликасынын бөлүгүнүн) белгилүү бир трансформациясын камтыйт, ал сөз тартибин, этиштин жак же чак, зат

атоочтун саны ж.б. Лексикалык көндүмдөр үчүн трансформация ошол эле мазмунду башка сөз менен жеткирүү менен туюнтса болот.

Мисалы: "What do you think about Harry and Susan? With the sound on, watch Act 1 again to answer the following questions. Explain the reasons of your answers." 1. Is Harry a polite person? Yes, he is - because he's bringing flowers to Susan. 2. Is Susan very upset? No, she isn't - because she doesn't mind that Harry was late.

4. **Репродуктивдүү көнүгүүлөр** окуучулардын мурунку көнүгүүлөрдө өздөштүрүлгөн формаларын же лексикалык бирдиктерин ремаркацияларында толук өз алдынча кайра чыгарууну камтыйт.

Мисалы: "With your group, imagine that you are sitting around a dinner table with other members of your family. Talk about the day's events. While you are talking, the doorbell rings. Who is at the door? " -I think, it's Philip. He promised to come. - Oh, no. He is very busy at work today, you know. - Maybe...

Сүйлөөгө үйрөтүүдө да, окууга үйрөтүүдө да көнүгүүлөрдү лексикалык, грамматикалык, айтылыш (окуу үчүн кабылдоо) болуп бөлүү шарттуу экенин белгилей кетүү керек: кеп ишмердүүлүгүнүн кайсы бир жагы үстөмдүк кылышы мүмкүн, калгандары көзгө көрүнбөй катышат.

**Окууну үйрөнүү үчүн көнүгүүлөр**

Лексикалык, грамматикалык жана кабылдоо жөндөмдөрүн калыптандыруу боюнча көнүгүүлөрдүн комплекстери психофизиологиялык механизмдерди калыптандырууга багытталган жана алардын ыраатуу өнүгүшүн камтыйт.

**1. Рецептивдик сөз байлыгын калыптандыруу үчүн көнүгүүлөр:**

§ лексикалык бирдиктердин визуалдык кабыл алуу механизмин калыптандыруу боюнча көнүгүүлөр;

§ лексикалык бирдиктерди күтүү механизмин түзүү боюнча көнүгүүлөрдү;

§ таануунун салыштыруу механизмин иштеп чыгуу боюнча көнүгүүлөр

Мисалы:

Окуучуларга автобус маршрутундагы аялдамалардын схемасы сунушталат (ар кандай лексикалык бирдиктер, мисалы, стадион, мектеп, театр, парк, почта ж. ) кайда ал футбол матчын карап, ойной алат, телеграмма жиберет ж.б.

**2. Рецептивдик грамматикалык көндүмдөрдү калыптандыруу боюнча көнүгүүлөр**: визуалдык кабылдоо, салыштыруу – грамматикалык түзүлүштөрдүн маанисин таануу, күтүү жана божомолдоо механизмдерин калыптандыруу боюнча көнүгүүлөр.

Мисалы:

§ Окуучуларга эпизоддун кадры жаңы эле болуп өткөн окуя же келечектеги пландар жөнүндө экенин укканда токтотуу тапшырмасы берилет.

§ Атасы эки жазуу калтырды: бири аялына ошол күнү эмне кылганы жөнүндө жана уулуна эс алуу күнүндөгү пландары жөнүндө. Окуучунун милдети ар бир нота кимге багытталганын аныктоо.

**3. Угууга үйрөтүү үчүн көнүгүү**. Бул сунуштар эки топко бөлүнөт: атайын эмес жана атайын. Атайын эмес көнүгүүлөр - бул угууга киргенден башка окуу объектисин өздөштүрүү жакынкы максаты болгон көнүгүүлөр: сүйлөө көнүгүүлөр, сөздөрдүн маанисин аныктоодо окуяны угуу же грамматикалык материалды берүү.

Төмөнкү көнүгүүлөр угууну үйрөтүү үчүн өзгөчө болуп саналат:

§ Туура эмес сөздү укканда колуңузду көтөрүңүз;

§ мен ким жөнүндө айтып жатам (сүрөттөмдүн негизинде);

§ мен сагына турган объектти көрсөтүү (көрсөтүлгөндөрдөн);

§ эпизоддон окуяны угуп, эмне жетишпей жатканын аныктоо;

§ адамдарды тизмелөө (объекттерди, өлкөлөрдү ж.б.);

§ адам жөнүндө алган маалыматты өз эне тилинде кыскача жазыңыз (схема берилет: аты-жөнү ..., жашы ... ж.б.);

§ уккан менен сүрөттөлгөндүн ортосундагы айырмачылыктарды табуу;

§ Жок болгон сөз айкашынын маанисин калыбына келтириңиз.

**4. Жазууга үйрөтүү боюнча көнүгүүлөр**

Жазууну үйрөтүүдө көнүгүүлөрдүн эки түрү да колдонулат: атайын эмес жана атайын.
Эгерде атайын көнүгүүлөрдүн максаты жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү же кандайдыр бир жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу болсо, анда атайын эмес көнүгүүлөр жазууда кандайдыр бир башка максат үчүн тапшырманы аткарууну камтыйт, демек, бул жолдо жазуу көндүмдөрүн өркүндөтөт. Акыркысы үй тапшырмаларынын көпчүлүгүн камтыйт, алар жазуу жүзүндө аткарылып, андан кийин оозеки кайталоо.
Жазууну үйрөтүүдө механикалык көчүрмөнү камтыган тапшырмалар алынып салынат. Окуучулардын психикалык активдүүлүгүн активдештирүү максатында төмөнкү көнүгүүлөр колдонулат:
§ көнүгүү - оюн (кроссворд, табышмак ж.б.);
§ жарнактарды үлгү боюнча даярдоо.

**5. Көп функционалдуу көнүгүүлөр**

Алар бир эле учурда кеп ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрлөрү боюнча көндүмдөрдү калыптандырууну камтыйт. Мисалы:
Кеңейтүүчү синтагмаларды окуу.
- Robbie cooked dinner, (обед) - The dinner -was very delicious. -Robbie made a cake for dessert for dinner.
- Everything was very tasty and we thanked Robbie for the dinner.

Көрүнүп тургандай, ар бир кийинки сөз айкашындагы синтагма кеңейет, бирок сызыктуу эмес, трансформацияланат. Бирок, ачкыч сөз (dinner) жаңы чөйрөдө болсо да, ар бир сөз айкашында кайталанат. Биринчи сөз айкашында жаңы сөздүн мааниси кашаанын ичинде берилсе, кийинки сөз айкаштарында котормосу жок эле түшүнүктүү болушу керек жана кайталап кабыл алуунун натыйжасында окуучу эстеп калат.

Адатта, ар кандай жаңы сөздөр менен бир нече мындай блоктор алынат. Сөздөр чогуу угулчу текстти (видео эпизоддо же окууда) түшүнүү үчүн ачкыч болуп саналат.
Бирок мындай иш сөзсүз түрдө текстти кийинки кабыл алууга багытталган эмес. Блоктордун материалы «кепке келтирилет». Синтагмаларды окуу процессинде рецептивдүү да, продуктивдүү да мүнөздөгү фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык комментарийлер мүмкүн (жана зарыл!). Тийиштүү тапшырманы колдонуу менен, блоктордон керектүү кеп үлгүлөрүн жазуу түрүндө жазсаңыз болот.

Практик мугалимдердин сүйлөгөн сөзүндө орус окуу китептерине лингвистикалык жана маданий видео-тиркемелердин жетишсиздиги тууралуу даттануулар көп кездешет.
Ооба, чет элдик окуу китептери, мисалы, “Reward”, керектүү видео жана мультимедиялык тиркемелер менен жабдылган, бул чет тили сабагын чындап заманбап кылууга мүмкүндүк берет. Мындай жана заманбап рынокто ар кандай туристтик компаниялардын телекоммуникация жана видеожарнактары жок болгон учурда, мындай материалдардын кеңири спектрин тандап, аны окуу процессине киргизүүгө болот. Бүгүнкү күндө англис тилин окутуунун милдеттеринин бири болгон социалдык-маданий компетенттүүлүк өз маданиятын жана изилденүүчү тилдин өлкөнүн маданиятын билүү дегенди билдирет. Орто мектепте адистештирилген (менин шартымда гуманитардык) деңгээлдин болушу, окуучулардын предметти окууга ички мотивациясынын көбүрөөк болушунан улам мугалимге төмөнкүлөргө мүмкүнчүлүк берет:
- лингвистикалык маалыматтын үлүшүн көбөйтүү;
- изилденүүчү тилдин өлкөсүнүн адабияты, илими, искусствосу чөйрөсүндөгү маалыматтарды кеңейтүүгө;
- изилденүүчү тилдин өлкөлөрү менен биздин өлкөнүн өз ара аракеттенүү тарыхынан маселелерди көтөрүүгө;
- аны эне тили менен салыштырууну кеңири колдонууга;
- сөздүктүн көлөмүн көбөйтүү, анын ичинде. филологиялык терминологиянын (лингвистикалык, адабий) аркасында.
жана студенттердин алдына төмөнкү милдеттерди коёт:
- үйрөнүп жаткан тилдин өлкөлөрүнүн маданий өзгөчөлүктөрүн билүү жана түшүнүү;

- өз оюн айтып, аны негиздей билүү;
- окуп жаткан темалардын мазмунун түшүнүү жана талкуулоо;
- оозеки баяндама даярдоо жана аны жеткирүү.

Тренингдин акыркы жыйынтыгына көңүл буруу менен максаттардын негизинде гуманитардык багыттагы студенттерди окутуунун мазмунуна төмөнкү компоненттер киргизилген:

1. Лингвистикалык жана аймактык компонент:

- чындыкты билүү, түшүнүү (улуттук маданияттын объектилерин билдирген сөздөр) жана аларды колдоно билүү;
- англис тилдүү өлкөлөр жөнүндө жалпы билимге тиешелүү регион таануу темаларын билүү.

2. Жалпы билим берүүчү компонент:

- 10-11-класстардагы мектеп окуучуларын өнүктүрүүгө байланышкан тарбиялык жана уюштуруучулук жөндөмдөрү;
- ар кандай режимдерде иштей билүү; өзүңүздүн ишиңизге жана жолдошторуңуздун ишмердүүлүгүнө объективдүү жана туура баа берүү;
- салыштыруу жөндөмүн калыптандыруу менен байланышкан билим берүү жана интеллектуалдык көндүмдөрдү,
- изилденип жаткан материалды салыштыруу, талдоо, системалаштыруу жана жалпылоо;
- баарлашуу маданиятында көрүнгөн тарбиялык жана коммуникациялык көндүмдөр, б.а. байланыш өнөктөшүн угуу жана угуу, өз көз карашын актоо жөндөмүндө.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Allan M. Teaching English with Video in the English Class. 1987. -422c.
2. Lonergan J. Video in Language Teaching. Cambridge CambridgeUniwersity press, 1984. – 57 c
3. Барменкова О.И. Чет тилин окутуу системасындагы видеосабактар. Чет тилдер №3 мектепте, 1999-ж.20.
4. Ильченко Е. Англис тили сабагында видео жазууларды колдонуу. Биринчи сентябрь. Англис тил. 2003. № 9.с. 7-9.
5. Кряхтунова О.В. Видеоматериалдар менен иштөө ыкмалары. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо Астрахань - 201, 60 б.


УДК812.512.0
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-57-61

**Сатаева Г. С., Өмүрбек кызы Үмүт**
Талас мамлекеттик университети, филология илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, ага окутуучу
**Сатаева Г. С., Өмүрбек кызы Үмүт**
Таласский государственный университет, кандидат филологических наук, доцент,
Таласский государственный университет, старший преподаватель
**Sataeva G. S., Omurbek kyzy Umut**
Talas State University, Candidate of Philological Sciences, Associate Professor,
Talas State University, senior lecturer

## СИНХРОНДУК КОТОРМОЧУЛУКТУ ОКУТУУГА БОЛГОН МАМИЛЕ
## ПОДХОД К ОБУЧЕНИЮ СИНХРОННОМУ ПЕРЕВОДУ
## APPROACH TO TRAINING SIMULTANEOUS INTERPRETING

**Аннотация:** Бул макалада биз өзүбүздүн практикалык котормо тажрыйбабыздын негизинде, биздин оюбузча, керектүү котормо жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү көнүгүүлөрдүн жыйындысы жөнүндөгү көз карашыбызды түшүндүрүү менен синхрондук которууну окутуунун методологиясын сунуш кылдык. Синхрондук котормо учурда актуалдуу болуп баратат, анткени ал убакыт ресурстарын олуттуу үнөмдөөгө жардам берет жана бөлүнгөн убакыттын ичинде көп сандагы маселелерди чечүүгө мүмкүндүк берет. Ошондуктан, котормонун бул түрүн окутуу проблемасына Кыргызстанда да, чет өлкөлөрдө да олуттуу көңүл бурулат.

**Аннотация:** В данной статье на основе нашего практического опыта перевода мы предложили методику обучения синхронному переводу, пояснив наш взгляд на комплекс упражнений, которые, по нашему мнению, способствуют развитию необходимых навыков перевода. Синхронный перевод в настоящее время становится все более актуальным, так как помогает существенно сэкономить временные ресурсы и позволяет решить большое количество задач за отведенное время. Поэтому проблеме преподавания этого вида перевода уделяется серьезное внимание как в Кыргызстане, так и за рубежом.

**Abstract:** In this article, based on our practical experience in translation, we proposed a methodology for teaching simultaneous translation, explaining our view on a set of exercises that, in our opinion, contribute to the development of the necessary translation skills. Simultaneous translation is currently becoming more and more relevant, as it helps to significantly save time resources and allows you to solve a large number of problems in the allotted time. Therefore, the problem of teaching this type of translation is given serious attention both in Kyrgyzstan and abroad.

**Негизги сөздөр:** синхрондук котормо, сүйлөө мотор анализатору, активдүү лексика, лингвистикалык жана экстралингвистикалык билим, психологиялык калибрлөө.

**Ключевые слова:** синхронный перевод, речево-моторный анализатор, активный словарный запас, лингвистические и экстралингвистические знания, психологическая калибровка.

**Keywords:** simultaneous translation, speech-motor analyzer, active vocabulary, linguistic and extralinguistic knowledge, psychological calibration.

Изилдөөнүн актуалдуулугу синхрондук котормо боюнча адистерге болгон суроо-талап жана белгилүү бир академиялык шарттарда котормонун бул түрүн окутуунун методикалык колдоосу менен аныкталат. Бул иштин жаңылыгы көп жылдардан бери биринчи жолу Кыргызстанда жана чет өлкөлөрдө синхрондук котормочулукту окутуунун ыкмаларына талдоо жүргүзүлгөндүгүндө. Андан кийин, студенттер максаттуу тил параметрлери, алар менен иштөөнү күткөн жуп тилдерге дал келишине ынанышат. Андан кийин, кулакчындарды (наушниктерди) тагып, алар келген сигналдын үн деңгээлин тууралайт, анткени котормо кырдаалынын бул элементи синхрондук котормочунун стресске туруктуулугун жогорулатуунун да ачкычы болуп саналат.

**Синхрондук котормочулук иштин алдында психологиялык калибрлөө.**

Бул көнүгүү синхрондук котормо тапшырмасын аткаруу үчүн когнитивдик ресурстарды мобилизациялоочу студенттердин мээсинин ритмдерин керектүү жыштыкка тууралоо үчүн обонду угууну камтыйт. Бул эффект жыштыктан кийинки эффект деп аталат.

**Сүйлөө мотор анализаторун даярдоо.** Бул көнүгүү беттин, эриндин, ооздун жана тилдин булчуңдарын жылытууга багытталган. Студенттер мугалим менен бирдикте сүйлөө мотор анализаторунун элементтеринин кыймылдуулугун камсыз кылуу үчүн зарыл болгон физикалык көнүгүүлөрдү жасашат.

**Активдүү лексиканы жаңылоо.** Көнүгүүнүн максаты окуучулардын сабактын активдүү лексикасы боюнча билимин текшерүү. Көнүгүү, адатта, оозеки фронталдык сурамжылоо түрүндө жүргүзүлөт, мында студенттер мугалим тарабынан берилген оригиналдуу сөз айкаштарына котормо варианттарын тез арада бериши керек. Бул көнүгүү кийинки көнүгүү үчүн даярдык көнүгүү болуп саналат.

**Тилдер арасында тез которулуу механизмин активдештирүү.** Жогорудагы көнүгүүлөрдүн уландысы тилдер арасында которулуу механизмин андан ары активдештирүү болуп саналат. Тез эки тил системасын тартуу үчүн, студенттер активдүү болушу керек.

  - Мисалы, суудагы объекттердин жана кургактагы объекттердин кыймылын байкап, сууда жашаган жаныбарлар кантип сүзөрүн, жердеги жаныбарлар кантип жүрөрүн түшүнүүгө болот.

**Долбоорду коргоо жана баалоо критерийлери:**

- Мазмундуулук: Ар бир жаныбар жөнүндө туура жана так маалымат берилген.
-Креативдүүлүк: Долбоорду көрсөтүүдө колдонулган чыгармачылык ыкмалар жана жасалгалоо.
-Изилдөөнүн тереңдиги: Жаныбарлардын жашоо чөйрөсүн жана дене түзүлүшүн толук түшүндүрүп бере алышы.
- Презентация: Окуучу долбоорун логикалык тартипте жана түшүнүктүү формада коргоп бере алат.
-Темага дал келүү: Долбоордун темасынын негизги максаттарын ачып берүү.

**Долбоордун жыйынтыгы:**

Бул долбоорду аяктагандан кийин, окуучулар ар түрдүү жаныбарлардын жашоо чөйрөлөрүнө жана көнүү процесстерине жакшыраак түшүнүк алышат. Ошондой эле, жаныбарлардын ар кандай чөйрөлөрдө жашоого кандай өзгөчөлүктөр менен ылайыкташаарын билишет.

Долбоорду бүтүргөндөн кийин класста ар бир окуучу өз эмгегин көрсөтүп, жыйынтыгын башка окуучулар менен бөлүшөт, бул жалпы класстын теманы жакшы өздөштүрүүсүнө жардам берет.

"Жерде жана сууда жашоочулар" темасы боюнча PISA тестинин негизинде иштелип чыккан тапшырмалар окуучулардын ойлонуу, анализдөө жана логикалык жыйынтык чыгаруу жөндөмүн текшерүүгө багытталат. Бул тестте жөнөкөй жаттоо эмес, окуучунун маалыматтарды колдонуу жана түшүндүрүү жөндөмү талап кылынат.

**PISAга багытталган тест: Жерде-сууда жашоочулар классы**

**Тесттин максаты:**

- Окуучулардын маалыматты анализдөө, түшүнүү жана логикалык ой жүгүртүү жөндөмдөрүн текшерүү.
- Жаныбарлардын жашоо чөйрөлөрүнө жана дене түзүлүштөрүнө байланыштуу изилдөө жүргүзүп, көйгөйлөрдү чечүү жөндөмүн өнүктүрүү.

**1. Тапшырма: Окуяны түшүнүү жана талдоо**

Суроо: Данияр атасы менен бир көлдүн жээгинде сейилдеп жүрдү. Көлдө балыктар жана кургакта өрмөк салып жүргөн жөргөмүштөрдү көрдү. Атасы Даниярга балыктар көлдө гана жашап, дем алуу үчүн бакалоор колдонушарын түшүндүрүп берди. Ал эми жөргөмүштөр кургакта өпкө аркылуу дем алат.

1-суроо: Эмне үчүн балыктар сууда жашоого ылайыктуу? Себебин түшүндүрүп бериңиз.

- Жоопко талап: Окуучу балыктардын бакалоору сууда дем алууга ылайыктуу экенин түшүндүрүп, бакалоор менен өпкөнүн айырмасын билгенин көрсөтүшү керек.

2-суроо : Эгер балыкты кургакка чыгарсак, ал эмнеге туруштук бере албайт?

- Жоопко талап: Окуучу балыктын кургакта дем ала албаганын, себеби анын дем алуусу үчүн суу керек экенин түшүндүрүшү зарыл.

**2. Тапшырма: Классификация жана анализ**

Суроо: Төмөндөгү жаныбарларды жашоо чөйрөсүнө жараша классификациялаңыз.

- Жаныбарлар: Балык, пил, акулалар, жөргөмүш, ташбака, кит.
- Тапшырма: Жаныбарларды жерде жана сууда жашагандар деп бөлүп, классификациялаңыз. Ар биринин жашоо чөйрөсүн түшүндүрүп бериңиз.
- Жоопко талап: Окуучу жаныбарларды туура классификациялап, ар бир жаныбардын жашоо чөйрөсүн так аныкташы керек.

**3. Тапшырма: Салыштыруу**

Суроо: Бака жана ташбака сууда да, жерде да жашай алышат. Бирок бул жаныбарлардын дене түзүлүшү жашоо чөйрөсүнө жараша айырмаланат. Бул жаныбарлардын дене түзүлүшүндөгү окшоштуктар жана айырмачылыктар эмнеде?

- Жоопко талап: Окуучу бака менен ташбаканын суу жана кургакта жашоого ылайыкташкан дене түзүлүшүн салыштырып, алардын экөөндө тең сууда жашоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган өзгөчөлүктөрдү аныкташы керек (мисалы, териси нымдуулукту сактоо үчүн ылайыкташкан).

**4. Тапшырма: Көйгөйлүү жагдайды чечүү**

Суроо: Эл аралык зоология борбору жаңы "Жаныбарлардын жашоо чөйрөсү" аттуу бөлүм ачып жатат. Бөлүмдүн шарттарына ылайык, жерде жашаган жана сууда жашаган жаныбарларды бир эле багууда кармоо пландалууда. Сиз бул борбордун кызматкери болуп, жаныбарлардын ден соолугун сактоо үчүн кандай шарттарды түзүү керек экенин сунуштап жатасыз.

Тапшырма: Жерде жана сууда жашаган жаныбарлардын бир бөлмөдө багылышы үчүн кандай шарттарды түзүүнү сунуштайсыз? Өзүңүздүн сунушуңузду негиздеңиз.

- Жоопко талап: Окуучу жаныбарлардын ар түрдүү чөйрөгө муктаж экенин түшүнүп, сууда жашаган жаныбарлар үчүн суу менен камсыздалган бөлүк керектигин, жердеги жаныбарларга кургак жер жана аба керек экенин түшүндүрөт.

**5. Тапшырма: Жыйынтык чыгаруу жана түшүндүрүү**

Суроо: Эгерде жерде жашаган жаныбарлар сууга ыңгайлашса, алардын дене түзүлүшү кандай өзгөрөт деп ойлойсуз? Мисал келтириңиз жана түшүндүрүп бериңиз.

-Жоопко талап: Окуучу жаныбарлардын дене түзүлүшүнүн өзгөрүшү жөнүндө ойлонуп, мисалы, алардын сууда кыймылдоосу үчүн сүзүүчү канат же териси нымдуулукка ылайыкташкандай өзгөрө турганын болжолдоп айтуусу керек.

Бул тапшырмалар окуучуларды жаныбарлардын дене түзүлүшүнүн жана жашоо чөйрөсүнүн өз ара байланышын түшүнүүгө багыттап, PISA тестинин талдоо, логикалык ой жүгүртүү жана көйгөйдү чечүү жөндөмдөрүнө шайкеш келет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Григальчик Е.К., Губаревич Д.И. Обучаем иначе. Стратегия активного обучения.-Минск: Современное слово,2003
2. Саалаев Ө. Интерактивдүү усулдарды пайдаланууда жана сабакта ишти уюштурууда мугалимдин ролу 2-бөлүм. Бишкек, 2014
3. Мамбетакунов Э, Сияев Т. Педагогиканын негиздери. Бишкек, 2008.

УДК: 517.97
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-90-95

**Дуйшеналиева У. Э., Темиркулова Г. Т.**
Талас мамлекеттик университети, физика-математика илимдеринин кандидаты,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Дуйшеналиева У. Э., Темиркулова Г. Т.**
Таласский государственный университет, кандидат физико-математических наук,
Таласский государственный университет, магистрант
**Duishenalieva U. E., Temirkulova G. T.**
Talas State University, Candidate of Physical and Mathematical Sciences,
Talas State University, Master's student

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ТААНЫП-БИЛҮҮ АКТИВДҮҮЛҮГҮНҮН НЕГИЗДЕРИ
# ОСНОВЫ ПОЗНАВАТЕЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ УЧЕНИКОВ МЛАДШИХ КЛАССОВ
# THE BASICS OF COGNITIVE ACTIVITY OF ELEMENTARY SCHOOL STUDENTS

**Аннотация:** Макалада таанып-билүү активдүүлүк көндүмдөрдү жана окууга болгон кызыгууну калыптандыруу үчүн активдүү окутуунун маанисине басым жасап, кенже класстын окуучуларынын таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн негиздери каралат. Изилдөө иш-аракеттери, критикалык ой жүгүртүү жана чыгармачылык сыяктуу таанып-билүү иш-аракеттеринин негизги компоненттери талданат. Таанып-билүү иш-аракеттерин өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү методдор жана стратегиялар, анын ичинде оюн жана долбоордук технологиялар сүрөттөлөт. Макалада ошондой эле окуучуларды өз алдынча билим издөөгө түрткү берген стимулдаштыруучу билим берүү чөйрөсүн түзүүдө мугалимдин ролу баса белгиленет. Изилдөө практикага негизделген жана окутуу жүрүшүндө методдорду ийгиликтүү ишке ашыруунун мисалдарын камтыйт. Жыйынтыктар таанып-билүү иш-аракеттерин максаттуу өнүктүрүү окуу натыйжаларын жана окуучулардын жалпы мотивациясын жакшыртууга жардам берээрин көрсөтүп турат.

**Аннотация:** В статье рассматриваются основы познавательной деятельности учеников младших классов, акцентируя внимание на значении активного обучения для формирования познавательных навыков и интереса к учебе. Анализируются ключевые компоненты познавательной деятельности, такие как исследовательская активность, критическое мышление и творческий подход. Описываются методы и стратегии, способствующие развитию познавательной активности, включая игровые и проектные технологии. В статье также подчеркивается роль учителя в создании стимулирующей образовательной среды, которая мотивирует учащихся к самостоятельному поиску знаний. Исследование основано на практике и включает примеры успешной реализации методов в учебном процессе. Результаты показывают, что целенаправленное развитие познавательной деятельности способствует улучшению учебных результатов и общей мотивации учащихся.

**Abstract:** The article examines the basics of cognitive activity of elementary school students, focusing on the importance of active learning for the formation of cognitive skills and interest in learning.

The key components of cognitive activity, such as research activity, critical thinking and creativity, are analyzed. The methods and strategies that contribute to the development of cognitive activity, including game and project technologies, are described. The article also highlights the role of the teacher in creating a stimulating educational environment that motivates students to independently search for knowledge. The research is based on practice and includes examples of successful implementation of methods in the educational process. The results show that the purposeful development of cognitive activity contributes to the improvement of learning outcomes and overall motivation of students.

**Негизги сөздөр:** таанып-билүү иш-аракети, мотивациянын даражасы, кенже мектеп окуучулары, окутуу ыкмалары.

**Ключевые слова:** познавательная деятельность, степень мотивации, ученики младших классов, методы обучения.

**Keywords:** cognitive activity, degree of motivation, elementary school students, teaching methods.

Башталгыч класстын окуучуларынын таанып-билүү активдүүлүгү билим берүү процесинин негизги элементтеринин бири болуп саналат. Бул этапта балдар өздөрүнүн кызыгууларын, жөндөмдөрүн жана билимге болгон энтузиазмын калыптандырышат. Окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн жогорулатуу билим алуу процессин жакшыртат жана алардын интеллектуалдык өнүгүүсүнө оң таасир этет.

Башталгыч класстардын таанып-билүү активдүүлүгүнүн актуалдуулугунун совет доорундагы дидактик-окумуштуулары, психологдору: Ш.А. Амоношвили, Л.С. Выготский, В.В. Давыдов, С.Л.Рубенштейн, Н.Ф. Талызина, Д.Б. Эльконин тарабынан изилденген.

Биринчилерден болуп "Башка адамдын акылы менен ойлонуу"окуучу үчүн индивидуалдуулукту жокко чыгарууга барабар деп чех окумуштуусу Я.А. Коменский эсептеген[2].

Окуу процессинде "Таанып-билүү активдүүлүгү" термининин чечмеленишине көңүл буруп келишкен. Анын негизинде педагогика жана балдар психологиясы жаатында алдынкы окумуштуулар өздөрүнүн пикирлерин билдирип келишкен.

Г.И. Зубкова таанып-билүү активдүүлүгүнүн негизин "Адам баласынын таанып билүү процессине болгон умтулуусу" деп түшүндүрөт [1].

Т.И. Шамованын ою боюнча "Таанып–билүү активдүүлүгү"-бул окуучунун предметке болгон умтулуусу деп эсептелинген. Бул ырастоонун негизинде таанып билүү активдүүлүгү– бул инсандык билим алуу, аны менен катар эле интеллектуалдык иш –аракет болуп саналат[4].

Башталгыч класстардын окуучулары өздөрүнүн жаш өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу мугалим тарабынан өзгөчө мамилеге муктаж болушат. Башталгыч класстарда биринчи класстан тарта окуу процессине жана мектепке болгон кызыгууну арттыруу үчүн, окуучуларга колдоо көрсөтүү маанилүү экени айтылган. Физикалык көнүгүүлөрдү аткаруу менен бирге, балдардын да кызыкчылыктарын эске алуу аркылуу окуу процессинин ийгиликтүү жүрүшү маалым.

Макаланын актуалдуулугу катары окуу процессинин өнүктүрүү максатында жаңы методдорду колдонуу аркылуу аркылуу окуучулардын жаңы маалыматтарды кабыл алуу процессинин жакшырышы байкалган.

Жаңы маалыматтар окуучулардагы болгон кызыгууну арттыруу менен бирге дүйнө таанымын кеңейтет.

Таанып –билүү активдүүлүгүн төрт баскычта алып кароого болот.

1. Баштапкы
2. Аткаруучулук
3. Кырдаалдык
4. Чыгармачылык

Баскычтарга бөлүүнүн негизинде окуучунун окуу процессин кабыл алуусу каралган. Баштапкы тепкичте билими бар окуучу жаңы маалыматтарды алууга умтулушпайт, окуу процессинде пассивдүүлүгүн көрсөтүшөт. Мындай окуучуларга мугалим үзгүлтүксүз көңүл бөлүүсү зарыл.

Кырдаалга жараша өздөрүн көрсөткөн окуучулардын активдүүлүгү класстагы эмоционалдык атмосферага көз каранды. Аткаруу денгээлиндеги окуучулар ыратуу жакшы окуу көрсөткүчтөрү жана үй тапшырмаларын системалуу аткаруусу менен бирге белгилүү билим берүү милдеттерин чече билүүсү менен айрымаланат. Мындай окуучулар эреже катары, эч кандай көйгөйсүз "4" жана "5" деген бааларды алышат. Бирок алардын билими логикалык ой-жүгүртүүнү жана тапкычтыкты талап кылган олимпиадалык тапшырмаларды жылдызча менен аткарууга жетишсиз болуп чыгат. Аларды кошумча адабияттарды, энциклопедияларды окууга, логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, себеп-натыйжа байланыштарынын пайда болуусуна тартуу керек.

Чыгармачыл адамдар эң жогорку активдүүлүккө ээ. Алар окуу материалын тез жана сапаттуу өздөштүрүү менен гана чектелбестен, сырттан ойлонуп, билим берүү маселелерин оригиналдуу чече алышат.

Таанып–билүү активдүүлүгүн төмөндөгү өзгөчөлүктөр менен мүнөздөөгө болот: Таанып–билүү активдүүлүк төрөлгөндөн баштап өзүн көрсөтөт жана инстинктивдүү түрдө мектепте чейинки балалык куракта өнүгөт, анын чегинен чыгып, балага курчап турган дүйнөнү таанып–билүүнүн ар кандай жолдорун камсыз кылат. Ал адатта максаттуу таанып-билүү менен мүнөздөлбөгөн иш-аракеттин ар кандай түрлөрүндө көрүнөт. Кичинекей мектеп окуучунун таанып-билүү иш-аракети ойлонуу, салыштыруу, эксперимент жүргүзүү, баланын курчап турган объектилер боюнча ар кандай терең билимдерин калыптандыруу жана чечүү маселелеринде ачык-айкын көрүнөт.

Таанып–билүү активдүүлүгүн жогорку деңгээлде өнүктүрүү үчүн окумуштуулар техниканын жана окутуунун методдорунун бүтүндөй системаларын түзүшкөн.

Окууну баштоодон мурун жагымдуу шарттарды түзүү керек. Таза, желдетилген жана жакшы жарыктандырылган бөлмө- окуучулардын жаңы билимге болгон мотивациясын, окуучулардын таанып-билүү иш-аракетин арттырат. Анткени кызыкчылык ар кандай иштин эң негизги мотиватору болуп саналат. Кызыкчылык аркылуу адамдын объективдүү дүйнө менен байланышы түзүлөт. Сабак учурунда ар кандай иш-аракеттердин түрлөрүн колдонуп, аларды дайыма алмаштырып туруу керек. Мугалим көрсөтмө куралдарды, кроссворддорду, логикалык сынактарды колдоно алат.

А.С. Макаренко тарабынан иштелип чыккан кызыгууну сактоо жана өнүктүрүү үчүн методологиялык ыкмалар: кызыктуу суроолорду пайда кылган иш-аракеттер, жаңы материалды киргизүү, суроолорду жаратуу мисалдарды карап чыгуу болуп эсептелинет[3].

Таанып–билүү активдүүлүгүн активдештирүүнүн бардык ыкмаларын салттуу түрдө үч топко бөлүүгө болот:

- Оозеки
- Визуалдык
- Практикалык

Вербалдык методдорго төмөнкүлөр кирет:

Биринчи ыкма талкуу ыкмасы болот, ал балдар каалаган маселе боюнча өз оюн эркин айта алышы үчүн колдонулат.

Экинчи ыкма окуучулар менен өз алдынча иштөө ыкмасы болот. Бул ыкманын негизги максаты окуучунун текстти окуу менен чектелбестен аны кайра айтып берүүсүнө түрткү болот.

Үчүнчү ыкма көйгөйдү көрсөтүү ыкмасы болот. Бул методдун негизин окуучулар өз гипотезаларын ортого салып, аны чечүүнүн жолдорун таба турган көйгөйлүү кырдаалды түзүү болуп саналары камтылган [8].

**Негизги компоненттер**

**1.** Окуу процессинде активдүү катышуу

Окуучуларды сабактарда активдүү катышууга жана өз оюн билдирүүгө чакыруучу интерактивдүү методдорду колдонуу маанилүү. Бул диалогдук формада сабактар, дискуссиялар, группалык иштер жана оюндар аркылуу ишке ашырылат.

**2.** Эмпирикалык методдор

Эксперименттер, практикалык иштер жана экскурсиялар окуучулардын таанып-билүү процессин жандандырат. Алар өз көз караштары менен объектилерди жана көрүнүштөрдү изилдөөгө мүмкүнчүлүк алышат.

**3**. Долбоордук ишмердүүлүк

Долбоордук ишмердүүлүк башталгыч жана орто мектептерде окуучулардын билимин жана жөндөмүн өнүктүрүү үчүн маанилүү ыкма. Бул ишмердүүлүккө катышуу аркылуу окуучулар теориялык билимди практикалык иш-аракеттер менен бириктирип, командада иштөөнү, маселелерди чечүүнү жана креативдүүлүктү өнүктүрүшөт.

Долбоорлор аркылуу окуучулар реферат, макала, же визуалдык модель түзүү сыяктуу конкреттүү тапшырмаларды аткарууга тартылышат. Бул метод жаңы билимди практикалык иш менен байланыштырат.

**Долбоордук ишмердүүлүктүн этаптары:**

1. **Теманы тандоо:** Окуучулар кызыккан же актуалдуу темаларды тандоосу керек.
2. **Изилдөө:** Тандалган тема боюнча маалыматтарды изилдөө, китептерди, макалаларды жана интернет ресурстарын колдонуу.
3. **Пландаштыруу:** Иштин пландарын түзүү, убакытты жана ресурстарды аныктоо.
4. **Иш жүзүндө ашырылышы:** Долбоорду ишке ашыруу, эксперименттерди өткөрүү же практикалык тапшырмаларды аткаруу.
5. **Натыйжаларды баалоо:** Иштин натыйжаларын анализдөө жана рефлексия жүргүзүү.
6. **Презентация:** Окуучулар өз долбоорлорун класс алдында же ата-энелерге көрсөтүшөт.

**Окуучулар үчүн пайдасы:**

- **Креативдүүлүк:** Идеяларды өнүктүрүүгө жана жаңы чечимдерди табууга мүмкүндүк берет.
- **Командада иштөө:** Командалык иштөө жөндөмүн күчөтөт.
- **Маселелерди чечүү:** Чындыктан алынган проблемаларды чечүүгө жардам берет.
- **Коммуникациялык жөндөмдөр:** Окуучулар өз ойлорун ачык жана түшүнүктүү билдирүүнү үйрөнүшөт.

Башталгыч мектепте долбоордук иш-чараларды ишке ашыруу-бул балдардын чыгармачыл жана сынчыл жөндөмдөрүн өркүндөтүүнүн, ошондой эле алардын окууга болгон кызыгуусун арттыруунун натыйжалуу жолу. Долбоордун иш-аракеттерин ийгиликтүү ишке ашырууга жардам берген бир нече кадамдарга токтололу.

1. Теманы тандоо

- Балдардын кызыкчылыктары: Окуучуларга аларды шыктандырган темаларды тандап алууга мүмкүнчүлүк берүү керек.
- Окуу программасы менен байланышы: Темалар окулуп жаткан сабактарга байланыштуу болушу керек.

2. Топторду түзүү

- Командада иштөө: Балдар чогуу иштеши, пикир алмашуусу жана бири-бирин колдошу үчүн классты чакан топторго бөлүү керек.

3. Максат жана милдеттерди коюу

- Так коюлган максаттар: ар бир топ эмнеге жетүүнү каалаарын аныкташы керек.
- Максаттары: максаттарга жетүү үчүн так кадамдарды түзүү керек.

4. Изилдөө

- Маалыматтарды топтоо: Балдарга китептерди, интернетти ж.б.ресурстарды колдонуп, теманы изилдөөгө уруксат берүүгө болот.
- Талкуу: Балдар тапкан нерселери менен бөлүшө турган топтук талкууларды уюштуруу керек.

5. Долбоорду пландаштыруу

- План түзүү: Топтор долбоорду кантип ишке ашыраарын сүрөттөгөн планды иштеп чыгышы керек.
- Ролдорду бөлүштүрүү: Ар бир катышуучу үчүн ролдорду аныктоо керек, бардыгы ишке катышат.

6. Долбоорду ишке ашыруу

- Практикалык иш: Балдар постерлерди, моделдерди, презентацияларды түзө алышат, атүгүл эксперименттерди жасай алышат.
- Мугалимдин колдоосу: Мугалим процессте окуучуларды жетектөө жана колдоо үчүн ошол жерде болушу керек.

7. Жыйынтыктарды презентациялоо

- Демонстрациялоо: Ар бир топ өз долбоорун класска же ата-энеге сунушташы керек.
- Кайтарым байланыш: Башка окуучулар суроолорду берип, комментарий берүүсүнө мүмкүнчүлүк берүү зарыл.

7. Рефлексия

- Баалоо: Балдар менен эмнени үйрөнгөндөрүн, кандай кыйынчылыктар болгонун талкуулоо керек.
- Документтер: Ийгиликтерди жана кемчиликтерди талдоо үчүн процессти жана натыйжаларды жазып туруу зарыл.

Башталгыч мектептеги долбоордук иш-чаралар балдардын өз алдынчалыгын, чыгармачылыгын жана командада иштөө жөндөмүн өнүктүрүүгө жардам берет, бул алардын андан аркы окуусу үчүн абдан маанилүү.

**4.** Педагогикалык колдоо

Мугалимдердин активдүү катышуусу жана жетекчилиги окуучуларды таанып-билүү процесине кызыктырат. Педагогикалык колдоо жана мүнөздөмөлөр алардын мотивациясын жогорулатат.

Таанып-билүү активдүүлүгү – бул эки тараптан кароого боло турган татаал процесс. Биринчи жагы, когнитивдик активдүүлүк –бул окуучунун өзүн- өзү уюштуруусу жана ишке ашыруусу. Ал эми экинчиси, бул окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө түрткү берүүчү белгилүү бир ыкмалардын системасы болуп саналат.

Таанып-билүү активдүүлүгү окуучуларга өз алдынча сунуш, идеяларын иштеп чыгууга мүмкүнчүлүгүн берүү аркылуу ишке ашат. Ошол себептен атайын иштерди жүргүзүп, балдардын таанып-билүү активдүүлүгүн көзөмөлдөө зарыл

Булардын негизинде окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн колдонулган ыкмалар окуучуну туура адеп ахлактык баалуулуктарга ээ болгон инсан катары калыптандыруунун ажырагыс бөлүгү болуп саналары аныкталган.

Жыйынтыктап айтканда когнитивдик активдүүлүк окуучулардын жаңы билимге болгон кызыгуусун чагылдыра тургандыгын баса белгилей кетүү керек. Аны менен катар, алардын чечкиндүүлүгү жана билимин кеңейтүүгө багытталган ар кандай ыкмаларды колдонууга туруктуу муктаждыгынын бар болуусу.

Бул позициядан иш алып баруу менен мугалим балдарды таанып –билүүгө, алардын көзү менен дүйнөнү көрүүгө, аң-сезимдүү педагогикалык куралдардын жардамы менен алардын умтулуусун түшүнүүгө мүмкүнчүлүк алат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Зубкова Т.И. Начар окуган башталгыч класстын окуучуларынын таанып-билүү активдүүлүгүнүн калыптандыруусу. Екатеринбург-1993ж., 230 б.
2. Макаренко А.С. Билим берүүнүн көйгөйлөрү советтик мектеп окуу китебинде.М.:-1984ж., 300 б.
3. Щукин А. Н. Окуу процессинде окуучулардын когнитивдик активдүүлүгүн активдештирүү”. -М: Агарту- 1979ж. 160 б.
4. Волков Б.С. Балалык чактагы баарлашуу психологиясы практикалык колдонмо.- М.: Владос-Пресс, 2003ж.343 б.
5. Щукина Г.И. Окуу - тарбия иштеринде окуучулардын таанып билүү активдүүлүгүн активдештирүү.-Эл агартуу-1971ж. 123 б.
6.Керимбеков М.А. Башталгыч класстын окуучуларынын когнитивдик активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн кээ бир өзгөчөлүктөрү. -Эл аралык эксперименталдык билим берүү журналы -2015-ж., №2,3 ; 340 б.

7. Достоевский Ф. М. Педагогические технологии в начальной школе. -Москва: Просвещение-2018 г.
8. Витченко Л. А. Развитие критического мышления у младших школьников. -Санкт-Петербург: РГПУ-2020 г.

УДК.894.341-09 (043)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-95-98

**Жунусалиева К. Т., Булутбекова Б. Ө.**
Талас мамлекеттик университети, филология илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Жунусалиева К. Т., Булутбекова Б. Ө.**
Таласский государственный университет, кандидат филологических наук,
Таласский государственный университет, магистрант
**Zhunusalieva K. T., Bulutbekova B. O.**
Talas State University, Candidate of philological Sciences,
Talas State University, Master's student

## БИЛИМ БЕРҮҮДӨ МЕКТЕП МУГАЛИМДЕРИНИН ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ИШКЕ АШЫРУУГА ДАЯРДЫГЫН ИЗИЛДӨӨ
## ИССЛЕДОВАНИЕ ГОТОВНОСТИ ШКОЛЬНЫХ УЧИТЕЛЕЙ К ВНЕДРЕНИЮ ИНКЛЮЗИВНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В ОБРАЗОВАНИЕ
## STUDU OF THE READINESS OF SCHOOL TEACHERS TO IMPLEMENT INCLUSIVE EDUCATION IN EDUCATION PROCESS

**Аннотация:** Макалада ден-соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга инклюзивдик билим берүүдөгү мугалимдердин инклюзивдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү зарылчылыгы каралат. Инклюзивдик билим берүү- бардык балдардын билим алууга жөндөмдүүлүктөрүн жана айырмачылыктарын таануу менен бирге, баланы окутууда ага эң ылайыктуу жолдорду тандоодогу мугалимдин ролу белгиленет. Инклюзивдик билим берүүдө мугалимдердин даярдыгы кандай, кандай изилдөөлөр болуп жаткандыгы тууралуу маалыматтар берилет

**Аннотация:** В статье рассматриваются вопросы актульности развития инклюзивной компетентности учителей работающих с детьми с ОВЗ. Отмечается что, инклюзивное образование- это признание ценности различий всех детей и их способности к обучению, роль учителя при выборе способов обучения,которые наиболее подходят этому ребенку.Предоставляется информация о подготовке учителей в сфере инклюзивного образования и какие исследования проводятся.

**Abstract:** The article discusses the relevance of the development of inclusive competence of teachers working with children with HLA.It is noted that inclusive education is a recognition of the value of differences betweenall children and their fbility to learn? the role of the teacher in choosing the teaching metods that are most suitable for thischild. Information is provided on teacher training in the field of inclusive education and what researchis being conducted.

**Негизги сөздөр:** инклюзия, атайын билим берүү, компетенция, ден-соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдар, инклюзивдик компетенттүүлүк.

**Ключевые слова:** инклюзия, специальное образование, дети с ограниченными возможностями здоровья, инклюзивная компетентность.

**Keywords**: inclusion, special education, children with disabilities, inclusive competence.

Акыркы мезгилде билим берүү системасында демократиялык принциптердин негизинде ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга билим берүүгө өзгөчө көңүл бурулуп келе жатат.

Инклюзивдик билим берүүдө балдардын бардык укуктарынын бузулушу алынып салынат, мугалим окутуу иш-аракетинде баардык балдарга бирдей мамилени камсыздайт жана ошол эле мезгилде мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн өзгөчө шарттарды түзөт. Инклюзивдик билим берүүнү уюштурууда мугалим менен үй-бүлөнүн биргелешкен иш аракеттери өтө маанилүү. Мектеп менен ата-энелердин ортосундагы үзгүлтүксүз байланыш окутуу процессинде өзгөчө муктаждыкка ээ баланын билим алуудагы өсүүсүн камсыз кылат. Бул процессте мугалим жетекчи ролду аткарууга тийиш, ал биринчи кезекте ата-энелерге балага туура мамиле жасоо жана таалим тарбия берүү боюнча психологиялык-педагогикалык билимдерди берүүсү зарыл.

Инклюзивдүү билим берүү идеясы негизи бизге Батыштан келди. Ал жакта мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды окутуу боюнча бир топ тажрыйба бар экени талашсыз.

АКШда, Европа өлкөлөрүндө инклюзивдүү окутуу боюнча ар бир мамлекет өзүнчө мыйзамдарды карап чыгып, кабыл алат экен. Программада ар бир балага жекече мамиле жасоо белгиленген. Бизди бул программаны түзүүгө мугалимдер, ата-энелер, дарыгерлер бирдей деңгээлде катышканы таң калтырды, — деди бул тууралуу бизге АКШнын инклюзивдүү билим берүү тажрыйбасы менен таанышып келген агартуучу И. Садырбаев. {1.3}

Кыргызстанда буга чейин мектептерде инклюзивдүү билим берүүнү жайылтуу боюнча бир канча аракеттер көрүлүп келгенине карабай, жалпы коомчулукка инклюзивдүү билим берүү идеялары түшүнүксүз бойдон калып келүүдө.Инклюзивдик билим берүү десе эле ,жалпы элибиз ден соолугу мүмкүнчүлүгү чектелген балдар деп туябыз,чындыгында алып карасак турмуштун ар кандай жагдайларына туш болгон ата-энеси жок учурунда окуугаа шарты боолбогон,же боолбосо миграанттардын балдары,жакыр үй-бүлөлөрдүн балдары да болушу мүмкүн. Албетте мындай балдарга өзгөчө көңүл буруп, өзгөчө билим керектөөлөрү талап кылынат. Ушундай абалдагы балдардын бардыгына өзгөчө көңүл буруп, шарттарды түзүп, кадимки билим берүү системасына кошууну – инклюзивдүү билим берүү деп айтабыз, — дейт окумуштуу адис Замира Жапарова. {1.4}

Адистин ою боюнча инклюзивдүү билим берүүнүн негизги идеологиясы бардык балдарды дискриминациялоону жоюу болуп саналат.

Кыргызстандык инклюзивдүү билим берүүнүн талапкерлери инклюзивдүү билим берүүдө бала үчүн жагымдуу инклюзивдүү чөйрөнү түзүү зор милдеттердин бири экенин айтып келишет. Инклюзивдүү чөйрө деген эмне?

Инклюзивдүү чөйрө – бул ар кандай билим алуу муктаждыктары бар окуучулардын өздөрүн ыңгайлуу сезип, билим берүү процессине толук катышуусу. «Инклюзивдик чөйрөнү түзүү үчүн билим берүү уюму ар бир баланын атайын билим алуу муктаждыктарын эске алууга, сапаттуу билим алуу максаттарында бул муктаждыктарды ишке ашыруу үчүн шарттарды камсыз кылууга тийиш» деп айтылат 2019-2023 жылдарга Кыргыз Республикасында инклюзивдүү билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясында. {1.5}

Концепцияда инклюзивдик билим берүү мамлекеттин билим берүү саясатын ишке ашыруунун артыкчылыктуу багыты болуп аныкталган. Ушуга байланыштуу 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында атайын билим алуу муктаждыктары бар окуучуларга жалпы билим берүү жана адистештирилген билим берүү уюмдарынын базасында инклюзивдик билим берүү шарттарын, билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде инклюзивдик билим берүүнү интеграциялоону камсыз кылуу милдеттери коюлган.

Билим берүүнүн сапатын жана бардык категориядагы окуучулардын, анын ичинде атайын билим алуу муктаждыктары бар окуучуларга билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуунун маанилүүлүгүнүн жана зарылдыгынын негизинде, өлкөнү өнүктүрүү стратегиясынын негизги милдеттерине жана билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзам чыгаруу актыларына ылайык инклюзивдик билим берүү жаатындагы улуттук саясаттын максаттары, милдеттери жана ишке ашыруу этаптары аныкталган.

**майыптуулук** - эмгектенүү жөндөмүн толук же бир кыйла жоготууга алып келүүчү организмдин функцияларынын туруктуу бузулушу же жашоо-тиричилик аракетинин кыйла чектелиши менен

адамдын ден соолугунун бузулушу. Организмдин иштешинин жана жашоо-тиричилик аракетинин бузулуу деңгээлине жараша майыптыктын I, II жана III топтору белгиленет. 18 жашка чейинки балдар "майып бала" категориясына киргизилет;

**инклюзивдик маданият** - бул инклюзивдик билим берүү баалуулуктарын жана принциптерин сактоо, ар кандай, бирок ошол эле учурда атайын билим алуу муктаждыктары бар окуучулардын маданий көп түрдүүлүктү кабыл алуусу, анда коомдоштуктун/коомдун бардык мүчөлөрүнүн өнүгүүсүнө жана катышуусуна өбөлгө түзүлгөн билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын кызматташтыгы жана өнөктөштүгү;

**инклюзивдик чөйрө** - ар кандай билим алуу муктаждыктары бар окуучулар анда өздөрүн ыңгайлуу сезип, билим берүү процессине толук катышкан билим берүү чөйрөсү. Инклюзивдик чөйрөнү түзүү үчүн билим берүү уюму ар бир баланын атайын билим алуу муктаждыктарын эске алууга, сапаттуу билим алуу максаттарында бул муктаждыктарды ишке ашыруу үчүн шарттарды камсыз кылууга тийиш;

**инклюзивдик билим берүү** - бардык окуучулардын ар кандай билим алуу муктаждыктарын жана жекече мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен аларга билим алуунун бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;

**инклюзия** - англис тилинен которгондо "кошуу" дегенди түшүндүрөт. Бул документте ар бир баланы билим берүү процессине жана билим берүү уюмунун жана жалпы эле коомчулуктун коомдун жашоосуна кошуу, атайын билим алуу муктаждыктары бар окуучуларды билим берүү жана социалдык-маданий жашоодон чыгарууну алдын алуу катары аныкталат;

Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү кадрларды даярдоо системасына да, квалификацияны жогорулатуу системасына да инклюзивдик мамилеге окутууну киргизүүнү талап кылат.

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде "Жогорку мектепте инклюзивдик билим берүү" пилоттук курсу иштелип чыгып, педагогикалык кадрларды даярдоочу 6 жогорку окуу жайында киргизилген, ошондой эле инклюзивдик билим берүү маселелери боюнча мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу программасы уюштурулган.

Балдарды мектепке даярдоонун 480 сааттык "Наристе" программасын киргизүүдө мектепке чейинки билим берген педагогдордун атайын билим алуу муктаждыктары бар окуучуларды окутуу жана тарбиялоо боюнча квалификацияларын жогорулатуу программасы ишке ашырылган. {1.6}

2019-2020-окуу жылында инклюзивдик билим берүүнүн деңгээлин көтөрүү максатында Борбордук Азиядагы Евразия фондунун алкагында Кыргызстандын жалпы билим берүүчү мектептериндеги инклюзивдик билим берүүнүн деңгээлин изилдөө иштери жүргүзүлүп келет. Республикадагы бир топ окуу жайлар изилдөө ишин жүргүзүүгө белсенип,илимий макалалар, инклюзивдик билим берүүн жол-жоболорун иштеп келишүүдө Республикадагы жогорку окуу жайлар менен катар Талас мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын башчысы А.А.Умарбекованын жетекчилиги менен студенттер тартылып, анын жыйынтыктары чыгарылып, алдыдагы инклюзивдик билим берүүнүн перспективдүү кадамдары аныкташып, изилдөөгө Талас шаарынын мектептеринин башталгыч класстарынын 40 мугалими жана ден-соолугунан мүмкүнчүлүктөрү бар балдардын 30 ата-энеси катышкан. Мында изилдөөнүн анкеталык сурамжылоо, байкоо жүргүзүү, аңгемелешүү жана интервью алуу методдору колдонулуп, анын жыйынтыгында атайын муктаждыгы бар балдардын ата-энелери үчүн психологиялык-педагогикалык билимдердин жетишсиздиги 92 пайызды түзгөн жана инклюзивдик билим берүүдө мектеп менен үй-бүлөнүн биргелешкен иш аракеттерин уюштурууда мугалимдердин 70% пайызы методикалык жардамга муктаж экендиги аныкталган. Изилдөөлөрдө белгилүү болгондой, инклюзивдик билим берүүнүн максаттарын ишке ашыруу үчүн мугалимдин жана ата-энелердин бирдиктүү иш алып баруу жолдорун, андагы иштин мазмундарын тактоо зарыл болду.{1.7}

Демек билим берүү уюмунун иши билим алууда атайын муктаждыктары бар балдарды окутуу жана тарбиялоо үчүн өзгөчө шарттарды түзүүгө гана эмес,ошондой эле педагогдордун атайын

муктаждыктары бар окуучулардын жана алардын курбулары менен өз ара түшүнүүсүн камсыз кылууга багытталышы керек.

А.Абакирова билим алуудагы атайын муктаждыктары бар балдар менен иштөөнүн жалпы принциптери жанаэрежелерин сүрөттөп,алардын ичинен: " Педагогикалык тактты көрсөтүү.Кичинекей ийгилиги үчүн да туруктуу түрдө мактап сыйлоо,ар бир балага өз убагында жана тактикалык жардам көрсөтүү, анын өзүнүн күчүнө жана мүмкүнчүлүгүнө болгон ишениминөнүктүрүү. Керек экенигин белгилейт {1.8}

Жыйынтыктап айтканда, инклюзивдик билим берүү процесси – бардык балдардын ар түрдүү муктаждыктарын камсыз кылуучу,баарынажеткиликтүү жалпы билим берүү процессин өнүктүрүү,демек педагогдон жогорку деңгээлдеги профессионалдуулукту, этикалуулукту сыпайылуулукту, ийкемдүүлүктү бардык балдарды уга билүү жана түшүнө билүүнү талап кылат.

Демек,инклюзия социалдык мамилелерге оң таасирин тийгизген динамикалык өнүккөн процесс. Мына ушунун тегерегинде окумуштуу -адистерибиз талбай эмгектенип изилдөөлөрдү жүргүзүбүз абзел.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Губайдуллина Л.А.Режим дня,его значение для здорповья (Электронный ресурс) Педагогическое-мастерство.
2. Умарбекова А.А,Жайылган кызы М Инклюзивдик билим берүүдө башталгыч мектептин мугалимдери менен ата-энелердин бирдиктүү иш-аракеттери.Наука.Новые технологии и информации Кыргызстана №6,2020.
3. Джумагулова Ч.А. Принципы и практика инклюзивного образования. - Б., 2001.
4. Инклюзивдик билим берүү идеясы менен иштеген мектептерде ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларды жалпы билим берүү программасы боюнча башталгыч билим берүүнүн ылайыкташылган болжолду упрограммасы. - Б., 2018.
5. Каверина Е.М. Партнерство родителей и детей с ОВЗ / Е.М.Каверина, Т.Л. Бадеева. - Текст: непосредственный электронный//Образование: прошлое, настоящее и будущее: материалы V Междунар. науч.конф. - https:// moluch.ru/ conf/ped/arcive/309/14596.
6. Орусбаева Т.А., Дунганова Д.Э., Сакимбаева Э.Р. Инклюзивдик билим берүү. - Б., 2015. - 39-б.



УДК 519.63

DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-98-103



**Исабеков К. А., Калдарова Г. К.**

К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент,

К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети, магистрант

**Исабеков К. А., Калдарова Г. К.**

Иссык-Кульский государственный университет имени К. Тыныстанова, кандидат физико-математических наук, доцент

Иссык-Кульский государственный университет имени К. Тыныстанова, магистрант

**Isabekov K.A., Kaldarova G. K.**

Issyk-Kul State University named after K. Tynystanov, Candidate of Physical and Mathematical Sciences, docent

Issyk-Kul State University named after K. Tynystanov, Master's student


## МАТЕМАТИКАЛЫК МОДЕЛДӨӨ
## МАТЕМАТИЧЕСКОЕ МОДЕЛИРОВАНИЕ

# MATHEMATICAL MODELING

**Аннотация:** Макаланын максаты – кубулуштарды жана процесстерди математикалык моделдөөдөгү маселелерди ачып берүү. Кандайдыр бир физикалык кубулушту изилдөөдө изилдөөчү биринчи кезекте анын математикалык идеализациясын түзөт же башкача айтканда, математикалык моделин түзөт. Мындай айтканда кубулуштун негизги эмес мүнөздөмөлөрүн этибарга албай, бул кубулушту башкаруучу негизги мыйзамдарды математикалык формада жазат. Көп учурда бул мыйзам ченемдиктер дифференциалдык теңдемелер түрүндө көрсөтүүгө болот. Авторлор компьютердик технологияны колдонуу менен ар кандай процессти изилдөөдө математикалык моделдөөнүн жана математиктер менен прикладдык илимпоздордун симбиозунун маанилүүлүгүн белгилешет. Изилдөөчү илимдин тиешелүү тармагынын мыйзамдарын, методдорун жана алардын ортосундагы логикалык байланыштарды билүүсү зарыл экендиги берилген. Андан сырткары математикалык моделди түзүүнүн бардык аспектилеринде изилдөөнүн максаттары менен милдеттеринин туруктуу дал келүүсүнүн маанилүүлүгү да көрсөтүлгөн. Моделди аныктоо үчүн алгоритм катары кызмат кылуучу математикалык моделдерди классификациялоонун негизги белгилери келтирилген.

**Аннотация:** Цель статьи – раскрыть проблемы при математическом моделировании явлений, процессов. Изучая какие-либо физические явления, исследователь прежде всего создает его математическую идеализацию или, другими словами, математическую модель, то есть, пренебрегая второстепенными характеристиками явления, он записывает основные законы, управляющие этим явлением, в математической форме. Очень часто эти законы можно выразить в виде дифференциальных уравнений. Авторами подчеркнуты важность математического моделирования и симбиоза математика и прикладника при исследования какого-либо процесса с применением компьютерных технологий. Дается что, исследователь должен знать закономерности соответствущей области науки, методы и логичесие связи между ними. А также указывается важность устойчивого совпадения целей и задач исследования во всех аспектах строении математической модели. Дано основные признаки классификации математических моделей который служит алгоритмом для определения модели.

**Abstract:** The purpose of the article is to reveal problems in mathematical modeling of phenomena and processes. When studying any physical phenomenon, the researcher first creates its mathematical idealization or, in other words, a mathematical model, that is, neglecting the secondary characteristics of the phenomenon, he writes down the basic laws governing this phenomenon in mathematical form. Very often these laws can be expressed in the form of differential equations. The authors emphasized the importance of mathematical modeling and the symbiosis of mathematicians and applied scientists when studying any process using computer technologies. It is given that the researcher must know the laws of the corresponding field of science, methods and logical connections between them. It also indicates the importance of a stable coincidence of the goals and objectives of the study in all aspects of the structure of the mathematical model. The main features of classification of mathematical models are given, which serves as an algorithm for determining the model.

**Негизги сөздөр:** Математикалык модел, прикладдык маселелер, жекече туунудуагы тендемелер, маселенин модели, математикалык методдор, оригинал, кубулушту изилдөө, моделдин касиеттери, моделдин өзгөчөлүктөрү, параметрлер, вектор-функция, дифференциалдык тендемелер, эсептөө методдору.

**Ключевые слова:** Математическая модель, прикладные задачи, уравнения с частными производными, модель задачи, математические методы, оригинал, исследование явлений, свойства модели, особенности модели, параметры, вектор-функция, дифференциальные уравнения, методы вычисления.

**Keywords:** Mathematical model, applied problems, partial differential equations, problem model, mathematical methods, original, study of phenomena, model properties, model features, parameters, vector function, differential equations, computational methods.

20-кылымдын ортосуна чейин прикладдык маселелерди чечүүдө чыгарылышты аналитикалык түрдө чагылдырууга мүмкүндүк берген белгилүү классикалык мисалдар менен чектелген. Азыркы технологиянын өнүгүүсү учурдагы реалдуулукту жана адам тарабынан түзүлгөн системаларды так жана терен анализдөөнү талап кылды. Бул талапты аткарууга кенири жайылган компьютерлештирүү процесси мүмкүнчүлүк түздү, бирок сапаттуу, так жыйынтык алуу процесси аналитикалык чыгарылышка караганда татаал болду. Бул өз кезегинде математикалык моделдөө аталышындагы жаны илимий багытка математиктер менен прикладниктердин биригүүсүнө алып келди. Бул симбиоз бир жагынан изилденип жаткан кубулушту туура баяндоо жана изилдөөдөгү маселенин так коюлушу, экинчи жагынан жыйынтыктын тактыгын камсыздаган математикалык методдордун туура колдонулушун талап кылат. Ошондуктан азыр математикалык билими жогорку денгээлдеги илимий жана инженердик кызматкерлерди кенири даярдоо талабы келип чыкты. Бул реалдуулукду илимий таануу боюнча кыйынчылыктын бири гана. Эгер бир адам кандайдыр бир реалдуулук жөнүндө илимий тааныса, аны экинчи бир адамга түшүндүрүүгө умтулат. Мында кандайдыр бир жөнөкөйтүүлөрдү-абстракцияны- камтыган жана пикирлешине түшүнүктүү болгон терминологияны колдонуу талабы келип чыгат. Абстракциянын жардамы менен өтө маанилүү болбогон факторлорду алып салуу менен формалдуу логикага жеткиликтүү болгон, жөнөкөй формада объектти сүрөттөөгө мүмкүндүк берет. Конкреттүү кубулуштун жалпы мыйзам ченемдерин аныктоо үчүн баардык илимдерде абстрациянын ар кайсы формасы колдонулат. Мисалы физикада “математикалык маятник” деген абстракция изилденет. Бул абстракция менен крандын тросуна илинген шар, Прагадагы мунара саатындагы маятниктин термелүүсү ж.б. реалдуу кубулуштар баяндалат. Башкача айтканда ар кандай изилденүүчү объекттердин кандайдыр бир жалпылыгы бар болушу мүмкүн жана бул өз кезегинде абстракцияны тургузууга мүмкүнчүлүк берет. Эгер изилдөөнүн максаты боюнча эки изилденүүчү объектте дал келүүчүлүк болсо, анда бир объекттин ордуна экинчисин изилдөөгө болот. Мында биринчиси оригинал, ал эми экинчиси модель деп аталат.

Демек модель – бул аныкталган шартта кээ бир касиеттерин изилдөөгө мүмкүн болгон оригиналды алмаштыруучу. Ал эми модельдөө бул белгилүү бир шарттарда оригиналдын айрым касиеттерин изилдөө үчүн моделди тандоо же куруу боюнча таануу процесси. Бул процесс бир нече стадиялардан турат. Маселенин коюлушу объектти изилдөөлөрдөн, байкоолордун жыйынтыктарынын негизинде алынган билимдерден жана коюлган практикалык суроого жооп алууга жараша болот. Мында объектке таасир берүүчү факторлордун көптүгүнөн маанилүүлүлөрүн жана алардын жыйынтыкка таасир берүүчү өзгөрүү аралыгын таба билүү керек. Бул- искусство, себеби моделдөө боюнча жалпы ыкмалар жана сунуштамалар жок. Ошондой эле модельдөө кубулушту изилдөөдө колдонулган илимдердин синтези деп түшүнсөк болот. Мында моделдөөчүнүн тиешелүү илимдин бөлүмдөрүнүн аныктамаларын, методдордун жана логикалык байланыштарын билүүсү зарыл. Бирок мында коюлган конкреттүү маселенин туура чечилишине аныктамаларын, методдордун жана логикалык байланыштардын тиешелүү шартта, тешелүү областта так колдонуу негизги ролду ойнойт. Эгерде бул түшүнүктөрдү так колдонуу сакталбаса моделдин бөлүктөрүнүн ортосундагы байланыш бузулат жана өз кезегинде туура эмес чыгарылышка жана жыйынтыкка алып келет.

Моделдөө – бул ыңгайлуу гана эмес, айрым бир өзгөчө шарттарда зарыл илимий ыкма. Бул өзгөчө шарттардын ичинен моделдөөнүн колдонулушун талап кылган жана ансыз оригиналды изилдөө мүмкүн эмес болгон негизги себептерди көрсөтүүгө болот:

- натуралык изилдөөлөрүнүн татаалдыгы же кымбаттыгы (мисалы, экономикада, экологияда);

- кырсыктардан улам натуралык изилдөөлөрдүн мүмкүн эмемтиги же жыйынтыктарды күтүүнүн чексиз убактысынан улам толук масштабдуу изилдөө жүргүзүүнүн мүмкүн эместиги (мисалы, учуудагы өзгөчө кырдаалдар, астрофизикалык кубулуштар).

Жогоруда айтылгандардын негизинде, ар бир илим моделдештирүүнүн үзгүлтүксүз процесси экенин айтууга болот, б.а. белгилүү бир шарттарда оригиналдын белгилүү бир касиеттерин прогноздоого мүмкүндүк берүүчү деңгээлдеги реалдуулукту таануунун чыгармачылык процесси.

Моделдерди оригиналга карата алардын ички түзүлүшүнө жана оригинал менен байланышына ылайык келген эки аспектиде карасак болот [3]:

- оригиналдын касиеттерин туюндуруучу мүнөздүү белгилери жана моделдин иштөөсүнүн өзгөчөлүктөрү;
- моделдин касиеттерин оригиналдын касиеттерине өзгөртүү үчүн негиздер.

Оригиналдын касиеттерин туюнтуунун мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө жана моделдин иштөө өзгөчөлүктөрү боюнча моделдер төмөнкүлөргө бөлүнөт:

- логикалык – адамдын логикасынын принциптерине негизделген, мындан төмөнкүлөрдү бөлсөк болот:

- образдуу – визуалдык көрүнүштү берүү (мисалы, учактын кайсы бир адам тарабынан образдуу сүрөттөөсү);
- символдук-символдорду колдонуу (геометриялык, химиялык ж.б.);
- образдуу-символдук – схемалар (мисалы радиосхема, карта ж.б.).
- функционалдуу геометриялык – визуалдык көрүнүштү берүү (мисалы, учактын кайсы бир адам тарабынан образдуу сүрөттөөсү);

Математикалык моделдөө теориясында моделди куруунун бардык аспектилерин изилдөөнүн милдеттери жана максаттары менен туруктуу дал келишүүсү маанилүү. Ошондуктан, изилдөө үчүн зарыл болгон механикалык системалардын жана процесстердин кээ бир өзгөчөлүктөрүнө токтолу. Биринчиден, мындай объекттерди аныктоочу факторлор катары ченелүүчү чоңдуктар - параметрлер мүнөздөлөт. Экинчиден, мындай моделдер кайра карап чыгууну жана тактоону талап кылбаган жаратылыштын (механиканын) негизги мыйзамдарын сүрөттөгөн теңдемелерге негизделген. Ал тургай, жеке кубулуштардын даяр жарым-жартылай моделдери дагы жалпыда колдонулган шарттар жана колдонуу чөйрөлөрү боюнча жакшы формулировкаланган жана сүрөттөлгөн. Үчүнчүдөн, механикалык системалардын жана процесстердин моделдерин иштеп чыгуудагы эң чоң кыйынчылык болуп объекттин функционалдык да, сандык да жакындатылган мүнөздөмөлөрүн сүрөттөө болуп саналат. Төртүнчүдөн, мындай моделдерге карата жаратылыштын белгилүү мыйзамдарына тиешелүү гана эмес, объекттин жүрүм-турумуна таасир этүүчү көптөгөн факторлорду эске алуу зарылчылыгына ээ болгон заманбап талаптарга алып келет [3].

Математикалык моделдер объекттин математикалык сүрөттөлүшүнө негизделген. Объектини математикалык сүрөттөө бул биринчи кезекте, объекттин иштөө өзгөчөлүктөрүн мүнөздөгөн параметрлеринин өз ара байланыштарын камтыйт, башкача айтканда баштапкы маалыматтар менен изделүүчү чондуктардын ортосундагы байланышты сүрөттөйт.

Жалпы учурда математикалык моделдин элементтери болуп төмөнкүлөр эсептелет (сүр.1)

[1]:




**Сүрөт 1. Математикалык моделдин элементтери**

- баштапкы маалыматтардын (өзгөрмөлөрдүн) топтому X, Y; Мында X - өзгөрмөлүү чондуктардын жыйындысы; Y - көз карандысыз өзгөрмөлөр (турактуулар);
- кирүүчү жана чыгуучу чондуктардын ортосундагы логикалык жана сандык байланыштарын баяндаган жана толук математикалык операциялардын системасын камтыган L - математикалык оператору;
- чыгуу маалыматтарынын жыйындысы (өзгөрмөлөр) G (X, Y).

Мындай параметрлердин өз ара байланыштарын төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- вектор-функция

$$\mathbf{y} = \mathbf{f}(\mathbf{x}, t),$$

- айкын эмес функция

$$\mathbf{F}(\mathbf{y}, \mathbf{x}, t) = 0,$$

- кадимки диференциалдык тендемелер

$$\mathbf{F}(\mathbf{x}, \mathbf{x}', \mathbf{x}'', \ldots, \mathbf{x}^{(m)}, t) = 0,$$

- жекече туундудагы дифференциалдык тендемелер

$$\mathbf{F}\left(\mathbf{y}, \mathbf{x}, t, \frac{\partial \mathbf{y}}{\partial \mathbf{x}}, \frac{\partial \mathbf{y}}{\partial t}, \ldots\right) = 0$$

- эсептөө алгоритмдер,
- ыктымалдуулук (стохастикалык) баяндоо.

Бул түрлөрдүн биринчи төртөө жалпысынан аналитикалык көз карандылыктардагы моделдер деп аталат.

Объектти математикалык баяндоодо объекттин элементтеринин жана параметрлеринин ортосундагы байланыш (эрежелер жана мыйзам ченемдүүлүктөр) гана эмес, объекттин сандык жана функционалдык маалыматтарынын толук жыйындысы (мүнөздөмөлөрү, баштапкы, четки шарттар, чектөөлөр) да кирет. Андан сырткары моделдин жыйынтык параметрлерин эсептөө методдору да кирет.

Башкача айтканда объектти математикалык баяндоо деп жыйынтык маалыматты алууга мүмкүндүк берген маалыматтардын, функциялардын жана эсептөө ыкмаларынын толук жыйындысы катары түшүнс болот

Бул өзгөчөлүктөрдүн баары механикалык системалардын жана процесстердин моделдери негизинен математикалык моделдердин класстарына таандык экендигине алып келет.

Математикалык моделдерди классификациялоонун көптөгөн ар кандай жолдору бар, алардын ар бири анын басымдуу өзгөчөлүгүн аныктоого негизделген.

Математикалык моделдерди классификациянын негизги өзгөчөлүгү катары, мисалы, моделдин предметтик аймагы каралышы мүмкүн. Айтсак, физикада (математикалык жана теориялык физика), химияда (теориялык химия), биологияда (математикалык биология), медицинада (математикалык медицина), психологияда (математикалык психология), социологияда (математикалык социология), экономикада (математикалык экономика) ж.б. математикалык моделдерди ажырата алабыз. Кененирээк классификацияны карасак транспорттук маселелерде, шаардык жана региондук пландоодо, айлана-чөйрөнү коргоодо, океанологияда, лингвистикада, саясат таанууда ж.б. окшош математикалык моделдерди аныктоо аркылуу жасоого болот.

Математикалык моделдөө менен байланышкан бардык интеллектуалдык чыгымдардын, күч-аракеттин чон үлүшүн талап кылган математикалык модель прикладдык математиктин изилдөө предмети боюнча (физика, социология, экономика, айлана-чөйрөнү коргоо ж.б.) жакшы билимин жана адистешүүсүн талап кылат.

Математикалык моделдерди классификациялоодо негизги белги катары математикалык моделдерди курууда жана изилдөөдө колдонулган математикалык аппаратты аныктоону негиздесек болот. Мисалы, кадимки дифференциалдык моделдерге кадимки дифференциалдык теңдемелерди камтыган моделдер кирет. Дагы математикалык моделдерди моделдерди түзүү максаттарына ылайык классификациялоого болот. Мисалы системанын жүрүм-турумун болжолдоо, изилдөө объектинин ички түзүлүшү боюнча гипотезаларды текшерүү, башкаруу процесстерин оптималдаштыруу, контролдоо максатында иштелип чыккан моделдердин классын бөлүп карасак болот. Көбүнчө математикалык моделдер мүнөзүнө жана баяндоо өзгөчөлүктөрүнө жараша классификацияланат.

Демек, математикалык моделдер төмөнкүдөй болушу мүмкүн [2]:

- моделдин негизги теңдемелери кандай экендигине жараша сызыктуу жана сызыктуу эмес; - изилденип жаткан системада убакыттан көз карандылыктын эсепке алынышына же алынбаганына жараша статикалык жана динамикалык;
- моделде көрсөтүлгөн системанын ажыроосуна ылайык функционалдык жана структуралык;
- системанын абалын баяндаган өзгөрмөлөр дискреттүү же үзгүлтүксүз чоңдуктар болушуна жараша дискреттүү жана үзгүлтүксүз;
- системада кокус чондуктардын эске алынган же алынбагандыгына жараша детерминанттык же стохастикалык.

Белгилей кетчү нерсе, жогорудагыдай моделдерди класстарга бөлүү моделди "аныктоо" үчүн уникалдуу алгоритмдин негизи болуп саналат. Башкача айтканда изилдеп жаткан системанын мүмкүн болгон моделин талдап, биз аны сызыктуу же сызыктуу эмес моделдердин классына ыйгарабыз. Андан кийин, статикалык же динамикалык моделди колдонуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө чечим кабыл алынат ж.б.

Мындай анализдин аягында биз, мисалы, иштелип жаткан модель дискреттик абал мейкиндиги бар структуралык сызыктуу динамикалык детерминанттык модел деген тыянакка келебиз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Звонарев Основы математического моделирования-Екатеринбург, 2019.
2. Кузнецов В.Л. Математическое моделирование- М.: часть-1, 2003
3. Кубланов М.С. Математическое моделирование- М.: часть-1, 2004
4. Неймарк Ю.И. Математическое моделирование как наука и искусство. – Нижний Новгород: 2010
5. Самарский А.А., Михайлов А.П. Математическое моделирование. Методы. Примеры. - М.: Физматлит, 2001

УДК: 519.63
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-104-109

**Исабеков К.А., Турдукожоева А. Т.**
К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент,
К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети, магистрант
**Исабеков К. А., Турдукожоева А.Т.**
Иссык-Кульский государственный университет имени К. Тыныстанова, кандидат физико-математических наук, доцент
Иссык-Кульский государственный университет имени К. Тыныстанова, магистрант
**Isabekov K., Turdukozhoeva A.**
Issyk-Kul State University named after K. Tynystanov, Candidate of Physical and Mathematical Sciences, docent,
Issyk-Kul State University named after K. Tynystanov, Master's student

# САБАКТАРДА ЭЛЕКТРОНДУК МААЛЫМАТТАРДЫ ЭФФЕКТИВДУУ КОЛДОНУУ
# ЭФФЕКТИВНОЕ ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ЭЛЕКТРОННЫХ МАТЕРИАЛОВ НА УРОКАХ
# EFFECTIVE USE OF ELECTRONIC MATERIALS IN THE CLASSROOM

**Аннотация:** Макаланын максаты – Маалымат технологияларынын заманбап өсүү темпинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды билим берүүдө колдонуу маселелерин ачып берүү. Азыркы заманбап шартта инновациялык-коммуникациялык технологияларды жана дидактикалык моделдерди эффективдүү жана массалык түрдө колдонуу менен билим берүү системасын санариптик муунга ылайыкташтыруу керек, башача айтканда билим берүү системасын санариптештирүү трансформациясын жасоо керек. Ошондой эле окутуучу менен мугалимдин билим берүүдөгү ролун өзгөртүү керек. Авторлор макалада маалыматтык технологиялар заманында билим берүү парадигмасы жана ага болгон мамиле өзгөрүшү керек экендиги баса белгилешет. Себеби азыркы окуучулар традициялуу ыкма менен билим алгысы келбейт, ал эми мугалим болсо эскиче сабак өтпөш керек. Андан сырткары макалада сабакта презентацияларды эффективдүү колдонуу боюнча сунуштамалар берилет. Окутуучу сабакта окуучуларга өз билимин гана бербестен ал инсанды калыптандыруусу да керек, башкача айтканда лекция маалыматты окутуучудан окуучуга трансформациялоо гана эмес тарбиялык да мүнөзгө ээ болуусу шарт.

**Аннотация:** Цель статьи − раскрыть проблемы при использования информационно-коммуникационных технологий в образовании при современном темпе развития информационных технологий. В современных условиях необходимо адаптировать образовательную систему к цифровому поколению с помощью массового и эффективного использования инновационных образовательных технологий и дидактических моделей, основанных на информационно-коммуникационных технологий, т.е. выполнить цифровую трансформацию этой системы. Также нужно изменить роль учителя и преподавателя. Авторами подчеркнуты важность того, что образование в цифровую эпоху должно быть переопределено и образовательная парадигма должна быть изменена, потому что учащиеся больше не хотят обучаться традиционными способами, а преподаватели не должны продолжать обучение тем же образом. А также даны рекомендации эффективного использования презентаций на уроках. Указывается, что настоящий преподаватель должен не только передавать свои знания - он должен формировать личности, т.е. лекция должна не только исполнять трансфер информации от преподавателя к студентам - она должна носить воспитательный характер.

**Abstract:** The purpose of the article is to reveal problems in the use of information and communication technologies in education at the current pace of development of information technologies. In modern conditions, it is necessary to adapt the educational system to the digital generation through the

massive and effective use of innovative educational technologies and didactic models based on information and communication technologies, i.e. carry out digital transformation of this system. The role of the teacher and teacher also needs to change. The authors highlight the importance that education in the digital age must be redefined and the educational paradigm must be changed because students no longer want to learn in traditional ways and teachers should not continue to learn in the same way. Recommendations for the effective use of presentations in the classroom are also given. t is indicated that a real teacher must not only convey his knowledge - he must form personalities, i.e. a lecture should not only transfer information from the teacher to students - it should be educational in nature.

**Негизги сөздөр:** Маалыматтык технологиялар, билим берүү системасы, инновациялык методдор, лекция, санарип мууну, планшет, фаблет, смартфон, интернет, мультимедиа, онлайн, дистанттык технологиялар, презентация, схема, графика, видео, анимация, слайд.

**Ключевые слова:** Информационные технологии, система образования, инновационные методы, лекция, цифровое поколение, планшет, фаблет, смартфон, интернет, мультимедиа, онлайн, дистанционные технологии, презентация, схема, графика, видео, анимация, слайд.

**Keywords:** Information technology, education system, innovative methods, lecture, digital generation, tablet, phablet, smartphone, Internet, multimedia, online, remote technologies, presentation, diagram, graphics, video, animation, slide.

Акыркы жылдары маалымат технологиялардын өсүшү жогорку темпте болууда. Ошону менен бирге окуу жайларда жана мектептерде заманбап технологиялар менен жабдуу дагы жакшы жолго коюлуп келүүдө. Муну менен бирге билим берүү системасына олуттуу маселеге коюлууда – ой жүгүртүүсү жана окуу стили мурунку «кагаз» муундун көндүмдөрүнөн түп-тамыры менен айырмаланган «санариптик» мектеп окуучуларын жана студенттерди талапка ылайык даярдоону камсыз кылуу.

Көнгөн салттуу окутуу ыкмасы эч качан өзүнүн актуалдуулугун жоготкон эмес жана жоготпойт, айрыкча эгер мугалим өз тармагында ийгиликтин туу чокусунда болуп жана мыкты мугалим болсо. Бирок заманбап окутуучу инновациялык ыкмалар жана каражаттар аркылуу санариптик муундун окуучулары үчүн салттуу лекцияларды, практикалык сабактарды жана окуу китептерин кызыктуураак кылышы керек, аларды класстан кетпегендей кылыш керек.

Азыркы учурда санариптик, Z, NET же ALWAYS ON муун деп 1994-жылдан кийин төрөлгөн жаштарды аташат. NET (тармак) же ALWAYS ON (ар дайым байланышта) муунуна 1999-жылдан кийин, башкача айтканда, интернет тез өнүккөн учурунда төрөлгөн жаштар кирет деп эсептелет [6]. Жети экрандын мууну – булар сыналгы, компьютер, ноутбук, планшет, фаблет, смартфон жана акылдуу сааттын мууну. Бул муунга ата-энеси өз учурунда кандай билим алышса, ошондой шартта билим берүүгө болбойт жана муунду окутуп жатканда кара доскага ак бор менен жазуу аларга кызыксыз жана кара досканы ак маркердик доскага, борду маркерге алмаштыруу эч нерсени өзгөртпөйт. Башкача айтканда мындай алмаштыруу заманбап окуучуларды жана студенттерди эмгек рыногуна ийгиликтүү интеграциялоо үчүн билим алууга жана көндүмдөрдү өнүктүрүүгө түрткү берүүнүн заманбап жолу эмес. Себеби бул муун интернеттен жогоруда көрсөтүлгөн түзүлүштөрдү колдонуу менен мультимедиялык маалыматтарды алууга көнүп калган, алардын көпчүлүгү интерактивдүү. Алар мектепте да, колледжде да, университетте да көп маалымат алууну, же андан да көптү көрүүнү күтүшөт. Ошол себептен инновациялык билим берүү технологияларын жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (МКТ) негизиндеги дидактикалык моделдерди массалык жана натыйжалуу пайдалануу аркылуу билим берүү системасын санариптик муунга адаптациялоо зарыл, башкача айтканда бул системанын санариптик трансформациясын жүргүзүү зарыл. Мындан сырткары мугалимдин ролу да өзгөрүшү керек, себеби билимди жеткирүүчүдөн ал окуучуларды глобалдык тармакта керектүү маалыматты издөөгө, аны анализдөөгө, кайра ойлонууга жана колдонууга, жада калса жаңы билимдерди синтездөөгө багыт берүүчү насаатчыга айланышы керек. Экинчи жагынан, маалыматтык-коммуникациялык

технологиялар билим берүү системасындагы бардык көйгөйлөр үчүн чечүүчү курал эмес, ал санариптик муун үчүн лекцияларды жана практикалык сабактарды көбүрөөк маалыматтуу жана жагымдуу кыла ала турган курал экенин баса белгилөө керек. Ошондуктан мугалимдер интерактивдүү мектеп окутуучусуна багытталган окуу процессинде негизги ролун сактайт. Ошону менен бирге мугалимдин кадыр-баркы жана анын ишинин натыйжалуулугу предметтин мазмунун өздөштүрүү деңгээлинен жана анын мугалимдик жөндөмдүүлүгүнөн жана ошондой эле керектүү окуу материалдарын издөөдө, аны пайдаланууда жана аны берүүдө заманбап маалыматтык жана коммуникациялык технологияларды колдонуу денгээлинен көз каранды болоорун белгилөө керек. Андан сырткары санариптик доордо билим берүү системасынын парадигмасы өзгөртүлүшү керек, себеби заманбап мектеп окуучусу эми салттуу түрдө билим алгысы келбейт жана мугалимдер салттуу окутууну карманбашы керек.

Санариптик муун маалыматтык-коммуникациялык технологияларды эне сүтү менен «сиңирип» жана аларсыз өздөрүнүн күнүмдүк жашоосун элестете алышпайт. Алар колунда компьютердин чычканы, ал тургай сенсордук экранды манжа менен башкарып чоңойушкан жана жаңы санарип технологияларды оңой үйрөнүп, колдоно алышат. Азыркы учурда санариптик муун эмнени каалайт [6]:

- Интернетке күнү-түнү (7/24), ишенимдүү, тез, кенен тилкелүү байланышка каалаган жерде, мүмкүн болсо, акысыз же номиналдык баада ээ болуу;
- мүмкүн болушунча чоң гигагерц жана гигабайт менен көп ядролуу процессору бар смартфонго (планшет, фаблет) ээ болуу, анын жардамы менен каалаган интернет баракчаларын көрө алуу, мультимедиялык маалыматты көлөмү боюнча чектөөсүз жүктөй алуу, достору жана тааныштары менен “чат” алуу, онлайн санарип маалыматты түзүү жана бөлүшүү;
- мультимедиялык интерактивдүү окуу куралдарына жана башкаларга ээ болуу.

Бүгүнкү күндө билимге ээ болууга жетишүү женил болуп турганда, жаш муундун бул эң баалуу байлыкка ээ болуу каалоосу жана жакындыгы азайган тенденцияны байкоого болот. Мунун бир нече себептери бар. Алардын бири, санариптик муундун күтүүлөрү менен биздин мектептердеги, башталгыч, орто жана жогорку окуу жайлардагы реалдуулуктун ортосундагы маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) жана аларда колдонулган дидактикалык моделдер боюнча дал келбөөчүлүк. Ошондуктан санариптик муун бул технологиялар менен чоңоюп, аларды колдонуу деңгээли алардын күтүүсүнө жооп бербеген чөйрөгө туш болгондо, алар өз көңүлүн жана күчүн башка объекттерге жана максаттарга багыттайт.

Азыркы тапта билим берүүнүн ар кандай формалары кенири колдонууда, аларга мисал болуп традициялуу бетме-бет окутуу, дистанттык технологияларды колдонуу менен синхрондук жана асинхрондук окутуу. Дистанттык технологияларды колдонуу менен аралыктан окутуу пандемия учурунда кенири колдонулду.

Окуучулар менен бетме-бет класстарда окутуунун салттуу ыкмасы эч качан өзүнүн актуалдуулугун жоготпойт, айрыкча эгер мугалим өз предметинин туу чокусунда болуп, мыкты мугалим жана харизмасы жогору болсо. Бирок инновациялык ыкмалар жана каражаттар аркылуу санариптик муундун окуучулары үчүн салттуу лекцияларды, практикалык сабактарды жана окуу китептерин кызыктуураак кылып берүү учурдун талабы.

Азыркы тапта көпчүлүк мугалимдер традициялуу сабактарда санарип технологияларды колдонуунун бир элементи болгон - презентацияларды колдонушат. Сабакта колдонулган презентациялар окуучуларга кызыктуу болуш үчүн кандай болуш керек. Ар бир лекция үчүн презентация болушу керекпи? Ооба, керек бул эң жакшы нерсе, анткени байыркы кытай акылманы айткандай:

Мен угуп, унутам.
Мен көрүп, эстеп калам.
Мен жасап, түшүнөм.

Илимий изилдөөлөр боюнча адамдын визуалдык маалымат алуу каналы угуу каналына караганда бир топ чоң мүмкүнчүлүккө ээ экенин тастыктайт. Мээ визуалдык маалыматты тезирээк жана оңой кабыл алат, иштеп чыгат жана эстеп калат.

Ар бир лекцияны бир киши койгон спектакль десек болот. Мында спектаклдин сценаристи, режиссёру, продюсери жана сүрөтчүсү - бул мугалим. Декорациялар болсо – бул презентациянын слайддары. Ал эми спектаклдин көрүүчүсү- бул аудиториядагы окуучулар же студенттер. Мындан презентацияны кантип санариптик муун үчүн көбүрөөк маалыматтуу, жагымдуу жана кызыктуураак кылуу керек деген суроо жаралат. Бул суроонун жообу эн жөнөкөй – башкача айтканда презентация балдарга кызыктуу болуш үчүн ал интерактивдүү, мультимедиялык технологиялар колдонулган жана Интернетке туташтырылган болуш керек, анткени окуучулар, студенттер күн сайын маалыматты Интернеттен көрүп жана алып көнүп калышкан.

Презентация интерактивдүү болушу үчүн, ал интерактивдүү презентациялык системалардын жардамы менен көрсөтүлүшү керек жана класс же аудитория менен кайтарым байланышты колдоонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Ал эми мультимедиалуу болуш үчүн презентация төмөнкүлөрдү камтышы керек: символикалык маалыматтар, сүрөттөр, фотосүрөттөр, схемалар, графикалык маалыматтар, видеолор, анимациялар, 3D моделдер, үн коштоолор ж.б. Андан сырткары презентацияны Интернетке кошуу менен тиешелүү сайттарга гипершилтемелерди кошуу менен жасоо ылайыктуу болот.

Презентация угуучуга кызыктуу болуу үчүн кээ бир сунуштамалар [6]:

● Презентациянын темасынын коюлушу так жана кызыктуу болушу керек.

● Слайддар тиешелүү логикалык ырааттуулукка берилиши керек.

● Мугалим окуучуну биринчи эле слайддардан өзүнө тартып алышы керек.

● Мугалим презентациянын башында лекциянын темасына тиешелүү болгон өзүнүн жеке нерсеси менен бөлүшүүсү максатка ылайык.

● Ар бир слайдга сүрөттөрдү, схемаларды, таблицаларды, графиканы, фотосүрөттөрдү ж.б. жайгаштыруу керек жана эмне жөнүндө айтуу керектигин эскерте турган кичинекей текст коюуу ылайыктуу.

● Эгерде слайдга көбүрөөк текст жайгаштырышуу керек болсо, аны кичинекей, логикалык жактан туташтырылган бөлүктөрдө бөлүп экранга проекциялоо керек жана тексттин бөлүктөрүн бири-биринен айырмалоо үчүн ар кандай түскө боё ылайыктуу.

● Презентация монотондуу болбош керек. Ал үчүн мисалга төмөнкүлөрдү кошуу керек:

- тиешелүү кээ бир жаңылыктар, кыскача видеоклип же анимация;
- интернеттеги пайдалуу маалымат үчүн сайтка шилтеме;
- темага байланыштуу белгилүү адамдын цитатасы;
- кыска академиялык анекдот.

● Ошондой эле төмөнкүлөрдү да эске алуу чон мааниге ээ:

- слайддын фону жарык же нейтралдуу болушу керек;
- тексттин шрифти жеңил окулушу абзел;
- тамгалардын өлчөмү да чон мааниге ээ, себеби аудиториянын акыркы катардагы да окуй тургандай болушу керек;
- тексттин түсү слайддын фонуна контрасттуу болушу керек;
- жылуу жана муздак түстөрдүн айкалышында муздак түстөр басымдуулук кылышы керек, анткени жылуу түстөр кунт коюууну азайтуучу таасирге ээ жана ал тургай уйкуну келтирет;
- слайддагы ар кандай эффекттерди ашыкча колдонууга болбойт, себеби алар окуучулардын көңүлүн, кунт коюусун алагды кылышы мүмкүн.

Билим берүү процессинде презентациялар жана слайддар чоң мааниге ээ жана алар окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырып, маалыматты жеңил жана кызыктуу формада жеткирүүгө жардам берет. Эффективдүү презентацияларды түзүү аркылуу мугалимдер окуучуларды активдүү катышуучу кылып, аларга сабактын маңызын терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк беришет.

Презентацияларды туура түзүп, ар бир слайдды маалыматтын маңызын так жеткиргидей кылып уюштуруу, окуучулардын билим деңгээлин жогорулатууга жана сабакты эсте калтыруу мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүүгө шарт түзөт. Ар кандай визуалдык материалдарды, интерактивдүү элементтерди жана кошумча ресурстарды колдонуу билим берүү процессин жакшыртууда натыйжалуу куралдар болуп саналат.

Бирок, чыныгы мугалим окуучуга өзүнүн билимин гана жеткирбестен, инсанды калыптандырууга тийиш экенин унутпашыбыз керек, башкача айтканда лекция мугалимден окуучуга маалыматты гана бербестен, тарбия берүү мүнөзүнө да ээ болушу керек. Мугалим өзүнүн окуучуга төмөнкүлөрү менен тарбия бере алат [6]:

● тактыгы;
● сырткы көрүнүшү;
● турган турпаты;
● адеп-ахлагы;
● окуучуларга болгон мамилеси;
● лекциялык материалды даярдоо жана аны баяндоо.

Лектор аудитория менен дайыма байланышта болууга тийиш. Аны кантип кылса болот? Бул үчүн төмөнкүлөрдү кылуу сунушталат:

➢ Мезгил-мезгили менен суроолорду берип, туура жооп бергендердин жана алар менен бирге башка окуучулардын да ой жүгүртүүсүн жандандыруу үчүн «дalыдан сылап» туруу.

➢ Аудиториядагы кээ бир угуучу менен мезгил-мезгили менен көз менен байланышты түзүү.

➢ Дене тилин колдонуу, башкача айтканда лектор менен аудиториянын ортосунда баштын, колдун, буттун жана жалпы дененин кыймылдары аркылуу вербалдык эмес баарлашуу. Бул тил түшүнүктүү болушу үчүн мугалим кафедранын же ноутбуктун артына катылбай, окуучулардын алдында болушу керек.

➢ Эгерде аудиторияда мүмкүнчүлүк болсо угуучуларды аралоо, мындай учурда мугалимди ноутбуктан жана экрандан "ажыраткан" лазердик көрсөткүчү бар презентерди колдонуу, ал эми чоң аудитория болсо пиджактын жакасына тагылган микрофон колдонуу.

Маалымат технологияларын колдонуу менен сабак өтүүдө эн негизгиси окутуунун стили академиялык болушу керек. Лекция академиялык болушу үчүн, мугалим окуучулардын же студенттердин алдына аларды ойлонто турган жана анын жардамы менен маселе чече турган суроолорду жана проблемаларды коюшу керек.

Билим берүү процессинде жаны маалымат технологияларын колдонуу татаал адаптациялык процесс. Бул процесске ар бир тиешеси бар адам катышыш керек, албетте ошону менен катар зарыл каражаттар да бөлүнүүгө тийиш. Бирок, бул жерде белгилей кетүүчү нерсе, бул технологиялар адамдын ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүндө өзгөрүүлөрдүн фактору болуп саналса да, билим берүү системасындагы бардык маселелерди чечүү үчүн курал эмес – алар рационалдуу билим берүүнүн негизги өбөлгөлөрүнүн бири гана болуп саналат. Ошондуктан мугалим өзүнүн жетекчи ролун сактайт. Ошол эле учурда заманбап мугалимдин авторитетин анын өз предметин канчалык деңгээлде жакшы билгендигинен гана эмес, анын педагогикалык жөндөмдүүлүгүнөн жана харизмасынан гана эмес, ошондой эле заманбап маалыматты канчалык деңгээлде колдоно билүүсүнөн да көз каранды экендигин баса белгилей кетүү керек.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Браун, Д. Успешная презентация: от идеи до реализации. – Москва: 2018.
2. Кузьмин, Е.Н. Методики визуализации учебных материалов в образовании. – Москва: Просвещение. 2019.
3. Смирнова, Л.В. Инновационные технологии в образовании: возможности и перспективы. – Москва: Издательство Высшей школы экономики. 2020.

5. Турова, А.В. Эффективное использование мультимедийных технологий в образовании. – Санкт-Петербург: Питер. 2021.
6. http://hiedtec.ecs.uni-ruse.bg
7. https://e-learning.uni-ruse.bg/

УДК : 159.9
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-109-112

**Кудабаева Г .Б., Сыдыкова Г. С., Бакасова П. Ж.**
Талас мамлекеттик университети, филология илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, окуутучу,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Кудабаева Г. Б., Сыдыкова Г. С., Бакасова П. Ж.**
Таласский государственный университет, кандидат филологических наук, доцент,
Таласский государственный университет, преподаватель,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Kudabaeva G. B., Sydykova G. S., Bakasova P. J.**
Talas State University, Candidate of Philological Sciences, Associate Professor,
Talas State University, lecturer,
Talas state university, Master̕s student

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕП ЖАШЫНДАГЫ БАЛДАРДЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК КОНЦЕПЦИЯСЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
# ОСОБЕННОСТИ ФОРМИРОВАНИЯ ЭКОЛОГИЧЕСКОГО ПРЕДСТАВЛЕНИЯ ДЕТЕЙ МЛАДШЕГО ШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА
# FEATURES OF THE FORMATION OF THE ECOLOGICAL UNDERSTANDING OF CHILDREN OF PRIMARY SCHOOL AGE

**Аннотация:** Кенже мектеп окуучуларынын инсандык калыптануларында экологиялык тарбиянын теориялык маанисин жакшы өздөштүрүп, ал билимдерди практикада колдоно билүү, балдардын айлана-чөйрөнү аң-сезимдүү кабыл алуудан, жаратылышка кам көрүү, анын ресурстарын пайдалануу зарылчылыгы актуалдуу маселелерден экендиги баса белгиленген. Экологиялык билим берүүнү жана тарбиялоону уюштуруудагы негизги максаттардын бири экологиялык билимди аны практикада колдонуу менен айкалыштыруу болуп саналат. Окуучулардын экологиялык концепциясын калыптандыруу – бул динамикалуу жана татаал процесс, анын натыйжалуулугуна тарбиялык-экологиялык компоненттер таасир этет. Практика көрсөткөндөй, табият таанууну изилдөөдө экологиялык концепцияны калыптандыруу мектеп билими менен жашоонун тыгыз байланышы менен камсыз кылынышы керек. Бул жаратылыш кубулуштарын сактоого жана алардын өз ара мамилелерин жакшыраак түшүнүүгө мүмкүндүк берет жана балдарды жаратылышка активдүү катышууга кызыктырат.

**Аннотация:** Подчеркнуто, что в формировании личности младших школьников необходимо овладевать теоретическим смыслом экологического воспитания и уметь применять эти знания на практике, сознательно принимать окружающую среду, бережно относиться к природе, использовать ее. ресурсов, является актуальной проблемой. Одной из основных целей организации экологического образования и обучения является объединение экологических знаний с их практическим применением. Формирование экологической концепции студентов – динамичный и сложный процесс, на эффективность которого влияют образовательная и экологическая составляющие. Практика показывает, что формирование экологической концепции при изучении естествознания должно быть

обеспечено тесной связью школьного образования с жизнью. Это позволяет сохранить явления природы, лучше понять их взаимосвязь и заинтересовать детей активным участием в природе.

**Abstract:** It is emphasized that in the formation of the personality of junior schoolchildren it is necessary to master the theoretical meaning of environmental education and be able to apply this knowledge in practice, consciously accept the environment, treat nature with care, and use it. resources is a pressing problem. One of the main goals of organizing environmental education and training is to combine environmental knowledge with its practical application. The formation of students' environmental concept is a dynamic and complex process, the effectiveness of which is influenced by educational and environmental components. Practice shows that the formation of an ecological concept in the study of natural sciences should be ensured by a close connection between school education and life. This allows us to preserve natural phenomena, better understand their interrelationships and interest children in active participation in nature.

**Негизги сөздөр:** экологиялык тарбия, экологиялык аң-сезим, экологиялык концепция, экологиялык жүрүм-турум нормалары, экологиялык концепцияны калыптандыруу.

**Ключевые слова:** экологическое образование, экологическое сознание, экологическая концепция, нормы экологического поведения, формирование экологической концепции.

**Keywords:** environmental education, environmental consciousness, environmental concept, norms of environmental behavior, formation of an environmental concept.

Инсандын айлана-чөйрөгө болгон мамилесин аныктоочу экологиялык концепциянын калыптанышы бир катар факторлорго көз каранды болгон татаал процесс катары каралууга тийиш. Айрыкча айлана-чөйрөнү аң-сезимдүү кабыл алуудан, жаратылышка кам көрүү, анын ресурстарын пайдалануу зарылчылыгы актуалдуу маселелерден. Башталгыч класстын окуучуларында экологиялык түшүнүктүн калыптанышы жаратылыш жөнүндөгү билимдин мазмуну жана мүнөзү менен аныкталат. Бул жаратылыш кубулуштарынын негизги байланыштарын чагылдырган экологиялык мазмундагы билим болушу керек.

Евдокимова Т.А. [6] адам менен табияттын ортосундагы байланыштарды ачуу өтө маанилүү экенин баса белгилейт. Анткени адам жаратылыштын бир бөлүгү катары каралат. Адам менен табияттын ортосундагы байланыш, биринчиден, адамдын материалдык жана рухий турмушунда жаратылыштын орду ар түрдүү мааниде көрүнөт. Ошол эле учурда алар адамдын жаратылышка тескери таасиринен да көрүнөт, ал өз кезегинде оң (жаратылышты сактоо) жана терс (абанын жана суунун булганышы, өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын ж.б. жок болушу) болушу мүмкүн.

Экологиялык байланыштар жөнүндөгү материал жаңы материалды өздөштүрүүдөгү сабактын да, жалпы сабактын да мазмунунун милдеттүү элементи болушу керек - дейт М.В. Аргунов [1]. Жаратылыш жөнүндөгү билим эрудицияны, дүйнө таанымды, ой жүгүртүүнү, сүйлөө, эрк, сезимдерди, фантазияны, чыгармачылык жана изилдөө жөндөмдүүлүктөрүн, байкоочулукту, экологиялык маданиятты, позитивдүү адеп-ахлактык сапаттарды, тарбиялык көндүмдөрдү, ишмердүүлүктүн ар кандай теориялык жана практикалык ыкмаларын, атап айтканда, таанып-билүү ишмердигинин ыкмаларын, билимин өркүндөтөт.

«Мен жана дүйнө» сабагы боюнча белгилүү бир билим системасын алуу менен окуучулар жаратылыштагы экологиялык жүрүм-турумдун нормаларын жана эрежелерин да үйрөнө алышат, анткени экологиялык билим берүү аркылуу жаратылышка жоопкерчиликтүү мамиле жасоо тарбияланат. Бирок экологиялык билим берүүнүн шарттары эске алынбаса, жүрүм-турум нормалары жана эрежелери начар түшүнүлөт.

Мектеп окуучуларынын экологиялык концепциясын калыптандыруу эмгектин ар кандай формаларын айкалыштыруу аркылуу ишке ашырылат:

1. Билим берүү жана илимий-изилдөөиш-чаралары:

- экологиялык жана өрөөндү таануу экскурсияларын уюштуруу жана өткөрүү,
- эксперименттерди жана кичи изилдөөлөрдү уюштуруу жана өткөрүү,

- практикалык тапшырмаларды аткаруу.

2. Экологиялык иш-чаралар:

- жаратылышты коргоо боюнча иш-чаралар;

3. – жашыл аянтчаларды отургузуу,

- жем берүүчү жайларды жана канаттуулар үчүн үйлөрдү жасоо,
- өсүмдүктөргө кам көрүү,
- экологияны тазалоо,
- паркты жана дарыя жээктерин жакшырту убоюнча рейддерди өткөрүү.

Мектеп окуучуларынын экологиялык концепциясын калыптандыруу иштин ар кандай формаларын айкалыштыруу аркылуу ишке ашырылат:

Тарбиялык жана тарбиялыкиштер:

- экодолбоорду ишке ашыруу жана коргоо
- сүрөттөрдүн, плакаттардын, баракчалардын конкурстары
- экологиялык жомокторду нжан аырлардын конкурстары
- шаар тургундарына кайрылууларды түзүү
- жалпы мектептик иш-чараларда көрсөтүү
- экологиялык гезиттин «Экологиялык бюллетенин» чыгаруу;
- тематикалык декадаларды, жумалыктарды өткөрүү
- экологиялык темалар боюнча буклеттерди басып чыгаруу;
- компьютердик презентацияларды түзүү.

Курчап турган чөйрөнү эмоционалдык жана эстетикалы ккабыл алуу кенже мектеп окуучуларына жеткиликтүү болгондуктан, мугалим жаратылышка карата эмоционалдык сезимдерди аны изилдөө боюнча таанып-билүүчүлүк тапшырмалар жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча практикалык аракеттер менен айкалыштыруу жолдорун табат.

Табиятка сезондук экскурсияда мугалим балдардын көңүлүн ар бир мезгилдин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө буруп, сулуулук сезимин, өз мекенине болгон сүйүүсүн, жаратылышта компетенттүү жүрүм-туруму, айлана-чөйрөгө карата адамдын оң жана терс иш-аракеттерине баа берүү көндүмдөрүн өстүрөт. [8].

Практика көрсөткөндөй, табият таанууну изилдөөдө экологиялык концепцияны калыптандыруу мектеп билими менен жашоонун тыгыз байланышы менен камсыз кылынышы керек, Бул жаратылыш кубулуштарын сактоого жана алардын өз ара мамилелерин жакшыраак түшүнүүгө мүмкүндүк берет жана балдарды жаратылышка активдүү катышууга кызыктырат[6].

Бул талапты ишке ашыруу экологиялык багыттагы материалдын мазмунун тандоо процессинде анын окуучулар үчүн жеке мааниси да маанилүү критерий болуп саналат –деп билдирет Г. Белявский [2]. Ал бир нече жол менен берилет. Ошентип, окуучулар жергиликтүү өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды коргоо жөнүндө кыскача билдирүүлөрдү (өздөрү тандай алышат); иллюстрацияларды тандоо, чиймелерди түзүү. Дагы бир жол – окуучуларга байкоо жүргүзүү үчүн ылайыктуу объекттерди эркин тандап алуу, андан кийин алардын жыйынтыктарын класста талкуулоо; мугалимдин окуучулардын когнитивдик кызыкчылыктарынын мазмунун жана көлөмүн эске алуусу сыяктуу иш-аракеттер жүргүзүлөт[3].

Экологияга багытталган материалды системалуу пайдалануу аны ар түрдүү предметтер боюнча: табият таануу, эне тили, айлана-чөйрө менен тааныштыруу, окуу, көркөм сүрөт жана башкалар боюнча көптөгөн сабактарда үзгүлтүксүз колдонуу менен камсыз кылынат. Мындан тышкары, иштелип жаткан экологиялык маалымат үзүндү жана чачыранды болбостон, конкреттүү, логикалык жактан түзүлгөн, толук системага уюшулган болушу керек. Башкача айтканда, окуу жылын баштоодо мугалим окуучулардын үйрөнүшү керек болгон экологиялык билим жана көндүмдөрдүн көлөмүн так аныкташы керек [4].

Экологиялык багыттагы материалды колдонуу процессинин максаттуулугу аны сабактын максатына (тарбиялоо, тарбиялоо, өнүктүрүү) баш ийдирүүнү билдирет. Мында экологиялык

маалыматтын мазмунунун өзгөчөлүгүнө жана ар түрдүү таанып-билүүчүлүк жүктөмүнө байланыштуу көп функциялуулугунан чыгуу зарыл [5]. Ошентип, сабакка тартылган экологиялык материал негизги программалык материалды иллюстрациялоо жана конкреттештирүү үчүн колдонулушу мүмкүн; студенттердин билимин жана сенсордук тажрыйбасын жаңылоо; окуучулардын жаңы темага болгон кызыгуусун ойготуу; студенттердин билим жана көндүмдөрүнүн күчүн жана аң-сезимдерин текшерүү; окулган материалды консолидациялоо жана тереңдетүү; окуучулардын өз алдынчалыгын өнүктүрүү; алардын активдүүлүгүн жогорулатуу; окуу менен жашоонун ортосундагы байланыштарга багыттайт.

Ошол эле учурда мугалим экологиялык билим берүүнү, окуучулардын экологиялык концепциясын калыптандырууну, алардын өз алдынчалыгын, жаратылышты коргоо иш-чараларында демилгелүүлүгүн калыптандыруу үчүн окуу сабактарынын мүмкүнчүлүктөрүн дайыма эле пайдалана бербестигин практика көрсөтөт.

Окуучулардын экологиялык концепциясын өнүктүрүүнүн эффективдүү каражаттары, булар: машыгуу көнүгүүлөрү, алардын жаркын мисалы экологиялык жомоктор - деп белгилеген Н.И. Корякин [7]. Окуучулардын жаратылышка байланыштуу кээ бир фактыларды же окуяларды (ассоциациялар оң да, терс да болушу мүмкүн) жашоосунда эстеп калуусу сунушталат, алар аларды ушунчалык таң калтырып, эсинде сакталып калышты дейли. Болжол менен 10 мүнөттөн кийин. Ойлонуп бүткөндөн кийин, сиз “экологиялык жомокторду” уга баштасаңыз болот. Окуучуларга жардам берүү үчүн сиз кагаз, карандаш же маркерлерди сунуштай аласыз. Окутуу сабактары ачык абада, коoз жаратылыш аймагында өткөрүлөт. Бул окуучулардын жандуу жаратылыш менен болгон байланышын тереңирээк сезүүгө мүмкүндүк берет. Мындай сабактарды өткөрүүдө окуучулар тиешелүү тапшырманы аткаргандан кийин табиятта болуу сезимдик тажрыйбасы менен алмашышканда сезимдердин үстүндө иштөө өзгөчө мааниге ээ.

Ошентип, жыйынтыктап айтканда, мугалимдин негизги милдети окуучуну жандуу жаратылыштын мыйзамдарынын иштеши жаатындагы билимин толуктоого үйрөтүү, кенже мектеп окуучуларга жандуу организмдердин айлана-чөйрө менен болгон байланыштарынын маңызын түшүнүүлөрүн камсыз кылуу, анын өз аракеттерин жана экологиялык жактан негизделген жүрүм-турум стратегияларын тандоо болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Аргунова М. В. Экологическое образование в интересах устойчивого развития как надпредметное направление модернизации школьного образования / М.В. Аргунова: автореф. дис… д-ра пед. наук. – Москва, 2009. – 44 с.
2. Белявский Г.А. Основыэкологическихзнаний/Г.А.Белявский, Р.С.Фурдуй. Учебник. – Москва: Просвещение, 2016. - 288 с.
3. Бондаренко А. В. Проблемы формирования экологического сознания в современных условиях / А. В. Бондаренко// Вестник Малой академии наук Криворожский подразделения Европейского университета финансов, информационных систем, менеджмента и бизнеса. - № 1 (1). -2011. -С. 80-87.
4. Гавриленко А. Как учить экологическому прогнозированию/А. Гавриленко// Начальная школа. - 2017. - №12. - С. 42-45.
5. Дерябо С.Д. Экологическая педагогика ипсихология/С.Д.Дерябо, В. А. Ясвин. - Ростов-на-Дону: Феникс,1996. - 480 с.
6. Дубовый В.И. Экологическая культура: учеб. пособие/ В. И. Дубовый. – Херсон: Гринь Д. С., 2016. -256 с.
7. Крисаченко, В.С.Экологическая культура. Теория и практика: учебное пособие/ В. С. Крисаченко. – Киев: Завещание, 2013. - 348 с.
8. Лихачев Б. Т. Экология личности/Б. Т. Лихачев// Педагогика.-1993.-№2.-С.19-24.

УДК : 159.9
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-113-116

**Кудабаева Г .Б., Сыдыкова Г. С., Бакасова П. Ж.**
Талас мамлекеттик университети, филология илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, окуутучу,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Кудабаева Г. Б., Сыдыкова Г. С., Бакасова П. Ж.**
Таласский государственный университет, кандидат филологических наук, доцент,
Таласский государственный университет, преподаватель,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Kudabaeva G. B., Sydykova G. S., Bakasova P. J.**
Talas State University, Candidate of Philological Sciences, Associate Professor,
Talas State University, lecturer,
Talas state university, Master's student

# КЕНЖЕ МЕКТЕП КУРАГЫНДАГЫ БАЛДАРДЫ ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАРБИЯЛООДО ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТТЫН ОРДУ
# МЕСТО ЭКОЛОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ В ЭКОЛОГИЧЕСКОМ ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ МЛАДШЕГО ШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА
# THE PLACE OF ENVIRONMENTAL CULTURE IN THE ENVIRONMENTAL EDUCATION OF CHILDREN OF PRIMARY SCHOOL AGE

**Аннотация:** Башталгыч класстын окуучулрынын окуп таанып билүү процесстерин активдештирүүдө экологиялык тарбиянын теориялык маанисин жакшы өздөштүрүп, ал билимдерди практикада колдоно билүү, балдардын окуп таанып билүү иш-аракеттеринде жөндөмдөрүн экологиялык түшүнүктөрүн калыптандырууда актуалдуу маселелерден экендиги баса белгиленген. Экологиялык билим берүүнү жана тарбиялоону уюштуруудагы негизги максаттардын бири экологиялык билимди аны практикада колдонуу менен айкалыштыруу болуп саналат. Экологиялык маданиятты тарбиялоо- бул динамикалуу жана татаал процесс, анын натыйжалуулугуна экологиялык- нарктык компонент жана тарбиялык экологиялык компоненттер таасир этет. Экологиялык билим берүү процессин оптималдаштыруу үчүн инновациялык педагогикалык технологияларды, жаматтык чыгармачылык ишмердүүлүктөрдү,интерактивдүү технологияларды,долбоордук иш-аракеттерди, б.а. эвристикалык иш-чараларды киргизүү зарыл, алар туруктуу өнүгүүнүн кызыкчылыгында экологиялык билим берүүнүн принциптерине ылайык келүүгө тийиш.

**Аннотация:** Подчеркивалось, что при активизации процессов чтения и обучения учащихся младших классов важно овладевать теоретическим смыслом экологического воспитания, уметь применять эти знания на практике, формировать у детей способности к читательской и учебной деятельности, формировать экологические концепции. Одной из основных целей организации экологического образования и обучения является объединение экологических знаний с их практическим применением. Воспитание экологической культуры – динамичный и сложный процесс, на эффективность которого влияют эколого-ценностный компонент и образовательно-экологический компонент. Для оптимизации процесса экологического образования используются инновационные педагогические технологии, коллективная творческая деятельность, интерактивные технологии, проектная деятельность, т.е. Необходимо ввести эвристические меры, которые должны соответствовать принципам экологического образования в интересах устойчивого развития.

**Abstract:** It was emphasized that when intensifying the reading and learning processes of primary school students, it is important to master the theoretical meaning of environmental education, be able to apply this knowledge in practice, develop children's abilities for reading and learning activities, and form

environmental concepts. One of the main goals of organizing environmental education and training is to combine environmental knowledge with its practical application. Fostering an environmental culture is a dynamic and complex process, the effectiveness of which is influenced by the environmental-value component and the educational-ecological component. To optimize the process of environmental education, innovative pedagogical technologies, collective creative activities, interactive technologies, project activities are used, i.e. It is necessary to introduce heuristic measures that must be consistent with the principles of environmental education for sustainable development.

**Негизги сөздөр:** экологиялык тарбия, экологиялык билим берүү, экологиялык маданият, экологиялык маданияттын компоненттери, экологиялык кризис.

**Ключевые слова:** экологическое образование, экологическое образование, экологическая культура, компоненты экологической культуры, экологический кризис.

**Keywords:** environmental education, environmental education, environmental culture, components of environmental culture, environmental crisis.

Экологиялык билим берүүнү жана тарбиялоону уюштуруудагы негизги максаттардын бири экологиялык билимди аны практикада колдонуу менен айкалыштыруу болуп саналат. Бул милдет өзгөчө курчап турган чөйрөнү коргоо тармагында билим берүүгө жана кадрларды даярдоого талаптар кескин жогорулап жаткан учурда абдан актуалдуу болуп саналат. Ушуга байланыштуу мугалимдин окуучулардын аң-сезиминде экологиялык билимди өнүктүрүү маанилүү. Андыктан экологияга багытталган окуучулардын ишмердүүлүгүн окуучу өзү да тиешелүү билимдердин жетишсиздигин жана окуу жана өз алдынча билим алуу процессинде толуктоо зарылдыгын сезе тургандай кылып уюштуруу маанилүү [7]. Буга мектеп окуучуларын билимди толуктоого жана пайдаланууга багыттоо, репродуктивдүү жана чыгармачылык мүнөздөгү милдеттердин системасын колдонуу аркылуу жетишилет. Мындай тапшырмалардын бир же кээ бир предметтерди изилдөөгө негизделген варианттарын түзүү максатка ылайыктуу, бул айлана-чөйрө жөнүндөгү билимдерди өздөштүрүүдө жана колдонууда предметтер аралык мамилелерди колдонуу зарыл.

Мектеп окуучуларынын экологиялык маданиятын тарбиялоо инсандын эстетикалык жана адеп-ахлактык өнүгүүсү менен ажырагыс байланышта [8].

Т.В. Васильеванын эмгектеринде көрсөтүлгөндөй[3], экологиялык маданиятты тарбиялоо процесси мектеп окуучуларынын жаратылышка болгон мамилесин өнүктүрүүгө экологиялык, эстетикалык жана моралдык компоненттердин айкалышында комплекстүү таасир этет. Эстетикалык жана адеп-ахлактык кабыл алуунун өнүккөн жөндөмү болмоюнча, бүтүндөй өнүгүү жана табигый объектти эстетикалык жактан кемчиликсиз, өз алдынча сулуу катары олуттуу билүү мүмкүн эмес. Бул максатка жетишүүнүн ийгилиги инсандын экологиялык маданиятын өнүктүрүүнүн жүрүшүн жана натыйжаларын аныктоочу бир катар педагогикалык талаптарды аткаруудан көз каранды.

Экологиялык маданияттын компоненттеринин бири болуп саналган мектеп окуучуларынын жаратылышты коргоо иш-аракеттеринде билимдерин жана көндүмдөрүн өнүктүрүү маселеси өзгөчө көңүл буруруга зарыл- деп белгилеген Ю.Д. Бойчук [2]. Гуманитардык предметтерди окутуу процессинде бул маселе табият таануу предметтерин изилдөөгө караганда бир аз башкача чечилет. Табият таануу предметтери өзүнүн мазмуну жана багыты менен түздөн-түз табигый чөйрөдөгү практикалык иш-аракеттерге багытталган. Аларды өздөштүрүү практикалык машыгуулар, изилдөө иштери, экологиялык мазмундагы коомдук пайдалуу эмгекти уюштуруу менен тыгыз байланышта (Л.Л.Багова) [1].

Глобалдык экологиялык кризистин заманбап шарттарында инсан өзүнүн экологиялык аң-сезимине таянуу менен терең билимге ээ болушу керек жана экологиялык факторду эске алуу менен кесиптик чөйрөдө практикалык маселелерди чечиши керек- деп эсептешет изилдөөлөр Д.С. Ермакова, С.А. Черникова, Д.А. Славинский [5]. Экологиялык маданиятты тарбиялоодогу инновациялык ыкмалар билим берүү чөйрөсүнүн тарбиялык (окутуу жана тарбиялоо концепциялары,

окуу программалары, пландары) жана усулдук (тарбия иштерин уюштуруунун формалары, ыкмалары, контролдун мүнөзү) компоненттерин өзгөртүүнү талап кылат.

В.В. Громыконун [4] пикири боюнча экологиялык маданиятты тарбиялоонун маанилүү аспектиси улуттук компонент, ал адамдын айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенүүдөгү тарыхый тажрыйбасын, айлана-чөйрөгө болгон мамилесин эске алат. Өмүр бою экологиялык билим берүүнүн жана экологиялык билим берүүнүн негизи болгон улуттук экологиялык маданият. Билим берүүнүн экологиялык компоненти теориялык билимдер менен бирге каада-салт түрүндөгү күнүмдүк билимди камтышы мүмкүн.

Заманбап экологиялык билимде окуучулардын теориялык билими менен практикалык маселелерди чечүүнүн ортосунда айрыма бар. Мунун себептери болуп "Айлана-чөйрө" окуу дисциплинасын өздөштүрүү үчүн бөлүнгөн убакыттын жетишсиздиги жана атайын окуу курстарында экологиялык компоненттин жоктугу саналат. С.В. Кулневич, Т.П. Лакоценина [6] экологиялык билим берүүнүн кыйла төмөн натыйжалуулугу билим берүү процессине инновациялык формаларды жана окутуу ыкмаларын жетишсиз киргизүүдөн улам байкалып жатканын көрсөтөт.

Ошентип, экологиялык маданиятты тарбиялоо – бул динамикалуу жана татаал процесс, анын натыйжалуулугуна экологиялык-нарктык компонент жана тарбиялык-экологиялык компоненттер таасир этет. Экологиялык билим берүү процессин оптималдаштыруу үчүн инновациялык педагогикалык технологияларды, жамааттык чыгармачылык ишмердүүлүктөрдү, интерактивдүү технологияларды, долбоордук иш-аракеттерди, б.а. эвристикалык иш-чараларды киргизүү зарыл, алар туруктуу өнүгүүнүн кызыкчылыгында экологиялык билим берүүнүн принциптерине ылайык келүүгө тийиш [9 ].

Экологиялык маданиятты тарбиялоо процесси интегративдүүлүк жана мета-субъекттик принциптерге ылайык жүргүзүлүүгө тийиш. Окуучулардын экологиялык жана гуманисттик баалуулуктарды кабыл алуусу үчүн шарттарды түзүү керектөөлөрдү аң-сезимдүү чектөөгө жана адамдын иш-аракетинин биосферага шайкеш принциптерине негизделген [10] болуу керек.

Ошентип, бул эмгек экологиялык маданият кенже мектеп окуучусун кайра ойлонулган баалуулуктар, материалдык жана руханий баалуулуктардын жыйындысы, ошондой эле экологиялык билимдер системасын гана эмес, экологиялык жактан ойлонулган жүрүм-турум стратегиясын камтыган иш-аракеттердин ыкмалары менен маданияттын жаңы түрү катары түшүнөбүз. Кенже мектеп окуучусунун инсандык прогрессивдүү өнүгүшү үчүн зарыл болгон табигый шарттарды сактоого багытталган иш-аракеттер болуп эсептелет. Кенже мектеп окуучуларынын экологиялык маданиятынын компоненттери когнитивдик, мотивациялык-баалуулук жана активдүүлүккө негизделген.

Кенже мектеп окуучуларынын экологиялык маданиятын тарбиялоо процесси системалуу туруктуу өнүгүү үчүн экологиялык билим берүүнүн принциптерине шайкеш келиши керек. Ал принциптер: заманбап методдор жана ыкмалар, сабактардын талкуу формалары, жамааттык чыгармачылык иш-аракеттер, инновациялык педагогикалык технологиялар - интерактивдүү жана оюн-зоок, долбоордук иш ж.б.у.с. менен байытылган, бул бизди туруктуу өнүгүүнүн кызыкчылыгында экологиялык билим берүүнүн контекстинде кенже мектеп окуучуларынын экологиялык маданиятын тарбиялоо процессин практикалык ишке ашыруу үчүн колдоо болгон моделди түзүүгө багыт берет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Багова, Л. Л. Экологическое образование младших школьников врамках интегративного курса «Окружающий мир» / Л. Л. Багова // Концепт. –2017. – № 25. – С. 6.

2. Бойчук Ю.Д. Эколого-валеологическая культура: теоретико-методологические аспекты / Ю. Д. Бойчук. – Томск: Университетская книга, 2016.– 357с.

3. Васильева Т.В.Подготовка педагогов-экологов в условиях модернизации социо-культурного типа: проблемы, подходы. Проблемы развития методики обучения биологии и экологии в условиях

социокультурной модернизации образования. / Т. В. Васильева // сб. статей итезисов– Санкт-Петербург, 2016.– С.83-87.
4. Громыко В.В. Организационно-управленческая модель университета в свете концепции устойчивого развития / В. В. Громыко //Экономика образования. 2016.–№ 3.–С.53-58.
5. Ермаков Д.С. Дополнительное образование в интересах устойчивого развития: / Д. С. Ермаков, С. А. Черникова. – Санкт-Петербург: ВВМ,2014.–218с.
6. Кульневыч С.В. Воспитательная работа в начальной школе: практическое пособие для учителей начальных классов/ С.В.Кульневыч, Т.П.Лакоценина–Воронеж, 2016. – 168 с.
7. Погорелова А.И.Экологическая культура: проблемы и пути формирования/ А.И.Погорелова// Родная природа. –2017.–№3.–С.3-7.
8. Полева М.П. Концептуальные подходы в воспитании экологической культуры личности/М.П.Полева//Вестник ГУУ.–2018.–№7.– С.74-75.
9. Попов Н.С. Экологическое образование для устойчивого развития / Н.С.Попов, МозероваА.С. // Современные проблемы науки и образования. 2015. – № 4.
10. Савватеева О.А.Современное экологическое образование: российский и международный опыт/О. А. Савватеева, А. Б. Спиридонова //Современные проблемы науки и образования. – 2019. № 5.– С. 39.

УДК. 372.853. (575.2)(043.3)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-116-121

**Кушубак кызы Самара, Курманкулов Ш. Ж.**
Талас мамлекеттик университети, магистрант,
Талас мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Кушубак кызы Самара**, **Курманкулов. Ш. Ж.**
Таласский государственный университет, магистрант,
Таласский государственный университет, доктор педагогических наук, профессор
**Kushubak kyzy Samara**, **Kurmankulov Sh. Zh.**
Talas State University, undergraduate,
Talas State University, Doctor of Pedagogical Sciences, Professor

# ОКУТУУНУН ПРИНЦИПТЕРИ БОЮНЧА ТАБИГЫЙ ПРЕДМЕТТЕРДИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
# ОСОБЕННОСТИ ЕСТЕСТВЕННЫХ ПРЕДМЕТОВ ПО ПРИНЦИПАМ ОБУЧЕНИЯ
# FEATURES OF NATURAL SUBJECTS ACCORDING TO THE PRINCIPLES OF EDUCATION

**Аннотация:** Мектептерде окутуучу предметтердин табигый-математикалык жана гуманитардык багыт боюнча бөлүнүүсү шартуу түрдө экендиги белгиленип көрсөтүлгөн. Мындай бөлүнүү ар кандай критерийлердин негизинде жүргүзүлүп келгенине мисалдар келтирилген. Алардын айырмачылыгы аларды окутуу өзгөчөлүктөрүнөн келип чыгары, ошондуктан окутуунун методикалык принциптеринин негизинде кароо мыйзам ченемдүү көрүнүш экендигин белгилеген. Бүгүнкү күндө окутуунун универсалдык методикалык принциптеринен тышкары окутууну инновациялык жол менен уюштурууда жаңы методикалык принциптердин пайда болгондугу көрсөтүлгөн. Ошондой эле, жалпы окутуунун методикалык принциптеринин негизинде кароо менен аларда кайсы принциптер кандай мааниге ээ экендигине жараша предметтердин окутуу өзгөчөлүгү аныкталган. Мындай өзгөчөлүк башталгыч класстарда интеграцияланган табигый билимдерди окутууда дагы орун алары айтылып жана кенже окуучуларга түшүнүктөрдү калыптандыруу процесси кандай өзгөчөлүктөргө ээ экендиги көрсөтүлгөн.

**Аннотация:** Было отмечено, что разделение преподаваемых в школах предметов по естественно-математическому и гуманитарному направлениям является условным. Приведены примеры того, как такое разделение проводилось на основе различных критериев. Он отметил, что их различие заключается в происхождении особенностей их обучения, поэтому рассмотрение их на основе методических принципов обучения является закономерным явлением. Сегодня, помимо универсальных методических принципов обучения, появились новые методические принципы в организации обучения инновационным способом. Также, исходя из методических принципов общего обучения, определена специфика преподавания предметов в зависимости от того, какие принципы имеют в них какое значение. Было заявлено, что такая особенность также будет присутствовать при обучении интегрированным естественным знаниям в начальных классах, и было показано, что процесс формирования понятий младшим школьникам имеет свои особенности.

**Abstract:** It was noted that the division of subjects taught in schools in natural sciences, mathematics and humanities is conditional. Examples are given of how such a division was carried out on the basis of various criteria. He noted that their difference lies in the origin of the features of their training, so considering them on the basis of methodological principles of training is a natural phenomenon. Today, in addition to the universal methodological principles of teaching, new methodological principles have appeared in the organization of training in an innovative way. Also, based on the methodological principles of general education, the specifics of teaching subjects are determined, depending on which principles have what meaning in them. It was stated that such a feature would also be present when teaching integrated natural knowledge in elementary grades, and it was shown that the process of forming concepts for younger schoolchildren has its own characteristics.

**Негизги сөздөр:** Дидактика, инновация, гуманитардык предмет, маалымат, табигый-математикалык предмет, методикалык принцип, процесс, өзгөчөлүк, айырмачылык, деңгээл, маани, зарылдык, изилдөө.

**Ключевые слова**: Дидактика, инновация, методический принцип, процесс, гуманитарный и естественно-математический предмет, особенность, различие, уровень, значение, необходимость, исследование, информация.

**Keywords:** Didactics, innovation, methodological principle, process, humanitarian and natural-mathematical subject, feature, difference, level, meaning, necessity, research, information.

Орто мектептердеги окутулуучу предметтер негизинен эки багытка, табигый-математикалык багыттагы предметтер жана гуманитардык багыттагы предметтер болуп бөлүнүп келет. Ушул бөлүнүшкө жараша айрым мектептер ушундай багыттарда аталып, алардын биринде табигый-математикалык предметтер тереңдетилип окутулса, экинчисинде гуманитардык багыттагы предметтерге көп көңүл бөлүнүп алар тереңдетилип окутулат. Бул бөлүнүүнү шартуу түрдө экендигин дагы белгилөөгө болот. Анткени, биз табигый илимий предметтерди караганда аны окутуу реалдуу дүйнөнүн кубулуштары жөнүндө билимдерди системалаштыруу жана жалпылоо менен байланыштуу экендигине маани беребиз. Ал эми экинчисин карасак, адатта гуманитардык илимдер жандуу адамдарды жана алардын иш – аракеттерин изилдейт, ошол эле учурда табигый илимдер дагы жандуу жана жансыз жаратылышты изилдейт. Бирок биз көбүнчө табигый илимдерди бир беткей жансыз жаратылышты изилдеген процесс катары карап келебиз. Бирок чындыгында андай болбой келет. Мисалы, медицина, физиология жана антропология тирүү адамдарды изилдейт, бирок гуманитардык илимдерге эмес табигый илимдерге карайт. Тескерисинче, XVI кылымга чейин, биринен бирине сөз аркылуу өткөн саякатчылардын легендарлуу, көбүнчө фантастикалык окуяларына негизделген география жана Топон суу жана Атлантида окуяларына негизделген геология гуманитардык илим катары саналып келген. Ошондуктан, бул негизде предметтерди табигый жана гуманитардык деп бөлүү кайсы бир деңгээлде адашууга алып келиши мүмкүн.

Мурда, табигый жана гуманитардык предметтерге бөлүүнү, алардын өзгөчөлүктөрүн баштапкы маалыматты алуу ыкмасы боюнча бөлүү алда канча ыңгайлуу экендиги айтылып келген

[1]. Бул жерде эки ыкма болушу мүмкүн: окуу, угуу жана эркин ойдун жемиштерин билдирүү – миф жаратуу болгон нерселерди гуманитардык предметтер катары кароо болсо, экинчиси байкоо, эксперимент башкача айтканда, изилдөө менен жүргүзүлгөн изденүүлөрдү– табигый илимий предметтер катары кароо.

Жогорудагы айтылгандан башка табигый илим циклинин илимдерин окутууда ар андай шарттуу бөлүнүүнүн өзгөчөлүктөрү эске алынышы пайдалуу экендигин жана ага ылайык материалды окутууда башка төмөнкү методикалык принциптерге негизделиши керек экендиги берилген [2]. Аларга: табигый илим циклинин илимдеринин артыкчылыгы; илимий мамиленин тарыхыйлуулугу; позициянын теңдиги; кайтарым байланыштуулугу; ишенимдүүлүгү; изилдөө позициясын ээлөөчүлүгү. Заман талабына ылайык окутууда бүгүнкү күндө өлкөдө болуп жаткан социалдык-маданий өзгөрүүлөр учурдагы билим берүү коомдун актуалдуу суроо-талаптарын толук канааттандырбай тургандыгын талашсыз көрүнүш болууда. Себеби бүгүнкү күндө биздин жашообузду өзгөрткөн негизги фактор - бул маалыматтык фактор болууда. Маалымат алуу, топтоо жана берүү темпи маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (МКТ) жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө өнүгүү жана кеңири жайылтуу менен камсыз кылынат. Бүгүнкү күндө МКТ каражаттары менен каныкпаган мектепти элестетүү мүмкүн болбой баратат. МКТ каражаттарын колдонуп окутуу боюнча дагы табигый жана гуманитардык багыттагы предметтерди окутуу айырмачылыгы бар экендиги белгилүү болууда [3].

Математика предметин биз көпчүлүк учурда табигый предметтин өкүлү болгон физика предмети менен тыгыз байланышта карап жүрөбүз. Чындыгында, математика - бул гуманитардык илим экенин эске алуу керек. Бул кандайча парадоксалдуу болуп көрүнбөсүн, бирок математика өзүнүн лексикасы жана грамматикасы бар кээ бир тилди билдирери белгилүү [4]. Мындан тышкары, математикалык методдор жана идеялар бара-бара логика сыяктуу гуманитардык илимдерге кирет, бул лингвистика, социология, психология ж.б., аларга карата ой жүгүртүү стилин сиңирүү.

Математика бирөө, бул баарына белгилүү жана физик же лингвист үчүн өзүнчө математика жок. Маселе ар кандай профилдеги класстарда математиканы кантип окутуу керек экендигинде. Мындан дагы окутуу процессине келгенде табигый жана гуманитардык багыттагы предметтердин айырмачылыгы бар экендигин белгилөөгө болот.

Ошондуктан биз, табигый илимий предметтер менен гуманитардык багыттагы предметтердин өзгөчөлүгүн жана айырмачылыгын окутуунун методикалык принциптеринин негизинде кароо мыйзам ченемдүү көрүнүш болоору бышык деген ойдобуз. Макала ушул контекстте каралып, изилденип жазылды. Табигый илимий жана гуманитардык багыттагы пердметтерди окутууда кайсы методикалык принциптер негизги мааниге ээ же негизги мааниге ээ эмес болоруна көңүл бурулду. Аларды үч топко бөлүп, төмөнкүдөй симфолика менен белгилеп алдык: **МЧ** - мааниси абдан чоң же жогору, **МЭ** – белгилүү же жетиштүү деңгээлде мааниге ээ жана **МА-** мааниси же таасирлүүлүгү аз санда.

Советтик доордогу билим берүүдөн баштап, окутуунун универсалдык дидактикалык принциптери абдан кеңири изилденип аныкталган. Анткени билим берүү технологиясы кандай гана өзгөрбөсүн бул методикалык принциптерди эске алуусуз өзгөрүү оң натыйжалуу болушу мүмкүн эмес. Алар окутуу процессинде дайыма колдонулуп жүрөт [5,6]. Бул **универсалдуу методиалык принциптерге** төмөнкүлөр кирет: - акыл-эстүүлүк жана активдүүлүк принциби; -көрсөтмөлүүлүк принциби; -системалуулук жана удаалаштуулук принциби; -бышыктык принциби; - жеткиликтүүлүк принциби; - илимийлүүлүк принциби;

- теорияны практика менен байланыштыруу принциби; -тарыхка кайрылуу принциби; -улануучулук жана гумандуулук приниципи.

Акыркы учурдагы инновациялык окутуу иш багыттары дидактикалык принциптердин гуманитардык багыттагы предметтер үчүн дагы, табигый багыттагы предметтер үчүн дагы жаңы формаларын колдонуу зарылдыгын жаратууда. Анын негизинде окутуунун методикалык принциптери улам байып баратканы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Мисалы гуманитардык багыттагы предметтерди

окутууда төмөнкүдөй жаңы принциптер сунушталган [7]. Алар: -коммуникативдик принцип; - стратегиялык принцип; - проблемалык принцип; - интерактивдүүлүк принцип; - тил, речь жана текстти биримдикте окутуу принциби.

Окутууда компьютердик техника колдонгон учурда универсалдык методикалык принциптерге кошумча төмөнкү эки жаңы принципти киргизүүнү сунуштайт [8]. Алар: -окутууну жекелештирүү жана активдештирүү .

Заман талабына ылайык инновациялык окутууну уюштуруу процессиндеги эске алынуучу маанилүү жаңы методикалык принциптерди колдонуунун зарылдыгы бар экендиги белгиленген [9]. Алар: Убакыттык оптималдуулук; Эркиндик жана мотивдештирүүчүлүк; Багыттуулук жана байкоочулук; Конструктивдик; Маданияттуулук жана тартиптүүлүк; Маневрдык, мобилдүүлүк, ийкемдүүлүк; Диагностикалык жана эрктүүлүк.

Өздөштүрүгө жеңилдүүлүгү жана окутуунун тарбия берүүчү багытын эске алуда, оюн сабагына колдонууга төмөнкү кошумча принциптер сунуш кылынган [10]. Алар:- компетенттүүлүк; - демократиялуулук; - жоопкерчиликтүүлүк; - эмгекчилдик; -эрктүүлүк; - биримдик; - кызматташтык; - атандаштык; -ынтымак; -эмоционалдык; - интеллектуалдык; - чыгармачылык; - демилгелүүлүк.

Табигый жана гуманитардык багыттагы предметтерди окутуудагы айырмачылыгы жогорудагы берилген методикалык принциптердин колдонуудагы маанилүүлүк даражасы менен аныктоого аракет жасалды. Ал 1-таблицада берилди.

**1-таблица. Табигый жана гумантитардык багыттагы предметтердин окутуудагы методикалык принциптеринин таасирдик айырмачылыгы.**

| №№ | Методикалык принциптердин аталыштары | Табигый предметтер | Гуманитардык предметтер | Дал келүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | - акыл-эстүүлүк жана активдүүлүк принциби; | МЧ | МЧ | 2мч |
| 2 | -көрсөтмөлүүлүк принциби; | МЧ | МЧ | 2мч |
| 3 | - удаалаштуулук принциби; | МЧ | МА | 1мч |
| 4 | -бышыктык принциби; | МЧ | МЧ | 2мч |
| 5 | -жеткиликтүүлүк принциби; | МЧ | МЧ | 2мч |
| 6 | - теорияны практика менен байланыштыруу принциби | МЧ | МЭ | 1мч |
| 7 | -илимийлүүлүк принциби; | МЧ | МЭ | 1мч |
| 8 | -тарыхка кайрылуу принциби | МА | МЭ | 1мэ |
| 9 | -улануучулук приниципи | МЧ | МА | 1мч |
| 10 | -коммуникативдик принцип | МЭ | МЧ | 1мч |
| 11 | -стратегиялык принцип | МА | МА | 2ма |
| 12 | - проблемалык принцип | МЭ | МА | 1мэ |
| 13 | - интерактивдүүлүк принцип | МЭ | МЭ | 2мэ |
| 14 | -тил, речь жана текстти биримдикте окутуу принциби | МА | МЧ | 1мч |
| 15 | -окутууну жекелештирүү | МЭ | МЭ | 2мэ |
| 16 | -окутууну активдештирүү | МЭ | МЭ | 2мэ |
| 17 | -Убакыттык оптималдуулук; | МЭ | МЭ | 2мэ |
| 18 | -Эркиндик жана мотивдештирүүчүлүк; | МЭ | МЧ | 1мч |
| 19 | -Багыттуулук жана байкоочулук; | МА | МА | 2ма |
| 20 | -Конструктивдик | МЭ | МА | 1мэ |
| 21 | -Маданияттуулук жана тартиптүүлүк; | МА | МА | 2ма |
| 22 | -Маневрдык, мобилдүүлүк, | МЭ | МА | 1мэ |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ийкемдүүлүк; | | | |
| 23 | - Диагностикалык | МЭ | МА | 1мэ |
| 24 | -Эрктүүлүк. | МЭ | МЭ | 2мэ |
| 25 | :- компетенттүүлүк | МЭ | МЭ | 2мэ |
| 26 | - демократиялуулук; | МА | МА | 2ма |
| 27 | - жоопкерчиликтүүлүк | МЭ | МЭ | 2мэ |
| 28 | - эмгекчилдик; | МЧ | МЧ | 2мч |
| 29 | кызматташтык; | МЭ | МЭ | 2мэ |
| 30 | - атандаштык; | МА | МА | 2ма |
| 31 | -ынтымакжана биримдик. | МЭ | МЭ | 2мэ |
| 32 | -эмоционалдык; | МЧ | МЭ | 1мч |
| 33 | интеллектуалдык; | МЧ | МА | 1мч |
| 34 | Чыгармачылык, креатив | МЭ | МЧ | 1мч |
| 35 | демилгелүүлүк. | МЭ | МЭ | 2мэ |

Таблицага анализ жүргүзүү менен төмөнкүлөрдү айтууга болот. Табигый жана гуманитардык багыттагы предметтер методикалык принциптердин маанилуулук даражасы боюнча караганда 20 позиция боюнча бирдей болору көрүндү. Башкача айтканда методикалык принциптердин эки багыттагы предметтер үчүн тең чоң мааниге, мааниге же мааниси аз экендиги боюнча дал келди. Беш методикалык принциптин эки багыттагы предметтер үчүн тең чоң мааниге ээ экендигин көрүүгө болот. Мисалы, табигый жана гуманитардык багыттагы предметтерди окутууда окуучулар үчүн жаңы материалдарды баяндоодо эмоционалдык таасир зарылдыгын унутпашыбыз керек. Ошондуктан, жаңы материалды түшүндүрүүдө жаркыраган иллюстрациялык материалды тартуу эки багыт үчүн да зарыл шарт болуп саналат. Ал эми сегиз методикалык принциптин эки багыттагы предметтер үчүн тең жетиштүү мааниге ээ экендиги, ал эми беш методикалык принциптин эки багыттагы предметтер үчүн тең мааниси төмөн, аз экендигин белгилөөгө болот. Жалпысынан каралып жаткан 35 методикалык принциптин 15 пункту боюнча алар бири-биринен айрымаланганын көрүүгө болот. Негизги белгилөөчү жагдай, бул улануучулук, удаалаштуулук, проблемалык, конструктивдик, диагностикалык, коммуникативдик, сүйлөө жана текстти биримдикте окутуу принциптеринен өзгөчө айырмачылык байкалат. Буларды окутуудагы табигый жана гуманитардык багыттагы предметтердин бири-биринен болгон өзгөчөлүгүнүн далили катары саноого болот.

Удаалаштык жана улануучулук принциби табигый предметтер үчүн абдан чоң мааниге ээ болсо, гуманитардык предметтер үчүн алар мааниси аз болгон принциптерге кирет. Бул өзгөчөлүк окуу материалынын бөлүмдөгү курстан курска өтүүдө жана өзгөчө окуунун бир баскычынан экинчисине өтүүдө билимдин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу көйгөйүн жаратат, мында дал ушул үзгүлтүксүздүктү сактоо табигый билимдерди жана көндүмдөрдү калыптандыруунун эң маанилүү шарттарынын бири болуп саналат. Улануучулук принцибинин эске албагандыгынын проблемасы билим берүү тутумунун жалпы социалдык-маданий кырдаал менен болгон байланыштарынын толук эместиги, бир тараптуулугу болгон жерде пайда болот.

Жогорудагы айтылган өзгөчөлүк табият таану предметин өздөштүрүп жаткан баштапкы класстын окуучулары үчүн дагы мааниге ээ болот. Башталгыч класстын окуучулары табияттын элементери жөнүндө окуп үйрөнүү жана толук иш түрүндө жаңы билимдерди жана көндүмдөрдү иштеп чыгуу үчүн, окутуу туура уюштурулушу керек. Кыргыз Республикасында баштапкы мектеп окуучуларынын илимий билим берүүсү олуттуу жаңыланууда. Бул, баарыдан мурда, билим берүүнүн бул чөйрөсүнүн жогорку өнүктүрүүчү жана тарбиялык маанисин, мектеп окуучуларынын заманбап, экологиялык багыттагы дүйнө таанымынын негиздеринин калыптанышына анын өзгөчө салымын так түшүнүү менен байланыштуу.

Мектепте башталгыч билим берүүдө табигый илимий билимдер предмети гуманитардык предметтерден бир топ айырмачылыкка ээ экендигин белгилөөгө болот. Анткени, бул багытта

балдардын курчап турган дүйнөгө жана андагы адамдын ордуна карата жалпыланган, бирдиктүү көз карашын калыптандыруу максатында табигый жана жалпы илимий билимдердин интеграциясы жүрүп жатат. Башталгыч мектеп баланын илимий сабаттуулугунун негизин түзгөндүгү эсепке алынууда. Жандуу жана жансыз жаратылыш жөнүндөгү билимдин элементтери, жаратылыш кубулуштары интеграцияланган курска киргизилген жана жаратылыш блогун түзөт. Бул блок физика, химия, биология, экология географиясынын элементардык өкүлчүлүктөрүн жана түшүнүктөрүн камтыйт.

Башталгыч класстын окуучуларына түшүнүктөрдү калыптандыруу процесси бир катар өзгөчөлүктөргө ээ:

- түшүнүктөр аныктамаларды жаттоо жолу менен гана "даяр түрдө" өздөштүрүлбөйт, ал иштелип чыгат жана калыптанат;

- түшүнүктөр дароо эле бир жолу окуганда эле өздөштүрүлбөйт, ал акырындык менен үйрөнүлөт, албетте, алар көлөмү жана тереңдиги боюнча тынымсыз өнүгөт;

- түшүнүктөр-бул алардын айрымдары башкалар менен байланышкан система;

- түшүнүктөрдүн калыптануу процесси башкарылат, ал мугалимдин жетекчилиги астында ишке ашуучу максаттуу багытка ээ болот.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Гумилев Л.Н. “Этногенез и биосфера Земли” [Текст], / Л.Н. Гумилев // Сост. под общ. Ред. А.И. Куркчи. – М.: “Институт ДИ-ДИК”, 1997.
2. Проблемы современного образования. Интернет-журнал. www.pmedu.ru 2011, №4, 87-91
3. Коротенков Ю.Г. Учебное пособие «Информационная образовательная среда основной школы» [Текст] / Ю.Г. Коротенков - Академия АйТи - 2010. -110с.
4. Атаханов Р. Математическое мышление и методики определения уровня его развития[Текст] / Р. Атаханов. Москва -Рига, -2002. - 208 с.
5. Мамбетакунов Э.М. Физиканы окутунун теориясы жана практикасы. КР билим берүү министрлиги, Ж. Баласагын атындагы КУУ, НМУ. [Текст], / Э.М. Мамбетакунов -Б.: «МОК» басма борбору, 2004.- 490б.
6. Усова А.В. Теория и методика обучения физике. Общие вопросы: Курс лекций[Текст] / А.В. Усова – Санкт-Петербург, Медуза, 2002. -157с.
7. Турдугулова К.М. Кыргыз орто мектептеринде татал сүйлөмдүн синтаксисин окутуунун лингводидактикалык негиздери [Текст]: педагогика илимд. кандидаты дисс. авторефераты. / К.М. Турдугулова. -Б.: 2003.-21с
8. Сергеева Т. Дидактические требования к компьютерным обучающим программам[Текст]. / Т. Сергеева, А. Чернявская // Информатика и образование. №1. -1988. – С. 48-51
9. Курманкулов Ш.Ж. Орто мектептерде физикалык билим берүүнү уюштуруунун илимий-методикалык негиздери [Текст]: Педагогика илимд. доктору дисс. авторефераты. / Ш.Ж. Курманкулов -Б.: -2017.-44с
10. Дөөлөталиева А.С. Дидактикалык оюндар аркылуу окуучуларды сабакка кызыгууну активдештирүү [Текст]./ А.С. Дөөлөталиева, Э.К. Молдокеримова // Ж. Баласагын атындагы КУУнун ЖАРЧЫСЫ. №6. -2014. 218-221бет.

УДК 51
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-122-125

**Кыштообаева Ч. А., Сейдибакасова А.**
Талас мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Кыштообаева Ч. А., Сейдибакасова А.**
Таласский государственный университет, кандидат педагогических наук, доцент
Таласский государственный университет, магистрант
**Kyshtoobaeva C. A., Seydibakasova A.**
Talas State University, Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor,
Talas State University, Master's student

# МАТЕМАТИКА САБАГЫНДА БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАГЫ ОКУУЧУЛАРДЫН ЛОГИКАЛЫК ОЙ-ЖҮГҮРТҮҮЛӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮ
# РАЗВИТИЕ ЛОГИЧЕСКОГО МЫШЛЕНИЯ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ НА УРОКАХ МАТЕМАТИКИ
# DEVELOPMENT OF LOGICAL THINKING OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS IN MATHEMATICS LESSONS

**Аннотация:** Логикалык ой-жүгүртүү — бул окуучулардын интеллектуалды көнүгүүсүнүн маанилүү бөлүгү болуп саналат. Мектептеги окуучу үчүн математика предмети жөн гана сандарды жана арифметикалык операцияларды үйрөнүү эмес, логикалык ой-жүгүртүүнү, талдоо жана туруктуу ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнүн башаты болуп калат. Башталгыч класстарда бул жөндөмдөрдү калыптандыруу жана өнүктүрүү келечектеги билим алуунун негизин түзөт. Математика сабагы аркылуу логикалык ой-жүгүртүүнү өнүктүрүү мектеп программасында маанилүү орунду ээлейт, анткени ал окуучуларга ар түрдүү маселелерди чечүүгө, жаңы маалыматтарды өздөштүрүүгө жана жашоо кырдаалдарында өз ойлорун калыптандырууга жардам берет. Окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн аларга ой жүгүртүүнү практика жүзүндө көрсөтүү зарыл. Ой жүгүртүүнү өнүктүрүү ишмердүүлүктө пайда болот, ошондуктан окуучулардын тийиштүү ишмердүүлүктөр үчүн шарттарды түзүү зарыл. Бул учурда окуучулар маселенин жообун табуу процессинин активдүү катышуучуларына айланып, маселени чыгаруунун булактарын түшүнө башташат. Натыйжада аларкаталардын жана кыйынчылыктардын себептерин оңой өздөштүрүшөт, табылган чечимге жана логикалык ойлордун жүрүшүнө баа беришет.

**Аннотация:** Логическое мышление является важной частью интеллектуального развития учащихся. Для школьника предмет математика – это не просто изучение чисел и арифметических действий, а начало развития логического мышления, анализа и устойчивого мышления. Формирование и развитие этих навыков в начальной школе составляет основу будущего образования. Развитие логического мышления посредством урока математики занимает важное место в школьной программе, поскольку помогает учащимся решать различные задачи, усваивать новую информацию и формировать собственные мысли в жизненных ситуациях. Чтобы развить мышление учащихся, необходимо показать им мышление на практике. Развитие мышления происходит в деятельности, поэтому необходимо создать условия для соответствующей деятельности учащихся. В этом случае учащиеся становятся активными участниками процесса поиска ответа на проблему и начинают понимать источники решения проблемы. В результате они легко понимают причины ошибок и затруднений, оценивают найденное решение и логические рассуждения.

**Abstract:** Logical thinking is an important part of the intellectual development of students. For a schoolchild, the subject of mathematics is not just the study of numbers and arithmetic operations, but the beginning of the development of logical thinking, analysis and sustainable thinking. The formation and development of these skills in primary school forms the basis of future education. The development of

logical thinking through mathematics lessons occupies an important place in the school curriculum, as it helps students solve various problems, assimilate new information and form their own thoughts in life situations. To develop students' thinking, it is necessary to show them thinking in practice. The development of thinking occurs in activity, so it is necessary to create conditions for the appropriate activity of students. In this case, students become active participants in the process of finding an answer to a problem and begin to understand the sources of solutions to the problem. As a result, they easily understand the causes of errors and difficulties, evaluate the solution found and logical reasoning.

**Негизги сөздөр:** логикалык ой-жүгүртүү, окуучу, тапшырма, өнүктүрүү, аналогия, башталгыч класс, математика.

**Ключевые слова:** логическое мышление, ученик, задача, развитие, аналогия, начальная школа, математика.

**Keywords:** logical thinking, student, task, development, analogy, elementary school, mathematics.

Башталгыч класстагы окуучуларда логикалык ой-жүгүртүүнүн өнүгүүсү белгилүү бир психологиялык өзгөчөлүктөргө байланыштуу. Бул жаштагы балдардагы эле көбүнчө көрүү-операциялык ой-жүгүртүү деңгээлинде иштешет, андыктан маалыматты жана эсептерди сүрөттөр же практикалык иштер аркылуу кабыл алууга көбүрөөк умтулушат. Бул жерде математика сабагында визуалдык материалдарды колдонуу, логикалык оюндар жана практикалык тапшырмалар абдан чоң мааниге ээ. Башталгыч класстарда окуучулар көбүнчө сызыктуу ой жүгүртүүгө ыкташат, башкача айтканда, алар бир нерсени бир эле жол менен түшүнүүгө жана үйрөнүүгө жакын. Ошондуктан, сабак учурунда ар түрдүү тапшырмаларды жана ыкмаларды колдонуулардын ой жүгүртүү жөндөмдөрүн калыптандырат [3].

Башталгыч класстардын окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүн калыптандырууну ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй темалар боюнча өнүктүрүү тапшырмаларынын системасы түзүлөт:

· аналогия;
· ашыкчасын алыпсалуу;
· классификациялоо;
· логикалык тапшырмалар;
· геометриялык мазмундагы маселелер;
· «куюштуруу» маселелери;
· тамаша тапшырмалар;
· сандык ребустар;
· көңүл ачуучу тапшырмалар [1].

Математика сабагында ар түрдүү логикалык тапшырмалар менен иштөө, ар кандай маселелерди чечүү, окуучуларга талдоону жана салыштырууну, мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана байланыштарды табууну үйрөнүүгө шарт түзөт. Башталгыч мектепте математика сабагында логикалык ой-жүгүртүүнү өнүктүрүү, окуучулардын билим алуу жараянынын активдүүлүгүн жана кызыгуусун арттырат.

Аналогия – бул кандайдыр бир жагынан объектилердин ортосундагы окшоштук. Математикада аналогияны колдонуу маселелердин чыгаралыштарын табуу негиздеринин бири болуп саналат. Бул катардагы тапшырмалар тексттик аналогияларды даярдоо жана фигуралардын ортосундагы окшоштуктарды табуу сыяктуу когнитивдик ыкмаларды өнүктүрүүгө багытталган[2].

Мисалы:

1. кемитүүчү - айырма, көбөйтүүчү - ...?
2. катардыулантыңыз: 1, 5, 13, 29, …

7, 19, 37, 61, …

Ашыкча нерселерди алып салуу.

Бул сериядагы ар бир маселе төрт объектти камтыйт, алардын үчөө бири-бирине олуттуу окшош жана бирөө гана башкалардан айырмаланат.

Мисалы:

1. 2; 9; 12; 8; 15
2. см, дм, м2, км.

Классификациялоо – ой жүгүртүүнүн жалпы таанып билүү ыкмасы, анын мааниси объекттердин берилген жыйындысын жуптуу бөлүнүүчү топко (класстарга) бөлүүдө турат.

Мисалы:

Узундук, аянт, масса деген сөздөрдүн кандай жалпылыгы бар? Аларга кайсы сөз туура келет: секунда, центнер, өзгөмө, метр?

Математика сабагында логикалык ой-жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн атайын иштелип чыккан тапшырмалар чоң роль ойнойт. Мындай тапшырмалар окуучуларды логикалык ой жүгүртүүгө, өз ара байланыштарды аныктоого жана жалпылоого үйрөтөт. Алардын ичинен эң натыйжалуу ыкмалар төмөнкүлөр:

- Тамаша тапшырмалар, көңүл ачуучу тапшырмалар, варианттарды иргеп чыгуу менен байланышкан тапшырмалар акыл-эстин ийкемдүүлүгүн жана эркин ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө жардам берет, анткени көпчүлүк учурда бул тапшырмалар темалар менен байланышкан эмес жана атайын теориялык даярдыкты талап кылбайт.
- Куюштуруу тапшырмалар, логикалык маселелер, пазлдар, классификациялык маселелер мектеп окуучуларын ой жүгүртүүгө үйрөтөт, ой жүгүртүүнүн математикалык стилин калыптандырат, балдардын логикалык жана лингвистикалык жөндөмдөрүн өнүктүрөт, алар так ойлонууга, толук логикалык ой жүгүртүүгө жана өз оюн так айтууга алып келет.
- Аналогия жана ашыкча нерселерди алып салуу боюнча тапшырмалар маселелердин чечимдерин табуу көндүмдөрүн, интуицияны өнүктүрүүү чүн колдонулат жана теорияны билүү жана чечүүү чүн салттуу эмес мамилени талап кылат.
- Геометриялык мазмундагы тапшырмалар мектеп окуучуларынын мейкиндик жана визуалдык жөндөмдөрүн калыптандыруунун негизи катары геометриялык фигураларды жана алардын касиеттерин билүүгө, алардын көз карашын кеңейтүүгө багытталган[4].

Логикалык маселелерди чечүү, лабиринттерди өтүү, кызыктуу табышмактар жана ребустар окуучуларга ой жүгүртүүнүн ийкемдүүлүгүн өнүктүрүүгө жардам берет. Мисалы, “Булардын кайсынысы ашыкча?” деген тапшырмалар окуучуларды берилип жаткан предметтердин же сандар тобундагы өзгөчөлүктөрдү табууга үйрөтөт.

Классификация жана салыштыруу тапшырмалары: Мындай тапшырмалар окуучуларга предметтерди топтоштурууга, айырмасын жана окшоштугун табууга жардам берет. Мисалы, сандарды жуп жана так, же геометриялык фигураларды формасына жараша бөлүү тапшырмалары окуучуларга жалпылоо жана логикалык ой жүгүртүү көндүмдөрүн калыптандырууга шарт түзөт [3].

Иреттүү тапшырмалары жана жыйынтык чыгаруу: Окуучуларга бир катар маалыматтарды талдоого жана алынган жыйынтыктардан жыйынтык чыгарууга мүмкүнчүлүк берүүчү тапшырмалар чоң мааниге ээ. Мисалы, математикалык кырдаалдарды сүрөттөө, ө зсөздөрү менен түшүндүрүү тапшырмалары окуучулардын аналитикалык жөндөмдөрүн өрчүтөт.

Мисалы:

1.Айдай, Дамира, Канат жана Марат мөмө терип жатышты. Дамира эң көп мөмө чогулткан, Айдайэчкимден кем калган жок. Кыздар балдарга караганда мөмө-жемиштерди көп тергени чынбы?

2.Надира чын айткан. Лилия аны сөзмө-сөз кайталады, бирок жалган болуп чыкты. Надира эмне деди?

3. Пионер лагерине үч дос келди: Миша, Володя жана Петя. Алардын ар биринин фамилиялары бар экендиги белгилүү: Иванов, Семенов, Герасимов. Миша менен Герасимовдор, Володянын атасы инженер. Володя 4-класста окуйт. Герасимов 3-класста окуйт. Ивановдун атасы механизатор. Балдардын ар биринин фамилиясы ким?

Жаңы мыйзам ченемдүүлүктөрдү табуу: Окуучуларга мыйзам ченемдүүлүктөрдү өз алдынча табууга мүмкүнчүлүк берүү, мисалы, сандык катарлардын же геометриялык фигуралардын логикасын

түшүндүрүү логикалык ой-жүгүртүүнү өрчүтөт. Мындай тапшырмалар окуучуларды чыгармачыл ой-жүгүртүүгө үйрөтөт, алардын кызыгуусун арттырат жана ойлонууга түрткү берет [6].

Башталгыч класстарда логикалык ой-жүгүртүүнү өнүктүрүү бир катар маанилүү аспектилерди камтыйт. Бул мезгилде балдардын мээси активдүү өнүгүп, билимге болгон кызыгуусу жогору болот, ошондуктан алардын ой жүгүртүү көндүмдөрүн туура багытта өнүктүрүү абдан маанилүү. Математика сабагында логикалык тапшырмаларды колдонуу аркылуу окуучулар критикалык ой-жүгүртүүнү үйрөнүшөт, ар кандай маселелерди чечүүдө өздөрүнүн ойлорун түзүүгө жана жөнөкөйкөйгөйлөрдөн татаал маселелерди чыгарууга жөндөмдүү болушат [5].

Логикалык ой-жүгүртүүнүн өнүгүүсү, окуучулардын билимди кабыл алуу процессинде да жакшына тыйжаларды берет. Мисалы, математика сабагында белгилүү бир алгоритмдерди жана жол-жоболорду түшүнүүдө окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсү аларга теориялык маалыматты практикалык колдонууга өбөлгө түзөт. Муну менен катар логикалык ой-жүгүртүүнү өнүктүрүү баланын социалдык көндүмдөрүн да өрчүтөт — ал топто иштөөнү, пикир алышууну жана биргелешкен чечимдерди кабыла лууну үйрөнөт [1].

Башталгыч класстарда математика сабагында логикалык ой-жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн, мугалимдер ар кандай ыкмаларды колдонушу керек. Төмөндө практикалык сунуштар келтирилген: Жумушчу барактар жана тесттер: Мугалимдер ар бир тема үчүн логикалык ой жүгүртүүнү талап кылган суроолорду жана тапшырмаларды камтыган жумушчу барактарды түзсө болот. Бул окуучуларга жаңы түшүнүктөрдү колдонуп, аларды талдоо мүмкүнчүлүгүн берет.

Топтук иштер жана биргелешкен тапшырмалар: Окуучуларды топторгобөлүп, биргелешкен логикалык маселелерди чечүүгө багыттоо, алардын ой жүгүртүүсүн гана эмес, ошондой эле социалдык көндүмдөрүн да өрчүтөт. Топтук иштер ар бир баланын ой жүгүртүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн байкоого мүмкүнчүлүк берет.

Тематикалык оюндар жана квесттер: Математика сабагында теманы оюн түрүндө өткөрүү, мисалы, квесттерди уюштуруу, логикалык ой жүгүртүүнү активдештирет жана сабакка болгон кызыгууну арттырат. Бул метод менен балдар жеңил жана эркин формада жаңы нерселерди үйрөнүшөт [2].

Башталгычк ласстарда математика сабагында логикалык ой-жүгүртүүнү өнүктүрүү окуучулардын жалпы интеллектуалдык өнүгүүсүнүн ажырагыс бөлүгү болупс аналат. Математика аркылуу логикалык ой жүгүртүүнү өрчүтүү окуучуларга гана эмес, алардын билим алууга болгон кызыгуусун, чыгармачылык жөндөмдөрүн арттырат. Ошол эле учурда, окуучулардын келечектеги ийгиликтерине негиз түзөт. Ошондуктан математика сабагында логикалык тапшырмаларды колдонуу окуучуларга гана эмес, билим берүү системасы үчүн да маанилүү иш.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Епишева О.Б., Крупич В.И. Учить школьников учиться математике: Формирование приемов учебной деятельности: кн. для учителя. - М.:Просвещение, 1990 - 128 с.

2. Колягин Ю.М., Луканкин Г.Л. и другие. Методика преподавания математики.- М.: Просвещение, 1977.

3.Пойа Д. Математическое открытие. - М.: Наука, 1970.

4.Столяр А.А. Методы обучения математике. - Минск: Высшая школа, 1966.

5.Фридман Л.М., Турецкий Е.Н., Стеценко В.Я. Как научиться решать задачи. -М.: Просвещение, 1979.

6.Фридман Л.М. Психолого-педагогические основы обучения математике в школе. - М.: Просвещение, 1983.

УДК:371.3:53
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-126-130

**Мукамбетова Н. Т., Мырзабекова Ж. М., Калыйбекова У. К.**
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, ага окутуучусу,
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, окутуучусу,
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, магистрант
**Мукамбетова Н. Т., Мырзабекова Ж. М., Калыйбекова У. К.**
Кыргызский государственный университет имени Арабаева, старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени Арабаева, преподаватель
Кыргызский государственный университет имени Арабаева, магистрант
**Mukambetova N. T., Myrzabekova J. M., Kalyibekova U. K.**
Kyrgyz State University named after Arabaev, Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after Arabaev, lecturer
Kyrgyz State University named after Arabaev, Master's student

# ФИЗИКА САБАГЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮ
# РАЗВИТИЕ ТВОРЧЕСКИХ СПОСОБНОСТЕЙ УЧАЩИХСЯ НА УРОКЕ ФИЗИКИ
# DEVELOPMENT OF STUDENTS' CREATIVE ABILITIES AT THE PHYSICS LESSON

**Аннотация:** Макалада окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, билимди өз алдынча алуу, аларды бейтааныш же стандарттуу эмес кырдаалдарда колдоно билүү предмет боюнча класстан тышкаркы иштер да жүргүзүлгөн. Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү максатын коюп, бир катар конкреттүү милдеттерди бөлүп көрсөтүп: предметке болгон кызыгууну сактоо жана өнүктүрүү; изилдөө жана долбоорлоо иштерине көндүмдөрдү үйрөтүү; Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн жана фантазиясын өнүктүрүү; перспективалуу ой жүгүртүүгө, жалпы адамзаттык маданияттагы физиканын ролун жана ордун, анын башка илимдер менен байланышын көрүүгө үйрөтүү каралган. Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө мугалим ар тараптуу көндүмдөрдү көрсөтө алган.

**Аннотация:** Особое внимание в статье уделено развитию творческих способностей учащихся. Также проводилась внеаудиторная работа на тему развития творческих способностей студентов, самостоятельного приобретения знаний и умения использовать их в незнакомых или нестандартных ситуациях. Ставя цель развития творческих способностей учащихся, выделяя ряд конкретных задач: поддержание и развитие интереса к предмету; обучение исследовательским и дизайнерским навыкам; Развитие логического мышления и воображения учащихся; Он призван научить перспективному мышлению, роли и месту физики в общечеловеческой культуре, ее связи с другими науками. Преподаватель смог продемонстрировать разносторонние навыки развития творческих способностей учащихся.

**Abstract:** Special attention in the article is paid to the development of students' creative abilities. There was also conducted extracurricular work on the topic of development of students' creative abilities, independent acquisition of knowledge and ability to use it in unfamiliar or non-standard situations. Setting the goal of developing students' creative abilities, highlighting a number of specific objectives: maintaining and developing interest in the subject; teaching research and design skills; Developing students' logical thinking and imagination; It is designed to teach perspective thinking, the role and place of physics in universal human culture, its relationship with other sciences. The teacher was able to demonstrate versatile skills in developing students' creativity.

**Негизги сөздөр:** ой – жүгүртүү, чыгармачылык, жөндөмдүүлүк, изилдөө, ишмердүлүк, эксперимент, көнүгүү, өнүктүрүү, үйрөтүү.

**Ключевые слова:** мышление, творчество, способности, исследования, деятельность, эксперименты, упражнения, развитие, обучение.

**Keywords:** thinking, creativity, abilities, research, activity, experiments, exercises, development, learning.

Физика сабагы дайыма окуучулардын сүйүктүү сабагы боло бербестиги жалпыга маалым. Демек, мугалимдин негизги милдеттеринин бири предметти окууга кызыгууну ойготуу болуп саналат. Демек суроо туулат: Чыгармачыл ой жүгүртүүгө үйрөтсө болобу? Инсандын чыгармачылык потенциалын кантип ачуу керек? Бул суроолордун жообу – тапшырмалардын белгилүү бир системасынын негизинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү болуп саналат. Окуучулардын көпчүлүгүнүн жөндөмдүүлүктөрүнө ишенимди пайда кылуу үчүн тапшырмалар аткарылышы керек. Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү максатын коюп, бир катар конкреттүү милдеттерди бөлүп көрсөтүү зарыл: предметке болгон кызыгууну сактоо жана өнүктүрүү; изилдөө жана долбоорлоо иштерине көндүмдөрдү үйрөтүү; Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн жана фантазиясын өнүктүрүү; өз алдынча билим алуунун негиздерин, маалымдама жана илимий адабияттар, заманбап маалымат булактары менен иштөөнү үйрөтүү; кеңири, перспективалуу ой жүгүртүүгө, жалпы адамзаттык маданияттагы физиканын ролун жана ордун, анын башка илимдер менен байланышын көрүүгө үйрөтүү. Алардын чечими окуу процессин бала үчүн да, мугалим үчүн да кызыктуу жана кызыктуу кылат. Ар бир физика сабагы кандай темада талкууланбасын, класстын өзгөчөлүгүн, окуу материалынын мүнөзүн, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен ушул милдеттерге баш ийдирилиши керек. Ошол эле учурда окутуунун ар кандай ыкмаларын колдонуу менен: теориялык билимдин жогорку деңгээлин орнотууга мүмкүндүк берген оозеки; визуалдык (көрсөтмөлөр, иллюстрациялар, видео көрүү) балдарды визуалдык-образдуу ой жүгүртүүсүн активдештирүү мүмкүнчүлүгүн берет; практикалык көндүмдөрдү калыптандыруучу практикалык (лабораториялык иштер, изилдөө тапшырмалары), ошол эле учурда чыгармачылык үчүн кеңири мейкиндикти түзөт. Класстагы иштин ар кандай формалары да ушул эле милдеттерге баш ийет: коллективдүү, жекече, топтук. Дал ушундай иш-аракеттерди түзүү чыгармачыл инсандын сапаттарынын бүтүндөй комплексин өнүктүрүүгө көмөктөшөт: акыл-эс ишмердүүлүгү, тапкычтык жана тапкычтык, конкреттүү практикалык иштерди аткаруу үчүн зарыл билим алууга умтулуу, тандоодо жана чечүүдө өз алдынчалык. көйгөй, талыкпаган эмгек, негизги нерсени көрө билүү болуп эсептелет. Тигил же бул кыймыл-аракетти аткаруу жөндөмдүүлүгүн ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн эң оболу мугалимдин өзү аракеттин структурасын талдап, анын аткарылышы кандай элементтерден (операциялардан) турат (мисалы, кандай операциялардан) турарын так элестетүү зарыл. байкоо, өлчөө жана эксперименттерди түзүү иш-чараларынан турат) аракеттин структурасындагы айрым элементтерди бөлүп көрсөтүү менен, аларды ишке ашыруунун эң ылайыктуу ырааттуулугун аныктоо жана көнүгүүлөрдүн белгилүү бир системасын, аны ишке ашыруу окуучулар тарабынан жөнөкөй иш-аракеттердин ишенимдүү, дээрлик автоматтык түрдө аткарылышын камсыздайт, андан кийин алардын аткарылышын уюштурууга көмөктөшөт [1,2].

«Физика сабагында аны эң кызыктуу изилдөөгө жана анын ичиндеги сырларды түшүнүүгө жардам бере турган эң ыңгайлуу шарттарды кантип түзүүгө болот?» деген суроо туулат. Физика эксперименталдык илим, ошондуктан практикалык багытты иштеп чыгуу окуучуларга изилденип жаткан темаларды жакшыраак түшүнүүгө жардам берүүчү ыкмалардын бири болуп саналат.Ошондуктан сабактардын негизги формалары физика лабораториясында практикалык иштер болуп саналат, мында окуучулар тапшырмага ылайык физикалык экспериментти пландаштыруу көндүмдөргө ээ болушат, рационалдуу өлчөө ыкмасын тандап алууга, эксперимент жүргүзүүгө жана анын натыйжаларын иштеп чыгууга үйрөнүшөт. Окуучулар силер класста изилденген приборлорду жасоодо үй тапшырмаларын аткаруу менен өз чыгармачылыгыңарды көрсөтө аласыңар. Үйдө байкоолорду жана жөнөкөй эксперименттерди жүргүзүү чоң мааниге ээ, анткени бул учурда ишке ата-энелер да тартылат [6].

Жомоктор, аңгемелер, кроссворддор. Үй тапшырмаларынын түрлөрүнүн бири – кыска жомок же аңгеме жазуу, мында изилденип жаткан объект же кубулуш жөнүндө негизги физикалык маалыматты «ойлоп табуу» керек. Жомок, аңгеме түзүүдө физикалык кубулуштардын чыгармачыл фантазиясынын жана элестүү көрүүнүн өнүгүүсү пайда болот. Тапшырма алган окуучулар физика боюнча мурда топтогон билимдерин анализдеп, синтездеп, натыйжада физикалык кубулуштарды чагылдырган сүрөттөр пайда болот. (Электр талаасындагы электрондун сапары», «Сүрүлүүсүз жашоо»?) Окуучулар теманы бүтүргөндөн кийин үйдө кроссвордду аткарышат. Сабак учурунда окуучулар кроссворддорун коргоп, коргоонун жыйынтыгы боюнча баа алышат. Сабак учурунда макал-лакаптарды да окуса болот, алардын маанисин балдар физика сабагынан алган билиминин негизинде түшүндүрүшү кере  Жагымдуу билим берүү чөйрөсү – бул окучулардын ийгилигине жана мотивациясына инвестиция. Мугалим мындай чөйрөнү түзүү менен окуучуларынын билим жолунда колдоо көрсөтүп, ырахаттанып окуусуна жардам берет. Окууга болгон кызыгуу – бул инсандын таанып-билүү иш-аракетине болгон муктаждыгын, анын эмоционалдык жагымдуулугунун күчүн жана турмуштук маанисин билимге, көндүмгө жана мүлккө ээ болууга жигердүү умтулуу аркылуу канааттандыруунун формасы, мында интеллектуалдык, эмоционалдык жана эрктүү процесстер органикалык биримдикте өз ара аракеттенет.

**Класстан тышкаркы иштер.** Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, билимди өз алдынча алуу, аларды бейтааныш же стандарттуу эмес кырдаалдарда колдоно билүү предмет боюнча класстан тышкаркы иштер да жүргүзүлөт. Булар предметтик күндүн же жуманын алкагында өткөрүлүүчү бир жолку иш-чаралар: физикалык кечелер, викториналар, түрдүү оюндар: «Эмне?, Кайда?, Качан?», «Бактылуу учур», «Акылдуу жигиттер». Бул иш-чараларга даярданууга отличник окуучулар да, начар окуучулар да катышышат. Бул жерде алардын жөндөмдүүлүгү толук көрсөтүлүп, тапкычтык, логикалык ой жүгүртүүсү өнүгөт [3,4].

**Олимпиада.** Физика боюнча класстан тышкаркы иштерде физика боюнча олимпиадага даярдануу жана аны өткөрүү өзгөчө орунду ээлейт. Анын алдында узак жана түйшүктүү эмгек турат. Олимпиадага катышуу окуучудан физиканын мектепте окулбаган бөлүмдөрүн билүүсүн талап кылат. Окуучу бул билимди жеке консультациялар аркылуу да, мугалим тарабынан сунушталган атайын адабияттарды өз алдынча үйрөнүү аркылуу да ала алат. Физика сабагында окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүдө маселе чыгаруу чоң роль ойнойт. Ошол эле учурда, балдардын чыгармачылык мейкиндигине ээ боло тургандай, изилденип жаткан темага тапшырмалар системасы тандалып алынат. Бул, мисалы, уландысы бар, татаалыраак шарттары бар тапшырмалар болушу мүмкүн; Бир эле маселени ар кандай жолдор менен чечүү, алардын ичинен эң сарамжалдуусун тандап алуу абдан эффективдүү. Сиз принципти кармануу керек: ар бир сабак үчүн - кызыктуу тапшырма. Жетинчи класстан баштап аларды түзүүгө окуучулардын өздөрү тартылса жакшы болмок. Мисалы, сабак учурунда сиз жекече жана жамааттык түрдө сүрөт жана тапшырма китептерин түзө аласыз. Бул көп жагынан окуучуларды бириктирип, классты бир кылат. Чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн сапаттуу изилдөө тибиндеги тапшырмалардын системасын сунуштай аласыз. Ар бир иштин маңызы физикалык кубулуштун кандай болоорун алдын ала айтуу жана суроого жооп берүү зарыл: эмне үчүн мындай болду? Мисалы: «Жайдын жылуу күнүндө балдар көлгө сүзүштү». Сууга түшкөндөн кийин алар суудан чыгууну чечишкен. Мага айтчы, алар суудан чыкканда эмнени сезишет жана бул кубулушту теориянын жардамы менен түшүндүрүп бергилечи? Мындай маселелерди чечүү процессинде физика сабагында эле эмес, жаратылыштагы, күнүмдүк турмуштагы, техникадагы физикалык кубулуштарды байкай билүү жана ажырата билүү жөндөмдүүлүгү өнүгөт. Тапшырмаларга коюлуучу негизги талап – окуучуларды кызыктыруучу, чыгармачыл болуу, билимди жаңы шарттарда колдонууга мүмкүнчүлүк берүү. Мындай сабакта балдар жогорку эмоционалдык деңгээлде иштешет. Чыгармачылыктын жана биргелешкен иш-аракеттердин атмосферасы ар бир окуучу үчүн ыңгайлуу психологиялык чөйрөнү түзөт. Алардын: «Күнүгө ушундай сабактар болсо экен»! деген каалоолорун көп угууга болот [7].

Тигил же бул кыймыл-аракетти аткаруу жөндөмдүүлүгүн ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн эң оболу мугалимдин өзү аракеттин структурасын талдап, анын аткарылышы кандай элементтерден (операциялардан) турат (мисалы, кандай операциялардан) турарын так элестетүү зарыл. Байкоо, өлчөө жана эксперименттерди түзүү иш-чараларынан турат). Аракеттин структурасындагы айрым элементтерди (кадамдарды) бөлүп көрсөтүү менен, аларды ишке ашыруунун эң ылайыктуу ырааттуулугун аныктоо жана көнүгүүлөрдүн белгилүү бир системасын, аны ишке ашыруу окуучулар тарабынан жөнөкөй иш-аракеттердин ишенимдүү, дээрлик автоматтык түрдө аткарылышын камсыздайт, андан кийин алардын аткарылышын уюштурууга шарт түзөт.

**Стандарттуу эмес сабактар.** Мындай сабактар окуучуларды чыгармачылыкка тартууга, аларды жакшыраак билүүгө жана түшүнүүгө, ар биринин жекече өзгөчөлүктөрүн баалоого мүмкүндүк берет жана салттуу эмес сабактардын ар кандай формаларын колдонууга болот. Мисалы, конкурстук сабак, пресс-конференция, оозеки журнал, илимий кеңеш, саякат сабагы (өткөнгө барат). Конференциянын сабактарынын мисалдары: «Физиктер Нобель сыйлыгынын лауреаттары» (9-класс), «Жылуулук кыймылдаткычтарынын өнүгүү тарыхы» (8-класс). Жетинчи класста саякат сабактарын жана мелдеш сабактарын өткөрө аласыз. Мисалы, 7-класстагы жыйынтыктоочу сабак «Физикалык океанга саякат». 9-класста окуу жылынын аягында өтүүчү жалпы сабакта окуучулар физика сабагынан алган билимдери, көндүмдөрү жана көндүмдөрү кийинки жашоосунда алар үчүн пайдалуу болоорун далилдей турган сабакты - бизнес оюнун өткөрө алабыз, алардын кесиптик ишмердигинде. Стандарттуу эмес сабак бир гана үйрөтпөстөн, баланы активдүү тарбиялап, физикалык ой жүгүртүү логикасын өнүктүрөт. Тапшырмаларды тандап алууда акыл-эстүүлүктү, практикалык багытты өнүктүрүү үчүн талаптарга жооп берген принциптерди сактоо маанилүү. Эң негизгиси, мугалим баланын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүнү алдына максат койсо, ал өзү да чыгармачылык менен иштөөгө, анын илимий-методикалык деңгээлин тынымсыз жогорулатууга, иштин формаларын жана ыкмаларын өркүндөтүүгө тийиш. Мугалим – окуучулар үчүн кызыктуу, ар дайым балага жаратылыш тартуулаган табышмактарды түшүнүүгө жана чечүүгө жардам бере алган чыгармачыл инсандын үлгүсү. Балдар табиятынан изденүүчү жана үйрөнүүгө умтулушат. Ар бир баланын жөндөмү, таланты болот. Ал эми мугалимдин негизги милдети – ар бир баланын талантын көрө билүү, ачып, өнүктүрүү. Анткени, физиканы, ошондой эле бир караганда түшүнүүгө мүмкүн эместей көрүнгөн математика же химия сыяктуу башка так илимдерди каалоо жана абийирдүү изилдөө менен оңой эле түшүнүүгө болот. Ал эми бул сөздүн далили катары Лев Ландаунун «Физик татаал нерселерди жөнөкөй кылууга умтулат, ал эми акын жөнөкөй нерселерди татаал кылууга умтулат» деген сөзүн эстесек болот [5].

Биздин тажрыйба көрсөткөндөй, окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү таанып-билүүсүн туура уюштуруунун натыйжасында алардын предметке болгон кызыгуусу артат. Ал эми таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү үчүн, атайын окутуунун активдүү формаларын жана методдорун пайдалануу керек Жыйынтыктап айтканда, окутуунун башка методдорунун арасында физикалык эксперимент, эң негизги орунду ээлейт. Ошондуктан физикалык экперимент окутуунун бир методу катарында окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүдө чоң мааниге ээ.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Артыкова С.И. «Физиканы окутууда окуучулардын ой жүгүртүүлөрүн активдештирүү» Б.2021 ж.
2. Артыкова С.И. «Физиканы окутуу процессинде проблемалуу окутуу жана элдик фольклорду колдонуу» Б.2021 ж.
3. Крайнова Е.Е. «Развитие творческих способностей учащихся на уроках физики» 2018 ж.
4. Карасартова Н.А. «Окуучулардын физика боюнча предметтик компетенттүүлүгүн жогорулатуунун куралы катары инновациялык технология» макала: Арабаев жарчысы 2023 ж.
5. Мамбетакунов Э. «Физиканы окутуу теориясы жана практикасы –Б.: «МОК» басма борбору, 2004

ж.
6. Мамбетакунов, Э. «Система упражнений как средства повышения качества усвоения учащимися физических понятий» [Текст]: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.02 / Э.Мамбетакунов. – Челябинск, 1977. – 55 с.
7. Усова А.В., Бобров А.А. «Физика сабагында окуучулардын билим берүү жөндөмдөрүн калыптандыруу». – М.: Билим, 1988. – 112 б

УДК 37.013.75
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-130-133

**Нигматов А. Н.**
Низами атындагы Ташкент мамлекеттик педагогикалык университети, география илимдеринин доктору, профессор
**Нигматов А. Н.**
Ташкентский государственный педагогический университет им.Низами, доктор географических наук, профессор
**Nigmatov A. N.**
Tashkent State Pedagogical University named after Nizami, Doctor of Geographical Sciences, professor

# ПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ «ПЕДАГОГДУН АНТЫ»
# “ПРИСЯГА ПЕДАГОГА” В ПЕДАГОГИЧЕСКОМ ОБРАЗОВАНИИ
# “TEACHER’S OATH” IN TEACHER EDUCATION

**Аннотация:** Мугалимдик билим берүү тармагында биринчи жолу “Мугалим антын” берүү маселеси көтөрүлдү. Ал талаптарды, мазмунду, маңызын ачып, анын текстин улуттук мыйзамдарга жана адам жашоосунун башка тармактарында тиешелүү кесиптик ант берүү тажрыйбасына таянып берет.

**Аннотация:** Впервые в педагогическом образовании был поднят вопрос о принятии “Присяги педагога”. В нем раскрываются требования, содержание, суть и приводится её текст на основе национального законодательства и опыта принятия соответствующей профессиональной присяги в других отраслях жизнедеятельности человека.

**Abstract:** For the first time in pedagogical education, the issue of adopting the “Teacher’s Oath” was raised. It discloses the requirements, content, essence and provides its text based on national legislation and the experience of adopting the corresponding professional oath in other areas of human activity.

**Негизги сөздөр:** Ант, тажрыйба, педагогика, мыйзам, талаптар, мазмун, текст, маңызы.
**Ключевые слова:** Присяга, опыт, педагогика, закон, требования, содержание, текст, суть.
**Keywords:** Oath, experience, pedagogy, law, requirements, content, text, essence.

Греческий философ Сократ, живший в 469-399 годах до н.э., писал, что “Три профессии – от Бога, а остальные – от самих людей: медицина (решает человеческую жизнь – А.Н.), юрист (решает человеческую судьбу – А.Н.), учитель-педагог (формирует человеческую просвещенность-духовность, готовит кадров для всех отраслей жизнедеятельности человека – А.Н.)[2]. Такие мудрые мысли не утратили своей актуальности и в наши дни. Для меня большая честь быть учителем-педагогом, т.к. я как представитель светской науки, просвещаю широкую массу людей, страюсь наладить образование и воспитание, где бы не находился. Но одно обстоятельство не дает мне покоя в том или ином положении дел. Почему одна из вышеперечисленных трех профессий Сократа – врачи и судьи принимают присягу, а педагоги нет. Хотя педагоги в процессе обучения готовят, как

медицинских работников, так и юристов. От них зависит уровень сознания и культуры всех без исключения высококвалифицированных кадров.

Беглый взгляд на историю возникновения «Клятвы Гиппократа», который был написан на древнегреческом языке ещё в 300 годах до нашей эры в городе Александрии (рис. 1), принадлежавшем Элладе[1]. Нынешние варианты Клятвы претерпели значительные

|  |  |  |  |
|---|---|---|---|
| **Рис 1. Рукопись «Клятвы Гиппократа»** | **Рис 2. Присяга курсантов в военном ВУЗе Узбекистана** | **Рис 3. Присяга судей в Республике Узбекистан** | **Рис 4. Присяга фермеров в Сырдарьинской области Узбекистана** |

изменения, адаптированы к современным реалиям и местным условиям. Например, в Северной Америке и Европе она заменена «Профессиональным кодексом». Во многих странах, особенно в мусульманских государствах, медицинский работник обосновывает и получает разрешение от соответствующих государственных органов на проведение абортов. Вот почему такие случаи в медицине исключены из профессиональной клятвы врачей. Это логично.

В большинстве государств существует “Присяга военных”. Это торжественная клятва граждан, проходящих военную службу (рис. 2). Она правовая и политико-моральная норма, отражающая и подтверждающая своей подписью, декларирующая то, что военнобязанный отдаст всю свою силу, знания, потенциал и, если это необходимо даже жизнь, ради защиты суверенитета государства. Поэтому текст “Военной присяги” во многих странах, в т.ч. Республике Узбекистан был утвержден законом “О всеобщей воинской обязанности и военной службе” от 18 апреля 2018 года и вступил в силу 19 октября 2018 года[1].

Особенно следует отметить на то обстоятельство, что содержание и сущность “Профессиональной клятвы” вытекает из политической структуры, правовой базы[1] и национальных ценностей разных государств (рис. 3,4)[1]. Исходя из зарубежного и национального опыта текст «Присяги педагога» должен отражать следующие показатели:

- ✓ фамилия, имя, отчество;
- ✓ в будущем овладевает профессию педагога;
- ✓ начало со слов "Клянусь”;
- ✓ перед каким народом и государством должен быть преданным своей профессии;
- ✓ соблюдать каким педагогическим требованиям;
- ✓ как поступать или не поступать в профессиональной деятельности;
- ✓ о согласии правовым и общественным наказаниям, при нарушении клятвы;
- ✓ место принятия присяги;
- ✓ подпись, ФИО и т.п.

“Присяга педагога”, в отличии от других профессиональных присяг, должен выделяться более устойчивым содержанием текста, т.к. просвещение и духовность человека обычно носит положительных характер. В этом смысле возникает уместные вопросы – кто такой “Педагог” и какое

содержание должна носить “Присяга педагога”? На примере Республики Узбекистан можно расмотреть ответы на эти вопросы.

Согласно закона Республики Узбекистан “О статусе педагога” от 1 февраля 2024 года **педагог** – это физическое лицо, осуществляющее в образовательной организации профессиональную деятельность в сфере образования и воспитания на основании трудового договора, заключённого в соответствии с актами законодательства, и имеющее соответствующее образование, профессиональную подготовку и духовно-нравственные качества[1]. Для получения статуса педагога человек должен выполнять следущие законодательные требования:

- работать в образовательных организяциях, а точнее в учреждениях;
- осуществлять свою деятельность согласно трудового договора;
- профессиональная деятельность должна соответствовать законодетельным нормам образования и воспитания;
- физическое лицо, имеющее соответствующее образование, профессиональную подготовку и духовно-нравственные качества.

Вытекая из национального законодетельства Республики Узбекистан и с учетом накопленного опыта профессональных присяг проектный вариант “Присяги педагога” можно выразить следующим текстом:

**Я (фамилия, имя, отчество ), вступая в ряды Педагогов Республики Узбекистан, торжественно клянусь, служить своему народу, согласно требованиям статуса педагога.**

**Я клянусь, независимо от места нахождения, трудовой или иной деятельности, быть преданным статусу педагога, использовать все свои силы для овладения всесторонних знаний в профессиональной сфере, соотвествующих просветительных, духовно-нравственных навыков и квалификаций, согласно трабованиям времени. Использовать эти педагогические качества в подготовке выскоквалифицированных кадров, в формировании высокого сознания и культуры своего народа.**

**Если же я нарушу эту торжественную клятву, то готов нести ответственность перед национальным законодательством и общественным наказанием своего народа.**

Место и дата принятия присяги   подпись   ФИО (например С.А.Алимов)

Для обретения правового статуса “Присяга педагога” по форме и содержанию должна найти свое отражение в национальном законодательном акте и пройти государственную регистрацию. В противном случае теряется ее обязательная сила. Присягу рекомендуется применять к физическим лицам, которые начали обучение в педагогических образовательных организациях (или учреждениях) Республики Узбекистан. Это не относится к лицам, которые ранее принимали “Присягу педагога” в любом профессиональном учебном заведении Республики.

**Принятие “Присяги педагога” даст нам следующие положительные результаты:**

1) физическое лицо, ставящее своей целью стать профессиональным педагогом, осознает, насколько ответственна профессия в жизни нации;
РЕСУРС- изилдөөдө кандай булактарды пайдалангандыгы тууралуу жазылат.

ИЗИЛДӨӨ- теманын суроосуна изилдөө жазышат. Каалагандай көлөмдө болушу мүмкүн. Бирок темадан б.а суроонун тегерегинен чыкпай жоопторду таап жазышат.

АНАЛИЗ- изилдөө баскычында жазылган ар бир жоопту дыкаттык менен талдап, суроодон тышкары жооп болуп калса же кандайдыр бир эки анжы болуп калган жооптор жазылат.

ЖЫЙЫНТЫК- коюлган суроого топто кабыл алынган негизги жооптор жазылат.

Мугалим тарабынан ар бир топко төмөнкүдөй тапшырмалар берилди.

**1- таблица. Тапшырмалардын топтор боюнча аткарылышы**

| **Топтор жана анын курамы** / **Тапшырмалар** | **1-ТОП.** Катышуучулар Асема, Сауле, Байэл, Исмаил. | **2-ТОП** Катышуучулар: Алима, Ислам, Малика, Адилхан. | **3-ТОП** Катышуучулар: Тумара, Бегайым, Бекзат, Аймончок. |
|---|---|---|---|
| **ТЕМА** | **Микроскоп** | **Клетканын көбөйүүсү** | **Ядро** |

| **СУРОО** | Микроскоп кайдан келип чыккан? | Клетка кандай жол менен көбөйөт? | Клетканын ядросу эмне кызмат аткарат? |
|---|---|---|---|
| **РЕСУРС** | Интернет булагы, окуу китеби | Окуу китеби, интернет булактар | Окуу китеби, интернет булактар |
| **ИЗИЛДӨӨ** | Биринчи ойлоп табылган микроскоп оптикалык микроскоп болгон. Аны биринчи италиялык окумуштуу Фракастро сунуш кылган. Ал бир линзанын үстүнө экинчисин койсо ал чоноюп, аны жакшы көрүүгө мүмкүн экенин айткан. 1590-жылы бир тууган Янсендер, андан кийин 1624-жылы Галилео Галилей өзүнүн микроскобун жасап чыккан. | Клетка бөлүнүү жолу менен көбөйөт. Ошол убакта тукум куугучтук информация энелик клеткадан жаны пайда болгон клеткаларга өтүп, ал организм деңгээлинде иш жүзүнө ашырылат. Жаңы пайда болгон клетка жетилмейинче кайра бөлүнө албайт. Клетка 3 жол менен көбөйөт: амитоз, митоз жана мейоз. | Клетканын ядросу клеткага Бир клеткалуу жана көп клеткалуу жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн ар бир клеткасында ядро бар. Клетканын ядросу бул эукариоттук клеткалардын фундаменталдык бөлүгү.Ядро генетикалык маалыматты сактоо жана берүү үчүн жооптуу. Мейоз жана митоз ичинде жүзөгө ашырылат. Эндоплазмалык торчо жылмакай жана быдырлуу болуп бөлүнөт. |
| **АНАЛИЗ** | Микроскоптун пайда болушу менен илимге көп маалыматтар кирген. | Клетканын көбөйүшү аркылуу организмдер өзүндөйдү өзү жарата алышат. | Ядро - тукум куучулук информацияны алып жүрүүчү. |
| **ЖЫЙЫНТЫК** | Биринчи микроскоптун автору Г. Галилей. (1624-жыл). | Клетканын көбөйүүсү 3 жол менен ишке ашат: амитоз,митоз, мейоз.Клетка бөлүнүү жолу менен көбөйөт. | Генетикалык маалыматты сактоо жана берүү үчүн жооптуу. |

Окуучулар топто талкуулап, изилдөө жүргүзүшөт, анын жыйынтыктары боюнча презентация даярдашат.1 - топтонАсема жактап берди.2 - топтун атынан Алима теманы ачып берди.3 - топтун атынан Тумара жактап берди.Бышыктоодо ар бир топтунпрезентациясынан кийин башка топтор да анализ кылышат. Эгерде бир сабакта убакыт жетишпесе, кийинки сабакка даярдап келүүсү керек.Сабактын аягында үйгө тапшырма берилип, комментарий берүү менен окуучуларга баа коюлат.

Жыйынтыгында,бул изилдөө орто мектепте биологияны окутууда лабораториялык-практикалык, долбоордук жана изилдөө иштеринин маанилүүлүгүн аныктоого жана алардын окуучулардын сабаттуулугун, изилдөө жөндөмдөрүн жана “жашыл көндүмдөрдү” калыптандыруудагы ролун көрсөтүүгө багытталган. Лабораториялык-практикалык иш окуучулардын жаратылышка жана ресурстарга жоопкерчиликтүү мамиле жасоосун калыптандырууга өбөлгө түзөрүн көрсөттү.

Долбоордук жана изилдөө иштери окуучулардын чыгармачыл жана сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, аларды жашоодо ар кандай проблемаларды чечүүгө даярдоого жардам берет. Изилдөө

учурунда алынган жыйынтыктардан көрүнүп тургандай, окуучулардын логикалык жана аналитикалык жөндөмдөрү өнүгөт, ал эми алар топ менен иштөө аркылуу социалдык жана экологиялык жоопкерчиликти сезүүгө үйрөнүшөт.

Бул методика биологиялык билим берүүдө жогорку натыйжалуулукту көрсөтүп, учурдагы билим берүү системасында жана профессионалдык чөйрөдө талап кылынган компетенцияларды калыптандырууга өбөлгө түзөт. Ошондой эле, бул иштердин практикалык пайдалуулугу окуучулардын билим берүүдөгү ийгилигин жогорулатып, алардын функционалдык сабаттуулугун жана чыгармачыл потенциалын өнүктүрөт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. “Биология” Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептеринин 6-11-класстар үчүн окуу программасы. -Бишкек, 2022. -159 б.
2. Биология 7-класс. Жаныбарлар. Окуу китеби. [Текст] / М.А. Сатыбекова, Б.Кадырова, Ж.М. Сатаева. - Бишкек, “Кутаалам”, 2022. -256 б.
3. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты. – Бишкек, 22.07.2022. 20 с.
4. Мамбетакунов Э.М. Педагогикалык изилдөөнүн методологиясы жана технологиясы. [Текст] / Э.М.Мамбетакунов. – Бишкек, 2015. -128 б.
5. Помелов В. Б. У.Х. Килпатрик и его метод проектов // Научная жизнь.-2021.-№3(141). -С. 149-157.
6. Сатыбекова М.А. Биологиялык билим берүүнү санариптештирүүнүн негизги багыттары. И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы.-2024. -№2. -130-135 б.
7. Субанова М.С. Орто мектепте биологиялык билим берүүнүн мазмунун жана технологиясын өркүндөтүүнүн илимий – методикалык негиздери: Монография. [Текст] / М. С. Субанова. –Бишкек: 2009. -204 б.
8. Образование: сокрытое сокровище. Основные положения Доклада Международной комиссии по образованию для XXI века [электронный ресурс]//МОО ВПП Юнеско «Информация для всех». - 2007. - Режим доступа: http://www.ifap.ru/library/book201.pdf.

УДК: 510
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-149-157

**Стамалиева К. А., Боруева С. Ш., Асанбекова М. А.**
Талас мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Стамалиева К. А., Боруева С. Ш., Асанбекова М. А.**
Таласский государственный университет, кандидат педагогических наук, доцент,
Таласский государственный университет, кандидат педагогических наук, преподаватель,
Таласский государственный университет, магистрант
**Stamalieva K. A., Borueva S. Sh., Asanbekova M.A.**
Talas State University, Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor,
Talas State University, Candidate of Pedagogical Sciences, teacher,
Talas State University, Master's degree student

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА: “ЧОҢДУКТАР ЖАНА АЛАРДЫ ЧЕНӨӨ БИРДИКТЕРИ” БӨЛҮМҮН ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕ ТЕСТТИК ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮН КОЛДОНУЛУШУ ПРИМЕНЕНИЕТЕСТОВЫХПРОВЕРОК В ПРОЦЕССЕ ОБУЧЕНИЯ РАЗДЕЛА ” ВЕЛИЧИНЫ И ЕДИНИЦЫ ИХ ИЗМЕРЕНИЯ " В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

# APPLICATION OF TEST CHECKS IN THE LEARNING PROCESS OF THE SECTION " QUANTITIES AND THEIR UNITS OF MEASUREMENT " IN ELEMENTARY GRADES

**Аннотация:** Бул илимий макалада башталгыч класстардын мугалимдери үчүн окуу процесстин маанилүү компоненти окуучулардын окуу жана таанып-билүү иш-аракеттерин системалуу көзөмөлдөө жүргүзүү экендиги жана кенже окуучулардын билимдеринин текшерүүнүн эң натыйжалуу жолдорунун бири - тесттик текшерүү экендиги негизделген.«Чоңдуктар жана аларды ченөө бирдиктери» бөлүмүн окутуу процессинде тесттик текшерүүлөрдүн колдонулушунун актуалдуулугу баса белгиленген. Алгач башталгыч класстарда окутула турган чоңдуктар жана аларды ченөө бирдиктери жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандырууда бул түшүнүктөрдүн математикалык чечмелениши, анын башка маселелерди чыгаруудаалардын өз ара байланыштары жана кенже окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрү келтирилген. "Тест" түшүнүгүжана алардын түрлөрү мисалдар менен кеңири көрсөтүлгөн. Ар бир ачык жана жабык тесттерге, толуктоо тесттерге, шайкештикти калыбына келтирүү тесттерге, ырааттуулукту калыбына келтирүү тесттерге, эркин берилген тесттерге, альтернативдик тесттерге кеңири түшүнүк берилип мисалдар жана тесттердин функциялары келтирилген. Тесттик текшерүү окуучулардын билим деңгээлине, билгичтигине, көндүмдөрүнө объективдүү баа берүүгө, окуучулардын математикалык өнүгүүсүнүн диагностикасын жүргүзүүгө жардам берери белгиленген.Мугалим окуу процессин математика боюнча тесттик көзөмөлдөөдө алынган маалыматты өздөштүрүү даражасын аныктоого жана керектүү түзөтүүлөрдү киргизүүгө мүмкүнчүлүк берерин көрсөткөн. Тесттик үзгүлтүксүз көзөмөлдөө биринчи кезекте билимди текшерүүгө багытталарын жана математика боюнча окуу процессин окутуунун сапатын жогорулатууга мүмкүндүк берери баяндалган.

**Аннотация:** В этой научной статье показано, что для учителей начальной школы важным компонентом учебного процесса является систематический мониторинг учебной и когнитивной деятельности учащихся, и что одним из наиболее эффективных способов проверки знаний младших школьников является тестирование.Подчеркнута актуальность применения тестовых проверок в учебном процессе раздела: "величины и единицы их измерения". При формировании понятий величин и их единиц приведены их математические интерпретации, при решении и при постановке других задачпоказаны их взаимосвязь, а также психологические особенности младших школьников в преподавании в начальных классах.

Понятие "Тест" и их виды подробно иллюстрированы примерами. Даны понятия тестов таких, как: открытый и закрытый тест, тесты с дополнением; тесты по восстановлению совместимости, тесты по восстановлению последовательности; тесты свободного доступа, альтернативные тесты, а также даны функции тестов. Установлено, что тестовое контролирование помогает объективно оценить уровень знаний, умений, навыков учащихся, провести диагностику математического развития учащихся. Было показано, что тестовой контроль учебного процесса по математике позволяет учителю определить степень усвоения полученной информации и внести необходимые коррективы. Было обосновано, что непрерывное тестирование направлено в первую очередь на проверку знаний и что процесс обучения математике позволяет повысить качество преподавания.

**Abstract:** This scientific article shows that for primary school teachers, an important component of the educational process is systematic monitoring of the educational and cognitive activities of students, and that one of the most effective ways to test the knowledge of younger students is testing. The relevance of the use of test checks in the educational process of the section "quantities and units of their measurement" is emphasized. When forming the concepts of quantities and their units, their mathematical interpretations are given, when solving and setting other tasks, their relationship is shown, as well as the psychological characteristics of younger schoolchildren in teaching in elementary grades. The concept of "Test" and their types are illustrated in detail with examples. The concepts of tests such as an open and closed test are given; additional tests with an addition; compatibility restoration tests, sequence restoration tests; free access tests, alternative tests, and test functions are given. It is established that test control helps to objectively assess the

level of knowledge, skills, and abilities of students, to diagnose the mathematical development of students. It was shown that the test control of the educational process in mathematics allows the teacher to determine the degree of assimilation of the information received and make the necessary adjustments. It was proved that continuous testing is primarily aimed at verifying knowledge and that the process of teaching mathematics allows improving the quality of teaching.

**Негизги сөздөр:** чоңдуктар, ченөө бирдиктери, узундук, масса, салмак, литр, убакыт, аянт, сыйымдуулук, көлөм, ылдамдык, орточо ылдамдык, баа, тесттик көзөмөл, тесттик текшерүү, ачык жана жабык тест, толуктоо тест, шайкештикти калыбына келтирүү тест, ырааттуулукту калыбына келтирүү тест, эркин берилген тест, альтернативдик тест, тесттин функциялары.

**Ключевые слова:** величины, единицы измерения, длина, масса, вес, литр, время, площадь, емкость, объем, скорость, средняя скорость, оценка, контроль испытаний, тестовый осмотр, открытый и закрытый тест, тест дополнения, тест на восстановление совместимости, тест на восстановление последовательности, тест свободного доступа, альтернативный тест, функции теста.

**Keywords:** quantities, units of measurement, length, mass, weight, liters, time, area, capacity, volume, speed, average speed, assessment, test control, test inspection, open and closed test, complement test, compatibility restoration test, sequence restoration test, free access test, alternative the test, test functions.

Математикада сандык баалоого мүмкүн болгон предметтердин касиеттерин чоңдуктар деп түшүнөбүз. Чоңдуктун сандык көрсөткүчү ченөө (өлчөө) деп аталат . Ченөө процесси берилген чоңдукту бирдик катары кабыл алынган кээ бир өлчөм менен салыштырууну камтыйт. Башталгыч класстарда баа, узундук, аянт, масса, көлөм, убакыт, ылдамдык сыяктуу чоңдуктар каралат. Математиканын баштапкы курсунда чоңдуктун түшүнүгү аныкталбайт, башкача айтканда, аныктамасыз берилет. Бул түшүнүктөр конкреттүү мисалдар менен ачылып берилет жана баланын тажрыйбасына негизделет. Чоңдуктарды изилдөө тиешелүү объектилерди салыштырууга негизделет.

**Узундук** - бул нерсенин (узартуунун) сызыктуу өлчөмдөрүнүн мүнөздөмөсү. Узундугу жана анын өлчөө бирдиктери менен балдар башталгыч мектептин бардык окуу жылдарында таанышышат. Узундук жөнүндө биринчи түшүнүк балдар мектепке чейинки куракта алышат, алар объектинин сызыктуу көлөмүн аныктайт: узундугу, туурасы, объектилердин ортосундагы аралык. Бул теманы изилдөөнүн алкагында окуучулар "эмне узун, эмне кыска? экендигин аныкташат.Мектептин башталышында балдар "кенениреэк - тар", "алысыраак - жакыныраак", "узунураак - кыска" катыштарды туура кабыл алышы зарыл.

1-класста кенже окуучулар узундуктун биринчи бирдиги менен таанышышат - бул сантиметр. Сантиметр-узундуктун метрикалык өлчөмү. Сантиметр моделинин жардамы менен окуучу эки маселени чыгарууну үйрөнүшү зарыл: берилген кесиндини ченөө; берилген узундуктагы кесиндини түзүү (түз сызыкты түзүү, чекитти белгилөө жана андан сантиметрлердин керектүү санын бөлүп алуу).

**Масса-**бул нерсенин инерттик жана гравитациялык касиеттерин аныктоочу физикалык мүнөздөмөсү. Масса-бул нерсенин өлчөнүүчү физикалык касиети. Бала кийин физика сабагында масса чоңдугу менен кененирээк таанышат.

Окуучуларды **"предметтин массасы"** чоңдугу менен тааныштырууда туура терминологияны колдонуп, масса жана предметтин салмагы сыяктуу түшүнүктөрдү туура берүү керек. Башталгыч мектепте окутуу учурунда балдар объектилердин массасын өлчөө үчүн төмөнкү бирдиктер жана алардын ортосундагы катыштар менен таанышышат: кг, г, т, ц. Масса бирдиги: грамм, килограмм, центнер, тонна.

2-класста балдар килограмм жана литр менен таанышышат. Килограмм-массанын метрикалык өлчөмү 1 кг деп белгиленет. Таразалоо процесси көрсөтүлгөн жөнөкөй маселелерди, арифметикалык амалдарды аткарууда предметтин массасын табуу маселелери чечилет [7].

**Сыйымдуулук** - суюктуктун көлөмүнүн көлөмү. Сыйымдуулуктун өлчөмү литр (л). Литр - көлөмдүн метрикалык өлчөмү: 1л менен белгиленет.

**Геометриялык фигуранын аянты**-бул фигуранын тегиздикте өлчөнө турган орунду ээлеген касиети. Фигуранын аянты аянт бирдиктеринин жардамы менен өлчөнөт жана $см^2, мм^2$; $дм^2$; $км^2$ деп белгиленишет. 1-3-класстарда фигуралардын аянты жалпак геометриялык фигуралардын касиети катары көрсөтүлөт (квадратты кесүү жана 2 үч бурчтукка бөлүү, 2 үч бурчтукту кесүү жана бирди түзүү) [8].

Окшош тапшырмаларды аткарууда балдар аймактын айрым касиеттери менен таанышышат: тегиздиктеги абалы өзгөргөндө фигуранын аянты өзгөрбөйт; предметтин бөлүгү ар дайым бүтүндөн аз болот; ошол эле фигуралардан ар кандай геометриялык фигураларды жасоого болот.

**Убакыт**-бул процесстердин узактыгы. Убакыттын физикалык жана философиялык мааниси бар. Убакыт түшүнүгү менен таанышканда алгач кол же электрондук саатына караганда кум саатын колдонуу алда канча пайдалуу экендигин көрө алабыз, анткени бала кумдун төгүлгөнүн көрөт жана процесстин кандайдыр бир образын оңдой алат.

"Убакыт" чоңдугун окутуунун натыйжасында балдарда минута, саат, сутка сыяктуу убакыт аралыктары жөнүндө жетиштүү так түшүнүктөр калыптанышы керек; окуучулар мүнөт менен сааттын, сааттын жана сутканын, жуманын жана айдын, айдын жана жылдын ортосундагы катыштарды өздөштүрүшү зарыл. Балдар бир аталыштардын бирдиктеринде туюнтулган чоңдуктарды башка аталыштардын бирдиктеринде туюнтулган бир тектүү чоңдуктарга которууну үйрөнүшөт [9].

**Ылдамдык** менен таанышканда, адатта, объектилердин саякаттоо убактысын же убакыт бирдигинде басып өткөн аралыктарды салыштыруу каралат.

**Орточо ылдамдык** - бул ылдамдыктын бир нече маанилеринин арифметикалык орточо мааниси.

Бирдиктерди ченөөчү приборлорду колдоно билүү да зарыл. Чоңдуктарды салыштыра билүү, башкача айтканда, "көбүрөөк", "азыраак" жана "барабар" катыштарды түзүү зарыл. Демек:

Узундук: миллиметр, сантиметр, дециметр, метр, километр.

Аянттын бирдиги: чарчы миллиметр, чарчы сантиметр, чарчы дециметр, чарчы метр, чарчы километр, ара, гектар.

Массанын бирдиги: грамм, килограмм, центнер, тонна, литр.

Убакыттын бирдиги: мүнөт, саат, секунда, күн, ай, жыл, кылым.

Ылдамдыктын бирдиги: м/с, км/с, км/саат.

Башталгыч класстардын мугалимдери үчүн окуу процесстин маанилүү компоненти болуп окуучулардын окуу жана таанып-билүү иш-аракеттерин системалуу көзөмөлдөө болуп саналат. Билимди текшерүүнүн эң натыйжалуу жолдорунун бири-тесттик текшерүүнү өткөрүү. Тест уникалдуу, анткени аз убакыттын ичинде тигил же бул окуу материалын камтый алат жана тесттер аркылуу окуу программасынын чеберчилигин, жөндөмүн жана билимин текшерүүгө болот. Тесттик текшерүү заманбап окутууда абдан маанилүү жана суроо-талапка ээ болууда.

Башталгыч класстын окуучуларынын математикалык билим берүүсүндө тесттик көзөмөлдү колдонуунун маанилүүлүгүнө карабастан, тесттерди практикада колдонуу сейрек колдонулат. Тесттик көзөмөлдүн жардамы менен окуучунун кандай билим боштугун баштан кечирип жаткандыгын аныктап, көйгөйдү өз убагында жоюуга болот. Тесттер көбүнчө өтүлгөн материалды кайталоодо колдонулат.

Мугалим тесттин жардамы менен окуу процессин көзөмөлдөөдө математика боюнча алынган маалыматты өздөштүрүү даражасын аныктоого жана зарыл болсо, керектүү түзөтүүлөрдү киргизүүгө жана ошону менен окуучулардын математикалык өнүгүүсүнүн диагностикасын жүргүзө алат. Тесттик көзөмөлдөө билимди системалаштырууга, негизги нерсени аныктоо жана баалоодон кийин билимди жеке өздөштүрүүнүн жыйынтыгын чыгарууга, окутуунун сапатын жогорулатууга мүмкүндүк берет. "Тест" түшүнүгүнүн аныктамалары көп, негизинен аныктамаларда тест өлчөө жана баалоо үчүн керек экендиги айтылат.

Педагогикалык тест-окуудагы жетишкендиктердин, окугандыктын деңгээлин, окуу ишиндеги прогрессти, окуу процессинин натыйжалуулугун өлчөөчү тапшырмалардын комплекси. Аванесовдун пикири боюнча: “Тест тапшырмалардан, аларды колдонуу эрежелеринен, ар бир тесттин аткарылышы үчүн баалардан жана тесттин жыйынтыктарын чечмелөө сунуштардан турат " [1, 10-бет]. Тесттик көзөмөл окуучулардын билим деңгээлине, билгичтигине, көндүмдөрүнө объективдүү баа берүүгө жардам берет. Ошентип, башталгыч класстын окуучуларынын математикалык өнүгүүсүн аныктоо үчүн тесттик көзөмөлдүн мааниси чоң деп айтууга болот.

Математикалык мүнөздөгү тест тапшырмалары төмөнкү шарттарга жооп берүүгө тийиш: так формага ээ болуу, логикалык жактан туура келиши, технологиялык, белгилүү кыйынчылыкка ээ болуу жана тандалган критерий менен байланышта болуу. Акыркы мезгилде окуучулардын билимин текшерүүнүн тесттик формасы кеңири жайылтылды. алардын баары 1-сүрөттө жалпыланган [2].




**1 – сүрөт. Тесттердин түрлөрү**

**Ачык жана жабык тесттер**. Ачык формадагы тест тапшырмаларында тесттердин эки түрү бар: кошумча тесттер жана жоопту эркин жеткирүү тесттер. Мындай тесттердин уникалдуулугу- окуучу өз жообун сөз, сан, сөз айкашы, жада калса сүйлөм менен өзү түзүп, жазып алышы керек, анткени тестте туура жооп варианттары жок.

**Толуктоо тесттер**-бул субъекттер суроолорго өз алдынча жооп бере турган тесттер. Мындай сыноолордун негизги артыкчылыгы жоопту болжолдобой берүү, ал эми татаалдыгы туура жоопту түзүүдө.

**Эркин берилген тесттер** - бул тапшырмаларга субъекттердин эркин жоопторун кабыл алган тесттер. Бирок, формулалар бир туура жооптун болушун камсыз кылышы керек. Мындай тесттердин нускамаларында "бүтүрүңүз, жазыңыз ж. б." Жабык формадагы тест тапшырмаларында тесттердин төрт түрү бар: альтернативдик жооптор, көп тандоо, шайкештикти калыбына келтирүү жана ырааттуулукту калыбына келтирүү. Мындай тесттер, бир же андан көп болгон жоопторду ар кандай ыкмаларды кабыл алынган, бул иш үчүн туура тандоо болуп саналат [6].

**Альтернативдик тест**-бул тапшырманы аткарууда окуучу ага берилген эки жооптун бирин тандап алышы керек, анын пикири боюнча, мындай мүнөздөгү туура тесттер эң оңой деп эсептелинет, бирок жазуу формасы боюнча эң кеңири таралган эмес. Көпчүлүк тесттер татаал аныктамаларды өздөштүрүү деңгээлин аныктоо үчүн ылайыктуу, жетиштүү татаал графиктерди, диаграммаларды, схемаларды ж.б. мындай тесттердин суроолору билдирүү түрүндө берилген, анткени жооп билдирүүгө макул же макул эместигин билдирет. Мисалы: бир тегеректин эки радиусу анын диагоналына барабар болобу? Ооба. Жок.

**Көп тандоо тесттер -** тандоо тандоодо вариациянын болушун болжолдогон тапшырмалар. Субъект көбүнчө бир гана туура болгон сунушталган варианттардын бирин тандашы керек. Тапшырма бир нече жооп бар болсо, анда, мисалы, "жооп ыкмаларды тегерек", суроого чагылдырылышы керек [4].

Мисалы: 43 см 29 смден канчага чоң? а) 9 см б) 14 см в) 12 см г) 24 см

**Шайкештикти калыбына келтирүү тесттер** – бул бөлүктөрдү, элементтерди, түшүнүктөрдү-конструкцияларга, фигураларга, билдирүүлөргө табуу же теңдөө зарыл болгон тапшырмалар; эки тизменин элементтеринин ортосундагы шайкештикти калыбына келтирүү, катар тартибин калыбына келтирүү, иреттөө [4]. Көбүнчө, мындай тапшырмалар жазылган нускамада " ЖЕБЕ тарткыла, ЖЕБЕ шайкештигин көрсөт ж.б.".

Ырааттуулукту калыбына келтирүү тесттери шайкештикти калыбына келтирүү тапшырмаларына окшош. Мындай тапшырмалар тесттерде сейрек колдонулат.

Математика боюнча билимди тесттик текшерүү кээ бир төмөнкү функцияларды аткарат:

- көзөмөлдөө жана баалоо диагностикалоочу функция-бул функция математика боюнча окуу иш-аракеттеринин жүрүшүн жана натыйжаларын көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет. Бул функцияда башкаруу системасы окутуучунун көзөмөлү, окуучулардын өз ара көзөмөлү жана өзүн өзү көзөмөлдөө менен түзүлөт;
- билим берүү функциясы-бул билимдин сапатын жогорулатуу, аларды системалаштыруу, окуу иштеринин ыкмаларын калыптандыруу. Жетишүүнү көзөмөлдөөнүн жүрүшүндө билимдер, көндүмдөр каралат, тереңдетилет жана өркүндөтүлөт, билимдүүлүк деңгээли жогорулайт, акыл эмгегинин маданияты өркүндөтүлөт, өз алдынчалыкка дем берилет;
- өнүктүрүүчү функция-окуучулардын таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн окуучулардын ишмердүүлүгүн стимулдаштыруучу мазмундук баалоо үчүн зарыл негизди түзүү. Бул көзөмөлдүн таасири астында, мисалы, көңүл, эс тутум, ой жүгүртүү сыяктуу психологиялык процесстер жана инсандык касиеттер өркүндөтүлөт;
- тарбиялык функциясы-окуучуларды өз жыйынтыктары үчүн жоопкерчилик сезимине тарбиялоо, окутуунун когнитивдик мотивациясын калыптандыруу;
- прогностикалык функция-билимди, көндүмдөрдү өздөштүрүү процессин башкаруу жана аны оңдоо. Иштин натыйжалуулугун көзөмөлдөө-бул окуучунун жана мугалимдин ийгилик деңгээлин көрсөткөн жана иштин натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган үзгүлтүксүз кайтарым байланыш;
- уюштуруу функциясы – системалуу түрдө жүргүзүлүүчү текшерүү окуучунун ишин уюштурат, өз алдынча иштөөнүн рационалдуу режимине багытталат[3].

Текшерүүнүн ар кандай максаттарына жана түрлөрүнө жараша функциялар ар кандай болушу мүмкүн.Мындай тесттерди түзүүдө жана өткөрүүдө мугалим тесттин бардык тапшырмалары текшерүү максатына ылайык болушу зарыл. Мугалим сабактарда тесттерди колдонуунун жүрүшүндө тигил же бул тестирлөөнүн эрежелерин, талаптарын жана этаптарын сактоосу зарыл. Алгач, түзүлүп жаткан тесттин максаттарын жана функцияларын, андагы окуу материалынын өзгөчөлүгүн чагылдыруу керек.

**Пландаштырылган натыйжа** тапшырмалардын саны жана түрү менен аныкталат. Чоң окуу материалын үйрөнүүнү анча-мынча пландаштырылган жыйынтык менен текшерүүнү каалаган тесттерде жооп тандоо менен жабык типтеги тесттерди, кыскача түшүндүрмөлөрү менен ачык типтеги тесттерди колдонуу сунушталат. Эгерде мындай тесттерде толук жооп берилген тапшырмалар катышса, анда убакытты сарптоо көбүрөөк болот жана тапшырмалар аз болот. Мындай тесттер жемиштүү эмес жана анча натыйжалуу эмес.

Биринчи жана экинчи класста 10 мүнөттөн ашык эмес, үчүнчү жана төртүнчү 20 мүнөттөн ашык эмес тесттерди колдонуу сунушталат. Ошондой эле тандалган тесттин мазмунун тандоо принцибин сактоо зарыл. Негизги талаптар: тесттердин түрүн өтүлгөн сабактарга туура тандоо, айтуудагы логикалуулук, тапшырмаларды жайгаштыруудагы катасыздык, тапшырмалардын мазмунун туура келиши керек.

Кенже окуучулар үчүн тапшырмалардын төмөнкү түрлөрүн тандоо зарыл:

- бир нече тандоо жооп тапшырмалары;
- туура ырааттуулукту аныктоо боюнча тапшырмалар;

- шайкештикти белгилөөгө берилген тапшырмалар.

Тесттерди иштеп чыгуунун маанилүү фактору пландаштырылган натыйжаларга жетүү үчүн баалоо критерийлерин түзүү болуп саналат. Критерийлер окуучунун жетишкендиктерин чагылдырган чыныгы натыйжаларды белгилөөгө милдеттүү. Ошентип, бир нече тесттерди аныктоого болот: ар кандай татаалдыктагы тесттер (башында жөнөкөй), базалык деңгээлдеги тесттер. Тест иштерин талдоодо мугалим окуучулардын өтүп жаткан тема боюнча билимин баалайт. Тесттик иштерди баалоодо темалардын билимин, окуу-предметтик көндүмдөрдүн деңгээлин, сабаттуулукту талдоо болжолдонот. Математика сабагында тесттерди колдонуу, аны өткөрүүнүн бардык эрежелерин жана этаптарын сактоо менен натыйжалуу болот.

Аталган чоңдуктардын ар бири жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандырууда белгилүү бир этаптарга багыт алуу максатка ылайык, себеби ал этаптарда төмөнкүлөр чагылдырылган: бул түшүнүктүн математикалык чечмелениши, анын математиканын баштапкы курсунун башка маселелерин изилдөө менен өз ара байланышы ,ошондой эле кенже окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрү (Н.Б. Истомина)[5]:

1-этап. Чоңдуктар туралуу мектеп окуучуларынын идеяларын тактоо (баланын тажрыйбасына кайрылуу).

2-этап. Бирдей чоңдуктарды салыштыруу (визуалдык түрдө, сенсация, аралаштыруу, колдонуу, ар кандай ченөөлөрдү колдонуу менен).

3-этап. Бул чоңдуктуктардын бирдиги жана ченөө куралдар менен таанышуу.

4-этап. Ченөө билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу.

5-этап. Бир аталыш чоңдуктардын бирдиктеринде туюнтулган бир тектүү чоңдуктарды кошуу жана кемитүү.

6-этап. Сандарды номерлөө жана кошууну окутууда тыгыз байланыштагы жаңы чоңдуктар менен таанышуу. Бир аталыштагы бирдиктерде туюнтулган бир тектүү чоңдуктарды бирдик катары туюнтулган чоңдуктарга которуу.

7 - этап. Концентраттар боюнча номерлөөнү изилдөө менен тыгыз байланышта чоңдуктардын жаңы ченөө бирдиктери менен таанышуу. Бир номерлөө бирдиктерин башкаларга которуу.

8 - этап. Бир аталыштардын бирдиктеринде туюнтулган чоңдуктарды башка аталыштардын бирдиктеринде туюнтулган бир тектүү чоңдуктарга которуу.

9– этап. Эки башка аталыштагы бирдиктерде көрсөтүлгөн бирдей чоңдуктарды кошуу жана кемитүү.

10 - этап. Чоңдукту санга көбөйтүү жана бөлүү.

Ошентип, башталгыч мектепти аяктагандан кийин, балдарда чоңдуктар жөнүндө төмөнкүдөй түшүнүктөр болушу керек:

1. Чоңдуктардын бирдиктерин жана чоң жана кичине бирдиктердин ортосундагы байланышты билүү.
2. Ченөө приборлорду колдоно билүү.
3. Чоңдуктарды өлчөйбилүү жана натыйжаны ар кандай ченөө бирдиктеринде билдирүү.
4. Чоңдуктарды салыштыра билүү, башкача айтканда, "көбүрөөк", "азыраак" жана "барабар"катыштарын түзүү.
5. Чоңдуктардын ченөө бирдиктери менен бардык арифметикалык амалдарды аткара билүү.

Чоңдук түшүнүгүн калыптандырууда тапшырма системасы чоң роль ойнойт. Бул тапшырмаларды аткаруу процессинде, чоңдуктарды салыштыруу жана аларды өлчөө боюнча практикалык иштер окуучулар программада каралган ар бир чоңдук жөнүндө терең түшүнүк ала алышат. Жогоруда айтылган тесттерден мисал келтирелик:

**Узундук боюнча:**

**1.** Берилген узундуктардын эң кичинесин тандаңыз:а) 3 м б) 50 дм в) 99 см г) 2м 4дм

2. 17 см ди дециметр жана сантиметр менен туюнткула: -------------------------------------

3. Салыштыргыла: ( < ), чоңураак ( > ) же барабар (=) белгилерин койгула:

13см * 1дм 9дм; 3дм 3дм * 33см; 5дм * 44см; 15см * 1дм 5см; 2дм 12см * 3дм

4. Клендин бийиктиги 12 м, кайыңдын бийиктиги 8 м. клен кайыңдан канча метрге бийик? А. 2 метр в. 4 метр Б. 20 метр г. 6 метр.

5. Көрсөтүлгөн бирдиктерде туюнткула:

5 км 700 м = _ _ _ м; 8 км 8м = _ _ _ м; 6дм 3 см = _ _ _ см; 6см 8мм = _ _ _ _ мм;
5 м 6 см = _ _ _ см; 6дм 6 см = _ _ _ мм.

6. Туура жообун тапкыла: 3 метрде канча сантиметр бар? а) 30; б) 300; в) 3 000; г) 30 000.

7. 358 ммканча сантиметржана миллиметрбар? А)35см8мм Б)3см 58мм В)8см35мм

8. Жебе менен туура келүүчүлүктү көрсөткүлө:

| | |
|---|---|
| 18 см | 1 дм 8 см |
| 1 дм 3 см | 40 см |
| 4 дм 9 см | 13 см |
| 38 см | 3 дм 8 см |
| 4 дм | 49 см |

9. Барабардыктын бардыгы туурабы?:

1м = 10дм ; 1дм = 10см, 1см = 10мм, 1м = 100см? Ооба Жок

**Убакыт боюнча**

1. Эки суткада канча саат бар? а) 12; б) 24; в) 48; г) 120.
2. 3 жума жана 2 күн канча күн? а) 20; б) 21; в) 23; г) 32
3. Жарым саатта канча мүнөт бар? А) 12; б) 30; в) 50; г) 120.
4. Күндүн үчтөн бир бөлүгү канча саат? а) 7; б) 8; в)20; г) 72.
5. 6 саат 20 мүнөттө канча мүнөт бар? А)620 мүн Б) 80мүнВ) 380мүнГ) 400мүн
6. Сааттын төртөн бир бөлүгүндө канча мүнөт бар?

а) 30 мүн б) 15 мүн в) 20 мүн

7. Башталгыч класстар үчүн мектеп сабактары 8 саат 30 мүнөттө башталат жана алар 3 саат 20 мүнөт окуйт. Мектепте сабактар канча убакытта бүтөт?__________________

**Масса боюнча:**

1. Салыштыргыла: 3 кг 60 гр ... 3 600 гр; 4 кг 200 гр ... 4200 кг;

15 кг 900 гр... 16 400 гр; . 4 000 гр ... 4 кг 300 гр

2. Жарым тонна канча килограмм? а) 5; б) 50; в) 500: г) 2 000.
3. Челекке 10 литр суу батат. Эгерде анда 6л, 4л, 7л болсо, анда чакага канча литр суу куюш керек?___________________________________________
4. Чоңдуктардын маанилерин туура салыштыруусун көрсөтүңүз:

8060 кг жана 8т 6 ц. а) 8060 кг >8т 6 ц б) 8060 кг = 8т 6 ц в) 8060 кг < 8т 6 ц

5. Каздын массасы 5 кг, тооктун массасыандан 3 кг аз. Тооктун массасы канчага барабар?

**Аянт боюнча:**

**1.** Спорт залдын узундугу 30 м, туурасы 15 м. Спортзалдын аянтын тапкыла.

_______________

2. Туюнткула: 3$см^2$ мм менен. а)300 $мм^2$; б) 30000 $мм^2$; в) 30$мм^2$; 300000$мм^2$

**3.** Салыштыргыла: 3га * 30000$мм^2$; 4а * 300 мм**;**

**Ылдамдык боюнча**

1. Жөө жүргүнчү саатына 4 км басып өтөт, ал эми велосипедчи ошол мезгилде 3 эсе көп жүрөт. Велосипедчи жөө жүргүнчүгө караганда саатына канча чакырым көп жүрөт? _____________
2. Аралыгы 18 км ге барабар болгонэки пункттанэки жүргүнчү бир эле убакта бири-бирин көздөйчыгышты. Биринчи жөөжүргүнчүнүн ылдамдыгы5км / саат,ал эми экинчисиники биринчиге караганда 1 км/саатка азыраак.Канча сааттан кийин алар жолугушат? ________________

**Колдонулган адабияттар:**

1. Аванесов, В.С. Методологические и теоретические основы тестового педагогического контроля: дис.на соисканиеученой степени доктора педагогических наук: 13.00.01 /Аванесов Вадим Сергеевич. – Москва, 1994. – 339 с.
2. Базарова, О.Т. Использование дидактических тестов в условиях развивающего обучения / О.Т. Базарова, И. Н. Шиц // Начальная школа. – 2001. – № 3 – С. 20-22.
3. Далингер, В.А. Методика обучения математике в начальной школе: учеб. пособие. для акад. бакалавриата / В.А. Далингер., Л.П.Борисова. – 2-е изд., испр. и доп. - Москва: Юрайт, 2017. – 207 с.
4. Демидова, Т.Е. Формирование умений самоконтроля у младших школьников на уроках математики / Т.Е. Демидова, И.Н. Чижевская // Начальная школа: плюс – минус. – 2013. – №10. С. 10 – 15.
5. Истомина, Н.Б. Теоретические основы методики обучения математики в начальных классах: учебное пособие / Н.Б. Истомина. – Москва: Академия, 2001. – 288 с.
6. Майоров, А.Н. Теория и практика создания тестов для системы образования / А.Н. Майоров. – Москва: «Интеллект-центр», 2001. – 296 с.
7. Моро, М.И. Математика: учебник для 2 кл. нач. шк. В 2 ч. Ч. 2. (Второе полугодие) / М.И. Моро, М.А. Бантова, Г.В. Бельтюкова [и др.]. – Москва: Просвещение, 2002. – 96 с.
8. Моро М.И. Математика: Учеб. для 3 кл.: В 2 ч. / М. И. Моро, М. А. Бантова, Г. В. Бельтюкова и др. Часть 1.- М.: АСТ, 2008. -104с.
9. Моро М.И. Методическое пособие к учебнику «Математика. 4 класс» / М. И. Моро, Г. В. Бельтюкова, М. А. Бантова- М.: АСТ, 2008. - 116с. Моро М. И.
10.Найденова, И.С. Адаптация тестов международных сравнительных исследований в начальной школе / И.С. Найденова // Начальная школа. – 2011. – №1. – С. 77 – 80.

УДК: 510
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-157-164

**Стамалиева К. А., Боруева С. Ш., Бузурман кызы Айзат**
Талас мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, окуутучу,
Талас мамлекеттик университети, магистр
**Стамалиева К. А., Боруева С. Ш., Бузурман кызы Айзат**
Таласский государственный университет, кандидат педагогических наук, доцент,
Таласский государственный университет, преподаватель,
Таласский государственный университет, степень магистра
**Stamalieva K. A., Borueva S. Sh., Buzurman kyzy Aizat**
Talas State University, Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor,
Talas State University, lecturer,
Talas State University, Master's student

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТИН МАТЕМАТИКА САБАГЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮСҮН ӨНҮКТҮРҮҮ ЫКМАЛАРЫ
# МЕТОДЫ РАЗВИТИЯ ТВОРЧЕСКОГО МЫШЛЕНИЯ УЧАЩИХСЯ НА УРОКЕ МАТЕМАТИКИ НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ
# METHODS OF DEVELOPING STUDENTS' CREATIVE THINKING IN PRIMARY SCHOOL MATHEMATICS LESSONS

**Аннотация:** Азыркы заманда чыгармачыл ой жүгүрткөн адамдарга суроо - талаптар көп болуу менен кенже мектеп окуучулардын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү маселеси эң актуалдуу маселелердин бири болууда. Окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн калыптандырууда

төмөнкү шарттарды түзүү керектиги белгиленген: окуу материалынын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнүн анын маалыматтык канықкандыгына үстөмдүгү; "интеллектуалдык демилге" түшүнүгүнө багыт алуу ар кандай окуу жана изилдөө маселелерин чыгарууда баланын өз алдынчалыгын көрсөтүү; оригиналдуу, мүмкүнболушунча альтернативдүү чыгаруу жолун табуу; идеяларды баалоодо критикалык жана лоялдуулук жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу; көйгөйдү мүмкүн болушунча терең изилдөөгө умтулуу; окуу ишинин жогорку өз алдынчалыгы, билимди өз алдынча издөө, проблемаларды изилдөө; индивидуалдаштыруу-билим берүү процессинин субъекттеринин жекече функцияларын толук кандуу көрсөтүү жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү; проблематизация - балдардын алдында көйгөйлүү кырдаалдарды коюуга багыт алуу. Ошентип, бул шарттарды сактоо окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн калыптандырууга мүмкүндүк берет. Окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүлөрүсүнүн кайсынысын калыптандыра тургандыгын көрсөтүлгөн жана чыгармачыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн маселелердин бир нече түрлөрү келтирилген. Каралган маселелер окуучулардын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрөрүн, чыгармачылыкты калыптандыруу педагогикалык процессти байытарын, чыгармачыл инсан катары баланын өнүгүүсүнө таасирин тийгизерин, математика сабагында окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүсү окутуунун ийгилигине алып келерин белгиленген.

**Аннотация:** В настоящее время, в связи с большим спросом на людей творческого мышления, вопрос развития творческих способностей младших школьников становится одним из самых актуальных. При формировании творческого мышления учащихся необходимо создавать следующие условия: преобладание возможностей развития учебного материала над его информационной насыщенностью; ориентация на понятие "интеллектуальная инициатива"; демонстрация самостоятельности ребенка в решении различных учебных и исследовательских задач; поиск оригинального, возможного альтернативного решения; формирование критических и лояльных способностей в оценке идей; максимально глубокое понимание проблемы, стремление к исследованиям; высокая самостоятельность учебной деятельности, самостоятельный поиск знаний, исследование проблем; индивидуализация - создание условий для полноценного проявления и развития индивидуальных функций субъектов образовательного процесса; проблематизация - способность ставить перед детьми проблемные ситуации. Были показаны типы задач, которые формируют творческое мышление учащихся и перечислены несколько типов задач для развития творческого мышления. Отмечено, что рассматриваемые вопросы развивают творческие способности учащихся, формирование творчества обогащает педагогический процесс, влияет на развитие ребенка как творческой личности, развитие творческого мышления учащихся на уроке математики и ведет к успеху обучения.

**Abstract:** Currently, due to the high demand for people of creative thinking, the issue of developing the creative abilities of younger schoolchildren is becoming one of the most urgent. It is noted that in the formation of creative thinking of students, it is necessary to create the following conditions: the predominance of the possibilities of developing educational material over its information saturation; orientation to the concept of "intellectual initiative"; demonstration of the child's independence in solving various educational and research tasks; search for an original, possible alternative solution; formation of critical and loyal abilities in evaluating ideas; the most profound understanding the problem, striving for research; high independence of educational activities, independent search for knowledge, research of problems; individualization - creating conditions for the full manifestation and development of individual functions of subjects of the educational process; problematic situations in front of children. They showed which of them form the creative thinking of students and listed several types of tasks for the development of creative thinking. It is noted that the issues under consideration develop the creative abilities of students, the formation of creativity enriches the pedagogical process, affects the development of a child as a creative personality, the development of creative thinking of students in a math lesson and leads to learning success.

**Негизги сөздөр:** интеллектуалдык демилге, чыгармачыл ой жүгүртүү, башталгыч мектеп,чыгармачыл ишмердүүлүк, чыгармачылык, логикалык ой жүгүртүү, көйгөйлөр, чыгармачыл

ой жүгүртүүнүн өзгөчөлүктөрү, элестетүү, оригиналдуулук, эвристикалык, стандарттык эмес маселелер, өз алдынчалуулук, активдүүлүк, альтернативдүү чыгарылыш, изилдөөчүлүк, критикалык ой жүгүртүү, индивидуалдаштыруу.

**Ключевые слова:** интеллектуальная инициатива, творческое мышление, начальная школа, творческая деятельность, креативность, логическое мышление, проблемы, особенности творческого мышления, воображение, оригинальность, эвристика, нестандартные задачи, самостоятельность, активность, альтернативное решение, исследовательский подход, критическое мышление, индивидуализация.

**Keywords:** intellectual initiative, creative thinking, elementary school, creative activity, creativity, logical thinking, problems, features of creative thinking, imagination, originality, heuristics, non-standard tasks, independence, activity, alternative solution, research approach, critical thinking, individualization.

Азыркы заманда көйгөйлөрдү чечүүнүн креативдүү жана өзгөчө жолдору, чыгармачыл ой жүгүрткөн адамдардын суроо - талабы абдан маанилүү. Мектеп окуучулардын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү маселеси эң актуалдуу болууда. Бул көйгөй менен бир катар ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулар алектенип келишкен. Бирок, практикалык иште бул көйгөйдү чечүү багытында жылыштар дагы өтө эле аз. Азыркы учурда окуучуларды чыгармачылык ишмердүүлүккө даярдоо зарылдыгы баарына айкын көрүнүп турат. Ушуга байланыштуу мектептин активдүү, демилгелүү, чыгармачыл ой жүгүрткөн адамдарды тарбиялоодогу ролу жогору болууда. Окуучулардын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү мектептеги билим берүүнүн бардык этаптарында маанилүү, бирок башталгыч мектеп курагында чыгармачылыкты калыптандыруу өзгөчө мааниге ээ.

Л. С. Выготскийдин оюу боюнча, мектепте окуу чыгармачылыкты баланын аң-сезимдүү ишмердүүлүгүнүн борборуна түртөт. Бул маселени Ж. Пиаже, А.Н. Леонтьев, П.Я.Гальперин, Л.В.Занков, В.В.Давыдов, Р. С. Немов, Е. И. Рогов сыяктуу көптөгөн педагогдор жана психологдор изилдеп чыгышкан, алар чыгармачылыктын өнүгүү теориясын тереңдетип, чыгармачыл маселелерди чыгаруу процессин илимий жактан негиздешкен, туура чечим табууга көмөктөшүүчү жана тоскоолдук кылуучу шарттарды мүнөздөшкөн [1,3,4,5,8,9].

Чыгармачылык - бул эң жогорку таанып билүү процесси. Ал жаңы билимдин жаралышын, чыгармачыл чагылдыруунун активдүү формасын жана адамдын чындыкты өзгөртүүсүн билдирет. И.Я. Лернер чыгармачыл ой жүгүртүүнүн негизин төмөнкү өзгөчөлүктөр түзөт деп эсептеген:

- билимди жана көндүмдөрдү жаңы кырдаалга өз алдынча өткөрүп берүү;
- тааныш, стандарттуу шарттарда жаңы көйгөйлөрдү көрүү;
- тааныш объекттин жаңы функциясын көрүү;
- изилдене турган объекттин структурасын көрүү, башкача айтканда, объектинин бөлүктөрүн, элементтерин бири - бири менен өз ара байланышта тез, кээде заматта камтуу;
- альтернативаны көрө билүү чечим, аны издөөдө ыкманын альтернативасы;
- мурда көйгөйдү чечүүнүн жолдорун жаңы ыкмага айкалыштыра билүү жана башкалардын белгилүүлүгүндө оригиналдуу чыгаруу ыкмасын таба билүү.

Бул сапаттарды өздөштүрүп, табигый шык жана тырышчаактык менен шартталган деңгээлинде, аларды иштеп чыгууга болот. Учурда чыгармачылыкка жана чыгармачыл инсандарга социалдык муктаждык бар.

Окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү бүгүнкү мектепте маанилүү милдеттердин бири болуп саналат. Өзүн – өзү ишке ашырууга, өз мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүүгө умтулуу - бул адам жашоосунун бардык формаларында пайда болгон жетектөөчү башталыш - өнүгүүгө, кеңейтүүгө, өркүндөтүүгө, жетилгендикке умтулуу, организмдин бардык мүмкүнчүлүктөрүн жана "өзүн" чагылдыруу, көрсөтүү тенденциясы.

Чыгармачыл эмгекке даярдоодо башталгыч мектеп маанилүү ролду ойнойт. Башталгыч мектепте элестетүү жана фантазия, чыгармачыл ой жүгүртүү өнүгөт, изденүүчүлүк тарбияланат, кубулуштарды

байкоо жана талдоо, салыштыруу, фактыларды жалпылоо, тыянак чыгаруу, иш жүзүндө иш - аракетти, активдүүлүктү, демилгени баалоо жөндөмдөрү калыптанат [2].

Башталгыч мектепте окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүнүн өнүктүрүүсү мугалимдин жардамы менен гана ишке ашат. Мугалимдин милдети - кенже окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө шарт түзүү. Баланын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн аныктоочу негизги фактор - бул анын тажрыйбасы: элестетүүнүн чыгармачыл иши адамдын мурунку тажрыйбасынын байлыгына жана ар түрдүүлүгүнө түздөн - түз көз каранды. Демек, кенже окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн калыптандыруу биринчи маанилүү милдет болуп саналат. Окуучулардын чыгармачылык менен математикалык маселелерди чыгаруу жөндөмүн калыптандыруу үчүн, биринчи кезекте, алардын математикалык кругозорлорун өнүктүрүү, элестетүү үчүн реалдуу сезим негизин түзүү жөнүндө кам көрүү зарыл.

Башталгыч класстарда, айрыкча биринчи класстарда, окуу иштеринин жаңылануу жолдорун издөө ар бир мугалимдин милдети. Ошондуктан, көңүл бурууну, байкоочулукту, эс тутумду өнүктүрүүгө, анализ жүргүзүү, салыштыруу, мыйзам ченемдүүлүктөрдү табууга багытталган ишмердүүлүк үзгүлтүксүз болуусу зарыл. Баланын акылынын касиети бардыгын конкреттүү, сөзмө - сөз кабылдап, кырдаалдан жогору туура албоо жана анын жалпы, абстракттуу же каймана маанисин түшүнүү - математика сыяктуу абстракттуу мектеп дисциплинасын изилдөөдө айкын көрүнүп турган балдардын чыгармачылыгынын негизги кыйынчылыктарынын бири. Математикалык билим берүүнүн заманбап мазмуну негизинен кенже окуучулардын интеллектуалдык өнүгүүсүнө, чыгармачылыктын маданиятын жана өз алдынчалыгын калыптандырууга багытталган [6,10,12].

Элестетүү - бул чыгармачыл иштин зарыл элементи, ал төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

1. Эмгек продуктуларынын сүрөттөрүн түзүү;
2. Аныкталбаган көйгөйлүү жерлерде программалык жүрүм - турумду түзүү кырдаалдар; 3. Активдүү ишти алмаштыруучу образдарды түзүү каражаттары (б. а. процесстерди же объекттерди моделдөө).

Чыгармачылыктын дагы бир ажырагыс компоненти - бул оригиналдуулук, ал башка чечимдердин катарында сунушталган чечимдин окшош эместигин, стандартташтырылбагандыгын билдирет. Окуучулардын жөндөмдүүлүктөрү жана жөндөмдөрү канчалык көп жана кемчиликсиз болсо, алардын фантазиясы ошончолук бай, алардын дизайны ошончолук татаал болот жана математикалык тапшырмаларды алар жеңил аткарышат.

Окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн калыптандыруунун төмөнкү шарттары белгилесек болот:

- окуу материалынын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнүн анын маалыматтык каныккандыгына үстөмдүгү;
- интеллектуалдык демилгеге, "интеллектуалдык демилге" түшүнүгүнө багыт алуу ар кандай окуу жана изилдөө маселелерин чыгарууда баланын өз алдынчалыгын көрсөтүүсүн, оригиналдуу, мүмкүн альтернативдүү чыгаруу жолун табууга, маселени тереңирээк деңгээлде же башка жактан кароого умтулууну болжолдойт;
- идеяларды баалоодо критикалык жана лоялдуулук жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу;
- көйгөйдү мүмкүн болушунча терең изилдөөгө умтулуу;
- окуу ишинин жогорку өз алдынчалыгы, билимди өз алдынча издөө, проблемаларды изилдөө;
- индивидуалдаштыруу - билим берүү процессинин субъекттеринин жекече функцияларын толук кандуу көрсөтүү жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;
- проблематизация - балдардын алдында көйгөйлүү кырдаалдарды коюуга багыт алуу. Ошентип, бул шарттарды сактоо окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн калыптандырууга мүмкүндүк берет.

Билим алуучулардын чыгармачылык деңгээлин аныктоо үчүн чыгармачылыкты мүнөздөгөн төмөнкү интеллектуалдык жөндөмдүктөрдү кароо зарыл:

- ой жүгүртүү - убакыт бирдигинде пайда болгон идеялардын саны;
- ойдун ийкемдүүлүгү - бир идеядан экинчисине өтүү мүмкүнчүлүгү;
- оригиналдуулук - жалпы кабыл алынган көз караштардан айырмаланган идеяларды чыгара билүү;

- кызыгуу - курчап турган дүйнөдөгү көйгөйлөргө сезимталдык;
- божомолду иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү;
- реалдуулук - жооптун стимулдан логикалык көз карандысыздыгы;
- фантастикалык - стимул менен жооптун ортосунда логикалык байланыш болгондо, чындыктан жооптун толук ажыратылышы;
- көйгөйлөрдү чечүү жөндөмү, башкача айтканда, талдоо жана синтездөө жөндөмү;
- деталдарды кошуу менен объектти өркүндөтүү мүмкүнчүлүгү [1,2,11].

Проблемалуулуктун төрт деңгээли проблемалык окутуунун натыйжалуулугун төрт деңгээлин шарттайт, алар төрт проблемалык окутуунун натыйжалуулугун камсыз кылат. Мунун баары окуучулардын жаңы билимдерди жана акыл-эс иш-аракеттерин өздөштүрүүсүнүн ар кандай деңгээлин гана эмес, ой жүгүртүүнүн ар кандай деңгээлдерин чагылдырган проблемалуу окутуунун төрт деңгээлин түзөт:

- "өз алдынча эмес" активдүүлүктүн деңгээли – окуучунун мугалимдин түшүндүрмөлөрүн кабыл алуусу, көйгөйлүү кырдаал шартында акыл-эс аракетинин үлгүсүн өздөштүрүү (окутуунун активдүүлүгүнүн жана натыйжалуулугунун биринчи деңгээли), окуучунун өз алдынча иштерди, кайра жаратуу мүнөзүндөгү көнүгүүлөрдү аткаруусу, оозеки кайра чыгаруу;
- жарым – жартылай өз алдынча деңгээл жаңы кырдаалда мурдагы билимдерин мугалим тарабынан коюлган окуу проблемасын чечүүнүн жолун издөөгө катышуусу менен мүнөздөлөт (окутуунун проблемалуулугунун жана натыйжалуулугунун экинчи деңгээли);
- деңгээл өз алдынча репродуктивдик - издөө тибиндеги өз алдынча иштерди аткаруу (окутуунун проблемалуулугунун жана натыйжалуулугунун үчүнчү деңгээли), мында окуучу окуу китебинин тексти боюнча өз алдынча иштеп, мурдагы билимин жаңы кырдаалда колдонот, татаалдыктын орто деңгээлиндеги маселелерди түзөт, чечет, логикалык талдоо аркылуу божомолду мугалимдин аз жардамы менен далилдейт;
- чыгармачыл активдүүлүктүн деңгээли - окутуунун проблемалуулугунун жана натыйжалуулуктун төртүнчү деңгээли;
- чыгармачыл фантазияны, логикалык анализди жана божомолду, окуу проблемасын чечүүнүн жаңы ыкмасын ачууну, өз алдынча далилдөөнү талап кылган өз алдынча иштерди аткаруу менен мүнөздөлөт, бул деңгээлде өз алдынча тыянактар жана жалпылоолор, ойлоп табуулар жасалат.

**Чыгармачыл ой жүгүртүүлөрдү калыптандырган маселелер**

| **Маселелердин түрлөрү** | **Алар эмнени калыптандырат?** |
|---|---|
| Тамашалуу маселелер, кызыктуу тапшырма, варианттарды тандоо боюнча тапшырмалар | Акыл эстин ийкемдүүлүгүн калыптандырат, ой жүгүртүүнү калыптандырат |
| Куюштурганга берилген маселелер, логикалык маселелер, ребустар, классификациялоо маселелери | Ой жүгүртүүнүн математикалык стилин калыптандырат, балдардын логикалык-лингвистикалык жөндөмдөрүн өнүктүрөт, алар так ой жүгүртүү, толук логикалык ой жүгүртүү жана өз ойлорун так айтуу жөндөмүн калыптандырат. |
| Аналогия жана ашыкчасын четтетүү маселелери | Маселелерди чыгаруу үчүн издөө көндүмдөрүн калыптандыруу, туюп билүү теориясы жана чечүү үчүн үлгү эмес мамилени талап кылат. |
| Геометриялык мазмундагы маселелер (геометриялык фигуралар жана алардын касиеттери) | Окуучулардын мейкиндик жана мейкиндик элестетүү жөндөмдөрүн калыптандырат, кругозорлорун кеңейтет. |

Проблемалык тапшырмалардын түрлөрү[5]:

Психолог В.А. Крутецкий окуучулардын математикалык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү көйгөйлөрүн колдонуу менен активдүү өз алдынча, чыгармачыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн маселелердин түрлөрүн келтирген. Алардын айрымдары:

- формулировкаланбаган суроолор менен берилген маселелер;
- жетишпеген маалыматтар менен берилген маселелер;
- толук эмес шарттары менен берилген маселелер;
- ашыкча маалыматтар менен берилген маселелер;
- өзгөртүлгөн мазмуну менен берилген маселелер;
- бир нече чыгарылыштары бар маселелер;
  - далилдөөгө берилген маселелер;
  - логикалык маселелер;
  - аналогияга берилген маселелер;
  - ашыкчаны четтетүүгө берилген маселелер;
  - түз жана тескери маселелер;
  - эвристикалык маселелер;
  - стандарттык эмес маселелер;
  - мазмунун өзгөртүүгө берилген маселелер.

**1.** Формулировкаланбаган суроо менен берилген маселелер

Суроо түз же кыйыр түрдө формулировкаланбайт, бирок ал логикалык жактан математикалык байланыш маселесиндеги маалыматтардан келип чыгат. Мындай көйгөйлөр окуучусу үчүн ар кандай маалыматтардын жыйындысын берет же маселе башында эле өз ара байланышкан баалуулуктардын комплекси катары каралат.

1. "Унаа 630 км / саат ылдамдыкта 70 км басып өттү (ал жолго канча убакытты сарптады?)"

**2.** Шоколаддын баасы 15 сом, шоколаддын бир кутусунун баасы 30 сом. Бул маселенин шарты боюнча ар кандай суроолорду бергиле.

2. Жетишпеген маалыматтар менен берилген маселелер

Окуучуларга суроолор берилет: эмне үчүн маселе боюнча так жооп берүүгө болбойт? Эмне жетишпейт? Эмне кошуу керек? Маселе азыр так чечилиши мүмкүн экенин далилдегиле.

1. Поезд цистерналардан, вагондордон жана платформалардан турат. Цистерналар платформаларга караганда 4кө, вагондор платформаларга караганда 8ге азбы? (Алардын жалпы саны белгисиз).

2. Эки пункттан эки жүргүнчү бир эле убакта бири-бирин көздөй чыгышты. Бир жөө жүргүнчүнүн ылдамдыгы 7 км / саат, ал эми экинчисиники биринчиге караганда 1 км/саатка көбүрөөк. 2 сааттан кийин алардын арасындагы аралык канчага барабар болот?

**3.** Толук эмес шарттары менен берилген маселелер

Маселенин шарттары толук берилбеген маселелерди да кароого болот.

1. "Эки кайык бир эле учурда эки пристандан бири - бири көздөй жөнөштү. Бир кайык саатына 15 км, экинчиси 10 км. Пристандын арасындагы аралыкты табуу керек. (Кайыктар канча убакыттан кийин жолукканы көрсөтүлгөн эмес)"

**4.** Ашыкча маалыматтар менен берилген маселелер

1. Апасы 25 жашта. Анын үч баласы бар. Балдарынын жаштарынын көбөйтүндүүсү 105 ке барабар. Кичи уулу канча жашта?

2. Массасы 4 ц 62 кг болгон 11 ящик алма, ал эми массасы 6 ц 12 кг болгон 18 ящик алмурут магазинге алып келишти жана 22 ящик алма жана 6 ящик алмурут алып келишти. Бир ящик алманын салмагы бир ящик алмуруттун салмагынан канча килограммга көп.

**5.** Өзгөртүлгөн мазмуну менен берилген маселелер

1. Баланын бир нече тыйыны болгон. Ага дагы 14 тыйын берилгенде ал бардык акчага 4 карандаш сатып алып, ар бири үчүн мурунку акчасынан эки эсе көп төлөгөн. (Мурунку акчасына бир карандаш да сатып ала алган эмес). Бала 14 тыйын алганга чейин канча акча алган?

**6. Бир нече чыгарылышы бар маселелер**

Маселелер ар кандай жолдор менен чыгарылышы мүмкүн.

1. 1ден 50гө чейинки бардык сандардын суммасын тапкыла. Бул маселени ар кандай жол менен чыгарууга болот.

2. Шаарлардын ортосундагы аралык 225 км, бул шаарлардан бири – бирине карай бир эле учурда жүргүнчү (ылдамдыгы – 50 км/саат) жана товардык (ылдамдыгы – 40 км/саат) поезддер чыгат. Алар канча убакыттан кийин жолугушат? (Экинчи вариант: "бири-бирине карай" дегендин ордуна "бир багытта"дейт. Эгерде субъект суроо берсе: "поезддердин кайсынысы алдыда?", анда ал маселени чечүү үчүн сунуш кылынат, кандай шартта маселе бар).

3. Эки автобуска 123 экскурсант отурду, андан кийин 8 адам чыгып, алардын үчөө экинчи автобуска түштү. Ошондон кийин жүргүнчүлөр бирдей болуп калды. Башында ар бир автобуста канча жүргүнчү болгон?

4. Ашканага 4 кап шекер жана 6 кап ун, жалпысынан 500 кг алып келишти. Ашканага канча кг ун жана кг шекер алып келген?

**7.** Далилдөөгө берилген маселелер

Алардын жардамы менен логикалык ой жүгүртүү, ой жүгүртүү жөндөмү тарбияланат. Удаалаш үч бүтүн сандын суммасы 3кө бөлүнөрүн далилдегиле.

**8.** Логикалык маселелер

Бул маселелерди чыгаруу үчүн атайын билим талап кылынбайт, бирок белгилүү тапкычтыкты көрсөтүп, логикалык ой жүгүртүү жөндөмү керек.

1. 1ден 99999га чейинки бардык сандарды жазыңыз. 1 саны канча жолу жазылат.
2. Кээ бир сандардын ортосунда 1 2 3 4 5 амалдарды жана кашааларды коюп, 40 санын алгыла.
3. Үч тоок үч күндө үч жумуртка тууду. Он эки тоок он эки күндө канча жумуртка тууйт?

**9**. **Аналогия**га **берилген маселелер**

1. Кемүүчү - айырма, көбөйтүүчү -...?
2. Катарды уланткыла: а) 1, 5, 13, 29, … б)7, 19, 37, 61, …
3. Сандык удаалаштыктын эки мүчөсүн аныктагыла:

а) 1, 4, 9, 16 25, 36… в) 82, 97, 114, 133…

**10.** Ашыкчаны четтетүү **маселелер**

Бул сериядагы ар бир маселеде төрт объект көрсөтүлгөн, алардын үчөө бири-бирине абдан окшош жана бирөө гана башкалардан айырмаланат.

1. Ашыкча фигура, ашыкча сөздөрдү тапкыла:

а) тегерек, квадрат, үч бурчтук, трапеция, тик бурчтук; б) үч бурчтук, сегмент, узундук, квадрат, в) бөлүнүүчү, бөлүүчү, плюс, тийинди.

2. Ашыкча санды тапкыла: а) 18, 109, 3330, 54 б) 24, 42, 102, 3003

**11.** Түз жана тескери маселелер. Мындай маселелер ойлонуу процессинин кайтарымдуулук жөндөмүн изилдөөгө мүмкүндүк берет. Тескери маселени чыгарууда окуучулар түздөн - түз маселени чыгарууда колдонулган ой - пикирлерди жана корутундуларды калыбына келтиришет. Ошентип, алар ойлор менен ой жүгүртүүнүн жаңы, татаал формаларынын ортосундагы жаңы байланыштарды өздөштүрүшөт. Жаңы маселелерди түзүү, тескери маалыматтар, проблемаларды аныктоодо мугалим чыгармачыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнүн оңой жана ыңгайлуу жолдорун издейт.

1. Түз маселе. "А жана В шаарларынын ортосундагы аралык - 390 км. Бири - бирин көздөй эки поезд чыкты. Алардын бири 60 км/саат, экинчиси 70 км/саат ылдамдыкта жүргөн. Алар канча убакыттан кийин жолугушат?"

Тескери маселе. "А жана В шаарларынын ортосундагы аралык 380 км. бири-бирин көздөй эки поезд чыгып 3 сааттан кийин жолугушкан. Бир поезд 60 км / саат ылдамдыкта жүрдү. экинчи поезд кандай ылдамдыкта жүрдү?

**12.** Эвристикалык маселелер

Окуучулар жаңы материалды кантип өздөштүрөрүн, өз алдынча мамилелерди жана функционалдык көз карандылыктарды кантип түзөрүн иликтешет, өз алдынча жалпылоолорду чыгарышат.

1. "Туристтин поезд менен басып өткөн жолу пароходдо жүргөн жолунан 150 км жана баскан жолунан 750 км ге көп. Эгер пароходдо жүргөндөн үч эсе аз басканы белгилүү болсо, анда бардык жолдун узундугу канчага барабар?

13. **Стандарттык эмес маселелер** [6]:

1. Катарды уланткыла:

41,42,43, …, …, ….

91,81,71, …, …, ….

2. Квадраттын периметри 16 га барабар. Эгерде:

1. Анын жактарын эки эсе кичирейтсек;

2. Анын жактарын 1 смге кичирейтсек; анда анын периметри кандай өзгөрүлөт?

**3**. Жылдызчанын ордуна барабардык аткарыла тургандай цифраларды койгула.

*54 + *2* =468 5*6+ 1*4 =997 2*3 + *5*= 690 *9* - 7*8=271

*2* -1*3=584 *2*-1*3=369

4. Короодо тооктор жана коендор бар, алардын баштарынын саны 20 га, ал эми буттарынын саны 52 ге барабар. Короодо канча тоок жана коен бар?

5. Уулу атасынан канча жашта экендигин сурады. Атам:"эгер менин жашыма элүү жана дагы 5 жыл кошсом, анда мен 100гө чыгам", - деп жооп берди. Атасы канча жашта?

6. Максат менен Марат кол алышып, бири - бирине бирден сүрөтүн тартуулашты. Канча кол алышуу болду? Канча сүрөт керек болду? Жооп: бир кол алышуу; эки сүрөт.

7. Кантип эки бала жана бир чоң киши эки балага же бир чоң кишиге ылайыкталган бир кайыкта экинчи жээкке өтүшөт?

Жогорудагы каралган маселелер окуучулардын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрөт. Математика сабагында кызыктуу оюндар түрүндө белгилүү бир типтеги маселелерди чыгаруу аркылуу чыгармачылыкты калыптандыруу педагогикалык процессти байытат, аны маңыздуу кылат, чыгармачыл инсан катары баланын өнүгүүсүнө таасирин тийгизет. Баланын ар бир сабакта ачылыш кубанычын сезиши, анын өз күчүнө болгон ишеними жана таанып - билүү кызыгуусу калыптанышы принципиалдуу мааниге ээ болот. Математика сабагында окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүсү окутуунун ийгилигине алып келет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Выготский Л.С. Воображение и творчество в детском возрасте: Психологический очерк: Книга для учителя. 3 изд. - М.: Просвещение, 1991.
2. Давыдов В.В. «Теория развивающего обучения». Москва,1996
3. Карелина Т.М. Методы проблемного обучения // Математика в школе. – 2000. - № 5
4. В.А Крутецкий, Основы педагогической психологии. – М., 1972.
5. Махмутов М.И. Организация проблемного обучения. – М., 1977.
6. Г.Г. Левитас. Нестандартные задачи на уроках математики. М. 2006г.
7. Орехова С.В. Развитие творческого мышления на уроках математики.
8. Пономарев Я.А. «Психология творческого мышления» М., 2002 г.
9. Развитие творческой активности школьника». Под ред. А.Н.Матюшкина. М., Педагогика, 2003 г.
10. М.Н Скаткин, Школа и всестороннее развитие детей [Текст] / М.Н.Скаткин.- М.: Просвещение, 1995. – 144 с.
11. Трегубова Г.В. «Развитие творческого мышления». Начальная школа №6
12. Шубинский В.С. Педагогика творчества учащихся. - М.: Просвещение, 1989.

УДК: 510
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-164-170

**Стамалиева К. А., Кыштообаева Ч. А., Секимова А. К.**
Талас мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Стамалиева К. А., Кыштобаева Ч. А., Секимова А. К.**
Таласский государственный университет, кандидат педагогических наук, доцент,
Таласский государственный университет, кандидат педагогических наук, доцент,
Таласский государственный университет, магистрант
**Stamalieva K.A., Kyshtobayeva Ch. A., Sekimova A. K.**
Talas State University, Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor,
Talas State University, Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor,
Talas State University, undergraduate

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУДА АНАЛОГИЯ ЫКМАСЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ
# ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ФОРМИРОВАНИЯ МЕТОДА АНАЛОГИИ ПРИ ОБУЧЕНИИ МАТЕМАТИКЕ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ
# THEORETICAL FOUNDATIONS OF THE FORMATION OF THE METHOD OF ANALOGY IN TEACHING MATHEMATICS IN PRIMARY GRADES

**Аннотация:** Бул илимий макалада математиканы окутуу процессинде аналогия ыкмасын колдонууда окуучулардын предметке болгон кызыгуусу жогоруларын, аларды изилдөөчүлүк жөндөмдүү болушууна жана окуу материалын оңой жана бекем өздөштүрүүсүнө мүмкүндүк берери белгиленген. Алгач аналогия түшүнүгү, аналогиянын түрлөрү жана максаты берилген. Аналогия ыкмасын колдонуунун негизги максаты – анын моделдерин изилдөө жана жалпыланган маалыматты моделдерден түпнускага өткөрүп берүү, анын ичинде аналогия базасын изилдөө аркылуу түпнуска түшүнүгүнүн толук сүрөттөлүшүн түзүү. Окуучулардын аналогия боюнча тыянак чыгаруу жөндөмүн калыптандырууда төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл экендигин көрсөтүлгөн: аналогия салыштырууга негизделет; аналогияны колдонуу үчүн эки объект болушу керек; окуучуларды аналогияны колдонууга багыттоо үчүн алар жеткиликтүү формада болушу зарыл; математикада көп учурда эсептөөнүн жаңы ыкмасы, өзгөрүүлөр иштин белгилүү ыкмасын жана ушул жаңы тапшырманы кылдаттык менен изилдеп, божомол боюнча ачылышы мүмкүн экендигине көңүл буруу. Кенже окуучуларда аналогия ыкмасы калыптандыруу максатында бир нече тапшырмалар сунушталган. Аналогия окуучуларга жаңы маселелерди, окуу көйгөйлөрүн болжолдуу чечүүнү табууга жардам берет жана окуучулардын таанып - билүү процессин активдештирүүгө, окуучулардын окууларына, алардын өз алдынча жемиштүү ой жүгүртүүсүн, математикалык интуициясын натыйжалуу өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт жана окуучулардын предметти терең, туруктуу өздөштүрүүсүн камсыз кылган бирикмелердин маанилүү булагы болуп саналат деп белгиленген.

**Аннотация:** В данной научной статье отмечено, что при применении метода аналогии в процессе обучения математике повышается интерес учащихся к предмету, что позволяет им иметь исследовательские способности и легко и прочно усваивать учебный материал. Сначала дается понятие аналогии, типы и цель аналогии. Основная цель использования метода аналогии - изучить его модели и передать обобщенную информацию от моделей к оригиналам, включая создание полного описания исходной концепции путем изучения базы данных аналогий. Было показано, что при формировании у учащихся способности делать выводы по аналогии необходимо учитывать следующие: аналогия основана на сравнение; для применения аналогии должно быть два объекта; они должны быть в доступной форме, чтобы направлять учащихся к применению аналогии; в

математике часто используется новый метод расчета, изменения, которые необходимо учитывать при тщательном изучении известного метода работы, чтобы сделать предположение. В целях формирования у младших школьников метода аналогии было предложено несколько заданий. Сделан вывод, что аналогия помогает учащимся находить новые задачи, приближенные решения задач обучения и тем самым способствует активизации познавательного процесса учащихся, обучению учащихся эффективному развитию их самопродуктивного мышления, математической интуиции и является важным источником ассоциаций, обеспечивающих глубокое и устойчивое усвоение учащимися предмета.

**Abstract:** In this scientific article, it is noted that when using the analogy method in the process of teaching mathematics, students' interest in the subject increases, which allows them to have research abilities and easily and firmly assimilate educational material. First, the concept of analogy, types and purpose of analogy are given. The main purpose of using the analogy method is to study its models and transfer generalized information from the models to the originals, including creating a complete description of the original concept by examining the database of analogies. It has been shown that when forming students' ability to draw conclusions by analogy, the following must be taken into account: analogy is based on comparison; there must be two objects for the application of analogy; they must be in an accessible form to guide students to the application of analogy; in mathematics, a new calculation method is often used, changes that must be taken into account when carefully studying a well-known method of operation to make a guess. In order to form a method of analogy for younger students, several tasks were proposed. It is concluded that analogy helps students to find new tasks, approximate solutions to learning problems and thereby contributes to the activation of the cognitive process of students, teaching students, the effective development of their self-productive thinking, mathematical intuition and is an important source of associations that ensure deep and sustainable assimilation of the subject by students.

**Негизги сөздөр:** аналогия ыкмасы, аналогия ыкмасын калыптандыруу, изилдөөчүлүк жөндөмдүүлүк, математикалык интуиция; жемиштүү ой жүгүртүү, логикалык ой жүгүртүү, натыйжалуу билим, салыштыруу схема; таанып – билүү, өз алдынчалык , окуу процесс.

**Ключевые слова:** способы аналогии, формирование способов аналогий, исследовательские способности, математическая интуиция, продуктивное мышление, логическое мышление, эффективное знание, сравнительная схема, познание, самостоятельность, процесс обучения.

**Keywords:** methods of analogy, formation of methods of analogies, research abilities, mathematical intuition, productive thinking, logical thinking, effective knowledge, comparative scheme, cognition, independence, learning process.

"Математика" окуу предмети баштапкы мектепте алдыңкы орунду ээлейт, себеби математиканы окутуудагы жетишкендиктер көбүнчө башка мектеп предметтери боюнча баланы даярдоонун сапатын көрсөтөт. Кенже мектеп окуучуларынын жаңы билимдерди өздөштүрүүнүн усулдары жана ыкмалары ар кандай ой жүгүртүүнү жүргүзүү менен тыгыз байланышкан. Аналогия башталгыч мектеп окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүн калыптандыруу каражаты катары каралат. Математиканын баштапкы курсуна аналогиялык маселелерди киргизүү башталгыч класстын окуучуларынын өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизет.

**Аналогия -** кубулуштардын, предметтердин, түшүнүктөрдүн айрым жагынан окшоштугу. Дедуктивдүү корутундунун эң маанилүү түрү - аналогия (грекче. ылайык келүү, окшоштук). Аналогия - билимдин абдан натыйжалуу эвристикалык куралы.

**Аналогиянын түрлөрү:**

1. Жөнөкөй аналогия, мында объектилердин окшоштугу боюнча айрым белгилерде алардын башка белгилердеги окшоштугу жыйынтыкталат;
2. Жайылтылган аналогия, мында кубулуштардын окшоштуктарынан себептердин окшоштугу жөнүндө тыянак чыгарышат.

**Аналогия** деп айрым белгилердеги эки объекттин окшоштугунан жана алардын биринде кошумча белги болгондо башка объектте ушундай эле белги бар экендиги жөнүндө тыянак чыгарылган тыянак чыгаруунун (ой жүгүртүүнүн) өзгөчө түрү [1].

**Аналогияны колдонуунун негизги максаты** – анын моделдерин изилдөө жана жалпыланган маалыматты моделдерден түпнускага өткөрүп берүү, анын ичинде аналогия базасын изилдөө аркылуу түпнуска түшүнүгүнүн толук сүрөттөлүшүн түзүү. Бул иш-аракеттердин жыйындысы, математикалык түшүнүктөрдү берүү учурунда аналогияны колдонуу боюнча акыл-эс иш-аракетинин маанилүү бөлүгүн түзөт жана анын негизги элементи болуп саналат.

Түшүнүктөрдү окутуу процессинде аналогияны колдонуу методикасы деп мугалимдин жана окуучулардын түшүнүктөр менен иш-аракеттеринин (акыл-эс жана материалдаштырылган) программасын түшүнөбүз, ал окуучуларга аларды түшүнүү, маселелерди чыгарууда аң - сезимдүү колдонуу жана өзгөртүлгөн шарттарда алардын жардамы менен багыт алуу менен мүнөздөлгөн аларды өздөштүрүүнүн олуттуу деңгээлин камсыз кылат.

**Сөздүк аналогия:** үч сөз берилген, биринчи экөө белгилүү бир байланышта. Арасында үчүнчү жана сунушталган беш сөздүн бири менен бирдей байланыш бар, төртүнчү сөздү табыңыз. Мисалы: ыр: композитор - учак:? а) аэродром, б) күйүүчү; в) конструктор; г) учкуч. Функционалдык мамилелер: ырды композитор жазат. Жооп: конструктор (дизайнер учак жасады).

**Сандык аналогия:** удаалаштыкты улантуу: 1, 1, 2, 4, 12, 36, 108, 432,… Жооп: 1728

**Касиеттердин аналогиясы.** Бул учурда, аналогияны колдонууда изилденип жаткан объектилердин айрым жаңы касиеттерин ачууга мүмкүндүк берет.

**Аракеттердин аналогиясы.** Бул жерде окшоштук салыштырылып жаткан объектини изилдөөнүн негизинде иш-аракет режими жөнүндө корутундуда чагылдырылат.

Аналогиялык маселелерди чыгарууну окутуунун методикасы башталгыч мектеп жашындагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү жана ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө багытталат. Аракет ыкмалары "даяр" берилген эмес жана балдар өзүлөрүнүн "ачылышына" келип, тажрыйба топтошот. Ар кандай милдеттерди – окшоштуктарды жана аларды чечүүнүн ар кандай мүмкүнчүлүктөрүн карап чыгуу (ой жүгүртүүнүн ар кандай жүрүшү, уюштуруунун каражаттары, объекттерди белгилөө) балага анын жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык чечүү жолдорун жана каражаттарын тандоону камсыз кылат [7].

Математиканы окутуу процессинде аналогияны кеңири колдонуулушу окуучулардын предметке болгон кызыгуусун арттырууга, аларды изилдөөчүлүк деп аталган иш-аракетке тартууга жөндөмдүү натыйжалуу ыкмалардын бири болуп саналат. Мындан тышкары, аналогияны кеңири колдонуу окуучулардын окуу материалын кыйла жеңил жана бекем өздөштүрүүсүнө мүмкүндүк берет.

Д. Пойа мындай деп жазган: "аналогия дагы жаңы фактылардын булагы болуп саналат. Эң жөнөкөй учурларда, жакын, тектеш маселени чыгаруу дээрлик көчүрүлүшү мүмкүн. Аналогияны колдонууну практикалык жактан тастыктоо максатында проблемалуу маселелерди чыгаруу мисалына кайрылууга болот” [5].

Аналогия математика түшүнүктөрүн салыштырууга жана карама-каршы коюуга жардам берет, ал эми жаңы маалыматтар, түшүнүктөр мурункулар менен ар кандай байланышта эмес, алар менен салыштырганда, окшош жана айырмалоочу белгилерди орнотууда жакшы өздөштүрүлөт. Мындан тышкары, аналогияны кеңири колдонуулушу окуучулардын окуу материалын оңой жана бекем өздөштүрүүсүнө мүмкүндүк берет, анткени ал көп учурда белгилүү бир билим системасын жана билгичтиктерди белгилүү бир объекттен белгисизге психикалык которууну камсыз кылат (бул айтмакчы, билимди актуалдаштырууга да өбөлгө түзөт).

Салыштыруу эки негизги формада жүргүзүлөт: дал келүү жана карама-каршылыктар. Карама - каршылык маанилүү белгилерин жана касиеттерин бөлүп жатканда объектилерин жана кубулуштардын айырмалоочу түшүнүүгө багытталган. Психологдордун изилдөөлөрү көрсөткөндөй, окуучу айырмачылыкты окшоштукка караганда эрте түшүнөт. Толуктугу боюнча жарым - жартылай жана толук салыштыруу айырмаланат. Толук салыштыруу окшоштукту да, айырманы да белгилейт [2].

Жарым - жартылай салыштыруу изилденген окуу материалында айырмалоочу тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Түшүнүктөрдүн салыштыруу схемасын көрсөтөйлүк:

1. Түшүнүктөрдүн белгилерин бөлүп көрсөтүү.
2. Жалпы жана маанилүү белгилерин аныктоо.
3. Маанилүү белгилеринин бирин тандоо.
4. Тандалган негиз боюнча түшүнүктөрдү салыштыруу.

Математиканы окутуу процессинде мугалим пайдалуу аналогияларды өзү гана пайдаланбастан, аналогия боюнча тыянактарды өз алдынча жүргүзүүгө окуучуларды да кошуусу керек. Бул учурда, окуучулар, алар туура эмес болушу мүмкүн экенин жокко чыгарбастан, окшоштук боюнча алынган тыянактар, милдеттүү негиздеме талап экенин түшүнүү керек. Мисалы, 2 ге жана 3кө бөлүнгөн сандар 6 га бөлүнүшөт.

Аналогияны колдонуп төмөнкүдөй эрежени чыгарууга болот: цифраларынын суммасы 3 кө бөлүнгөн жуп сандар 6 га бөлүнүшөт.

Объектилердин касиеттерин, алардын ортосундагы мамилелерин жана алар менен иш-аракеттерди изилдөөгө болот.

Мисалы, $4·(3 + 7) > 4·3 + 4 · 6$. Себеби $4 · (3 + 7) = 4 · 3 + 4 · 7$. Андан кийин байкоо аркылуу окуучулар аналогия боюнча мындай тыянак чыгара алышат:

$3· (8 + 9) > 3 · 8 + 3 · 7$.

Окуучулардын аналогия боюнча тыянак чыгаруу жөндөмүн калыптандырууда төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:

- аналогия салыштырууга негизделет;
- аналогияны колдонуу үчүн эки объект болушу керек, алардын бири окуучуга белгилүү, экинчиси кандайдыр бир белгилери боюнча ага салыштырылат;
- окуучуларды аналогияны колдонууга багыттоо үчүн алар жеткиликтүү формада, математикада көп учурда эсептөөнүн жаңы ыкмасы, өзгөрүүлөр иштин белгилүү ыкмасын жана ушул жаңы тапшырманы кылдаттык менен изилдеп, божомол боюнча ачылышы мүмкүн экендигине көңүл буруп, акыркысынын маңызын түшүндүрүү керек;
- аналогия боюнча туура жыйынтык чыгаруу үчүн бул жагдайда маанилүү болгон объекттердин белгилери салыштырылат, ага окуучуларды багыттоо зарыл.

Көп орундуу санды бир орундуу санга көбөйтүү ыкмасы жөнүндө тыянак чыгаруу үчүн эки орундуу санды бир орундуу санга кантип көбөйтүүнү унутпаш керек.

Арифметикалык амалдарды аткарууда аналогияны колдонуу [6]:

1. таблицалык көбөйтүү жана бөлүү учурлары бүтүн сандарды көбөйтүүнүн жана бөлүүнүн негизин түзөт (сандардын орун курамын билүү менен):
2. нөлдөр менен аяктаган сандарды көбөйтүү жана бөлүү (сандын разряддык курамынын негизинде);
3. бүтүн санга көбөйтүү (сандын орундук курамынын жана көбөйтүүнүн айкалыштыруу касиетинин негизинде)
4. бүтүн сандарга бөлүү: $240 : 30 = 240: (10 · 3) = 240 : 10 : 3 = 8$
5. Көп орундуу санды бир орундуу санга көбөйтүү жана бөлүү эки орундуу санды бир орундуу санга көбөйтүү (бөлүү) аналогия ыкмасы боюнча аткарылат (сандын орундук курамынын жана кошууга карата көбөйтүүнүн (бөлүүнүн) бөлүштүрүүчү касиеттердин негизинде): $24 · 3 = (20 + 4) · 3 = 20 · 3 + 4 · 3 = 60 + 12 = 72$;

$69 : 3 = (60 + 9) : 3 = 60 : 3 + 9 : 3 = 20 + 3 = 23$;

816 ди 3кө көбөйтүү сунушталат. Аналогия боюнча төмөнкүнү алабыз:

$816 · 3 = (800 + 10 + 6) ·3= 2400 + 30 + 18 = 2448$;

Аналогия ыкманы колдонуу үчүн төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:

- эки объект каралышы керек, бири белгилүү болгон, ал эми экинчиси кандайдыр бир белгилери боюнча биринчиси менен салыштырылат;

- конкреттүү мисал келтирип, аналогиянын ыкмасынын маңызын жеткиликтүү түрдө түшүндүрүү;
- аналогия боюнча туура иш - аракеттер үчүн конкреттүү кырдаалда объектилердин маанилүү белгилерин салыштыруу зарыл.

Кенже окуучуларда аналогия ыкмасы калыптандыруу максатында төмөнкү тапшырмаларды сунуштоого болот:

- үлгүнү сунуштоо жана үлгү боюнча тапшырманы так аткарууну талап кылуу;
- үлгү берилет жана үлгү боюнча өзгөртүлгөн шарттарда тапшырмаларды аткарууга сунуштоо;
- эсептөөнү талап кылбаган тапшырмаларды сунуштоо;
- берилген маселеге окшош маселени түзүү;
- маселени чыгарууда аналогия маселени чыгарууда окшоштугу боюнча ой жүгүртүү [4].

Аналогия ыкмасын колдонуп чыгарууга бир нече мисал келтирелик:

1. Эсептөө жүргүзбөстөн туюнтмаларды салыштыргыла:

(72 + 12) · 5 * 72 · 5 + 12 · 5  (41 – 17) · 9 * 76 · 9 – 17 · 9

(68 – 45) · 4 * 68 · 4 – 21 · 4  (35 + 23) · 8 * 35 · 7 + 23 · 7

(29    83) · 3 * 29 · 3 + 83 · 2  (94 – 36) · 7 * 94 · 7 – 36 · 7

2. Белгисиз санды тапкыла:

**СОРА РОСА**

**2074 ?**

3. Белгисиз санды тапкыла?




4. Суроонун ордуна санды койгула




5. Ашык сөздү тапкыла: үч бурчтук, тик бурчтук; сызгыч; квадрат

6. Белгисиз санды тапкыла: $1,\ 2,\ 5,\ 10,\ 13,\ x, ...$  $x = ?$

Эгерде окуучулардын салыштыруу жөндөмү калыптандырылса, анда аналогияларды колдонуу ийгиликтүү болот. Салыштыруу окуучулардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын табуу жөндөмүн калыптандырууга мүмкүндүк берет, бул окуучулардын ой жүгүртүүсүн активдештирет жана психикалык өнүгүү процессин тездетет. Аналогия жаңы билимдерди, өзгөртүлгөн шарттарда иш-аракеттердин үйрөнүлгөн ыкмаларын колдонууга жардам берет. Аналогия окуучуларга жаңы маселелерди, окуу көйгөйлөрүн болжолдуу чечүүнү табууга жардам берет жана муну менен окуучулардын таанып - билүү процессин активдештирүүгө, окуучулардын окууларына, алардын өз алдынча жемиштүү ой жүгүртүүсүн, математикалык интуициясын натыйжалуу өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Аналогиялар, мындан тышкары, окуучулардын предметти терең жана туруктуу өздөштүрүүсүн камсыз кылган бирикмелердин маанилүү булагы болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Бражников А. Аналогия - инструмент поиска и систематизации знаний [Электронный ресурс]. - Режим доступа. - иКI: http://mat.1september.ru/view_article. php?ID=200902404
2. Иванова, Е. В. Развитие логического мышления младших школьников на уроках математики / Е. В. Иванова // Начальная школа плюс до и после. – 2006. – №6. – С. 59-60.
3. Истомина, Н. Б. Активизация учащихся на уроках математики в начальных классах: пособие для учителя / Н. Б. Истомина. – М. : Просвещение, 2005. – 63 с.
4. Новиков, П. С. Элементы математической логики / П. С. Новиков – Издательство : Наука, 2000 – 380 с.
5. Пойа Д. Как решать задачу. - М.: Учпедгиз, 1959.
6. Фридман, Л. М. Задачи на развитие мышления / Л. М. Фридман. − М. : Просвещение. − 2004. – 111 с.
7. Хомякова, Л. В. Индуктивные рассуждения в курсе математики в начальных классов / Л. В. Хомякова // Начальная школа. – 2003. – №5. – С. 31-36.

УДК: 371.3:502.7
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-170-173

**Токонбекова К. Ч.**
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, техника илимдеринин кандидаты
**Токонбекова К. Ч.**
Кыргызский государственный университет имени Арабаева, кандидат технических наук
**Tokonbekova K. Ch.**
Kyrgyz State University named after I. Arabaev, Candidate of Technical Sciences

## ФИЗИКА САБАГЫНДА ЭКОЛОГИЯНЫ БАЙЛАНЫШТЫРЫП ОКУТУУ
## СВЯЗАННОЕ ОБУЧЕНИЕ ЭКОЛОГИИ НА УРОКЕ ФИЗИКИ
## RELATED ENVIRONMENTAL EDUCATION IN A PHYSICS LESSON

**Аннотация:** Азыркы мезгилде адам баласынан өнүккөн сабаттуулукту талап кылган абдан көп булактар бар. Ушуга байланыштуу предметтерди бири бири менен байланыштырып окутуу өзгөчө мааниге ээ. Физика менен экологиянын негизги максаты адамдарды айлана-чөйрөгө жаратылышка аң сезимдүү мамиле кылууга жана аны коргоого, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга үйрөтөт. Физика предметин предметин окутуу техникалык прогресс менен: энергетикалык өсүшү, байланыш каражаттары, транспорт, керектүү, керектүү касиеттеги материалдарды түзүү жана башка менен тыгыз байланышкан ошондуктан физиканы окутуунун көп суроолору бири-бири менен тыгыз байланышкан энергетикалык жана жаратылышты коргоо аспектерин камтыйт. Физиканы окутууда атмосферанын булганышы жана өзүн өзү тазалоосу, парник эффекти, жерди ультра-кызгылт нурлануудан сактоо, электромагниттик талаалардын адамдын организмине таасири. Отундун күйүүсүндө бөлүнүп чыккан зыяндуу заттар, радиоактивдүүлүктүн табигый булактары жөнүндө сунушталышы зарыл.

**Аннотация:** В настоящее время существует множество источников, требующих от человека повышенной грамотности. В связи с этим особое значение приобретает преподавание предметов во взаимосвязи друг с другом. Основная цель физики и экологии – научить людей бережно относиться к природе и беречь ее, рационально использовать природные ресурсы. Преподавание предмета физики тесно связано с техническим прогрессом: рост энергетики, средств связи, транспорта, создание материалов с необходимыми свойствами и т. д. Поэтому многие вопросы преподавания физики

включают аспекты энергетики и охраны природы. которые тесно связаны друг с другом. Загрязнение и самоочищение атмосферы, парниковый эффект, защита земли от ультрафиолетового излучения, влияние электромагнитных полей на организм человека в преподавании физики. Необходимо высказать предположение о вредных веществах, выделяющихся при сгорании топлива, естественных источниках радиоактивности.

**Abstract:** Currently, there are many sources that require a person to be highly literate. In this regard, teaching subjects in connection with each other is of particular importance. The main goal of physics and ecology is to teach people to take care of nature and protect it, to use natural resources rationally. Teaching physics is closely related to technical progress: the growth of energy, communications, transport, the creation of materials with the necessary properties, etc. Therefore, many issues in teaching physics include aspects of energy and environmental protection. which are closely related to each other. Pollution and self-purification of the atmosphere, the greenhouse effect, protection of the earth from ultraviolet radiation, the effect of electromagnetic fields on the human body in teaching physics. It is necessary to make an assumption about harmful substances released during fuel combustion, natural sources of radioactivity.

**Негизги сөздөр:** Экология, жаратылыш ресурстары, атмосфера, электромагниттик талаа, техникалык прогресс, зыяндуу заттар, радиоактивдүүлүк, физика.

**Ключевые слова:** Экология, природные ресурсы, атмосфера, электромагнитное поле, технический прогресс, вредные вещества, радиоактивность, физика.

**Keywords:** Ecology, natural resources, atmosphere, electromagnetic field, technical progress, harmful substances, radioactivity, physics.

Адам өзүнүн жашоосунда шарттарды жогорку деңгээлде өткөрүүгө умтулуп, материалдык өндүруштүн темпин анын касиеттерин ойлонбостон дайыма өстурүп турат. Мындан жаратылыштан алынган ресурстардын көп бөлүгү уулуу жана кайра иштетүүгө жарабаган таштанды түрүндө калып калат. Бул адамдын жашоосунда жана бисоферага коркунуч түзөт [2].

Адам баласынын пайда болушу жана өсүшү менен эволюция процесси даана эле өзгөрулдү. Токойлорду кесүү жана өрттөө өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын түрлөрүнүн жок болушуна алып келди.

Энергетикалык, машина курулушун, химиянын транспортторун өнугүшү менен адамдын ишмердүүлүгү биосферада жүрүүчү табигый энергетикалык жана материалдык процесстердин масштабына салыштырып калды.

Атмосферанын бузулушу же жылуулук балансынын бузулушу “парник эффектине алып келиши мүмкүн, б.а. атмосферанын орточо температурасынын бир нече градуска жогорулашына алып келет. Бул уюлдун областарындагы мөңгүлөрдүн эришине, дүйнөлүк океандын деңгээлин көтөрүлүшүнө, анын туздуулугун өзгөрүшүнө, климаттын глобалдык бузулушуна, океандын жээгиндеги кургак жерлердин чөгүшүнө жана башка жагымсыз кесепеттерге алып келет [3].

Атмосферага көмүр кычкыл газынын $CO_2$ азоттун күкүрттүн, амиакттын кычкылынын жана башка булгоочу газдардын бөлүнүп чыгышы өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын жашоосундагы алмашуу процесттерин бузат, алардын ууланышына жана жок болуп кетүүсүнө шарт түзөт. Ошондой эле оор металдар: коргошун, сымап жана чаң, ыш атмосфераны булгайт.

Айыл чарбасында жер семирткичттерди көп өлчөмдө жана туура эмес пайдалануу фауна жана флораны жок болуп кетүүсүнө алып келүүдө. Уулу химикаттар топуракта, сууда жана суунун түбүндө топтолуп: топуракттан жана суудан өсүмдүккө, анан жаныбарга, акырында тамак менен адамдын организмине тушөт.

Биосферада табигый реактивдүү булактар бар. Адам баардык тирүү организмдей эле табигый нурланууга туш болот. Атомдук электростанциялардын, атомдук муз жаргычтардын жана ядролук түзулушү бар суу түбундөгү кайыктардын курулушу менен атомдук обьетилерди авариялардан атомдук бомбанын жарылуусунан чоң коркунуч болууда, Эң чоң бомба – АЭСтердин жана аскердин өнөр жайдын реактивдүү калдыктарын жашыруу.

Окумуштуулар атмосферанын ультрафиолеттик нурлардан коргоочу экран – озон катмарынын жукарышын далилдөөдө. Өзон-катмарынын жукаруусу планетанын помосторунда озон көзөнөкчөнүн пайда болушуна алып келүүдө [4].

Атмосферанын электр өткөрүмдүүлүккө ээ болушун жердин радиоактивдүүлүгүнүн натыйжасы деген гипотеза 20 кылымдын башында айтылган. Космостон келген нурлар жер атмосферанын иондор менен камсыздандырып турушат. Жер бетинен 50 км болгон бийикте аба жакшы өткөргүч болгондуктан ушул бийиктиги ионосферанын төмөнкү чеги менен жер бетинин арасындагы потенциалдарын айырмасы $4*10^5$ В. Ионосферадан жерди көздөй дайыма ток келип жатса, анда жер жана атмосфера разряддалбайт 1-сүрөт.




**1-сүрөт**

Жер бети менен ионосферанын төмөнкү чегин абдан зор өлчөмдөгү конденсатордун обкладкалары деп эсептесек, алар аба ырайы жакшы болгон аймактарда разряддалып чагылган активдүү жүргөн аймактарда заряддалышат. 1-разряддоо, 2-заряддоо токтору 2-сүрөт.



**2-сүрөт**

Угулбаган үндөр да адамдын ден-соолугуна зыян. Инфра үндөр адамдын психологиясына таасир этип интеллектуалдык иш аракеттин начарлатат коркунуч пайда болуп, тынчсыздануу өзүн-өзү жоготуп коюуга алып келет. Тедекөрсөтүүнүн радио берүүнүн компьютерлештирүүнүн, телефондук байланыштардын өнүгүшу менен адамдын организмине электромагниттик талаанын таасири кескин өсүүдө.

Электромагниттк нурлануудан баш оору, анергия, лейкоз, нерв жана иммундун системанын жабыркашы сыяктуу оорулар пайда болот. Айрыкча бул таасирге али толук калыптаны бүтө элек өспүрүмдөрдүн организми сезгич келет [4].

Экологиялык булганууда транспорт өзгөчө орунда турат. Бир жеңил машина жылына орто эсеп менен 4 тонна кычкылтекти пайдаланып атмосферага 40 кг азоттун оксидин жана 200г ар түрдүү углеводдорду чыгарат. Автомашиналардын кыймылдаткычтары иштегенде бөлүнуп чыкан газ адамдын бүт оргнизмине таасир этет, көздүн оорусун пайда кылат, кээде уоркунучтуу ууланууга

алып келиши мүмкүн. Жылуулук машиналардын ПАК ти жөнүндө айтканда төмөнкүнү баса белгилеп кетүү керек: жылуулук машиналары ар бир 1 кВт саат энергияны иштетүүдө кургап турган айлана-чөйрөгө 2 кВТ саатка жакын жылуулук энергиясы бөлүнүп чыгат, бул жер шартындагы климаттын жылышына температуранын жогорулашына алып келет.

Чагылгандын болушунан атмосферага озон жана иондор берилип турат. Алар атмосфераны тазалап турушат [3].

Антропогенддик ишмердүүлүктүн натыйжасында атмоферанын өткөрүмдүүлүгү жогорулап, топтолгон озон ар кандай калдыктар менен реакцияга кирип озондун концентрациясы азайууда [3].

Ядролук жарылуулар биосферанын булганышынын жана реакциялык фондун өзгөрүшүнүн зор булагы болуп эсептелет. Атом энергиясынын өндүрүлүшү да атмосферага радиоактивдүү элементтердин түшүшүнүн булагы, шондой эле: таш көмүрдү күйгүзүүдө да, күлдө тпотолгон радионуклиддер радиациянын булганууга алып келет [5].

Физика предметтин төмөнкү бөлүмдөрүндө окуучуларга экологиялык тарбия берүүнүн зарылдыгы жана өзгөчө мааниге ээ болушу көрүнүп турат.

Термодинамикада жылуулук кыймылдаткычтарынын иштөөсүндө атмосферага зыяндуузатардын бөлүнүп чыгуусу атмосферага зыяндуу заттардын бөлүнүп чыгуусу, температуранын жогорулашы, ызы-чуу вибрация.

Суюктук жана буу. Абанын нымдуулугунун тирүү организм үчүн мааниси, адам баласы үчүн зыяндуу заттардын бууланышы.

Механикалык толкундар. Акустика. Ызы чуунну зыяндуулугу, адам организмине инфраүндүн таасири.

Электростатика. Статикалык электр.

Магнит тааласы: Адамдын организмине магнит талаасынын таасири [2].

Электромагниттик термелүүлөр жана толкундар! Тирүү организмге жаалма жана табигый электромагнитттик термелүүлөрдүн таасири. Телевизордун компьютердин, уюлдук байланыштын адамдын организмине таасири. Ультра кызгылт-көк нурдануу, рентген жана гамма нурдануулары.

Жарык толкундары. Күчтүү жарыктын көзгө зыяндуу таасири. Компьютерди иштөөдө көрүүгө ооручулуктун болушу.

Ядролук физика. Атомдук энергетика жана анын айлана-чөйрөдөгү таасири. Адамдын организмине радиоактивдүүлүктүн өтүү жолдору. Курчап турган чөйрөдө радиоактивдүүлүктүн ташылышы. Радиоактивдүү нурдануулардын биологиялык таасири [1].

Бул материалдарды берүүдө конкурстарды, олимпиадаларды интеллектуалдык кечелерди өткөрүп, балдарды предметке болгон кызыгууну жана активдүүлүктү жогорулатууга болот. Ошону менен бирге аларды өзүнө болгон ишеним пайда болот жашоодо экологиялык көйгөйлөрдү чечүүдө алгачкы кадамдардын бири болот деп ишенем.

Экологиянын тарбия берүүнүн жыйынтыгы болуп студенттерде айлана-чөйрөнү коргоо жана жратылышты негиздүү пайдалануу областында ой жүгүртүүсүнүн өсүшү эсептелет. Аларды илимий практикалык илимден башка, экологиянын көз караш калыптанат жана илимий-техникалык прогресстин шартында алардын жашоосунун жана эмгекке даярдоонун негизги болуп келет деп ойлойм.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Артыкова С.И. Табият кубулуштарын физикасы. Бишкек 2011.
2. Койчуманов М., Сулайманов О.Б.
3. Кулназаров Б., Жалпы экология. Бишкек 1999.
4. Турдукулов Э.А. Эклогическое образование и воспитание учащихся в процессе обучения физике. М. 1988 – 251б.
5. Шаршекеев О. Энциклопедия борбору. Бшкек 2011.

УДК: 372.851(575.2)(04)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-174-178

**Умарбекова А. А., Тажибаева Г. Д., Каныбек кызы Дилбара**
Талас мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, педагогика кафедрасы, окутуучу,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Умарбекова А. А., Тажибаева Г. Д., Каныбек кызы Дилбара**
Таласский государственный университет, кандидат педагогических наук, доцент,
Таласский государственный университет, кафедра педагогики, преподаватель
Таласский государственный университет, магистрант
**Umarbekova A. A., Tazhibaeva G. D., Kanybek kyzy Dilbar**
Talas State University, Candidate of Pedagogical Sciences Associate professor
Talas State University, Department of Pedagogy, lecturer,
Talas State University, Master's Student,

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТИН МАТЕМАТИКА САБАГЫНДА ТЕКСТҮҮ МАСЕЛЕЛЕРДИ ОКУТУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ
# НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ПРЕПОДАВАНИЯ ТЕКСТОВЫХ ЗАДАЧ НА УРОКЕ МАТЕМАТИКИ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ
# SOME QUESTIONS ABOUT TEACHING TEXTUAL PROBLEMS IN ELEMENTARY SCHOOL MATH CLASS

**Аннотация:** Башталгыч класстын математика сабагынын программасында текстүү маселелерди чыгаруу орчундуу маселелердин бири.Текстүү маселелер турмуштук кырдаалдагы обьектер менен сандык катыштын чагылуусунан келип чыгып, текст түрүндө калыптанат. Текстүү маселелерди окутууда “Түшүндүрүү жана негиздөө” стратегиясын колдонуп сабак өтүү маанилүү. Окутуунун башка методдорунан айрымаланып, окутуунун бул стратегиясы кадамдар менен иш аракеттерди аткаруу аркылуу окуучунун билимдерди өздөштүрүүсүнө жардам берет. Окуучулар маселенин текстин окуп түшүнүү, анын шарты менен суроосун белгилөө, чыгаруу планын белгилеп, керектүү амалдарды туурап тандап алуу, эсептөөлөрдү аткаруу, чыгарылышын текшерүү жана жообун жазуу иштерин өз алдынча аткарууга тийиш.Текстүү маселелерди окутууда окуучунун билим тереңдигин эске алган маселелердин деңгээлдери да макалада сунушталган. Көп деңгээлдүү тапшырмаларды окуучуларга сунуштоо мугалимден ар бир окуучунун билимдериндеги ийгиликтер жана боштуктарды аныктап, толуктап турууну талап кылат.

**Аннотация:** Решение текстовых задач – один из важнейших вопросов в программе обучения математике в начальной школе. Текстовые вопросы возникают в результате отражения предметов и числовых соотношений в жизненных ситуациях и формируются в форме текста. При обучении текстовым задачам важно использовать стратегию «Объяснение и обоснование». В отличие от других методов обучения, эта стратегия обучения помогает учащемуся овладеть знаниями, выполняя шаги и действия. Учащиеся должны прочитать и понять текст задачи, определить вопрос с его условиями, определить план вывода, выбрать необходимые действия, выполнить вычисления, проверить вывод и написать ответ самостоятельно. Также в статье предложены уровни задач, учитывающие глубину знаний обучающегося при обучении текстовым задачам. Предоставление учащимся многоуровневых заданий требует от преподавателя выявления и восполнения сильных сторон и пробелов в знаниях каждого учащегося.

**Abstract:** Solving text problems is one of the most important issues in the mathematics program in elementary school. Text questions arise as a result of reflecting objects and numerical relations in life situations and are formed in the form of text. When teaching textual tasks, it is important to use the "Explanation and Justification" strategy. Unlike other teaching methods, this learning strategy helps the

learner acquire knowledge by performing steps and actions. Students should read and understand the text of the task, determine the question with its conditions, determine the output plan, select the necessary actions, perform calculations, check the output and write the answer themselves. The article also proposes levels of tasks that take into account the depth of knowledge of the student when teaching text tasks. Providing students with tiered assignments requires the teacher to identify and fill each student's strengths and knowledge gaps.

**Негизги сөздөр:** текстүү маселе, окутуунун стратегиясы, түшүндүрүү жана негиздөө, “шарт” компоненти, “маалымат” компоненти, амалдарды аныктоо жана сандык туюнтманы табуу,текстүү маселелердин деңгээлдери.

**Ключевые слова:** текстовая задача, стратегия обучения, объяснение и обоснование, компонент «условие», компонент «информация», определение операций и нахождение числового выражения, уровни текстовых задач.

**Keywords:** text task, learning strategy, explanation and justification, condition component, information component, operation definition and numeric expression finding, text task levels.

Башталгыч класстын математика курсунда турмуштук кырдаалдагы текстүү маселелерди окутууга көңүл буруу зарыл. Анын негизги себеби, математика менен чыныгы турмуштун ортосундагы байланышты окуучуларга көрсөтүү менен математиканын практикалык багыттуулугун башталгыч класстан баштап түшүндүрүү. Изилдөөлөрдө окуучулар жашап жаткан чөйрөдө сандар менен байланышкан жана алар боюнча иш аракеттерди аткарууну талап кылган турмуштук кырдаалдардагы маселелерди чыгарууда кыйынчылыктарга дуушар болушат. Ошондуктан, башталгыч класстын мугалимдерине математика сабагында текстүү маселелерди чыгарууда колдонулуучу стратегияны жана деңгээлдик тапшырмаларды түзүү боюнча бир катар сунуштарды беребиз.

1-4-класстын математика боюнча окуу программасында турмуштук кырдаалдагы текстүү арифметикалык маселелерге 1- класстан баштап эле көңүл бурулат. Анткени алар бир катар математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруунун маанилүү каражаттарынын бири болуп саналат. Текстүү маселелер амалдарды киргизүүдөн мурда эле реалдуу буюмдар же алардын сүрөттөрү аркылуу практикалык иштерди аткарууда колдонулат.Маселенин жообу буюмдарды саноо аркылуу табылып, “+”, “ – ”, “=” белгилери киргизилгенден баштап маселенин чыгарылышы жазуу түрүндө берилет[4]. 1-класста жөнөкөй арифметикалык маселелер киргизилсе, 2-класстан баштап окуучулар курама маселелерди чыгара башташат. Ал эми 3-4-класстарда турмуштук кырдаалдагы текстүү маселелер акырындык менен татаалданып берилет.

Тексттик маселелер – бул математикалык белгилер жана символдор аркылуу эмес, текст түрүндө берилген математикалык маселелер. Тексттик маселелер, табигый тилди колдонуп, чыгарууга муктаж болгон чыныгы турмуштук кырдаалды сүрөттөйт. Аныктамадан көрүнүп тургандай маселени чыгаруу үчүн баарыдан мурда маселенин “шарт” компонентин ( маселедеги кырдаал,каармандар, обьектер жана окуянын орду) жана “маалымат” компонентин ( суроого жооп берүү үчүн чоңдуктардын сан маанилери менен аткарылуучу арифметикалык амалдарды тактоо) аныктап жана сандык туюнтманын маанисин табуу керек [1].

Башталгыч класста турмуштук кырдаалдагы текстүү маселелерди чыгарууда “Түшүндүрүү жана негиздөө” стратегиясын колдонуу менен сабак өтүү маанилүү. Бул стратегияны колдонууда мугалим төмөндөгү төрт этапты жетекчиликке алат:

1. Окуучуларга өтүлүүчү жаңы теманын деңгээлиндеги маселе берилип жана аны чыгаруунун жолун ойлонуу сунушталат.
2. Маселени чыгарууда окуучуларга божомолдоолорду түзүүгө, математикалык кырдаалды талдоо менен чыгарылыштын ар түрдүү жолдорун сунуштоого мүмкүнчүлүктөр берилет.
3. Мугалим окуучуну угуп, маселенин чыгарылышын түшүндүрүүгө жана тактоого карата окуучуларга багыттоочу суроолорду берет.

4. Андан кийин мугалим башка окуучулардан маселени чыгаруунун альтернативдүү башка ыкмаларын түшүндүрүп жана негиздеп берүүсүн суранат.

Окуучуларды маселелерди чыгарууга, ой жүгүртүүсүн түшүндүрүүгө жана негиздөөгө кызыктыруунун дагы бир ыкмасы, мугалим тарабынан катасы бар чыгарылышты көрсөтүп, ал катанын туура эмес экендигин окуучулардан түшүндүрүп жана негиздеп берүүсүн сунуштагандыгы. Окуучу маселени чыгарууда өз кадамдарын кагазга жазып бүткөндөн кийин, өнөктөшү менен маселенин чыгарылышын алмашат, жыйынтыгында маселенин чыгарылышы туура же туура эмес экендигин талкуулашып, бири-биринин чечимин баалашат.

"Түшүндүрүү жана негиздөө" стратегиясын математикада колдонуу мугалим жана окуучу үчүн да маанилүү стратегия. Маселени чыгарууда өз чыгарылыштарын түшүндүрүп жана негиздеп берүү менен окуучулардын ой жүгүртүүлөрү өнүгөт, математикалык терминдерди колдонуу менен түшүндүрүү мүмкүнчүлүктөрү жогорулайт, ката кетирүүгө жол берилбейт. Ал эми мугалим окуучулардын маселени чыгаруудагы түшүндүрүү жана негиздөөлөрүн кунт коюп угуп, багыттоочу суроолорду берүү менен окуучунун билиминдеги боштуктарды аныктай алат. Мындай стратегия окуучулардын кетирген каталарын тереңирээк түшүнүүгө, каталарды оңдоодо жеке окуучу же чакан топ менен иш алып барууга жардам берет[1].

Башталгыч класста алынган маалыматтарга талдоо жүргүзүүнү талап кылган текстүү маселелерди чыгарууда окуучуларда кыйынчылыктар көп кездешет. Маселен 2-класста төмөндөгүдөй маселе окуучуларга берилет:

Апам 44 дептер сатып алды. Ал Адемиге -12 дептер, Эмирге 9 дептер жана бир нече дептерди Саадатка берди. Апамда дагы 5 дептер калса, Саадатка канча дептер берген? Маселени окуп чыккандан кийин мугалим окуучуларга кайрылып маселенин суроосуна алардын көңүлүн бурат. Мугалим (М) Маселеде кандай суроо берилген? Окуучулардын жооптору (О) Саадатка канча дептер бергендигин табуу.М: Маселеде кандай маалымат жана кандай сандар сунушталган? О: Баардыгы 44 дептер бар болчу, апам 12 дептер, андан кийин 9 дептер берди.Андан кийин дагы бир канча дептер бергенден кийин апамда 5 дептер калгандыгын билдик. М: Маселени туюнтуу үчүн кандай сандык туюнтманы колдонсок болот? О: Биз адегенде кемитүү амалын колдонобуз. Баардыгы 44 дептер болсо, апам берген дептерлерди 12 жана 9 ду кемитебиз. 44-12-9 жана дагы бир канча дептерди Саадатка бергендигин биз кемитүү амалын белгисизди алып салуу үчүн дагы бир жолу колдонобуз. 5 дептер калып калгандыгын билип, белгисизи бар барабардык, б.а. теңдеме түзөбүз. 44-12-9-* **=5; 44төн адегенде 12; андан кийин 9 ду кемитип, 23 тү алабыз. 23-*** =5; 23-5=18. Жообу: 18 дептер.

М: Маселени чыгаруунун дагы кандай жолдору менен бөлүшө аласыңар? О: Адегенде, Адеминин, Эмирдин жана апамда калган дептерлердин санын кошуп алабыз. Бул сумманы дептердин жалпы санынан кемитип, Саадатка берген дептердин санын табабыз.1) 12+9+5=26 2) 44-26=18 Жообу: 18 дептер.

Текстүү маселелерди чыгарууда окуучулардын ой жүгүртүү деңгээлдери канчалык жогору же төмөн экендигин мугалим билип турушу керек. Ал үчүн мугалим окуучуларга төмөндөгү төрт деңгээлдүү тапшырмаларды сунуштаса болот. Таблицада 2-класстын окуучусу үчүн ар кандай деңгээлдер боюнча текстик маселелер берилген.

| Деңгээл | 2-класс үчүн тексттик маселе | Эмне үчүн тапшырма деңгээлге туура келет |
|---|---|---|
| 1-деңгээл Билимдерди көрсөтүү | Класста жалпы 36 окуучу бар, алардын ичинен ийримдерге 27 окуучу катышат. Ийримге катышпаган окуучулардын саны канча? | Окуучу тексттик маселени чыгаруу үчүн кемитүүнү колдонушу керек |
| 2-деңгээл Түшүнүктөрдү жана | Класстагы 36 окуучунун 8 и математикалык ийримде, 12 и сүрөт ийриминде,7 си спорттук ийримдерге | Окуучу кемитүү жана кошуу амалдарынын аткарылыш тартибин туура түшүнүп, тексттүү маселени |

| | | |
|---|---|---|
| көндүмдөрдү колдонуу | катышат. Ийримге катышпаган окуучулардын саны канча? | чыгаруунун тиешелүү кадамдарын жасашы керек. |
| 3-деңгээл Стратегиялык ой жүгүртүү | Класстагы 36 окуучунун 8 и математикалык ийримде, 12 и сүрөт ийриминде,7 си спорттук ийримдерге катышат. Окуучулардын ийримдерге катышканы, эч нерсе менен алектенбеген окуучулардан канчага көп? | Бул маселени чыгаруунун бирден ашык чыгарылышы жана чыгаруу ыкмасы бар.<br>Окуучу тексттик маселени чыгаруу ыкмасы же анын жыйынтыктары тууралуу чечим кабыл алышы керек. |
| 4-деңгээл Кеңейтилген ой жүгүртүү | Класстагы 36 окуучунун 8 и математикалык ийримде, 12и сүрөт ийриминде, 7 спорттук ийримдерге катышат. Ал эми калган окуучулар бий ийримине катышуу менен жогорудагы ийримдерге да катышат.Эки ийримге тең катышкан окуучулардын саны канча? | Окуучу тексттик маселенин ар кандай чыгарылыштары менен тажрыйба жүргүзүп, сандагы чектөөлөрдү канаттандырган туура чыгарылышты аныкташы керек. |

| 12 | Офисная бумага | 2 года | 27 | Каучуковые автомобильные шины | от 100 до 140 лет |
| | Вощёная бумага | до 5 лет | | | |
| 13 | Фанерные доски | от 1 до 3 лет | 28 | Пластиковые тары | от 100 до 200 лет |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 14 | Натуральная одежда и ткани | От 2 до 3 лет | 29 | Полиэтиленовые пакеты и плёнки | 200 лет |
| 15 | Фильтры остатков сигарет | От 2 до 5 лет | 30 | Губки для мытья посуды | 200 лет |

Если проанализировать опыт развитых стран по обращению с бытовыми отходами, то в странах Северной Европы уже налажен раздельный сбор мусора, в результате чего большая часть сырья, такого как бумага, пластик, алюминий, отправляется на переработку, в Германии мусор сортируется населением, пластик в отдельную тару, стекло в отдельную, консервы отдельно, остальные фрукты и тому подобное сортируются отдельно, за это им производится оплата. Тех, кто не соблюдает это правило, штрафуют.

На данный момент, если говорить об эффективности переработки бытовых отходов в нашей республике, важен тип сортируемых отходов, особенно широко распространенная переработка пластика. Пластик превращают в гранулы и получается вторичное сырье. Из этого сырья можно производить множество продуктов.

В частности, «Sanfa Products» — одна из первых компаний в Узбекистане, которая занимается переработкой пластиковых отходов, производством готовой продукции и ее экспортом на основе кластерной системы. В настоящее время это предприятие, в результате переработки 2000 тонн пластиковых тар в год, производит основу для линолеума, геотекстиль для строительства автодорог, гидросооружений, полимерную геомембрану, синтепон для легкой промышленности и другую продукцию.

Еще одним таким предприятием является предприятие «Био Техно Эко», расположенное в Сурхандарьинской области, имеющее годовую мощность по перерабатыванию 180 тысяч тонн, а за сутки 500 тонн бытовых отходов. Оно производит гранулы, полиэтиленовые трубы из бытовых отходов, таких как целлофан, пластик, пластмасса.

Бытовые отходы – дешевое сырье во всем мире. Опыт развитых стран показывает, что 85% его можно переработать.

Производственные отходы – остатки сырья, материалов и полуфабрикатов, отходы, частично или полностью потерявшие качественные показатели и не соответствующие государственным стандартам, могут быть предварительно переработаны и затем использованы в производственной сфере.

Негодные потреблению отходы – материалы, у которых прошли сроки использования, изделия, испорченные предметы, экономически нецелесообразные восстановлению первоначальных свойств. Например, пластмассовые изделия, столы и стулья, ящики, трубы и т.д. Такие отходы можно использовать как в качестве сырья, так и в качестве добавок к другим материалам.

Целесообразно достичь 100% охвата населения услугами по сбору и вывозу твёрдых бытовых отходов, обеспечить переработку не менее 60% твёрдых бытовых отходов, увеличить переработку специфических твёрдых бытовых отходов (например, содержащие ртуть, автомобильные шины, аккумуляторы, отработанные масла, упаковочные отходы и т. д.) до 25 процентов.

Требуется сократить до 60 процентов, объемы твердых бытовых отходов, направляемых на полигоны для захоронения, привести состояние всех полигонов в соответствие с установленными требованиями, полностью рекультивировать закрытые территории полигонов, необходимо осуществлять контроль за состоянием полигонов (подземные (сточные) воды и атмосферный воздух).

Использование альтернативных источников энергии до 35% на объектах выполнения работ, связанных с твердыми бытовыми отходами, даст высокий результат.

Развитие инфраструктуры по сортировке твердых бытовых отходов, оптимизация полигонов, строительство перегрузочных станций и комплексов по переработке отходов, совершенствование деятельности кластеров по комплексному осуществлению работ связанных с отходами, развитие мощностей по переработке твердых бытовых отходов, потребность строительства современных

станций сбора мусора с учетом санитарно-гигиенических требований должно быть включено в нормы градостроительства, а также работа по развитию культуры обращения с отходами среди населения махаллинскими активистами, семьями, образовательными учреждениями и движением экоактивистов приведёт к высокой эффективности.

**Список использованной литературы:**

1. Постановление Президента «Об утверждении стратегии реализации работ по обращению с твердыми бытовыми отходами в Республике Узбекистан на 2019-2028 годы». Город Ташкент, 17 апреля 2019 года.
2. Аманбаева З.А., Розибоев К.С., Каримова Х. Экологические особенности использования вторичных ресурсов в тяжелой промышленности 2024.
3. Эгамбердиева У.Т. Промышленная география. Ташкент. 2019.
4. Турсунов Х.Т. Основы экологии и охраны природы. Т.: Саодат РИА, 1997.

УДК: 630
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-209-214

**Байжигитова Н. Ч.**
Талас мамлекеттик университети, ага окутуучу
**Байжигитова Н. Ч.**
Таласский государственный университет, старший преподаватель
**Bayzhigitova N. Ch.**
Talas State University, senior lecturer

## ТАЛАС ӨРӨӨНҮНДӨГҮ ТОКОЙЛОРДУН КРИОГУМИД ТОБУНУН ТИПТЕРИ
## ТИПЫ КРИОГУМИДНОЙ ГРУППЫ ЛЕСОВ ТАЛАССКОЙ ДОЛИНЫ
## TYPE OF CRYOHUMID FOREST GROUP OF THE TALAS VALLEY

**Аннотация:** Токой көп кырдуу түшүнүк. Аны табигый тарыхый мүнөздө (жаратылыш көрүнүшү катары) техникалык, экономикалык, юридикалык, тарыхый жактан медициналык жагдайда кароого болот. Учурдагы түшүнүк боюнча токой жаратылыш кайтарымы жана анын бир бөлүгү, ар кандай жагдайда өз ыңгайына карата ар тараптуу кабылдануучу жаратылыш системасы, түшүнүп кабылдоо масштабына жараша глобалдык чектерге чейин кеңейип жана өз табиятына кайрылып туруучу жаратылыш байлыктарынын булагы.

Токой өсүмдүктөр дүйнөсүндөгү эң көп түрдү камтыган бак, дарак, ар түрдүү бадалдар менен эңилчек ж.б. кошулуп бир чөйрөнүн шартында жаныбарлары менен микроорганизмдердин өнүгүү жолунда биологиялык байланышта болуу менен бирге айлана чөйрөгө жана бири – бирине таасир берип турууучу жандуу жана жансыз жаратылыштын чордону. Ошону менен катар токой биосферанын составдык, эң негизги бөлүгү, географиялык ландшафтын элементтери.

**Аннотация:** Лес - понятие многогранное. Его можно рассматривать как естественно-исторический, технический, экономический, юридический, исторический можно рассматривать с медицинской точки зрения. Согласно действующей пониманию, лесной природный ресурс и его часть, природная система, которая в любой ситуации является источником природных ресурсов расширяющимся до глобальных границ в зависимости от масштаба понимания и восприятия и возвращающимся к своей природе. Лес, содержащий наибольшее в мире количество видов лесной растительности, разнообразных кустарников и лишайников и т.д. центр живой и неживой природы, влияющий на окружающую среду и друг на друга, будучи при этом биологически связанным по способу развития животных и микроорганизмов в одной среде. В то же время лес является основной частью состава биосферы, элементом географического ландшафта.

**Abstract:** The forest is a multifaceted concept. It can be viewed from natural-historical, technical, economic, legal, historical, and even medical perspectives. According to current understanding, a forest is a natural resource and part of a natural system that serves as a source of resources in any situation, expanding to global boundaries depending on the scale of understanding and perception, and returning to its nature. The forest, containing the highest number of species of forest vegetation in the world, including various shrubs and lichens, is a center of both living and non-living nature, influencing the environment and each other, while being biologically interconnected through the development of animals and microorganisms in a shared habitat. At the same time, the forest is a fundamental component of the biosphere and an element of geographical landscapes.

**Негизги сөздөр:** Токой, биосфера, жаратылыш, ресурс, сырье, топурак, суу, климат, өрөөн, тип, криогумид

**Ключевые слова:** Лес, биосфера, природа, ресурс, сырье, почва, вода, климат, долина, тип, криогумид

**Keywords:** Forest, biosphere, nature, resource, raw materials, soil, water, climate, valley, type, cryohumide

**Токой экосистемасы.** Токой экосистемасына негизинен Талас өрөөнүнүн ортосундагы Талас дарыясынын боюндагы токойлор, бадалдар кирет. Токой тилкесинин жалпы узундугу 210 кмди түзүп, бир тегиз тараган эмес. Токой негизинен Чат-Базар аймагынан башталып, Казактын Тараз шаарына чейин барат Чат-Базардан Талас өрөөнү экиге бөлүнөт: түндүк тарабында Кара-Кол өзөнү кетип, Кыргыз тоосуна такалат, түштүк тараптан Шумкар-Уя өзөнү бөлүнүп Үч-Кошой өзөндөрүнө кошулат. Бул өзөндөрдө бадал үстөмдүк кылат. Албетте, токой тилкеси мурдагы жылдардай болуп бийик, орто бийиктиги дарактар аз, көбү кыркылып, өрттөлүп, мал жайылып суюла баштаган. Кышында кар март айына чейин кармалып жер кыртышында нымдуулук жогору келет. Агроэкосистемасынан келген б.а. талаа-түздөрдөн түптөлгөн муздак температура аба толкундары токойго урулуп, күчүн, кубатын жоготуп мээлүүн түргө өтөт, өзүнчө микроклимат түзүлүп, жылдын мезгилине карата туруктуу температура, нымдуулук сакталат, токой өсүмдүктөрүнө бай келет. Токойдун эки жагында агроэкосистемалар орун алгандыктан, биоэкологиялык шарттары өзгөргөн жаныбарлар токой тилкелерине өтүшүүдө. Өзгөчө куштар, сүт эмүүчүлөрдүн көпчүлүк түрлөрү келишкен. Куштардан талаада уялоочу, байыр алуучу таранчылар, үкүлөр, таркылдактар, жылкычы чымчыктар, торгойлор ж.б. сүт эмүүчүлөрдөн үй, талаа чычкандары, сары чычкан, түлкү, коен ж.б. токой тарапка өтүшкөн. Көпчүлүгү уяларын токойлорго салышып, азыгын талаадан издешет. Токойдо жашоочу жаныбарлардын түрлөрү, саны өсүүдө. Жалпылап алганда, токой тилкесинин территориясы өсүмдүктөр, жаныбарлар үчүн ыңгайлуу шарттардан болууда жана туруктуу мээлүүн температура түзүлүп, биоартүрдүүлүк түзүлүүдө.

**Токойлор.** Жалпы Орто Азиядай эле Кыргызстандын кескин континенттүү климатына байланыштуу бадалдуу токой өсүмдүктүүлүгү типтүү болуп эсептелбейт. Токойлор азыркы учурда Республиканын жалпы аянтынын 4,25% гана ээлейт, бирок анын айлана – чөйрөнү коргоодо, биоартүрдүүлүктү сактоодо, жаратылыштын экологиялык системаларынын туруктуулугун сактоодо, жаратылыштын экологиялык системаларынын туруктуулугун кармап турууда мааниси өтө зор. Үчүнчү улуттук отчетто – Кыргызстандын биотүрдүүлүгүн сактоодо – суу жана топурак ресурстарын коргоодо, көмүртектин дүйнө жүзүндө айлануусунда, кычкылтектин жана азоттун жаратылышта тең салмактуулугун кармап турууда, биосферада токойлордун мааниси зор деп жазылган.

Кыргызстандын токойлору баа жеткис жаратылыштын бир ажайып көрүнүшү, себеби бул жерде жапайы өскөн, адамдардын колу тийбеген черлер да кездешет. Алар планетанын биологиялык ар түрдүүлүгүн жана экологиялык балансынын туруктуу сакталышына көрүнүктүү салым кошуп турушат. Жапайы токойлордун эң жогорку мааниси парниктик климаты жаратуучу көмүр кычкыл газын сиңирип алууда. Анткени менен акыркы 100 жылдын ичинде планетадагы токойдун 3\1 жок болду, ал эми көмүр кычкыл газынын өлчөмү планетада 10% өстү. Жыл сайын жер шарында 11млн.

ашык гектар токой жок болуп турат.1950-ж токой жердин кургактыгынын 15% ээлеген болсо азыр 7% түштү. Ошондуктан азыркы кезде планетага болгон антропогендик жүк 10 эсеге жогорулады. Мындай темп менен жүрүп отурса планета кычкылтектин эң башкы булагынан ажырап калышы мүмкүн (Окружающая среда для будущих поколений, 2004). Биздин Республикада да экосистемалардын абалы канаатандырарлык эмес, өтө ойронго учураган арча токойлору болду. Акыркы 50жыл ичинде токойдун аянттары азайып отуруп 7%дан 3,5%төмөндөгөн.

Кийинки учурда маалыматтар такталып токой экосистемасы 4,25%деп жазылып калды. Жалпы мамлекет фондунун аянты азыр 849,5 миң гектарга барабар (статистикалык отчет 1998). Токойлордун белгилүү аянттары Республиканын түндүгүнөн, Ысык – Көлдүн чыгыш жагында Күнгөй жана Тескей Ала – Тоолорунан, Кыргыз Ала – Тоосунун түштүк бетиндеги Чоң – Кемин өрөөнүнөн кездешет.

Орто – Азиянын токойлорунун флорасы 500 түргө барабар. Токойлор жөнүндө биринчи эмгекти Б.А Федченко жазып чыккан (очерк растительности Туркестана, 1925). Кыргызстандын токойлорунун классификациясы: сай токойлор, жазы жалбырактуу токойлор, ийне жалбырактуу токойлор жана түрпү жалбырактуу токойлор [5]

**Типтердин криогумид тобу**

Талас өрөөнүндөгү токойлордун криогумид тобу — бул суук жана нымдуу климаттык шарттарга ылайыкташкан токойлор тобу. Бул типтеги токойлор адатта бийик тоолуу жана мелүүн аймактарда кездешет. "Криогумид" термини "крио" (мөңгүлүү, суук) жана "гумид" (нымдуу) сөздөрүнөн келип чыккан. Талас өрөөнүнүн географиялык жайгашуусуна жана климаттык шарттарына байланыштуу бул жерде криогумид токойлорунун төмөнкү типтери кездешет:

**Сай токойлор.** Сай токойлор деп сууларды жээктеп өскөн бадалдуу токойлорду айтабыз. Аларда жаан – чачындын гана эмес жер алдындагы суулардын таасиринен ар дайым нымдуулук сакталып турат. Буларды орус адабиятында «галерейные леса» деп аташат, себеби чоң сууларды жээктеп бир топ аралыкта созулуп өсөт. Эдификаторлор болуп, башкача айтканда сай токойлорду түзгөндөрдөн дарактар гана эмес, бадалдар да болушу мүмкүн. Бирок токой түшүнүгүнө дарактар, бадалдар гана эмес чөп өсүмдүктөрүн да эсептешет, мындай чаржайыт түшүнүктү айрым окумуштуулар тура көрбөйт. «Тугай» түрк тилинен алынган, бул биринчиден бадал – даракка байланышкан түшүнүк. (Коровин, 1937). Тоолук өрөөндөрдүн токойлорун өзүнчө тип катары караган маалыматтар бир топ. Сай токойлордун бирден – бир мүнөздүү белгиси, суунун нугунун ар дайым өзгөрүп туруусу, жер алдында суулардын өзгөрүүсү жана адамдардын таасири (Арифханова 1967). Кыргызстандын токойлору эл чарбасында көп пайдалангандыктан, аябай өзгөрүүгө учурады. Май токойлору чоң суулардын боюнда гана анча – мынча сакталып калган андайларга Чоң – Кызыл – Суу, Нарын дарыясы, Кара – Дарыя, Көкөмерен, Атбашы, Суусамыр, Талас, Кочкор, Батыш Каракол, Чоң – Кемин, Чычкан ж.б. кирет. Учурдагы токойлордун флорасы анча бай эмес. Төмөнкү формациялардын тобу белгиленет: терек, тал, жылгын, чычырканак жана аралаш токойлор болот. [1]

**Терек токойлору.** Талас терегинин токойлору токойлору капчыгайлардын арасында, элден алыс жерлерде Узун – Акмат жана Кара – Кулжа сууларынын абалында кадимкидей сакталып калган. Талас суусунун боюнда да бар. Байкаганга караганда теректердин бардыгы эле жакшы дарактар, тез өсөт, эл отурукташкан жерлерди жашылдандырууга, көрктөндүрүүгө, курулушка пайдаланууга татыктуу өсүмдүктөр. Айрымдарынын жыгачтары катуу келет, курулушка колдонулат, уругу жана калемчелер аркылуу оңой өстүрүлөт. Суулуу, нымдуу жумшак кыртышта жакшы өсөт. Айтылган түрлөрдүн көбү өз алдынча токой түзө алышат.

**Талас терегинин токойлору (Form. Populus talassica).** Кетмен-Төбө өрөөнүнөн, Нарын суусунун оң жана сол жээктеринин, Кара-Кулжа, Узун-Акмат сууларынын алабынан, Талас Ала-Тоосунун түштүк тарабындагы Терек жана Жергетал сууларынын жээктеринен жазылган. Топурагы кычкыл шалбаалуу. Каракулжа менен Узун-Акмат сууларынын тоо арасындагы сайларында түнт токойлордун анча-мынчасы сакталып калган, эдификатору талас тереги.

**Көп домининттуу терек токойлору.** Теректердин бир нече түрлөрү өскөн токойлор Талас суусунун бойлоп өскөндүгү байкалды. Мындай учурда кандайдыр бир түрдүн басымдуулугу байкалбайт. Ушул

сыяктуу түзүлүштөгү көп доминанттуу терек токойлорду А.Г. Головкова (1971) жазып чыккан. Дарактардын бийиктиги 20м чейин, жоондугунун диаметри 50-60см. авторлордун маалыматы боюнча 200м$^2$ аянтта теректин өсүндүлөрүнүн 3-5даанасы туура келет. Мындай абалда токойдун өнүгүшүнүн уланышы мүмкүн. Айрым жерлерде токой биргелештиктеринин структурасы айкын байкалат. Биринчи кабаты теректен турат. Экинчи кабатында алама, долоно, бөрү карагат, ит мурун, алча, шилби ж.б. бадал-дарактар өсөт.Үчүнчү катарды мезофит чөп өсүмдүктөрү түзөт. Башка жерлерден айрымаланып бул коруктун токойлорунун арасынан кадимки грек жаңгагынан көрүүгө болот.

**Кайыңдуу токойлор.** Кыргызстанда кайыңдын 6 түрү жапайы өсөт: Тяньшань, Сапожников, түркстан, алай, ийри жана Коржинский түрлөрү:

Академик Е.П. Коровиндин аныктамасы боюнча булардын бардыгы бир тиричилик формадан турат жана бир экологиялык группага карайт. Айрымдары эдификатор болуп өзүнчө токой түзүүгө мүмүкүнчүлүгү бар, республиканын д.д. 2000-3000м бийиктиктеги бардык өрөөндөрүнөн кезигиши мүмкүн. Башка түрлөрүнөн караганда түркстан кайыңы көп кездешет, Кыргызстандын бардык райондорунда өсөт. Түркстан кайың формациясы-эдификатору түркстан кайыңы-бул сулуу дарак, ак-саргыч кабыгы менен бийиктиги 10-15м. Республиканын айрым аймактарында д.д. 2600-3000м бийиктеги капчыгайларда кайың токойлорун түзөт. Мындай токойлордун компоненттери болуп, суу жээктериндеги, тал, терек болсо, тоолордун боорлорунда – арча жана карагай эсептелет. Токойдун ичиндеги экинчи кабатын мезофит бадалдар түзөт-шилбилер, жылгындар, ит мурундар, бөрү карагаттар, кара отундар. Чөп өсүмдүктөр эң төмөнкү кабатын пайда кылат, аны ак сокто, шалбаа жылганы, шалбаа уй бедеси, сибирь каз тамaны, жука жалбырактуу буурчак, ичке жалбырактуу жер буурчак, кадимки өгөй эне, кадимки жалбыз ж.б. түзүшөт. А. Головкованын (1990) маалыматы боюнча бир эле түркстан кайыңы эмес кайыңдын башка түрлөрү да токой түзүүгө жөндөмдүү, биртк ар бир регондун өзүнө таандык түрлөрү бар. Демек жаратылыштын сырларын аныктап билүү үчүн ар дайым талыкпай изилдөөлөрдү уланта берүү зарыл экендигин айгинелеп турат. Ички тянь-шанда кайың токойлору топ-топ болуп анча аянтты ээлебей кездешет, М: Көкөмерен, Нарын сууларынын алабын алсак, Суусамыр тоо кыркаларындагы айрым капчыгайларды алсак. Бул чакан токойлор да түркстан жана ийри кайыңдардан турат. Кээде тянь-шань жана Сапожников кайыңы кездешет. Кайың токойлордун калдыктары Талас, Узун-Акмат, Каракулжа, Чычкан, Турук сууларынын алабында д.д. 2000-2500м бийиктигинен учурайт. Негизинен үч формация жазылды Түркүстан кайыңынын, ийри кайыңдын жана алай кайыңынын формациялары көбүрөөк кездешет. Бул токойлордон токой кызылгатын, бүлдүркөндү көрүүгө болот. Кайың токойлорунда субдоминант болуп – карагай арча, тала стереги, жунгар талы, түркстан зараңы ж.б. бадалдар жолугат.

**Пихта (көк карагай) токойлору .** Кыргызстанда Семенов пихтасы (Abies semenovii) өсөт. Булар да калың токойду түзө албайт, көп аянтты ээлебейт. Эдификатору болуп эндемикалык өсүмдүк – Семенов пихтасы эсептелет. Кыргыздар кейпине карап бул даракты көк карагай деп аташат. Семенов пихтасы Чаткал, Талас, Узун-Акмат тоо кыркаларынын түштүк жактарында өсөт. Биринчи жолу бул өсүмдүк проф. Б.А.Федченко (1898, 1899, 1901) тарабынан жазылган, ал тянь-шандын жаратылышын биринчи изилдеген П.П. Семеновдун урматына тяшьшань пихтасын «Семенов пихтасы» деп аталсын деп сунуш киргизген.

Ш. Бакировдун (1984)жазганына караганда пихта жөнүндөгү маалыматтар биринчи жолу Талас Ала-Тоосунун Беш-Таш капчыгайынан 1897-жылы В.А. Калдаур тарабынан чолултулган. Андан да мурдаарак 1878-ж С.М. Смирнов Чаткал тоо кыркаларындагы Афлатундан жазган. В.И. Лисневский (1984) жана К. Дейш (1896) Батыш Тянь-Шандын пихта токойлоруна мүнөздөмө беришкен. 1902-1910-жж Б.А. Федченко Чаткал тоолорунун, Афлатун, Падыша-Ата, жана Талас Ала-Тоосунун Беш-Таш капчыгайында болуп, чогулткан маалыматтары «Растительность Туркестана» (1915) жана «Очерки Туркестана» (1925) деген чыгармаларында жазылган.

Суусамыр тоо кыркаларынын түштүк жагында карагайлуу капчыгай жерден көк карагайдын (Семенов пихтасынын) токою сакталып калган. Бул токойдун айрым көрүнүштөрү кадимки Түндүктүн токойлоруна окшоштугу байкалат. Биринчиден эле аны токойдун флоралык составынан

байкоого болот. Бул жерде түндүктүн токойлорунда өсүүчү дан гүлдүүлөрдөн (Poa nemoralis) бар экендиги далил болуп отурат. Биздин маалыматтарыбыз дагы бир автордун (Раимкулова 2002) жазгандары менен ырасталды. Көк карагай токойлору боюнча жогоруда жазылган ассоциациялардан башка да эки ассоциацияны айта кетүү керек. Талдуу көк карагай ассоциациясы (Ass. Abies semenovii-Salix iliense) жана дан куурайлуу пихта ассоциациясы (Ass. Abies semenovii-Rubus idaeus). Мындай токойлор Талас жана Суусамыр кырка тоолорунун тогошкон жериндеги Чычкан капчыгайында калыптанган, кыртышы-тоо токой, каралжын – коңур топурак (Бикиров 1994). Эдификатор болуп көк карагай эсептелет. Субэдификатор катары или талы. Компоненттери дарактар жана бадалдар – четиндер, кайыңдар, теректер, долонолор, бересклеттер, розалар ж.б. түркүн түрдүү чөптөр калың катмарды түзүшөт – өзгөчө жыш өскөндөрдөн өлөң сары гүлдүү оттуктарды айтууга болот. [4]

**Беш-Таш улуттук мамлекеттик жаратылыш парккы**

Мамлекеттик табигый «Беш-Таш» паркы КР өкмөтүнүн 2 август 1996-жылдагы 353 Улуттук мамлекеттик табигый парктарды – Ош областынын Өзгөн районунда Кара-Шоро, Талас областында «Беш - Таш» парктарын сейрек учуроочу жаратылыш байлыктары менен жаратылыш кооздугу менен бирге тарыхый, маданий жана руханий баалуулуктарды сактоо максатында «Улуттук парктарды түзүү» токтомуна ылайык жалпы аянты (биринчи мезгилде) 128002 гектарга болжолдонуп, кийин 30-сентябрь 1997-жылдагы «Беш- Таш» Улуттук паркына кошумча жер үлүшүн бөлүү жөнүндөгү токтомуна ылайык 19508 гектарга кеңейтилген. Ошентип, азыркы убакта улуттук «Беш- Таш» паркынын жалпы аянты 32411 гектарды түзүп турат. Анын ичинде жалпы токойлуу аянты 6647 гектар, токой өскөн аянты 4900 га болсо, анын ичинде айдоо аянты 43га, чабыгы 14га, жайыт 11894га.

Бул парктагы токойлуу аянтты, негизинен, ийне жалбырактуу (хвойлуу) дарактар: карагай 2, Тянь-Шань карагайы 1105, пихта 15, древесник-можжевельник, жыгач – арча 135, катыңкы жалбырактуулар 26, бул паркта негизинен кара жыгач дарактар басымдуулук кылат. Жумшак жалбырактуу дарактуу токой аянты 22 гектарды түзүп, анын ичинен кайың 16, башка аралаш дарак өскөн аянт 16, бадалдуулары 3579, жалпы жыгач древесина запасы 106,9 миң $м^2$.

Талас өрөөнүндөгү криогумид токойлорунун практикалык мааниси көп кырдуу жана аймак үчүн бир катар экологиялык, экономикалык, социалдык жана илимий пайдалуу жактары бар. Алар төмөнкүлөрдү камтыйт:

1. Экологиялык туруктуулукту камсыз кылуу: Криогумид токойлор аймактагы суу-абанын жүгүртүлүшүнө оң таасир тийгизип, жер кыртышын эрозиядан жана көчкүлөрдөн коргойт. Алар жаан-чачынды кармап, суу сактоочу ролду аткарып, суунун башаттарын толуктоого жардам берет. Мындай токойлордун сакталышы аймактагы экосистемалык баланс жана климаттык туруктуулук үчүн маанилүү.

2. Биологиялык ар түрдүүлүктү коргоо: Бул токойлор уникалдуу флора жана фауна менен айырмаланат, жана алардын арасында эндемик жана сейрек кездешкен түрлөр бар. Бул аймакты изилдөө жана анын ар түрдүүлүгүн сактоо жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн келечек муундар үчүн сактап калууда маанилүү роль ойнойт.

3. Токой ресурстарын пайдалануунун мүмкүнчүлүгү: Токойлордогу дарактар, мисалы, арча жана жаңгактар, отун, жыгач жана башка материалдар катары жергиликтүү тургундар тарабынан пайдаланылышы мүмкүн. Мындан тышкары, токойдон жыйналуучу дарылык чөптөр, мөмөлөр жана козу карындар жергиликтүү элдин саламаттыгы жана турмуш-тиричилиги үчүн пайдалуу.

4.Туризмди жана экотуризмди өнүктүрүү: Талас өрөөнүнүн криогумид токойлору туристтер үчүн чоң кызыгууну туудурат, анткени алар кооз табият көркөмдөрүн сунуштайт. Экологиялык туризмди өнүктүрүү менен жергиликтүү экономикага киреше киргизүү мүмкүнчүлүгү бар. Бул туризм жергиликтүү элдин жашоо деңгээлин көтөрүп, жумуш орундарын түзүүгө шарт түзөт.

5.Илимий изилдөөлөр үчүн мааниси: Криогумид токойлор климаттык өзгөрүүлөрдү жана экосистемалык өзгөрүүлөрдү изилдөө үчүн баалуу маалыматтарды берет. Бул аймакта биология, экология жана климатология тармагында изилдөөлөр жүргүзүлүп, табигый процесстер жана алардын адамга тийгизген таасирлери тууралуу маанилүү илимий жыйынтыктар чыгарылышы мүмкүн.

6.Жергиликтүү коомчулуктун салттуу билимдерин сактоо жана колдоо: Аймактын тургундары кылымдар бою токой ресурстарын туура пайдалануунун салттуу билимдерин топтогон. Бул билимдерди сактоо жана кийинки муундарга өткөрүү табигый ресурстарды туура пайдалануу жана коргоо жаатында маанилүү.

Жыйынтыктап айтканда, Талас өрөөнүндөгү криогумид токойлорунун корголушу жана туура пайдаланылышы аймактын экосистемасынын туруктуулугу, жергиликтүү экономиканын өнүгүшү жана экологиялык билимдердин сакталышы үчүн өтө маанилүү болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Ботбаева М.М. Кыргызстан өсүмдүктөр дүйнөсү. Бишкек 2012
2. Головкова А.Г. Ботанико-географическое районирование Тянь-Шаня и Алая (Киргизия). В сборн.Растительный покров Киргизии,его рациональное использование и охрана. Фрунзе 1979
3. Головкова А.Г., Чубарова А.В. Полезная флора Киргизии. Фрунзе1988
4. Ткаченко В.И., Ассорина И.А. Редкие изчезающие виды растений природной флоры Киргизии. Фрунзе 1978
5. Токтосуноа А.Т., Ботбаева М.М. материалы к флоре урочища Чичкан Таласского Ала-Тоо. Материалы международной научной конференции "Экологическая безопасность горной страны и новые информационные технологии в образовании" посвященной "Году гор" и 50-летию КГПУ им. И. Арабаева. Бишкек 2002

УДК: 37.012.7
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-214-219

**Боогачиева А. К., Чоров М. Ж., Усенгазиева Г. С., Шаршеналиева Г. А.**
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, ага окутуучусу,
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин доктору, профессор,
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, биология илимдеринин кандидаты, доцент,
**Боогачиева А. К., Чоров М. Ж., Усенгазиева Г. С., Шаршеналиева Г. А.**
Кыргызский государственный университет имени Арабаева, старший преподаватель,
Кыргызский государственный университет имени Арабаева, доктор педагогических наук, профессор,
Кыргызский государственный университет имени Арабаева, кандидат педагогических наук, доцент,
Кыргызский государственный университет имени Арабаева, кандидат биологических наук, доцент
**Boogachieva A. K., Chorov M. Zh., Usengazieva G. S., Sharshenalieva G. A.**
Kyrgyz State University named after Arabaev, senior lecturer,
Kyrgyz State University named after Arabaev, Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,
Kyrgyz State University named after Arabaev, candidate of pedagogical sciences, associate professor,
Kyrgyz State University named after Arabaev, candidate of biological sciences, associate professor

## БОЛОЧОКТОГУ БИОЛОГ-БАКАЛАВРЛАРДЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ
## ФОРМИРОВАНИЕ ЭКОЛОГИЧЕСКИХ ПОНЯТИЙ БУДУЩИХ БИОЛОГ-БАКАЛАВРОВ
## FORMATION OF ECOLOGICAL CONCEPTS OF FUTURE BACHELOR BIOLOGISTS

**Аннотация:** Макала азыркы экологиялык кризис шарттарындагы маанилүү көйгөйлөрдүн бири экологиялык билим берүүгө жаңыча мамиле кылуу болуп саналат. Экологиялык билим берүү

экологиялык көйгөйлөрдү жоюунун эң маанилүү факторлорунун бири. Жаратылышты коргоо, аны биздин келечектеги укум-тукумубузга сактоо үчүн өсүп жаткан муундарда экологиялык түшүнүктөрдү калыптандыруу бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири. Курстун мазмундуу компоненттеринин жыйынтыктарына методикалык, структуралык негизги талаптар коюлат.
Жогорку окуу жайларынын студенттери экология курсунан экологиялык түшүнүктөрү калыптанып, экологиялык маданият жана жаратылыш ресурсттарын сарамжалдуу пайдалануу көндүмдөрүнө үйрөнүшөт. Эң негизгиси өзү жашаган аймактын экологиясын үйрөнүү макалада кеңири берилген.
Болочоктогу биолог-бакалаврлардын экологиялык түшүнүктөрүн калыптандырууну өркүндөтүү экологиялык түшүнүктөрдүн компетенцияларын аныктоо жолу менен иштелип чыгат.

**Аннотация:** В статье указано, что одной из важных проблем в условиях современного экологического кризиса является новый подход к экологическому образованию. Экологическое образование является одним из важнейших факторов устранения экологических проблем. Чтобы защитить природу и сохранить ее для наших будущих поколений, необходимо формировать экологические представления у подрастающих поколений. К результатам содержательных компонентов курса предъявляются методические и структурные основные требования. Студенты изучают условия окружающей среды, концепции и различные социальные проблемы, читая дисциплину экология. Приобретение знаний студентами вузов интегрирует систему экологического образования и развивается путем определения компетенций экологических понятий.

**Abstract:** The article states that one of the important problems in the conditions of the current environmental crisis is a new approach to environmental education. Environmental education is one of the most important factors in eliminating environmental problems. In order to protect nature and preserve it for our future generations, it is necessary to form ecological concepts in the growing generations. Methodological and structural main requirements are set for the results of the content components of the course. Students study environmental conditions, concepts, and various social problems by reading the discipline of ecology. The acquisition of knowledge by students in higher education institutions integrates the environmental education system and is developed by determining the competences of environmental concepts.

**Негизги сөздөр:** экологиялык түшүнүк, экологиялык билим берүү, бакалавр, окутуу методикасы, экологиялык тарбия, табигый-илимий билим берүү, инсан, өркүндөтүү, калыптандыруу.

**Ключевые слова:** экологическое понятие, экологическое образование, бакалавр, методы обучения, экологическое воспитание, естествонаучное образование, инсан, усовершенстование , формирование.

**Keywords:** Environmental concept, environmental education, bachelor, teaching methods, environmental education, science education, insan, improvement, formation.

Өсүп келе жаткан муунга экологиялык билим берүү заманбап окутуунун негизги маселелеринин бири. Учурдагы татаал жана карама-каршы тенденцияларга толгон дүйнөдө экологиялык көйгөйлөр глобалдык масштабга өттү. Азыркы ааламдашуу мезгилинде экологиялык коопсуздукка атайын илимдин адистери гана эмес, дүйнө жүзүндөгү жалпы коомчулук абдан чоң көңүл буруп жатышат.

Адам балаасынын Жер планетасында бар болуп сакталып калуусу, алардын күнүмдүк тиричилиги акыры келип жаратылыш менен тыгыз байланышта жүрөт. Жаратылыш ресурстарынын арбын болушу адам коомунун андан ары жашап калуусуна негиз болот. Бирок, бүгүнкү күнү жаратылышка карата адамдардын кийлигишүүсүнөн табияттын жапа чегүүсү күч алды. Ошондуктан, адамдар курчап турган айлана-чөйрө менен байланыш түзгөндө анын белгилүү чегин билиши керек. Ал үчүн коомдун ар бир жараны өзүн ошол ситеманын бир бөлүгү катары сезип, системанын көп түрдүүлүгүнө, анын өнүгүшүнө реалдуу баа бере алууга тийиш.

2021-жылдын 20-декабрындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгында Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук концепциясынын негизги максаттарынын бири айлана-чөйрөнү

жана климатты коргоо болуп саналат. Ал эми концепциянын негизи жагымдуу айлана-чөйрө, мөңгүлөрдү сактоо жана климаттын өзгөрүүсүнүн терс кесепеттеринен коргоо. Билим берүү системасынын бардык деңгээлдеринде сапаттуу билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү бирден бир милдеттердин бири.

Ал эми Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү Концепциясында биринчиден, экологиялык проблемалар каралган. Демек, азыркы кесиптик билим берүүнүн максат-милдеттерин буга зарыл компетенцияларды калыптандырууну ишке ашыруу зарыл, андыктан компетенциялар биздин жашоо мазмунубузду аныктагандай, аны өзгөртө алгыдай болушу керек .

Студенттердин экологиялык маданиятын, экология жана климат жаатындагы кесиптик көндүмдөрүн жана билимин жогорулатуу, курчап турган чөйрөгө жоопкерчиликтүү мамиле жасоого үйрөтүү жана тарбиялоо педагогдун милдети болуп саналат. Бул процесс жогорку окуу жайларда “Экология” курсун окутууда ишке ашырылат.

Адамзаттын өнүгүүсүнүн азыркы этабында, тереңдеп бараткан социалдык-табигый кризистин шартында экологиялык билим берүү жана анын мазмунуна туруктуу өнүгүү идеяларын киргизүүнү камтыган экологиялык билим берүү өзгөчө мааниге ээ. Азыркы этапта социалдык жана экологиялык идеалдар аркылуу экологиялык билим берүүгө туруктуу өнүгүү идеяларындагы киргизүү маанилүү. Экологиялык билим берүү өзөгүн экологиялык аң-сезимди түзгөн экологиялык маданиятты калыптандыруу аркылуу адамдардын жаратылыш объекттерине болгон мамилесин өзгөртүүгө багыттоо зарыл.

Бирок, окумуштуулардын изилдөөлөрү жаш студенттердин экологиялык аң-сезими жетишээрлик деңгээлде калыптанбаганын көрсөтүүдө. Табигый чөйрөгө болгон мамиле негизинен керектөөчү мүнөзгө ээ болууда. Мындай көрүнүш азыркы билим берүү системасы коом менен табияттын ортосундагыкарама-каршылыктардынпроблемаларынчечүүгө, цивилизациянын туруктуу өнүгүүсүнүн кепилдиги катары иштей албай жаткандыгын айгинелейт. Ушул убакка чейин билим берүү мекемелеринде экологиялык билим берүү белгилүү бир деңгээлде гана үзгүлтүктүү берилип система катары иштебейт жана анын экологиялык-билим берүүчүлүк компоненти начар өнүккөн, бул экологиялык-педагогикалык билим берүүнүн дисциплина аралык билим берүү катары маанисин төмөндөтүп, табият таануу, техникалык жана гуманитардык маданияттардын интеграциясынын деңгээли жакшы иштелип чыкпаганын айгинелейт.

Бул абалды келечектеги мугалимдердин окуучуларын экологиялык билимге даярдоодо жана коомду жашылдандырууда терең структуралык, мазмундуу, теориялык, методикалык жана технологиялык жаңылыктар менен социумда экологиялык билимдерди калыптандыруу менен өзгөртүүгө болот деп ойлойбуз. Туруктуу өнүгүүидеялары экологиялык билим берүүгө жаңы дем берди, ал бүгүнкү күндө жалпы билим берүүнү реформалоонун системасын түзүүчү фактор катары каралууда. Окуу процессин жашылдандырууну тездетүү келечектеги мугалимдин экологиялык маданиятын өнүктүрүүдө кесиптик билим берүү программаларынын бардык блокторунун жана модулдарынын экологиялык потенциалын пайдалануу аркылуу ишке ашышы керек.

Студенттерде азыркы жана келечек муундардын кызыкчылыктарын эске ала тургандай баалуулуктар системасын калыптандыруу зарыл, ошондой эле жаратылыш чөйрөсүн сактап калуу зарыл. Табигый экосистемаларды изилдөө аркылуу жаратылыш дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүн, баалуулугун, цивилизацияны сактоо үчүн мааниси зор.

Экологиялык маселелердин турмуштук маанилүүлүгүнө байланыштуу анын үзгүлтүксүздүк принциби экологиялык билим берүүнүн методологиясынын милдеттүү принциби болуп калууга тийиш.

Экологиялык билим берүү – үзгүлтүксүз, б.а. “үй-бүлө – мектеп – жож” системасында бирибирине өтө турган процесс. Мектепке чейинки мекемелерде балдарга экологиялык билим берүү үйбүлө жана коомчулук менен бирдикте кызматташып ишке ашат жана анын максаты болуп, экологиялык маданияттын негизин калыптандырууга, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө багытталып, балдардын курагына жараша, иш-аракетинин түрүн эске алуу менен аныкталып, улуттук

традицияларда жана региондун өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо, жеткиликтүү айлана-чөйрө жөнүндөгү түшүнүктөрдү, билимди, анын адам баласы үчүн кандай мааниси бар экендиги жөнүндө маалымат берүү, жаратылышты сүйүүгө жана коргоого үйрөтүү зарыл [3].

Экология дисциплинасы Кыргыз Республикасынын бардык жогорку окуу жайларынын табигый-математикалык циклде 2 кредит өлчөмүндө (60 саат) 2022-23-окуу жылына чейин окутулуп келген. Тилекке каршы 2021-жылы бекитилген Мамлекеттик стандартынан алынып салынган. Бүгүнкү күндө 550100 Табигый-илимий билим берүү багытында гана 2 кредит менен окутулуп келет.
Жогорку окуу жайларында, анын ичинде "Экология" курсу атайын И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жалпы биология жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын профессордук-окутуучулар курамы тарабынан түзүлгөн типтүү программа менен окутулуп келет.
Курстун негизги максаты инсандын экологиялык маданияты, болочок адистин кесиптик экологиялык сабаттуулугу, организмдердин табигый жашоо чөйрөсүндөгү адам ишмердүүлүгүнүн чөйрөсүнө киргизүүчү өзгөрүүлөрүн эске алуу менен изилденүүчү жашоо тиричилигинин мыйзам-ченемдүүлүүктөрү (бардык көрүнүштөрүндө, интеграциянын бардык деңгээлдеринде). Алдыга коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер аныкталды: студентти заманбап экология, анын предмети, милдеттери, мааниси жана түзүлүшү менен илим катары тааныштыруу; - экология жаатында негизги түшүнүктөрдүн системасын калыптандыруу, анын негизги мыйзамдары менен тааныштыруу; - негизги экологиялык көйгөйлөрдү жана аларды чечүүнүн мүмкүн болгон жолдорун изилдөө; - студенттердин экологиялык маданиятын калыптандыруу жүргүзүлөт [2].

Дисциплинаны окуп үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөнкүдөй компетенцияларды калыптандыруусу зарыл (1-табл.).

1-таблица. Экология боюнча өздөштүрүүчү компетенциялар

| | |
|---|---|
| | Универсалдык компетенциялар |
| ЖИ | Жалпы илимий (ЖИ): |
| ЖК – 1 | Маалыматтарды талдоо, иликтөө, интерпертациялоо жана аларды түзүү көндүмдөрүнө ээ |
| ЖК – 7 | Үзгүлтүксүз өнүгүүгө жана билим алууга даяр |
| КК | Кесиптик компетенциялар (КК): |
| КК-1 | Окуу программаларын ишке ашырууга жөндөмдүү |
| КК-10 | Жердин эволюциясында органикалык эмес жана органикалык системалардын ордун, литосферанын, гидросферанын жана атмосферанын биримдигин түшүнүүгө жөндөмдүү |
| КК-11 | Жандуу жаратылыштын туруктуулугу жана продуктивдүүлүгү принциптерин жана антропогендик фактордун таасири астында анын өзгөрүү жолдорун түшүнүүгө, глобалдык экологиялык маселелерге, айлана-чөйрөнүн абалы жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу тууралуу системдүү илик жүргүзүүгө жөндөмдүү |

Мына ушуга байланыштуу болочоктогу биолог-бакалаврлардын окуу предметтеринин ичинен экология предметин жогорку илимий-методикалык денгээлде окутуунун негизинде бакалаврлардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн сапатын жогорулатуу, алардын сабакка болгон жоопкерчиликтүү мамилелерин күчөтүү жана интелектуалдык денгээлин өстүрүү билим берүү ситемасынын башкы милдеттеринин бири болуп келүүдө.
Коомдогу илимдин жана техниканын тынымсыз өнүгүүсүнүн негизинде бүгүнкү күндө мезгилдин талабына ылайык бакалаврлардын чыгармачылык менен өз алдынча иштөөгө көнүктүрүү жана алдына коюлган конкреттүү проблемалардын түйүндү маселелерин чечүүдө, аларга сезимталдуулук менен ой жүгүртүүгө тарбиялап-окутуу проблемасы келип чыгууда. Болочоктогу биолог-бакалаврлардын аң-сезиминде илимий түшүнүктөрдүн системасын калыптандыруу жана аларды өнүктүрүү окуу жайларда илимдин негиздерин окутуунун башкы маселелердин бири. Ошондуктан болочок биолог бакалаврлар так илимий түшүнүккө ээ болмоюнча, билимдин башка элементтерин (теориялар, закондор, эрежелер, идеялар, изилдөө методдору ж.б.) оздөштүрүү жана аларды аң-сезимдүү колдонуу дээрлик мүмкүн эмес. Анткени илимий түшүнүктөр билимдер ситемасындагы эң маанилүү элементтердин бири жана ал ойлонуунун эң башкы формасы. Ошону менен бирге түшүнүк

- таанып билүүчү процесстердин же кубулуштардын негизги белгилерин, касиеттерин, мамилелерин аныктап, алардын ички маңызындагы өз ара байланыштардын тереңдигин чагылдыра турган ой жүгүртүүнүн универсалдуу бирдиги.

Коомдун өнүгүүсүнүн азыркы учурдагы өсүп келе жаткан муундарга экологиялык тарбия берүүнүн маанисинин жогорулашы менен шартталууда. Жеке адамдын, коомдун табият менен мамилесин оптималдаштыруунун эн маанилуу шарты – ар бир инсандын экологиялык түшүнүктөрүн калыптандыруу, алардын экологиялык катаклиздерге байланышкан олуттуу коркунучту андап сезүүсү болуп эсептелет. “Кыргыз Республикасынын үзгүлтүксүз экологиялык билим берүү концепциясында” ар бир баскычтагы экологиялык билим берүү маселелери каралган. Биздин изилдөө концепциядагы бир баскычтын бири бул биология курсун окутууда болочоктогу биолог-бакалаврларга экологиялык билим берүүсү берилген.

Экология курсун окуп жатканда бакалаврларга курчап турган дүйнө жөнүндө интенсивдүү маалымат топтоонун, жаш окуучунун табигый жана социалдык чөйрө менен ар тараптуу мамилелеринин өнүгүүсүнүн маанилүү баскычы, инсанды калыптандырууга, экологиялык маданияттын калыптанышына өбөлгө түзөт.

Инсан катары калыптануунун негизги жетектөөчү иш-аракеттери катары Жаратылыш - Коом - Адам жана алардын өз ара катнашы жөнүндөгү илимий идеялар изилдөөнүн методологиялык негиздерин түзөт.

Азыркы кезде Кыргыз Республикасында жогорку окуу жайлардын студенттерине экологиялык билим берүү актуалдуу болуп жаткандыгын илимий адабияттарды талдоо көрсөттү.

Жогорку окуу жайларында 520200 “Биология” багытынын бакалавры үчүн “Экология боюнча окуу-талаа практикасынын окуу-методикалык колдонмо” иштелип чыккан жана студенттер теориялык алган билимдерин Экология боюнча окуу-талаа практикасында бышыктап, жалпы илимий компетенцияларга ээ болушат (2-табл.).

Табл.2. Экология боюнча окуу-талаа практикасында өздөштүрүүчү компетенциялар

УНИВЕРСАЛДЫК КОМПЕТЕНЦИЯЛАР:

ЖИК Жалпы илимий компетенциялар (ЖИК (ОК)):

ЖИК - 1 Топтоо, талдоо жана алынган маалыматтарды интерпретациялоо, аларды жасалгалоо жөндөмдөрүнө ээ болот

ЖИК-3 Алган билимин практикада колдоно алат

ЖИК-4 Окутуучунун жетеги астында жеке изилдөө иштеринин планын иштеп чыгып аткара алат

ИК Инструменталдык компетенция:

ИК-2 Ооз эки жана жазуу түрүндө биология боюнча белгилүү бир темада өз оюн билдире алат, кесиптештери менен конструктивдүү пикир алышууну билет, мамлекеттик жана расмий тилде сүйлөй алат

СИМК Социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар (СИМК (СЛК)):

СИМК-1 Ар кандай кызматтарды аткаруу менен студенттик топто натыйжалуу иштей алат; инсан аралык жана кесипкөй толеранттуу мамиле түзө алат

КК КЕСИПТИК КОМПЕТЕНЦИЯ (КК (ПК)):

Жалпы кесиптик компетенциялар:

КК-9 Органикалык дүйнөнүн өөрчүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө билимдерге ээ

АК Адистешкен компетенциялар (АК (СК)):

АК-1 Талаа жана лабораториялык шартта биологиялык объекттерге эксперименталдык иштерди колдонот, аппаратура менен иштөө жөндөмдүлүгү, сунушталган изилдөө методун өздөштүрүү жана объекттерди тандоо

АК-2 Жаратылышта экологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрдүн негиздерин түшүндүрүүгө, курчап турган чөйрөнү биотикалык башкаруунун принциптерин түшүндүрүүгө жөндөмдүү жана антропогендик жана табыгый системаларда алардын жаралышын айрымалай алат.

АК-3 Жандуу организмдерди байкоо,сүрөттөө жана аларга тажрыйба жүргүзүү көндүмдөрүнө жөндөмдүү
Окуу планы боюнча 6 кредит пландаштырылган. Окуу-талаа практикасынын милдеттери: жандуу организмдерди байкоо, сүрөттөө жана аларга тажрыйба жүргүзүүнү өздөштүрүү, талаа жана лабораториялык шартта экологиялык объекттерге эксперименталдык иштерди колдонууну, аппаратура менен иштөөнү, сунушталган изилдөө методун өздөштүрүүнү жана объекттерди тандоону, алынган маалыматтарды интерпретациялоону, аларды жасалгалоону өздөштүрүү, студенттерде инсандык, инструменталдык жана адистик компетенциялардын калыптанышына багытталган [4].
«Биология» адистиктерин даярдоодо «Жалпы экология» курсунан экологиялык билим берүүдө активдүү-чыгармачыл аракет талап кылынат. Экологиялык билим берүүнүн усулдары, формалары жана каражаттары окуу-тарбия жана өз алдынча иштер аркылуу жүргүзүлөт [5].
Жыйнтыгында Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүнүн 11 максатындагы,
Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгында Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук концепцияларындагы милдеттерди аткаруу алкагында иштер жургүзүлдү экологиялык туруктуулукту камсыз кылуу болуп саналат. Жогорку окуу жайларында экология курсун окутууда студенттерди экологиялык түшүнүктөрдү калыптандырууда компетенцияларды өздөштүрүү менен ишке ашырылып, экологиялык билимдерин бышыктоо үчүн көптөгөн иш-чаралар өткөрүлдү.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Мамбетакунов Э. Окуучулардын табият жөнүндөгү илимий түшүнүктөрүн калыптандыруунун психодидактикалык проблемалары. / Известия Кыргызской академии образования, №4 (20), 2011. Б.30-32.
2. Чоров М.Ж., Усенгазиева Г.С. ж.б. Экология боюнча типтүү программа (кыргыз, орус тилдеринде) Бишкек, 2019-46 б.
3. Чоров М.Ж., Усенгазиева Г.С. Азыркы учурдагы Кыргыз Республикасынын үзгүксүз экологиялык билим берүүнүн абалы. Известия вузов Кыргызстана. Б., 2017. №5, - С. 111-112.
4. Шаршеналиева Г.А., Боогачиева А.К., ж.б. Экология боюнча окуу талаа практикасынын окуу-методикалык колдонмосу. Бишкек, 2022-70 б.
5. Усенгазиева Г. С., Чоров М. Ж. Экология курсун окутууда студенттерге экологиялык билим жана тарбия берүү известия вузов. Бишкек, 2014. № 5, Б. 205-206

УДК: 81 373.215
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-219-226

**Донбаева Г. Ч., Садыралиева Н. И., Бактыярова А. Б.**
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, география илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, окутуучу,
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, магистрант
**Донбаева Г. Ч., Садыралиева Н. И., Бактырова А. Б.**
Кыргызский национальный университет имени Ж. Баласагына, кандидат географических наук, доцент,
Таласский государственный университет, преподаватель
Кыргызский национальный университет имени Ж. Баласагына, магистрант
**Donbaeva G. Ch., Sadyralieva N. I., Baktiyarova A. B.**
Kyrgyz National University named after J. Balasagyna, Candidate of Geographical Sciences, Associate Professor,
Talas State University, Lecturer,
Kyrgyz National University named after J. Balasagyna, Master's student

# ТАЛАС ӨРӨӨНҮНҮН ГИДРОТОПОНИМДЕРИ, АЛАРДЫН ПАЙДА БОЛУУСУ ЖАНА МААНИСИ
# ГИДРОТОПОНИМЫ ТАЛАССКОЙ ДОЛИНЫ, ИХ ПРОИСХОЖДЕНИЕ И ЗНАЧЕНИЕ
# THE HYDROTOPONYMS OF THE TALAS VALLEY, THEIR ORIGIN AND SIGNIFICANCE

**Аннотация:** Көз карандысыздыкты алуу менен биздин өлкөбүздүн саясий, социалдык жана маданий турмушта демократиялык өнүгүү жолу үчүн кайра курууну баштан кечирди. Бул өзгөрүүлөр көптөгөн аймактарды өнүктүрүү жана изилдөө үчүн жаңы жол ачты. Социалдык-экономикалык өнүгүүдө пландуу экономикадан рыноктук мамилелерге өтүү менен Кыргызстанда топонимдердин жаңылануу маселеси күчөп, анын ичинде Талас облусунун райондорунда да, жаңы деңгээлге көтөрүлдү. Бүгүнкү күндө топонимдердин пайда болушу жана өнүгүүсү көчмөн кыргыздардын тарыхына өзгөчө бурулуш алып келди. Башка улуттардын аттарынан же болбосо тилине ылайыкташылган топонимдердин түрлөрү актуалдуулугун жоготуп, чыныгы кыргыз жыттанган улуттук идеологияны, каада-салтты камтыгын, өткөн тарыхын эске салган көптөгөн топонимдердин пайда болуусуна жол ачып коомдун өнүгүшүндөгү бурулуш болду. Дарыялар, алардын канчалык узак жол баскандыгына жараша бир нече жолу наамын өзгөртүшү мүмкүн. Өзөндөрдүн аталышы бир кыйла татаалыраак келет. Бир катар озөндөр жолду катар бир канча чоң жана кичине куйма суулар кошулгандыгына карабастан, ошол башталышындагы бир кичирээк суунун аталышы боюнча өз атын сактап жүрүп отурса, экинчи бирөөлөрү жогоруда көрсөтүлгөндөй таптакыр жаңы наамга өтүп кетет.
Жогоруда берилген маалыматтар Талас өрөөнүндөгү гидротопонимдердин келип чыгышына, алардын маанисине арналган.

**Аннотация:** После обретения независимости в нашей стране проводится реконструкции для демократического развития в политической, социальной и культурной жизни. Эти изменения открыли новые возможности для развития и исследований во многих областях. С переходом от плановой экономики к рыночным отношениям в социально-экономическом развитии обострилась проблема обновления топонимов в Кыргызстане и поднялась на новый уровень, в том числе, и в районах Таласской области. Сегодня появление и развитие топонимов внесло особый поворот в историю кочевого кыргыза. Типы топонимов, адаптированные из названий других народов или их языков, утратили свою актуальность и открыли путь для появления многих топонимов, напоминающих о реальной кыргызской национальной идеологии, традициях и прошлой истории. Реки могут менять названия несколько раз в зависимости от продолжительности своего пути. Названия рек сложнее. Несмотря на то, что по течению присоединился ряд больших и малых притоков, ряд рек сохраняют свое название по названию меньшей воды, а другие меняют на совершенно новое название, как сказано выше. Представленная выше информация посвящена происхождению гидротопонимов в Таласской долине и их значению.

**Abstract:** With the acquisition of independence, our country underwent a reconstruction for the path of democratic development in political, social, and cultural life. These changes opened new avenues for the development and study of many regions. The Talas region, through the transition from a planned economy to market relations, intensified the issue of the renewal of toponyms in Kyrgyzstan, elevating it to a new level in the socio-economic development of its districts. Today, the emergence and development of toponyms have brought a special turn in the history of the nomadic Kyrgyz. The relevance of toponyms derived from names of other nations or adapted to their languages has diminished, paving the way for the emergence of many toponyms that evoke a true Kyrgyz essence, encompassing national ideology, customs, and historical memory, marking a turning point in societal development. Rivers may change their names several times depending on the length of their course. The naming of streams tends to be more complex. Some streams retain their names based on a smaller water body at their origin, despite being joined by several large and

small tributaries, while others may completely change to a new name as mentioned above. The information provided above is dedicated to the origin and significance of hydrotoponyms in the Talas valley.

**Негизги сөздөр:** Кыргызстан, Талас өрөөнү, географиялык аттар, изилдөөлөр, мүнөздөмөлөр, гидротопонимдер, дарыялар.

**Ключевые слова:** Кыргызстан, Таласская долина, географические названия, исследования, характеристики, гидротопонимы, реки.

**Keywords:** Kyrgyzstan, Talas valley, geographical names, studies, characteristics, hydrotoponyms, rivers.

болгон диплоиддик санды түзгөн хромосомдордун жыйындысынан турат. Аутосомдорунун ийиндеринин саны $NF^a$=48-50 түзгөн.

Кээ бир берилген маалыматтар боюнча кырчеке момолойдун чоң кемин популяциясынын кариотиби диплоиддик саны 2n=36 болгон хромосомдордун жыйындысынан турат. Аутосомдорунун ийиндеринин саны $NF^a$=50. Ал алынган маалыматтарды башка популяциялардын кариотиптери менен салыштырып мейкиндик-биотоптук хромосомдук полиморфизмди белгилеген.[4,5]

Биздин маалыматыбыз боюнча кырчеке момолойдун бешташ популяциясынын кариотибинин диплоиддик жыйнагы 2n=36, аутосомдордун ийиндеринин саны $NF^a$=50. Аутосомдор үч топту түзгөн хромосомдордун жыйындысынан турат: биринчи топ 5 жуп метацентрикалык, экинчи топ 3 жуп субметацентрикалык жана үчүнчү топ 9 жуп акроцентрикалык хромосомдордон турат. Жыныс хромосомалары: Х – хромосома ири метацентрик, ал эми У – хромосома кичине акроцентрик (3-сүрөт).



**3-сүрөт - Кыр чеке момолойдун *(MicrotusgregalisPallas)* бешташ популяциясынын метафаздык пластинкасы жана кариограммасы (♂♂, 2n=36, $NF^a$ = 50)**

Азыркы кезде чөйрөнүн тынымсыз булгануусундагы азыркы абалында нурлануунун генетикалык натыйжалуулугу-радиациянын дене клеткаларына тийгизген таасирине көңүлдү көбүрөөк бурууну талап кылат. Дене клеткаларында мутациянын пайда болушу, тканда зат алмашуусу өзгөргөн башка биологиялык өзгөчөлүктөргө ээ болгон клеткалардын тобунун пайда болушуна шарт түзөт. Мындай өзгөрүү нурланган организмдерде ар кандай ooру сыркоолорду пайда кылат. Көпчүлүк убакта мындай натыйжалар узак убакка таасир этип байкалбайт да, популяциянын саны азаят, ошондуктан кандай гана популяция болбосун алардын кариотиптери изилдениши зарыл. Мындай жаата илимий изилдөөлөрдү келечекте улантылып жатат.[2,3]

**Колдонулган адабияттар:**


1. Белянин А.Н. Криологический анализ обыкновенной слепушонки из северной части ее ареала. 1970-с 140-142
2. Воронцов Н.Н., Ляпунова Е.А., Захарян Г.Г. Кариология и систематика рода Эволюция, кариология, фаунистика, систематика Новосибирск,1969-с30
3. Мейер, М.Н. Закаспийская (Microtus transcasipus Satunin) и Киргизская (Mucrotus kirgizorum Ognev 1950) полевки Средней Азии и Казахстана: (Опыт комплексного таксономического анализа) [Текст] /М.Н.Мейер //Тр. Зоол. ин-та АН СССР.- 1980.- Вып.99.- С.3-61.

4. Мейер, М.Н. Экспериментальная гибридизация как метод изучения степени дивергенции близких видов полевок рода Microtus [Текст] /М.Н.Мейер, Т.А.Грищенко, Е.В.Зыбина //Зоол. журн.- 1981.- Т.60, вып.2.- С.290-300.
5. Орлов, В.Н. Исследования хромосомных наборов млекопитающих [Текст]: метод. рук. /В.Н.Орлов, Г.А.Чудиновская, Е.П.Крюкова.- М.: Наука, 1976.- 36 с.
6. Орлов, В.Н. Сравнительная цитогенетика и кариосистематика млекопитающих [Текст] /В.Н.Орлов, Н.Ш.Булатова.- М.: Наука, 1983.- 405 с.
7. Токтосунов, А.Т. Грызуны Киргизии [Текст] /А.Т.Токтосунов.- Фрунзе: Изд-во АН КиргССР, 1958.- 172 с.
8. Токтосунов, А.Т. Некоторые итоги кариологических исследований мелких млекопитающих Тянь - Шаня [Текст] /А.Т.Токтосунов, Н.Д.Иманалиев //Тез. докл. 5-го съезда Всесоюз. териол. о-ва АН СССР.- М., 1990.- С.95.
9. Токтосунов, А.Т. О структуре кариотипов мелких млекопитающих в условиях Тянь-Шаня [Текст] /А.Т.Токтосунов, Н.Д.Иманалиев //Тез. докл. 5-го съезда Всесоюз. териол. о-ва АН СССР.- М., 1990.- С.105.
10.Шаршеналиева Г.А., Ташибекова З.М., Чоров М.Ж. Чон-Кемин улуттук жаратылыш паркын жердеген сүт эмүүчүлөрдүн экологиялык цитогенетикалык өзгөчөлүктөрү Бишкек 2022.

УДК 574.34
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-296-301

**Ташибекова З. М., Молдалиева Д. Н., Дыйкамбаева Г.К.**
Талас мамлекеттик университети, биология илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, окутуучу,
Талас мамлекеттик университети, окутуучу
**Ташибекова З. М., Молдалиева Д. Н., Дыйкамбаева Г.К.**
Таласский государственный университет, кандидат биологических наук, доцент,
Таласский государственный университет, преподаватель,
Таласский государственный университет, преподаватель
**Tashibekova Z. M., Moldalieva J. N., Dyikambaeva G.K.**
Talas State University, Candidate of Biological Sciences, associate professor,
Talas State University, teacher,
Talas State University, teacher

## КОРУККА АЛЫНГАН АЙМАКТЫ ЖЕРДЕГЕН СҮТ ЭМҮҮЧҮЛӨРДҮН ЭКОЛОГИЯЛЫК ЦИТОГЕНЕТИКАСЫ
## ЭКОЛОГИЧЕСКАЯ ЦИТОГЕНЕТИКА МЛЕКОПИТАЮЩИХ ОХРАНЯЕМЫХ ТЕРРИТОРИЙ
## ECOLOGICAL CYTOGENETICS OF MAMMALS IN PROTECTED AREAS

**Аннотация:** Бул изилдөө корукка алынган аймактарды жердеген сүт эмүүчүлөрдүн экологиялык цитогенетикасын изилдөөгө багытталган. Сүт эмүүчүлөр экосистеманын туруктуулугун камсыздоодо маанилүү роль ойнойт, бирок алардын популяцияларынын биологиялык өзгөчөлүктөрү жана мутациялар экологиялык кырдаалдарга жараша өзгөрүшү мүмкүн. Изилдөөлөрдүн негизги максаты- корукка алынган аймактардагы жердеген сүт эмүүчүлөрдүн хромосомдук структуралары, генетикалык алуучу касиеттери жана мутациялык өзгөрүүлөрүнүн экологиялык факторлорго жана адам тарабынан жүргүзүлгөн жерди өзгөртүү иш аракеттерине болгон жоопторун талдоо. Алдын ала алынган маалыматтар корукка алынган аймактардагы сүт эмүүчүлөрдүн генетикалык көп түрдүүлүгү,

хромосомдук стабилдүүлүгү жана цитогенетикалык көрсөтүчтөрү боюнча кызыктуу фактыларды көрсөтүүдө. Натыйжада, корукка алынган аймактардагы сүт эмүүчүлөрдүн экологиялык цитогенетикасы экосистеманын туруктуулугун түшүнүүгө жана аларды сактап калуу үчүн келечектеги стратегияларды иштеп чыгууга маанилүү маалыматтар берери күтүлүүдө.

**Аннотация:** Целью данного исследования является изучение цитогенетики окружающей среды млекопитающих, населяющих охраняемые территории. Млекопитающие играют важную роль в поддержании стабильности экосистемы, однако биологические характеристики и мутации их популяций могут меняться в зависимости от условий окружающей среды. Основная цель исследований – анализ реакции хромосомных структур, генетических свойств и мутационных изменений наземных млекопитающих на охраняемых территориях на факторы окружающей среды и антропогенную деятельность по изменению земель. Предварительные данные показывают интересные факты о генетическом разнообразии, хромосомной стабильности и цитогенетических показателях млекопитающих на охраняемых территориях. В результате ожидается, что экологическая цитогенетика млекопитающих на охраняемых территориях предоставит важную информацию для понимания стабильности экосистем и разработки будущих стратегий их сохранения.

**Abstract:** The purpose of this study is to study the cytogenetics of the environment of mammals inhabiting protected areas. Mammals play an important role in maintaining ecosystem stability, but the biological characteristics and mutations of their populations can change depending on environmental conditions. The main goal of the research is to analyze the response of chromosomal structures, genetic properties and mutational changes of terrestrial mammals in protected areas to environmental factors and anthropogenic land modification activities. Preliminary data show interesting facts about the genetic diversity, chromosomal stability and cytogenetic parameters of mammals in protected areas. As a result, environmental cytogenetics of mammals in protected areas is expected to provide important information for understanding ecosystem stability and developing future conservation strategies.

**Негизги сөздөр:** экспедиция, биохимиялык, цитогенетикалык, физиологиялык, биоэкологиялык, экологиялык.

**Ключевые слова:** экспедиция, биохимическая, цитогенетическая, физиологическая, биоэкологическая, экологическая.

**Keywords:** expedition, biochemical, cytogenetic, physiological, bioecological, environmental.

1952-жылдан баштап Кыргыз ССРнин Илимдер академиясынын омурткалуу жаныбарлардын зоологиясы лабораториясы системалуу бир багыттуу фаунистикалык изилдөөлөрдү уюштурган. Жогоруда белгиленгендей эле, бул изилдөөлөрдө топ-топ болуп баардык аймактарга экспедиция уюштуруп, анда топтолгон материалдар талданган. Бүгүнкү күндө сүт эмүүчүлөр өзгөчө обект болуу менен бирге ар тараптуу-биохимиялык, цитогенетикалык, физиологиялык, биоэкологиялык ж.б. багытта изилденүүдө. XX кылымдын 50-80-жылдары өзгөчө көңүл акклиматизация багытына бурулган да, акклиматизацияланган тыйын чычкан, ондатр жана башка сүт эмүүчүлөрдүн Кыргызстандын шартына көнүгүүсү. А.И.Янушевич, М.Н.Калинин тарабынан ондатрдын таралышы, Тюрин П.С. Кыргызстанга көчүрүлүп келген жаныбарлардын тиричилиги, Тюрин П.С, Кыдыралиев А.К, Цагарев.К, тарабынан ондатрдын кайсы дарыяларда тиричилиги жогору экендиги кайсы жерде көнүгүү процесси жай жүрүү менен санынын азайып кетиши изилденген.

XX кылымдын 70-жылдарынан баштап майда сүт эмүүчүлөр кариологиялык изилдөөлөрөгө тартылган Мисалы, А.А.Малыгиндин, М.Н.Мейердин, А.Т.Токтосунов., Д.Иманалиевалардын, (1990)., Т.А.Токтосуновдун эмгектерин атоого болот.

Түрлөрдүн популяцияларынын түзүлүшүнүн жана санынын динамикасын изилдөө экологиянын негизги маселелеринин бири болуп эсптелет. Ар бир популяциянын динамикасы туруктуу болот деп айтуу кыйын. Ар бир популяциянын санын, жана анын жыштыгын, курактык түзүлүшүн, түшүмдүүлүгүн, кубатын билүү аларды жөнгө салып турууга мүмкүнчүлүк берет. Ошондуктан бүгүнкү күндө популяциянын экологиясын изилдөө негизги маанилүү маселелерден болуп эсептелет.

Биоценоздун экологиясын изиддөөдө, анын популяцияларынын санынын динамикасы негизги биотикалык шартты аныктайт, ал маанилүү маселе.[1]

Мындай изилдөөлөрдө, көпчүлүк убакта, сүт эмүүчүлөрдүн ичинен кемирүүчүлөргө көбүрөөк токтолууга туура келет. Алар биоценоздордун негизги бир бөлүгүн түзүү менен экологиялык түзүлүшү татаал. Андан тышкары кемирүүчүлөрдүн кээ бир өкүлдөрү айыл чарбасында чоң мааниге ээ.[3]

Кемирүүчүлөрдүн санынын өзгөрүп турууларынын жолдору өтө татаал. Ал экологиялык шартка карата популяциянын түрдүк өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу. Популяциянын тиричилигинин мезгилдүүлүгү - санынын өзгөрүшү, анын курактык түзүлүшүнүн өзгөрүшүнүн таасиринде түзүлгөн генетикалык түзүлүшүнүн өзгөрүшү менен өтөт. Жаныбарлардын санынын динамикасын билүү үчүн, кээ бир шарттардын тийгизген таасиринин деңгээлин баалоо керек. Алар: климат, азык заты, ар кандай оорулар, мителер, жыркычтар, биоценоздук байланыштар, адамдардын айыл чарбасындагы иш аракети жана башкалар.

Популяциядагы ар бир организмдин санынын динамикасы көбөйүүнүн натыйжалуулугунун өзгөрүшүнөн, алардын жыштыгынан көз каранды. Анткени популяциянын саны мезгилге карата өзгөрүп турат. Ал үчүн жалпы сүт эмүүчүлөрдүн мезгил боюнча куутунун узактыгын, жыныстык жетилүүсүнү н ылдамдыгын, көбөйүүгө катышкан ургаачыларынын санын төлүнүн санын, жаштарынын жана карыган организмдеринин өлүмүн билүү керек. Жаныбарлардын көбөйүүсүнүн тез жүрүшү менен аларлын өлүмү популяциянын курактык түзүлүшүн аныктайт. Түрдүн ичиндеги күрөштү аныктоо үчүн жыштыкты билүү зарыл. Баардык изилдөөлөр менен бирге майда кемирүүчүлөрдүн цитогнетикесын изилдөө абзел. Төмөндө майда кемирүүчүлөрдүн цитогенетикалык изилдөөсүн жүргүздүк.[2,3]

**Үй чычканы - *Mus musculus Linnaeus (Muridae, Rodentia)***

Бул сүт эмүүчүлөр космополит. Жер жүзүнүн баардык жерлеринен кездештирүүгө болот, Албетте Беш-Таш Мамлекеттик улуттук жаратылыш паркынын баардык биоценоздорунда кездешет. Негизги экологиялык өзгөчөлүгү синантроптук жаныбар, ошондуктан Беш-Таш Мамлекеттик улуттук жаратылыш паркынын бөксө тоолуу талаалардын биоценозунда жыштыгы жогору.

Жонунун жүнүнүн түсү боз, капталдарын карай ачык өңгө өтө баштаган, курсак бөлүгү ак, майда кемирүүчү.

Үй чычканынын тиричилик ареалы–адамдар жашаган үйлөр, айыл чарба курулуштары, дыйканчылык талаалары, чөп чөмөлөлөрү, табыгый шартта бадалдар, узун өскөн отоо чөптөрдүн, каралбай калган бакчалар, айыл чарба маданий өсүмдүктөрүнүн арасы. Жылдын жылуу мезгилдеринде ачык талаа мейкиндиктеринде көп кездешет. Кышында жабык жайларга орун которушат.[2,4]

Анын активдүүлүгү – сутканын убагынан, жыл мезгилинен, жашоо чөйрөсүнөн көз каранды. Үй ичинен азык издеп жүргөн чычкандарды түнкүсүн эле эмес, күндүзүдa көрүүгө болот.

Үй чычканы азыктанууда тандабайт. Адам жашаган жерлерде, айыл чарба курулуштарында эмне кездешсе ошонун бардыгы менен тамактанат. Айдоо аянттарында уруктар, маданий жана жапайы дан өсүмдүктөрүнүн дандары, өсүмдүктөрдүн жашыл бөлүктөрү, курт-кумурскалар менен тамактанат. Бир жыл бою көбөйүшөт.

Үй чычканын кариотиби кеңири изилденген. Үй чычканынын кариотиби жөнүндөгү маалыматтар А.С.Графодатский, С.И.Раджаблинин Н.Ш.Булатова, В.Н.Орлова, Т.А. Токтосунов [2,5], Г.А.Шаршеналиева жана башкалардын эмгектеринде берилген.

Кыргызстанды гана жердеген үй чычканынын популяцияларынын кариотиптерине жүргүзүлгөн изилдөөлөргө токтолобуз. Т.А.Токтосунов үй чычканынын чүй, ысыккөл, токтогул популяцияларынын кариотибин изилдеген. Анын берген маалыматы боюнча үй чычканынын кариотиби негизинен адабиятта берилген маалыматтардан айырмаланбайт. Диплоиддик саны 2n=40, ийиндеринин саны NF=40 барабар. Акырындык менен бири-биринен кичирейген өлчөмдө

турган акроцентриктердин катарынан турат, бирок ысыккөл (Жети-Өгүз) жана токтогул популяцияларынын метафаздык пластинкасында полиплоиддик метафазаларды жолуктурган. Алар тетраплоиддик 4n=80 жана октоплоиддик 8n=160 мүнөзгө ээ болгон. Т.А. Токтосунов мындай өзгөчөлүктү ошол жерде болгон жердин титирөөлөрүнө байланыштырган.

Илимий маалыматтар боюнча үй чычканынын чоңкемин популяциясынын кариотиби диплоиддик саны 2n=40 болгон хромосомдордун жыйындысынан турат. Аутосомдордун ийиндеринин саныNF$^a$=38.

Биз алган маалыматар боюнча үй чычканынын бешташ популяциясынын кариотиби 2n=40 болгон хромосомдук жыйындан турат, аутосомдорунун ийиндеринин саны NF$^a$=38. Баардык хромосомдор морфологиясы боюнча акроцентриктер, жыныс хромосомдору өлчөмдөрү боюнча айрымаланган акроцентриктер (сүр 1). Хромосомдук полиморфизм кубулушу аныкталган жок. [2,5,6]



**1-сүрөт-Үй чычканынын (MusmusculusLinnaeus) бешташпопуляциясынынметафаздыкпластинкасыжанакариограммасы (♂♂, 2n=40, NF$^a$ = 38)**

**Сокур чычкан – *Ellobiustalpinus Pallas (Cricetidae, Microtinae, Rodentia)***

Беш-Таш Мамлекеттик улуттук жаратылыш паркын жердеген булл сүт эмүүчүнүнү жонунун түсү кочкул буура, капталдарын карай саргыч боз болуп кетет. Курсагы киргилт боз. Куйругунун узундугу кыска.

Ыңгайланышуусунун экологиялык өзгөчөлүктөрүн А.Т.Токтосунов, Г.Ч. Эгембердиевалар изилдешкен.

Н.Г.Евдокимов сокур чычкандын популяциясынын динамикасынын структурасы орун которуштурушу ошондой эле анын чээнге кирер кирбөөсү жөнүндөгү маалыматтарды тактоо үчүн көп жылдык изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Н.Г. Евдокимовдун оюу боюнча бул жаныбар чээнге кирет. Анын себеби, - топурактын тоңушу, азык заттын жетишсиздиги жана ошондой эле гипоксия кубулушун атайт.

Сокур чычкандар топтоп болуп жашоочу колониялуу кемирүүчү. Алардын көпчүлүк жашоосу жердин астында өтөт. Жылдын жылуу мезгилдеринде активдүү келишет. Сокур чычкандардын активдүүлүгү бир жылда 2 жолу жогорку чегине жетет. Бул убактар: жазында жайкы ийинине, күзүндө кышкы ийнинин төмөнкү катмарына даярдык көрүп жаткан мезгил.[4]

Кадимки сокур чычкандын карио тиби Н.Н.Воронцов, А.Т.Токтосунов, В.Г.Иванов, Н.Н.Воронцов, Е.А.Ляпунова, жана башкалар, А.Н.Белянин, Ю.М.Борисов, В.Н.Орлов, В.Н.Яценко, Н.И.Рожанская, Г.А.Шаршеналиева тарабынан изилденген.

Н.Н.Воронцов мурунку СССРдин аймагында бул түрдүн кариотибин изилдөө менен бул жаныбардын эки хромосомдук түрлөрү: 2n=NF =54 жана 2n=54, NF=56 кездешерин аныкташкан. Ал эми Кыргызстанда: аксай популяциясы, алай популяциялары изилденген. Изилденген

популяциялардын диплоиддик саны бирдей чыккан: 2n=52 хромосомдук жыйынга карата Н.Н.Воронцов жаңы түргө *E. alaicus*,–деп ат койгон да кариотибин сүрөттөп жазган.

Т.А. Токтосунов, А.Т.Токтосунов тарабынан кадимки сокур чычкандын чүй популяциясынын жана ысыккөл популяциясынын кариотиби изилденген. Чүй популяциясынын кариотиби диплоиддик саны 2n=54, хромосомдордун ийиндеринин саны NF=56 болгон хромосодордун жыйындысынан турат. Ошондой эле, ысыккөл популяциясынын бир эле метафазалык пластинкасы алынган айнекчеден: 2n=52, 54 жана 56 болгон хромосомдордун жыйындысынан тургандыгын аныктоо менен хромосомдордун санынын ар түрдүүлүгүн–гетеротрофтуулугун аныкташкан. Мындай өзгөчөлүктү ошол тиричилик мейкиндигинин гамма радиоактивдүүлүгү менен байланыштырышкан.

Г.А.Шаршеналиеванын маалыматы боюнча сокур чычканыдын чоң кемин популяциясынын кариотиби диплоиддик саны 2n=54 болгон хромосомдордун жыйындысынан турат. Аутосомдордун ийиндеринин саны $NF^a$=54.

Биз алган маалыматтар боюнча сокур чычкандын бешташ популяциясынын кариотиби диплоиддик саны 2n=54 болгон хромосомдордун жыйындысынан турат. Аутосомдорунун ийиндеринин саны $NF^a$=54. Жыныс хромосомдору: акроцентриктер (2-сүрөт). Алынган маалыматтарды башка популяциялардын кариотиптери менен салыштырууда айрымачылык аныкталган жок.

Ошентип, Беш-Таш Мамлекеттик Улуттук жаратылыш паркын жердеген омурткалуулардын айрым бир түрлөрүнүн: жылаңач алангырдын, көлбакасынын, данатин кур баксынын, талаа кара чаар жылаанынын, кум чычканынын, токой барак куйручунун, үй чычканынын, токой чычканынын, көк кескектин, кыргыз момолоюунун, кыр чеке момолойдун жана сокур чычкандын беш таш популяциясынын кариотиптери биринчи жолу аныкталды. [6]




**2-сүрөт – Кадимки сокур чычкандын (*EllobiustalpinusPallas*) бешташ популяциясынын метафаздык пластинкасы жана кариогрммасы (♂♂, 2n=54,$NF^a$=54)**

Жаныбарлардын популяциядагы жыштыгы алардын жүрүм-турумуна чоң таасир берип, анын өзгөрүшүнө алып келиши мүмкүн. Популяциядагы жаныбарлардын саны канчалык аз болсо, ар бир жаныбарга кенен, азыгы менен жашырынуучу жайды оной таба турган салыштырмалуу обочолонгон бөлүк туура келет. Мындай абалда популяциянын ар бир мүчөсүнүн тиричиликке болгон жөндөмдүүлүгү жогору жана популяциянын түзүлүшү жөнөкөй.

Популяцияда жаныбарлардын санынын көбөйүшү тиричилик мейкиндиги үчүн жана азыгы үчүн болгон түр ичиндеги атаандаштыкка алып келет. Популяциянын бир мүчөсүнүн, экинчи бир мүчөсүнүн үстүнөн басымдуулук кылуусу, сапаттарынын көп түрдүүлүгү пайда болот.

Жаныбарлардын жашоо чөйрөсүнүн бөлүктөрү кыскарып, алардын өлчөмдөрүнүн өзгөрүшүнүн амплитудасы жогорулайт. Бир аймакта бирден жаныбар жердесе, мындай шартта топтоп болуп жердөөгө туура келет.[6,7]

Экологиялык шарттардын тийгизген таасиринин натыйжасында жаныбарлардын саны толкун сымал өзгөрүп турат.[1]

Түрдүн популяцияларынын санынын жөнгө салынышында-тиричилик мейкиндигинде жердеген жаныбарлардын аймакты пайдалануу өзгөчөлүктөрү, алардын биоценоздогу жүрүм-турумдары, иерархия тутуму, орун которуштурууга карата кыймылдуулугу биоценоздун түзүлүшүн аныктоо менен чоң роль ойнойт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Гиляров, А.М. Популяционная экология [Текст] /А.М.Гиляров. М.: Изд-во МГУ, 1990.- 190 с.
2. Графодатский, А.С. Хромосомы сельскохозяйственных и лабораторных млекопитающих [Текст]: атлас /А.С.Графодатский, С.И.Раджабли.- Новосибирск: Наука. Сиб. отд-ние, 1988.- 127 с.
3. Джиллер, П. Структура сообществ и экологическая ниша [Текст] /П.Джиллер.- М.: Мир, 1988.- 184 с.
4. Жиряков, В.А. К экологии лесной мыши в Северном Тянь-Шане [Текст] /В.А.Жиряков //Изв. АН КазССР. Сер. биол.- 1977.- №4.- С.24-29.
5. Культиасов, И.М. Особенности экологии высокогорных растений Западного Тянь-Шаня [Текст] /И.М.Культиасов.- М.: Изд-во АН СССР, 1955.- 127 с.
6. Кучерук, В.В. Новое в методике количественного учета вредных грызунов и землероек [Текст] /В.В.Кучерук //Организация и методы учета птиц и вредных грызунов.- М., 1963.- С.159-184.
7. Опыт критического анализа методики количественного учета грызунов и насекомоядных при помощи ловушек-линий [Текст] /В.В.Кучерук, Н.В.Тупикова, В.С.Евсеева, В.А.Заклинская //Организация и методы учета птиц и вредных грызунов.- М., 1963.- С.218-226.

УДК: 574.21
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-301-305

**Ташибекова З. М., Молдалиева Д. Н., Шаршеналиева Г. А.**
Талас мамлекеттик университети, биология илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, окутуучу,
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, биология илимдеринин кандидаты, доцент
**Ташибекова З. М., Молдалиева Д. Н., Шаршеналиева Г. А.**
Таласский государственный университет, кандидат биологических наук, доцент,
Таласский государственный университет, преподаватель,
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева, кандидат биологических наук, доцент
**Tashibekova Z. M., Moldalieva D. N., Sharshenalieva G. A.**
Talas State University, Candidate of Biological Sciences, Associate Professor,
Talas State University, teacher,
Kyrgyz State University named after I. Arabaev, Candidate of Biological Sciences, Associate Professor

## ОБОЧОЛОНГОН АЙМАКТЫ ЖЕРДЕГЕН КЕМИРҮҮЧҮЛӨДҮН ( RODENTIA) ЭКОЛОГИЯЛЫК ЦИТОГЕНЕТИКАСЫ

## ЭКОЛОГИЧЕСКАЯ ЦИТОГЕНЕТИКА ГРЫЗУНОВ, ОБИТАЮЩИХ НА ИЗОЛИРОВАННОЙ ТЕРРИТОРИИ

## ECOLOGICAL CYTOGENETICS OF RODENTS LIVING IN AN ISOLATED AREA

**Аннотация:** Кыргызстандын экологиялык абалы жана аны аймакта жашаган кемирүүчүлөрдүн генетикалык өзгөрүүлөрүнө тийгизген таасири тууралуу жүргүзүлгөн изилдөөлөр, экологиялык, цитогенетикалык тармагында маанилүү рольду ээлейт. Бул изилдөөлөрдө, Кыргызстанда жашаган кемирүүчүлөрдүн хромосомалык структуралары жана генетикалык өзгөрүүлөрү анализделди. Экологиялык шарттардын (андай шарттарга түтүн, химиялык заттар, шаардын игфраструктура ж.б.)бул жаныбарлардын геномдук өзгөрүүлөрүнө кандай таасир эткендиги изилденди. Натыйжада экологиялык стресстин көбөйүшү, генетикалык мутациялардын жана хромосомалык аберациянын көбөйүшүнө алып келгендиги аныкталды.

Бул изилдөө экологиялык таза аймактарда жаратылыш ресурстарын сактоо жана айлана чөйрөнүн корголушу үчүн зарыл болгон чараларды кабыл алуу боюнча сунуштарга негиз болууда.

**Аннотация:** Исследования состояния окружающей среды Кыргызстана и его влияния на генетические изменения грызунов, обитающих в регионе, играют важную роль в области экологии и цитогенетики. В этих исследованиях были проанализированы хромосомные структуры и генетические изменения грызунов, обитающих в Кыргызстане. Было изучено, как условия окружающей среды (к таким условиям относятся дым, химикаты, городская инфраструктура и т. д.) повлияли на геномные изменения этих животных. В результате было установлено, что усиление экологического стресса привело к увеличению генетических мутаций и хромосомных аберраций.

Данное исследование является основой для рекомендаций по принятию необходимых мер по сохранению природных ресурсов и защите окружающей среды на экологически чистых территориях.

**Abstract:** Research on the state of the environment in Kyrgyzstan and its impact on genetic changes in rodents living in the region plays an important role in the field of ecology and cytogenetics. These studies analyzed the chromosomal structures and genetic changes of rodents living in Kyrgyzstan. It was studied how environmental conditions (such conditions include smoke, chemicals, urban infrastructure, etc.) influenced the genomic changes of these animals. As a result, it was found that increased environmental stress led to an increase in genetic mutations and chromosomal aberrations. This study is the basis for recommendations for taking the necessary measures to conserve natural resources and protect the environment in ecologically clean areas.

**Негизги сөздөр:** экологиялык, цитогенетика, кемирүүчүлөр,генетикалык, өзгөүүлөр,хромосомалык, аберация, экологиялык стресс.

**Ключевые слова:** окружающая среда, цитогенетика, грызуны, генетические, изменения, хромосомные, аберрации, экологический стресс.

**Keywords:** environment, cytogenetics, rodents, genetic, changes, chromosomal, aberrations, environmental stress.

IX кылымдын башына чейин Кыргызстандын аймагынын жандуу чөйрөөсү-жаратылышы изилденген эмес. Эң алгачкы изилдөөлөргө из калтырган орустун биологдору болгон. Алардын бири Григорий Карелин (1801-1872). Ал чогулткан коллекциялар Москва институтунун Зоология музейинде сакталууда.

Карелиндин тереңирээк изилдөөлөрү жогорку класстардын изилденишин жазганда белгиленген Николай Северцов жүргүзкөн. Ошентип, ушул окумуштуу Тяншандын фаунасынын изилденишине чоң салым кошту. Ушул окумуштуунун изилдөөсүнөн баштап сүт эмүүчүлөрдүн түрлөрүнүн курамын тактоо, түрлөрдү сүрөттөп жазуу менен изилдөө иштери башталган. 1907-жылдан баштап сүт эмүүчүлөр жөнүндө маалыматтар В.Н.Шнитников тарабынан топтолгон. В.Н.Шнитников [1], С.И.Огнев, Б.А.Кузнецов, А.Т.Токтосунов, А.И.Янушевич, Б.М.Айзин, А.К.Кыдыралиев, Э.Д.Шукуров жана башка окумуштуулар тарабынан сүт эмүүчүлөр жөнүндө жалпы маалыматтар жыйналган. Анда сүт эмүүчүлөрдүн таралыштары морфологиясы, анатомиясы, азыктанышы, көбөйүүшү, систематикасы жана башка биоэкологиялык өзгөчөлүктөрү изилденген. Ошол менен катар эле айрым сүт эмүүчүлөрдүн жыштыгы боюнча дагы айрым маалыматтар алынган.[2]

**Токой барак куйручу-*Dryomys nitedula Pallas. (Gliridae, Rodentia)***

Башка кемирүүчүлөрдөн өзгөчөлөнгөн бул сүт эмүүчү, жонундагы жүнүнүн түсү кызгылтым кочкул, маңдайы бозомтук куба өңдө болушу жана мурдунан кулагынын түбүнө чейин көзү аркылуу кара түстөгү созулган тилкеси менен айрымаланат. Денесинин төмөнкү бөлүгү, ээги жана тамагы анча билинер билинбес саргыч аралаш ак түстө. Куйругу жумушак жазы, коюу узун түктөр менен капталган.

Бул сүт эмүүчү Беш-Таш Мамлекеттик улуттук жаратылыш паркынын жайылма токойлорунда, бадал өсүмдүктөрүндө жашоочу жаныбар. Карагай, бадалдуу-карагай биоценозундорунда да кездештирүүгө болот. Ийин курбайт, канаттууларга окшоп уя курат, уясын ар кандай жерлерге курат: дарактардын көңдөйүнө, бадалдардын (чычырканак, ит мурун) бутактарына салышат. Уялары калың өскөн бадалдардын, бутактардын арасында, биринин үстүнө бири коюлган жалбырактуу бутактан турат. Мындай уялар башка жаныбарлардан негизги жашырынуучу жайга жакын салынып, убактылуу уктоочу, эс алуучу жайы. Уясын эмне менен төшөөрү, алардын жашаган жерлерине байланыштуу.

Азыктануусуна токтолсок, дарактардын, бадалдардын мөмөлөрүн жакшы көрөт. Өрүк, алча, алма, алмурут, андан тышкары курт-кумурскалар менен да тамактанышат.

Негизги экологиялык өзгөчөлүгү кышкысын чээнге киришет. Чээнден чыгуу убактысы чөйрөнүн шарттарынан көз каранды.

Стенотоптук жаныбар – бул сүт эмүүчүнүн популяциялары жайылма токойлорду, карагайлуу, бадалдуу карагайлуу токойлоду жердешет. [1]

Кыргызстандын шартында токой барак куйручунун кариотиби Т.А.Токтосунов[2], Г.А.Шаршеналиевалар тарабынан изилденген.

Т.А.Токтосунов токой *барак куйручунун* кадам жай популяциясынын кариотибин изилдеген. Анын маалыматы боюнча токой барак куйручунун кадам жай популяциясынын кариотиби диплоиддик саны 2n=48 болгон хромосомдук жыйындан турат. Аутосомдорунун ийиндеринин саны $NF^a$=90. Хромосомдордун саны боюнча адабияттык маалыматтардан айрымаланбайт, бирок жыныс хромосомдорунун түзүлүшү, ийиндеринин саны боюнча айрымаланышат. Көпчүлүк хромосомдор эки ийиндүү жана өлчөмү боюнча акырындык менен кичирейген – 9 жуп метацентрикалык, 10 жуп суб метацентрикалык, 3 жуп субтело центрикалык жана бир жуп акроцентрикалык хромосомдордон турат. Жыныс хромосомдору: Х- хромосома субтелоцентрикалык, У- хромосома кичинекей акроцентрикалык хромосомдордон турат.

Изилдөөлөрдөгү маалыматтар боюнча токой барак куйручунун чоң кемин популяциясынын кариотибинин диплоиддик саны 2n=48 ге барабар. Аутосомдорунун ийиндеринин саны $NF^a$ = 90. Хромосомдук жыйын төрт топ хромосомдордун катарынан турат. Биринчи топту 8 жуп акырындык менен өлчөмү кичирейген метацентриктер түзөт. Экинчи топ 9 жуп субметацентриктерден турат. Үчүнчү топ 5 жуп субтелоцентрикалык хромосомдордун акырындык менен өлчөмү кичирейген катарынан турат. Акыркы төртүнчү топту 1 жуп акроцентрикалык хромосомдор түзөт. Ургаачысынын жыныс хромосомдору өлчөмү боюнча айрымаланган субметацентриктерден турат.[4,5]

Биз токой барак куйручунун бешташ популяциясынын кариотиптерин изилдедик. Биздин маалыматтар боюнча бул популяциянын кариотптери диплоиддик саны 2n=48 ге барабар болгон хромомомдук жыйындан турат. Аутосомдорунун ийиндеринин саны $NF^a$ = 90. Аутосомдор төрт топ хромосомдордон турат: биринчи топту 8 жуп метацентрикалык хросомосмдор түзөт, экинчи топту 9 жуп субметацентрикалык, үчүнчү топту 5 субтелоцентрикалык жана төртүнчү топту бир жуп акроцентрикалык хромомосдор түзөт. Экинчи топто үч жуп субметацентрикалык хромосомдор майда өлчөмдө. Жыныс хромосомдору өлчөмдөрү боюнча айрымаланган субметацентриктер. Биз алган маалыматтарды Кыргызстандын шартында тиричилигин өткөзгөн, ушул эле түрдүн башка популяциялары менен салыштырууда кадамжай популяциясынынк кариотибинен айрымалана тургандыгын белгилейбиз. Мындай өзгөчөлүктү экологиялык шарттардын тукум куучулукка тийгизген таасиринин негизиндеги хромосомдук полиморфизм менен байланышытрабыз.[4]



**1-сүрөт - Токой барак куйручунун *(Dryomys niteduIaPallas)***
**Бешташ популяциясынын метафаздык пластинкасы жана кариограммасы**
**(♀♀, 2n=48,NF$^{a}$=90)**

**Токой чычканы – *Apodemus sylvaticus Linnaeus (Muridae, Rodentia)***

Беш-Таш Мамлекеттик улуттук жаратылыш паркынын жайылма токойлорунун биоценозун жана карагайлуу, бадалдуу-карагай биоценозун жердеген бул айда сүт эмүүчүнүн жонунун жүнүнүн түсү бозомтук күрөң же кочкул күрөң түстө болот. Куйругунун узундугу денесинин узундугу менен барабар болгон кемирүүчү.

Бөксө тоолуу талаалар биоценозунун жогорку бөлүгүнөн, бийик тоолуу шалбаалуу тала жана альпы доңуз сырттуу талаалар биоценозунун төмөнкү бөлүгүнө чейин Беш-Таш Мамлекеттик Улутук жаратылыш паркынан кездештирүүгө болот.

Токой чычканы көбүнчө түнкүсүн активдүү болушат. Жаан-чачындуу күндөрү активдүүлүгү төмөндөйт. Токой чычканы дарактардын, бадалдардын, ташүймөктөргө, аскалардын жаракаларына уялашат. Дан өсүмдүктөрү, карагай, бадалдардын уруктары жана жашыл жалбырактары менен азыктанышат.

Токой чычканынын карынынан курт-кумурускалардын калдыктарын табууга болот.

Бир жылдагытөлүнүн саны так такталган эмес. В.А.Жиряков берген маалымат боюнча, ТүндүкТянь-Шандын шартында кыштап чыккан ургаачылары 3-4 жолу төл берүүгө, ал эми жаш ургаачысы 2 ге чейинки төл берүүгө жөндөмдүү.

Токой чычканын кариотиби жөнүндөгү маалымат биринчи жолу берилген. Анын маалыматы боюнча хромосомдордун диплоиддик саны 2n=48 барабар, аутосомдорунун ийининин саны NF$^{a}$ =46. X[4,5]

Кыргызстандын шартында бул сүт эмүүчүнүн кариотиби Т.А.Токтосунов[5], Г.А.Шаршеналиевалар тарабынан изилденген.

Т.А. Токтосунов токой чычканынын чаткал, жумгал, токтогул, аксуу, жети өгүз (Дархан айылы) популяцияларынын кариотибин талдаган. Изилденген баардык токой чычканынын организмдеринин – модалдык кариотиби 2n=48 болгон хромосомдордун диплоиддик санынан турат. Хромосомдорунун ийиндеринин саны NF=48. Жыныс хромосомалары X – хромосома орточо өлчөмдөгү акроцентрик, У – хромосома дагы акроцентрик, бирок өлчөмү боюнча кичирээк. Бирок, модалдык кариотиптерине ээ болгон клеткалардан тышкары - 4n=96, 6n=144, 8n=192 (токтогул, жумгал жана башка жогоруда аталган популяцияларда) болгон клеткалар да кездештирилген.

Мындай кариологиялык өзгөчөлүктү, булл жаныбар жердеген популяциянын ареалынын жер титирөөлөрдүн мезгилдүүлүгү жогору болгон аймакта жайгашкандыгы менен байланыштырган.

Г.А. Шаршеналиева[6] токой чычканынын чоң кемин популяциясынын кариотибин изилдеген. Ал Берген маалымат боюнча токой чычканынын чонкемин популяциясынын кариотиби 2n=48 болгон диплоиддик санды түзгөн хромосомдордун жыйындысынан турат. Аутосомдордун ийиндеринин саны $NF^a$=46. Бардык, хромосомдор – акроцентриктер. Алар акырындык менен өлчөмү кичирейген катардан турат. Жыныс хромомсомдору бири биринен өлчөмү боюнча айырмаланган акроцентриктерден турат.

Биздин маалыматтарыбыз боюнча токой чычканынын бешташ популяциясынын кариотиби диплоиддик жыйнагы 2n=48 (2-сүрөт) барабар, аутосомдорунун ийиндеринин саны $NF^a$=46. Жыныс хромосомдору акроцентриктер. Алынган маалыматтар башка популяциялардын кариотиптеринен эч деле айрымаланбайт.



**2-сүрөт - Токой чычканынын (*Apodemus sulvaticus Kaup*) бешташ популяциясынын метафаздык пластинкасы жана кариограммасы (♂♂, 2n=48,$NF^a$=46)**

**Колдонулган адабияттар:**

1. Борисов Ю.М. Многообразие гетерохромотина и изменчивость кариотипа Проблнмы популяционной и эволюционной цитогенетики растений и животных Томск 1980 с-105

2. Воронцов Н.Н., Ляпунова Е.А., Захарян Г.Г. Кариология и систематика рода Эволюция, кариология, фаунистика, систематика Новосибирск,1969-с30

3. Орлов, В.Н. Исследования хромосомных наборов млекопитающих [Текст]: метод. рук. /В.Н.Орлов, Г.А.Чудиновская, Е.П.Крюкова.- М.: Наука, 1976.- 36 с.

4. Орлов, В.Н. Сравнительная цитогенетика и кариосистематика млекопитающих [Текст] /В.Н.Орлов, Н.Ш.Булатова.- М.: Наука, 1983.- 405 с.

5. Токтосунов, А.Т. Грызуны Киргизии [Текст] /А.Т.Токтосунов.- Фрунзе: Изд-во АН КиргССР, 1958.- 172 с.

6. Шаршеналиева Г.А., Ташибекова З.М., Чоров М.Ж. Чон-Кемин улуттук жаратылыш паркын жердеген сүт эмүүчүлөрдүн экологиялык цитогенетикалык өзгөчөлүктөрү Бишкек 2022

УДК: 598.2.9
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-306-312

**Ташибекова З. М., Шакиева А. Ж., Шаршеналиева Г. А.**
Талас мамлекеттик университети, биология илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, окутуучу,
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, биология илимдеринин кандидаты, доцент
**Ташибекова З. М., Шакиева А. Ж., Шаршеналиева Г. А.**
Таласский государственный университет, кандидат биологических наук, доцент,
Таласский государственный университет, преподаватель,
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева, кандидат биологических наук, доцент
**Tashibekova Z. M., Shakieva A. Zh., Sharshenalieva G. A.**
Talas State University, Candidate of Biological Sciences, Associate Professor,
Talas State University, teacher,
Kyrgyz State University named after I. Arabaev, Candidate of Biological Sciences, Associate Professor

# БЕШ-ТАШ МАМЛЕКЕТТИК УЛУТТУК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫНЫН ОМУРТКАЛУУЛАРЫНЫН ИЗИЛДЕНИШИ
# ИЗУЧЕНИЕ ПОЗВОНОЧНЫХ ЖИВОТНЫХ ГОСУДАРСТВЕННОГО НАЦИОНАЛЬНОГО ПРИРОДНОГО ПАРКА БЕШ-ТАШ
# STUDY OF VERTEBRATE ANIMALS OF THE BESH-TASH STATE NATIONAL NATURAL PARK

**Аннотация:** Беш-Таш мамлекеттик улуттук жаратылыш паркында омурткалууларды изилдөө анын экосистемасын сактоо жана биологиялык ар түрдүүлүктү коргоо максатында жүргүзүлөт. Бул изилдөөлөр жаныбарлардын түр курамынын абалын жана санынын өзгөрүшүн аныктоого, ошондой эле жаратылыш аймактарына антропогендик факторлордун таасирин баалоого багытталган. Ошондой эле парктын экологиялык тең салмактуулугун сактоо үчүн түрлөрдүн ортосундагы байланыштарды жана алардын экосистемадагы ролун түшүнүүгө шарт түзөт. Изилдөөнүн жыйынтыктары жаратылышты коргоо иштеринде жана парктын биологиялык ар түрдүүлүгүн сактоо боюнча стратегияларды иштеп чыгууда маанилүү.

**Аннотация:** В Государственном национальном природном парке «Беш-Таш» проводятся исследования позвоночных животных с целью сохранения его экосистемы и защиты биологического разнообразия. Эти исследования направлены на определение состояния видового состава и изменения численности животных, а также оценку воздействия антропогенных факторов на природные территории. Это также дает возможность понять взаимоотношения между видами и их роль в экосистеме для поддержания экологического баланса парка. Результаты исследования важны в природоохранной работе и разработке стратегии сохранения биологического разнообразия парка.

**Abstract:** In the Besh-Tash State National Natural Park, studies of vertebrate animals are carried out in order to preserve its ecosystem and protect biological diversity. These studies are aimed at determining the state of species composition and changes in animal numbers, as well as assessing the impact of anthropogenic factors on natural areas. It also provides an opportunity to understand the relationships between species and their role in the ecosystem to maintain the ecological balance of the park. The results of the study are important in environmental work and the development of a strategy for preserving the biological diversity of the park.

**Негизги сөздөр:** Антропогендик, экосистема, экологиялык, факторлор, биоэкологиялык, морфологиялык, биогеографиялык, физиологиялык, популяция, концепция.

**Ключевые слова:** антропогенный, экосистемный, экологический, факторы, биоэкологический, морфологический, биогеографический, физиологический, популяционный, понятие.

**Keywords:** anthropogenic, ecosystem, ecological, factors, bioecological, morphological, biogeographical, physiological, population, concept.

Кыргызстандын табыгый шартын жердеген омурткалуу жаныбарларынын таралышы, түрдүк курамы жана аларга гана тиешелүү биоэкологиялык, морфологиялык, биогеографиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрү XIX-кылымдын акырында жана XX-кылымда көптөгөн окумуштууларды кызыктыруу менен бирге, алардын изилдөөлөрүнүн предмети болуп келген. Кыргызстандын фаунасы жөнүндөгү эң алгачкы маалыматтар 1867-жылы улуу саякатчы Н.А.Северцев [1] тарабынан берилген. Омурткалуу жаныбарлардын биологиясынын изилденишин жогоруда аталаган окумуштуунун атынан баштоого болот. Омурткалуулар тибинин ар бир классынын - *Aves, Mammalia, Amphibia, Reptilia, Picse* изилденишине токтолууну туура көрдүк.

Ошондой эле белгилүү окумуштуу М.Н. Мейердин түр жөнүндөгү концепциясын дагы эске алуу керек:

1. Түрдүн типологиялык концепциясы.Бул концепция кеңири таралган жана жөнөкөйлүгү менен айрымаланат. Бул концепция боюнча түр - сырткы көрүнүшү боюнча айрымаланып турат.
2. Түрдүн бир чендүү белгиси (одномерная) концепциясы. Бул концепциянын негизинде жаратылышта бир аймакты жердеген эки же андан көп популяциялардын бир мезгилдеги өз ара байланышы жатат. Бирок алар бири бири менен аргындашпайт башкача айтканда симпатрикалык түрлөр пайда болот. Мындай симпатрикалык популяциялардын ортосундагы кескнин ажырым биологиядагы түрлөрдүн концепциясынын негизи болуп эсептелет.
3. Популяциялардын аргындашуу концепциясы. Бул түрдүн көп ченемдүү (многомерная) концепциясы болуп эсептелет. Концепция чогултуучу мүнөзгө ээ болу менен бирге, популяциялардын топтордун түр катары карайт жана ал популяциялар мүмкүн болушунча барибири менен кайчылашып туру керек, бирок мындай популяциялар бир эле мезгилде бир аймакта тиричилигин өткөзө албайт. Түрдүн көп ченемдүү концепциясы аллопатрикалык түрдүн пайда болушун окутат.

Сунуш кылынган концепцияга таянып бүгүнкү күндө төмөндө изилденишинин тарыхы каралган класстардын түрлөрү мүнөздөлүүдө.[10,11,12]

***Aves.*** Кыргызстандын тоолуу канаттууларынын изилденишине чоң салымды 1883-жылдан 1888-жылдары Кыргызстан аркылуу саякаттап өткөн Борбордук Азиянын изилдөөчүсүн-Н.М.Прежевалңскийди атоого болот. Кыргызстандын канаттууларынын коллекциялык материалы канаттууларды сүйүүчүлөр тарабынан топтолгон.

1902-1903-андан кийин 1907-1908-жылдары профессор Г.Мерцбахер орнитолог болгонуна карабастан көптөгөн коллекцияларды топтогон. Ал топтогон материалдар кийинчирээк А.Лаубманн, Т.Э. Иогансен тарабынан талданган. [2]

Талас өрөөнүнүн канаттууларынын коллекциялык материалдары биринчи жолу 1913-жылы В.В.Чернавин тарабынан топтолгон.

1917-жылга чейин орнитологиялык маалыматтар Кыргызстандын баардык аймагынан топтолгон. Чоң фаунистикалык маалымат топтолуу менен бирге, айрым бир түрлөрдүн биологиясы боюнча, өзгөчө суу-саздуу жерди жердеген канаттуулар боюнча көптөгөн маалыматтар толптолгон. Ошентсе дагы канаттуулар толугу менен изилдене элек эле. Алардын миграциясы-жыл мезгилдерине карата орун которуштуруулары, кышкысын кай жакка учуп кете тургандыктары боюнча маалымат жокко эсе болчу.

1925-жылдан баштап изилдөө иштери толугу менен жандандырылган. 1927-жылы Д.П.Дементңев, Н.Я.Василев менен бирге республиканын баардык аймактары боюнча систематикалык иштерди аткарышкан [13].

1943-жылы илимдер академиясынын Кыргызстандагы ири илимий филиалы ачылган. Бул филиалда кургактыкты жердеген омурткалуулардын лабораториясы илимий изилдөөлөрдү уюштуруу менен бирге негизги чечүүчү маалыматтар топтолгон. Ал лабораторияда Ф.Ф.Пятков, Г.В.Благодярова, К.Абдылдабеков, -деген алгачкы илимий кызматкерлер эмгек өтөшкөн. 1946-жылы К.Абдылдабеков Талас тоо кыркасынын омурткалууларынын фаунасына изилдөөлөрдү жүргүзүү менен, республикабызда биология жаатында биринчи жолу кандидаттык диссертациялык иш жакталган.

Белгилей кете турган өзгөчөлүк жогоруда аталган окумуштуулар өзүлөрүн изилдөөлөрүн систематикалык багытта алып баруу менен бирге негизги көңүлдү, алардын таралышына бурган. Ал эми канатуулардын биологиясы боюнча маалыматтар толук эмес, айрым гана кокусунан болгон сүрөттөөлөр, байкоолор менен мүнөздөлгөн.

Илимдер академиясынын омурткалуулар зоологиясы лабораториясы канаттуулар жана сүт эмүүчүлөр боюнча багыттуу изилдөөлөрдү уюштура баштаган. Фаунистикалык топтоолор менен катар эле экологиялык мүнөздөгү изилдөөлөр жүргүзүлгөн. 1952-жылдан 1959-жылга чейин профессор А.И.Янушевич Талас тоо кыркасы боюнча маршуруттук экспедиция уюштурган. Ага А.Т.Токтосунов., К.Бейшебаев., Э.Д.Шукуров., В.Н.Катаевский., Д.Ырсалиев жана башка окумуштуулар катышкан.[2,13]

Кыргызстандын авиафаунасынын изилденишинин деңгээлин баалоодо белгилей кете турган өзгөчөлүк-ал канатуулар классынын түрдүк курамынын толук такталышы. Такталган тизменин курамы негиздүү өзгөртүүлөрдү талап кылбайт.

Канаттуулардын мезгилдик орун которуштурууларын Тугаринов А.Я, Шнитников В.Н. жана башкалар изилдешкен. Кыргызстандын аймагы аркылуу жер которуштурган канаттуулардын саны Европага салыштырмалуу жогору экендигин аныкташкан. Канаттууларга фенологиялык мүнөздөмөлөр Шнитников В.Н, Янушевич А.И, Федянина Т. Ф, тарабынан берилүү менен бирге «Птицы киргизии»- (1959, 1960) деген китепте толук илимий маалыматтар топтолгон. Ошондой эле Кыргызстандын канаттууларынын орун которуштуруулары боюнча топтолгон талдоо Янушевич А.И., Кыдыралиев А.К., Умрихина Г.С., Федянина Т.Ф., Торопова В.И. жана башка тарабынан берилген.[2]

Канаттуулар буга чейин морфофизиологиялык жана таксономиялык багытты гана изилденип келсе, бүгүнкү күндө алардын экологиялык өзгөчөлүктөрү көптөгөн окумуштууларды кызыктыруу менен бирге бул багытта атайын изилдөөлөр улантылууда.

***Reptilia.*** Сойлоп жүрүүчүлөрдү изилдөө көптөгөн жалпы биологиялык, зоологиялык, биоэкологиялык маселелерге жооп табууга жардам берет. Андан тышкары алардын адамдын тиричилигиндеги практикалык маанисине дагы чоң көңүл буруу керек. Алардын айрымдары айыл чарба зыянкечтерин-айрым бир курт-кумурскалар, зыянкеч кемирүүчүлөр менен азыктанып, аларды жок кылса, айрымдары балык чарбачылыгына, канаттууларга зыян келтирет. Алардын инфекциялык ооруларды алып жүрүүчү жана таркатуучу катары мал чарбачылыгына дагы тийгизкен таасирине көңүл буруу керек.

Кыргызстандын герпетофаунасынын изилденишинин башаты XIX-кылымдын 70-жылдарынан башталат. Ал кездеги изилдөөлөр атайын уюштурулган эмес, жана жөн гана коллекция топтоо менен коштолуп башка жумуштар менен катар жүргүзүлгөн. Бул жаныбарлардын изилденүүсүнүн башаты. Жогоруда канаттуулардын изилденишинде белгиленген Н.А.Северцовдун эмгеги менен байланыштуу. Ал тарабынан берилген маалыматтар бул жаныбарлар жөнүндө толук биологиялык маалыматтарды алып жүрбөйт эле.

1869-жылы А.П.Федченко Талас Ала-Тоосунда саякатта болуу менен бирге, ал жактан жылаандардын эки түрүн алып келген. [7,8].

1906-жылга чейин Кыргызстандын аймагын жердеген сойлоп жүрүүчүлөр боюнча бирден экиден гана сүрөттөө мүнөзүнө ээ болгон маалыматтар топтолгон. Кармалган жаныбарлар бир-эки экземплярды түзүү менен жалпы түр жөнүндө толук маалымат берилген эмес. Атайын жүргүзүлгөн изилдөө иштерин ошондой эле толук жазма маалыматтарды В.Н.Шнитников 1906-жылдан 1915-

жылга чейин Жети дарыя өрөөндөрүнө жүргүзгөн саякатында калтырган. 1928-жылы Борбордук Азия жана Казахстандын аймагы боюнча биринчи маалыматтарды «Пресмыкающиеся Семиречье»,-деген эмгегинде берген. Бул эмгегинде ал өзүнүн маалыматтарын, байкоолорун гана талдабастан, башка герпетофаунистердин байкоолорун, сүрөттөлөрүн, коллекцияларын дагы талдап, эмгегинде мисал катары берген. Ал эмгекте сойлоп жүрүүчүлөр классынын өкүлдөрүнүн Кыргызстанда таралышы талданган. В.Н.Шнитников Кыргызстанда талаа ташбакасы, кескелдириктердин 11 түрү; жылаандардын 7 түрү отурукташканын белгилеген. Алардын систематикалык айрымачылыктарын сүрөттөгөн. Сойлоп жүрүүчүлөрдүн биологиясына көңүл буруу менен тоолук кескелдириктердин тирүү тууй тургандыгын да сүрөттөп жазган. 1914-1915-жылдары В.С.Титов Жети дарыя өрөөнүн саякаттап жүрүп сойлоп жүрүүчүлөр классынын өкүлдөрүнөн коллекция түзгөн да, өзүнүн материалдарын К. Э. Иоганзенге аныктоого, сүрөттүүгө берген. Ал тарабынан Кыргызстанга тиешелүү кескелдириктин бир түрү, жылаандын бир түрү белгиленген.

Талас өрөөүүнүнүн сойлоп жүрүүчүлөр классынынын изилденишинин тарыхына токтолууда, жалпы Кыргызстанга тиешелүү болгон маалыматтарды эскербей коюу туура эмес деп ойлойбуз. Анткени, ал изилдөөлөрдө бул класска тиешелүү кеңири таралган түрлөрдүн биологиялык, морфологиялык, биогеографиялык өзгөчөлүктөрү изилденген. Алынган биоэкологиялык маалыматтар изилденип жаткан райондун сойлоп жүрүүчүлөрүнө дагы тиешелүү.

1933-жылы август айларында А.П.Занин жана Франц Талас дарыясынын ихтиофаунасына жүргүзгөн изилдөө иштери менен катар, аталган дарыянын өрөөнүнөн сойлоп жүрүүчүлөр классынын өкүлү суу жылаандарды чогултушкан. Алар тарабынан кармалган жылаандар СССРдин илимдер академиясынын зоология институтуна тапшырылган. 1952-жылдан 1959-жылга чейин Кыргыз ССРнин Илимдер Академиясынын зоология лабораториясы тарабынан Кыргызстандын ар башка райондоруна экспедициялар уюштурулган. Бул экспедициянын милдеттерине сүт эмүүчүлөр, канаттуулардын түрлөрүн чогултуу, ошондой эле, эгер сойлоп жүрүүчүлөр кездешсе, кошо кармоо кирген. Экспедиция А.И.Янушевичтин жетекчилиги астында жүргүзүлгөн. 1955-жылдын жай айларында бул экспедиция Талас өрөөнүндө да болгон.[8]

Жогоруда аталган окумуштуулардын изилдөөлөрүндө Кыргызстандын экологиялык шартын жердеген сойлоп жүрүүчүлөрүнүн биологиялык өзгөчөлүктөрү, систематикалык орду, таралуулары, морфологиялык өзгөчөлүктөрү изилденген.

Бүгүнкү күндө атайын жалпы маалымат берилген адабияттардан О.П. Богдановдун И. Д.Яковлевянин гана эмгектерин атоого болот. Айрым бир илимий макалалар жарыялануууда, бирок бүгүнкү күндүн талабы, илимий жетишкендиктери менен толукталган илимий адабият жокко эсе. Изилдөөлөр морфологиялык жана таксономиялык гана багытта жүргүзүлгөн. Бул класстын өкүлдөрүнүн экологиялык, генетикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөө бүгүнкү жана келечектин окумуштууларынын милдеттерине кирүү менен келечекте ар багыттуу чоң кызыгууларды жаратат.

***Pices.*** Балыктар классынын өкүлдөрү башка класстын жаныбарларына караганда изилдөөнүн өзгөчө усулдарын талап кылуу менен алардын тиричилиги адам баласынын көзүнөн далдоо-суу мейкиндигинде өтөт. Алардын жүрүм-турумдары, биологиялык өзгөчөлүктөрүн кургактыкта жашаган жаныбарлар сыяктуу байкоо жүргүзүү өзгөчө техникалык каражаттарды талап кылат. Ошондой болсо дагы Кыргызстанды жердеген балыктардын биоэкологиялык өзгөчөлүктөрү өзүнүн изилденүүсүндө ошол мезгилдин талабына, окумуштуунун техникалык мүмкүнчүлүгүнө жараша талапка ылайык изилденип келген жана изилдөөлөр улантылууда. Ихтиологдор атайын адистешкен усулдардын жардамы менен балыктар дүйнөсүнүн сыр сандыгын изилдеп келет. Алардын көбөйүү мезгилиндеги жүрүм турумдары жыл мезгилинде кыска мөөнөттө өтсө дагы, аларга байкоо жүргүзүүгө болот. Балык улоочулардын айрым бир байкоолору боюнча пикир алышуу менен да талдоолорду жүргүзүп келишет. Кармалган балыктардын ичеги-карынында кездешкен азыгынын калдыгы боюнча, дарыянын кайсы бөлүгүндө жыл мезгилинин кайсы убактысына карата кармалса азыктануусунун мезгилдик өзгөчөлүктөрүнө талдоо жүргүзүлөт. Жаныбарлардын сөөктөрүнүн түзүлүшү боюнча

байыртадан бери эле окумуштуулар, алардын жашын аныкташат. Балыктардын дагы сөөктөрүнүн өзгөчөлүктөрү, кабырчыктары боюнча алардын жаш өзгөчөлүгүн аныкташууда.[7]

Буга чейинки класстардын изилдөө тарыхында эскерилген сыяктуу эле, балыктар классынын изилденүү тарыхынын башаты Борбордук Азияда саякатта жүргөн Н.М.Пржевалңский менен Н.А.Северцовдордун Россияга жөнөткөн сүрөттөөлөрүнөн, маалыматтарынан алууга болот. Бул окумуштуулардын чогулткан далилдери И.А. Пивневдин маалыматы боюнча К.Ф.Кесслер жана С.М. Герценштейн тарабынан талданып чыгып, басмада жарыяланган.

Талас өрөөнүнүн балыктар дүйнөсүнүн изилденишине жогорудагы окумуштуунун тарыхый талдоосу боюнча Л.С.Берг., Д.Н.Кашкаров., Г.В.Николңский., Ф.А.Трудаковдор чоң салым кошушкан.

Кыргызстандын балыктарына толук сүрөттөө менен катар түрдүк курамы такталып берилген. Анын маалыматы боюнча Кыргызстанда 49 түр балык жердейт.

Вклады подземных вод в годовой сток рек снегового типа питания, в многоводные годы колеблются в пределах 28,7÷46,1%, в средние по водности годы - 31,1÷54,8%, а в маловодные годы - 47,7÷64,1%. Доля подземных вод в годовой сток рек снегово-дождевого типа питания изменялись в пределах 28,0÷43,6% в многоводные годы, 35,2÷47,8% - в средние по водности годы и 46,4÷50,5% - в маловодные годы.

Оценен вклад подземных вод в сток рек на примере характерных лет периодов ПБКП и ТКП. В многоводные годы в обоих расчетных климатических периодах вклады подземных вод в сток рек снегового типа питания характеризуются наибольшими (34,3% и 38,6%) значениями. Выявлена зависимость вкладов подземных вод от средних высот речных бассейнов ($H_{ср}$), получены уравнения регрессии этих связей и статистически оценена их точность.

**Список использованной литературы:**

1. Аверьянов С.Ф. Некоторые вопросы подземного питания равнинных рек. Труды III Всесоюзного гидрол. съезда, т. IX. Гидрометеоиздат, 1959. -С. 64-71.
2. Бефани А.Н. Вопросы теории и расчета подземного стока // Труды III Всесоюз. гидролог. съезда. Т.

9. – Л.: ГМИЗ, 1959. -С. 127-134.
3. Вольфцун И.Б. Способ расчета суточных величин поверхностного и подземного питания малых водотоков по гидрометеорологическим данным. Труды ГГИ, вып. 139, 1967. -С. 165-175.
4. Глазырин Г.Е., Хикматов Ф.Х., и др. Методика исследования гидрологического режима горных рек (на примере р.Угам). –Т.: «Fanvatexnologiya», 2016.- 172 с.
5. Глушков В.Г. Вопросы теории и методы гидрологических исследований. –М.: Издво АН СССР, 1961. - 414 с.
6. Куделин Б.И. Гидрогеологический анализ и методы определения подземного питания рек // Труды Лабор. гидрогеол. проблем им. Ф.П.Саваренского АН СССР, т. V, 1949. -179 с.
7. Макаренко Ф.А. О закономерностях подземного питания рек // ДАН СССР, т. 57, № 5, 1947. -С. 485-488.
8. Расулов А.Р., Ҳикматов Ф.Ҳ., Айтбоев Д.П. Основы гидрологии (Узб). -Ташкент: Университет, 2003. - 327 с.
9. Попов О.В. Подземное питание рек. Л.: Гидрометеоиздат, 1968. 292 с.
10. Шульц В.Л. Реки Средней Азии. Л.: Гидрометеоиздат, 1965. 695 с.
11. Щеглова О.П. Питание рек Средней Азии, -Ташкент: Изд-во СаГУ, 1960. – 243 с.
12. Эрлапасов Н.Б.Особенности питания горных рек за счет подземных вод. Автореферат диссертации ... доктора философии (PhD) по географическим наукам.– Ташкент, 2022. – 48 с.

УДК: 37.022
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-326-331

**Чоров М. Ж., Усенгазиева Г. С., Боогачиева А. К.**
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин доктору, профессор,
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, ага окутуучу
**Чоров М. Ж., Усенгазиева Г. С., Боогачиева А. К.**
Кыргызский государственный университет им. И. Арабаева, доктор педагогических наук, профессор,
Кыргызский государственный университет им. И. Арабаева, кандидат педагогических наук, доцент.
Кыргызский государственный университет им. И. Арабаева, старший преподаватель
**Chorov M., Usengazieva G., Boogachieva A.**
Kyrgyz State University named after I. Arabaev, Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,
Kyrgyz State University named after I. Arabaev, candidate of pedagogical sciences, associate professor,
Kyrgyz State University named after I. Arabaev, senior lecturer

## УЧУРДАГЫ ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ ЭКОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ
## АКТУАЛЬНЫЕ ВОПРОСЫ НЕПРЕРЫВНОГО ЭКОЛОГИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ
## CURRENT ISSUES OF CONTINUOUS ENVIRONMENTAL EDUCATION

**Аннотация:** Макалада бүгүнкү күндө үзгүлтүксүз экологиялык билим берүүнүн маселелери, принциптери жана анын ишке ашыруу жолдору каралган. Үзгүлтүксүз экологиялык билим берүүнүн маңызы экологиялык аң-сезимди жана ой жүгүртүүнү өнүктүрүү, инсандын экологиялык маданияты; экологиялык жоопкерчиликтүү мамилеси, айлана-чөйрөнү башкаруу жана компетенттүү чечимдерди кабыл алуу жана дүйнөнүн экологиялык коопсуздугуна салым кошуу болуп саналат. Экологиялык билим берүүнүн принциптери катары универсалдуулук, гумандаштыруу, интеграциялоо, ийкемдүүлүк, өзгөрмөлүүлүк, көйгөйлүү, системалуу жана дисциплина аралык мазмуну принциби,

билим берүү программаларынын жана педагогикалык технологиялардын үзгүлтүксүздүк принциптери берилген. Үзгүлтүксүз экологиялык билим берүү мектепке чейинки, жалпы билим берүүчү мектептерде, жогорку окуу жайларда, аспирантура, докторантурада жана кошумча кесиптик билим берүү чөйрөлөрүндө ишке ашырылып жаткандыгы баяндалган.

**Аннотация**: В статье рассматриваются вопросы, принципы и методы непрерывного экологического образования сегодня. Сутью непрерывного экологического образования является развитие экологического сознания и мышления, экологической культуры человека; Экологическое ответственное отношение, управление окружающей средой и грамотное принятие решений, способствующее экологической безопасности мира. К принципам экологического образования относятся универсальность, гуманизация, интеграция, гибкость, вариативность, проблематичность, системность и междисциплинарность, принципы преемственности образовательных программ и педагогических технологий. Установлено, что непрерывное экологическое образование реализуется в дошкольных, общеобразовательных школах, высших учебных заведениях, аспирантуре, докторантуре и дополнительном профессиональном образовании.

**Abstract:** The article discusses the issues, principles and methods of continuous environmental education today. The essence of continuous environmental education is the development of environmental consciousness and thinking, human ecological culture; Environmental responsibility, environmental stewardship and sound decision making to contribute to a sustainable world. The principles of environmental education include universality, humanization, integration, flexibility, variability, problematic nature, systematicity and interdisciplinarity, principles of continuity of educational programs and pedagogical technologies. It has been established that continuous environmental education is implemented in preschool, secondary schools, higher educational institutions, postgraduate studies, doctoral studies and additional professional education.

**Негизги сөздөр:** үзгүлтүксүз экологиялык билим берүү, принцип, билим берүү, экологиялык маданият, концепция, экологиялык аң-сезим, мектепке чейинки билим берүү, жалпы билим берүүчү мектеп, жогорку окуу жай, кошумча кесиптик билим берүү.

**Ключевые слова:** непрерывное экологическое образование, принцип, образование, экологическая культура, концепция, экологическое сознание, дошкольное образование, общеобразовательная школа, высшее образование, дополнительное профессиональное образование.

**Keywords:** continuous environmental education, principle, education, environmental culture, concept, environmental consciousness, preschool education, secondary school, higher education, additional professional education.

Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021–2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясынын максаты Кыргызстан элдеринин руханий жана маданий баалуулуктарын сактоону жана өткөрүп берүүнү камсыз кылган бирдиктүү, ийкемдүү, ачык жана динамикалуу өнүгүп жаткан улуттук билим берүү системасын өнүктүрүүнүн жолдорун аныктоо, ички жана тышкы чакырыктарга ийкемдүү жооп берүүчү башкаруу механизмдерин түзүү, көп маданияттуу коомдун муктаждыктарын жана билим берүүчү керектөөлөрүн канааттандыруу. Концепцияны ишке ашыруу Кыргызстандын ар бир жаранынын жашоо сапатынын жогорулашына алып келиши керек [3].

Жогоруда көрсөтүлгөн максаттарды ишке ашыруу үчүн: билим берүүнүн, тарбиялоонун (экологиялык, дене, эстетикалык, укуктук ж.б.), өнүктүрүүнүн биримдиги натыйжалуу камсыз кылынган; жаштарды тарбиялоо жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга, дөөлөттөргө, элдик салттарга таянуу менен ишке ашырылган; тарбиялоо процессине коомчулук (үй-бүлө, мектеп, мамлекеттик жана коомдук уюмдар) активдүү тартылат.

Демек, бүгүнкү күндө экологиялык билим берүүнү, тарбиялоону улуттук баалуулуктарды, дөөлөтөрдү, элдик салттарды сактап калуу маселелери тургандыгын белгилесек болот. Элдик каада-салттар менен жаштарды тарбиялоо ыкмасын күчөтүү зарыл. Үзгүлтүксүз экологиялык билим берүү төмөндөгүлөрдү камтыган комплекттүү билим берүүнүн өзөгү экендигин баса белгиледик.

Экологиялык билим берүү – үзгүлтүксүз, б.а. “үй-бүлө – мектеп – жож” системасында бири бирине өтө турган процесс. Мектепке чейинки мекемелерде балдарга экологиялык билим берүү үй-бүлө жана коомчулук менен бирдикте кызматташып ишке ашат жана анын максаты болуп, экологиялык маданияттын негизин калыптандырууга, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө багытталып, балдардын курагына жараша, иш-аракетинин түрүн эске алуу менен аныкталып, улуттук традицияларда жана региондун өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо, жеткиликтүү айлана-чөйрө жөнүндөгү түшүнүктөрдү, билимди, анын адам баласы үчүн кандай мааниси бар экендиги жөнүндө маалымат берүү, жаратылышты сүйүүгө жана коргоого үйрөтүү зарыл [5].

Экологиялык билим берүүнү адамдын экологиялык маданиятын окутуу, тарбиялоо жана өз алдынча тарбиялоо аркылуу, ошондой эле эмгектин жана күнүмдүк иш-аракеттердин алкагында мурастоо жана кеңейтүү процесси деп түшүнүүгө болот. Үзгүлтүксүз экологиялык билим берүү адамдын өмүр бою экологиялык маданиятын байытуу дегенди билдирет.

Үзгүлтүксүз экологиялык билим берүүнүн маңызын анын негизги максаттарынын мүнөздөмөлөрү аркылуу түшүнүүгө болот:

- экологиялык аң-сезимди жана ой жүгүртүүнү өнүктүрүү;
- инсандын экологиялык маданияты;
- экологиялык жоопкерчиликтүү мамилеси;
- айлана-чөйрөнү башкаруу жана компетенттүү чечимдерди кабыл алуу боюнча практикалык тажрыйбаны калыптандыруу;
- дүйнөнүн экологиялык коопсуздугуна салым кошот.

Экологиялык маданият – тарбиянын негизги жана акыркы жыйынтыгы болгон инсандын жеке сапаты катары каралат. Экологиялык маданият адам тарабынан жаратылыштын мыйзамдарын жана аны менен экологиялык максатка ылайык карым-катнашын окуучулардын терең үйрөнүүсүнө түрткү берүүчү, табигый чөйрөдөгү кандайдыр-бир өзгөрүүлөрүнө карата тийиштүү мамилелерин чагылдыруучу аң-сезимдин деңгээли диссерт. [4. 28б].

Экологиялык маданият адамдын жашоосун жана өнүгүшүн камсыз кылуучу жаратылыш менен өз ара аракеттенүү тажрыйбасынын жыйындысы катары иштейт жана теориялык билимдер жана табияттагы жана коомдогу практикалык аракеттердин ыкмалары, адеп-ахлак нормалары, баалуулуктар жана маданий салттар түрүндө чагылдырылат .

Экологиялык аң-сезим адамдын бул тажрыйбасын адекваттуу чагылдыруусу, анын ичинде анын жаратылышка адеп-ахлактык, баалуулукка негизделген жана жоопкерчиликтүү мамилеси. Экологиялык ой жүгүртүү – экологиялык жактан максатка ылайыктуу иш-аракеттерди практикалык ишке ашыруунун концептуалдык деңгээлинде күтүү процесси [2].

Бүгүнкү күндө окутуунун жана тарбиялоонун актуалдуу педагогикалык ыкмаларын саясий, экономикалык, адеп-ахлактык жана практикалык (өндүрүштүк технологиялар жана күнүмдүк жашоо образы аркылуу) адамдардын экологиялык аң-сезимине жана жүрүм-турумуна таасир этүүчү каражаттар жана методдор менен органикалык айкалыштыруу шартында экологиялык билим берүү чыныгы үзгүлтүксүз болуп калат.

Үзгүлтүксүз экологиялык билим берүүнүн натыйжалуулугу тиешелүү билим берүү программаларынын жана стандарттарынын жетиштүү санына жана жеткиликтүүлүгүнө, билим берүү кызматтарынын ар түрдүүлүгүнө жана сапатына, билим берүүнү башкаруунун туура системасына гана көз каранды эмес.

Билим берүү процесси адамдын жаш курагын, маданий, турмуштук жана кесиптик тажрыйбасын, жашоо шартын эске алуу менен экологиялык жактан сабаттуу болууга түрткү берүүчү стимулдарды түзүү менен аныкталат.

Үзгүлтүксүз экологиялык билим берүү системасын түзүүнүн принциптери - үзгүлтүксүз экологиялык билим берүүдө комплекстүү билим берүү процессин долбоорлоодо жана ишке ашырууда жетекчилик кылуу үчүн төмөнкү принциптердин тутумун ишке ашырууга болот. Демократиялык жана универсалдуулуктун принциби ар кандай курактагы адамды камсыз кылуунун мазмунунун,

түрлөрүнүн жана формаларынын жеткиликтүүлүгүн жана көп түрдүүлүгүн, бул адамдын муктаждыктарына, кызыкчылыктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык ар кандай түрдөгү, каалаган жерде, каалаган убакта, каалаган деңгээлде экологиялык билим берүү кызматтарынын расмий жана социалдык статусу жана ошол эле учурда ар бир адам үчүн, өзгөчө жетекчилер үчүн милдеттүү экологиялык окутуу жана экологиялык кооптуу өндүрүштөрдүн жумушчулары.

Ал эми үзгүлтүксүз экологиялык билим берүүнү гумандаштыруу принциби - билим берүү мекемесинин жашоо образын түзүүнү болжолдойт, анда биргелешкен чыгармачылык ишмердүүлүк, өз ара билим алуу, өз ара байытуу жана билим берүү процессинин субъекттеринин диалогдук байланышы ишке ашырылып, анын көрүнүшү үчүн мүмкүнчүлүктөр түзүлөт жана ар бир адамдын жеке чыгармачылыгын өнүктүрүү.

Экологиялык билим берүүнүн деңгээлдерин интеграциялоо принциби, аны ишке ашыруу инсандын экологиялык маданиятынын тынымсыз өсүшүн камсыз кылат. Негизги, кошумча, мамлекеттик, мамлекеттик эмес жана мамлекеттик билим берүү мекемелеринин ишин координациялоо принциби үзгүлтүксүз экологиялык билим берүү системасында макулдашылган билим берүү саясатын жүргүзүү үчүн өбөлгөлөрдү түзөт; ар кандай билим берүү программаларынын жана педагогикалык технологиялардын көйгөйлүү маселелерди чечет. Экологиялык билим берүүнү адамдын жана коомдун практикалык кайра куруу ишинин керектөөлөрү менен байланыштыруу принциби экология жана айлана-чөйрөнү коргоо жаатында абстрактуу билим берүүдөн баш тартууну жана контексттик типтеги билим берүү процессинин ишмердүүлүк моделине өтүүнү болжолдойт. Бул принцип түпкүлүгүндө экологиялык билим берүүнүн, илимдин, өндүрүштүн жана адам жашоосунун өзүнүн педагогикалык жактан негизделген интеграциясынын талабын билдирет.

Экологиялык билим берүүнүн ийкемдүүлүк, өзгөрмөлүүлүк, көйгөйлүү, системалуу жана дисциплина аралык мазмуну принциби. Ийкемдүүлүк экологиялык билим берүүдө инсандын жана коомдун өзгөрүп жаткан муктаждыктарына ылайык мазмунду мезгил-мезгили менен кайра карап чыгууну талап кылат; иштелип чыккан ар түрдүү билим берүү программалары.

Проблемалык билим берүү жана тарбиялоо процессинде экологиялык ой жүгүртүүнү жана когнитивдик мотивацияны өнүктүрүүнүн зарыл шарты; системалуулугу жана дисциплинардык байланышы экологиянын илим катары уникалдуулугун, анын теориялык билимдеринин жана адамдын практикалык ишмердүүлүгүнүн ар түрдүү тармактарын интеграциялоо.

Билим берүү программаларынын жана педагогикалык технологиялардын үзгүлтүксүздүк принциби экологиялык маданияттын өнүгүүсүнүн үзгүлтүксүздүгүн жана адамдын экологиялык билим берүүнүн кийинки этаптарына өтүүсүнүн жеңилдигин камсыз кылат. Үзгүлтүксүздүк мамлекеттик билим берүү стандарттарында аныкталган экологиялык билим берүүнүн фундаменталдык мазмунуна негизделет.

Мазмундун "өзөгүн" өздөштүргөн адам окутуунун түрлөрүн, темпин жана убактысын, ошондой эле экологиялык билим алуу үчүн өзүнүн программасын өз алдынча тандай алат. Экологиялык билим берүүдө улуттук-маданий каада-салттарды, адамдардын демографиялык, табигый жана социалдык-экономикалык жашоо шарттарын эске алуу принциби окутуунун жана тарбиялоонун мазмунун тандоого да, билим берүү мекемелерин зарыл экологиялык маалымат менен камсыз кылууга да тиешелүү, тигил же бул район, шаар, айыл үчүн, өзү жашаган аймактын ошондой эле жалпы адамзаттык жана улуттук маданияттын мыкты салттарын органикалык түрдө айкалыштырган окуу-тарбия процессин уюштуруу. Жалпы, кесиптик жана экологиялык билим берүүнүн биримдигинин принциби бардык колдонулуп жаткан билим берүү программаларын жана жалпы жана кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын мазмундуу жашылдандырууну болжолдойт; жана атайын экологиялык программаларды колдонуу. Бул чогуу алганда, анын жалпы дүйнө таанымынын органикалык компоненти катары адамдын экологиялык дүйнө таанымынын калыптанышын камсыз кылат. Экологиялык адистерди жана экологиялык педагогдорду даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча билим берүү программаларын кеңейтүү өз алдынча милдет болуп саналат.

Акыркы принципти ишке ашыруу, экологиялык билим берүүнүн маанилүү интеграциясы жөнүндө болуп жатканын билдирет, жалпы жана кесиптик билим берүү үзгүлтүксүз экологиялык билим берүү системасына экологиялаштыруу болуп саналат.

Үзгүлтүксүз экологиялык билим берүүнүн максаттары: мектепке чейинки билим берүүнүн максаты (келечектеги инсанды калыптандыруунун пайдубалы) – балдарды экологиялык маданияттын баштапкы формаларында тарбиялоо, аларга жаратылыштагы элементардык мамилелерди жана адамдардын аны менен өз ара аракеттенүү өзгөчөлүктөрүн, тирүү жандыктардын ички баалуулугун түшүнүү, гумандуу, алгачкы практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу. жакынкы чөйрөнүн табигый объектилери менен чыгармачылык жана эмоционалдык-сенсордук өз ара аракеттенүү. мектепке чейинки билим берүү болуп саналат. Акыркы кездеги жергиликтүү жана эл аралык изилдөөлөр балага эрте жаштан көңүл буруу жана анын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу натыйжалуу экендигин далилдөөдө. Мектепке чейинки мезгил төрөлгөндөн баштап жети жашка чейинки мезгил болуп эсептелет, физикалык жана психикалык жактан өтө тез өнүгүүнүн, жашоосунда адамга керектүү сапаттардын калыптанышынын мезгили. Дал ушул мезгилде жалпы психологиялык, физиологиялык жана таанып-билүүчүлүк көндүмдөр түптөлүп, жашоо үчүн каалаган атайын билим, билгичтик жана көндүмдөргө ээ болуу үчүн негиз болуп саналат.

Жалпы башталгыч билим берүү – баланын өнүгүүсүндөгү маанилүү баскыч, мында анын таанып билүү жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү, кызыгуулары активдүү калыптанат. Башталгыч мектепте окутуу алты же жети жашынан баштап төрт жыл ичинде экологиялык билим берүү бул куракта экологиялык түшүнүктөрдү калыптандыруу Ж. К. Аблабекованын “Башталгыч класстардын окуучуларында алгачкы экологиялык түшүнүктөрдү калыптандыруунун педагогикалык негиздери” аттуу изилдөөсүндө Мекен таануу предметин окутууда кенже окуучулардын алгачкы экологиялык түшүнүктөрүн калыптандыруунун педагогикалык негиздерин иштеп чыккан [1].

Жалпы билим берүүчү мектептерде экологиялык билим берүүнүн максаты – экологиялык аң-сезимди жана жаратылышка экологиялык сабаттуу мамилени өнүктүрүүнүн негизинде окуучулардын айлана-чөйрөгө, жаратылыш ресурстарын үнөмдүү пайдалануу жана адамдын ден соолугуна болгон жоопкерчиликтүү мамилесин калыптандыруу. Кесиптик башталгыч мектепте экологиялык билим берүүнүн негизги максаты кесипкөйлүктү калыптандыруу, анын ишинин предметине ылайык жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу жана экологиялык жактан коопсуз пайдаланууну камсыз кылуу.

Жогорку окуу жайларында экологиялык билим берүүнүн негизги максаты – адистерди (бакалаврларды, магистрлерди) кесиптик даярдоо процессинде экологиялык маданиятты кеңейтүү жана тереңдетүү; жаратылыш кубулуштарынын маңызы, коомдун, адамдын жана жаратылыштын өз ара көз карандылыгы жана өз ара байланышы жөнүндө жалпы жана атайын билимдерди өздөштүрүү.

Аспирантурада жана PhD докторантурада экологиялык билим берүүнүн негизги максаты экологдордун кесиптик билимин жогорулатуу жана кесиптик квалификациядан кийинки билим берүүнүн башка түрлөрүнүн мазмунун жашылдандыруу, изилдөөчүнүн долбоордук экологиялык маданиятын өнүктүрүү болуп саналат. Балдарга жана чоңдорго кошумча экологиялык билим берүүнүн негизги максаты адамдардын экологиялык билимге жана тажрыйбага болгон керектөөлөрүн комплекстүү канааттандыруу, аларды тереңдетүү жана кеңейтүү болуп саналат.

Негизги милдет – окуучулардын экологиялык маданиятын жана экологиялык компетенттүүлүгүн тынымсыз жогорулатуу; калктын бардык катмарына формалдуу эмес экологиялык билим берүү, агартуу жана өз алдынча билим берүү түзүмдөрүнүн ишинин негизги максаты (массалык маалымат каражаттары, лекторийлер, музейлер, маданият мекемелери, дене тарбия жана спорт, коруктар, зоопарктар, улуттук парктар, эс алуу жана туризм аймактары ж.б. Бул максатка жетүү калкты экологиялык ишенимдүү маалымат менен камсыз кылуу менен байланышкан; экологиялык маалымдуулуктун деңгээлин тынымсыз жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү; калкка экологиялык жалпы билим берүү. Өндүрүштүк жана экологиялык билим берүүнүн структураларынын ишинин негизги максаты ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын кызматкерлеринин, өкүлчүлүктүү

жана аткаруу бийлик органдарынын, бардык деңгээлдеги башкаруу кызматкерлеринин зарыл минималдуу экологиялык сабаттуулугун камсыз кылуу болуп саналат.

Негизги максаттары – бардык кызматкерлердин айлана-чөйрөнү башкаруу жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча өндүрүштүк экологиялык билимдерди жана практикалык көндүмдөрдү алуусу үчүн шарттарды түзүү; ушул негизде алдын алуу же анын булганышын минималдаштыруу, экологиялык жактан таза өндүрүштөрдү жана технологияларды түзүүнү стимулдаштыруу.

Кошумча кесиптик билим берүү (кесиптик чеберчиликти жогорулатуу жана кайрадан даярдоо системасы) – адамдардын квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу жана кайра даярдоо. Учурдун жана коомдун суроо-талаптарына ылайык атайын окуу жайларда адистердин квалификациясын жогорулатуу семинар, курстарында экологиялык билим берүү ишке ашырылып жатат. Мисалга, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин М. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтунда бүгүнкү күндө адистердин квафликификациясын жогорулатуу курстары (36, 72, 144 сааттык өлчөмдө) жана кошумча кесиптик билим берүү программалары “Жогорку мектеп педагогикасы” ж.б. (окуу мөөнөтү 5 ай, 900 сааттык), анын алкагында Кыргыз Республикасындагы 2030 Туруктуу өнүгүү максаттарын ишке ашыруу үчүн уюштурулат. Ошондой эле STEM предметтер боюнча мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу, табигый илимдерге тартуу маселелери менен бирге үзгүлтүксүз экологиялык билим берүүнү өркүндөтүү камтылган.

Үзгүлтүксүз экологиялык билим берүүнүн максаттарын ишке ашыруунун шарттарына; экологиялык билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде жана тармактарында кадрлар менен камсыз кылуу; илимий-методикалык базаны даярдоо; бардык окуу дисциплиналарынын мазмунун экологиялаштыруу; активдүү окутуу чөйрөсүн уюштуруу, заманбап педагогикалык технологияларды киргизүү.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Аблабекова, Ж.К. Башталгыч класстардын окуучуларында алгачкы экологиялык түшүнүктөрдү калыптандыруунун педагогикалык негиздери: пед. илим. канд ... дис. автореф.: 13.00.01 / Ж.К. Аблабекова. – Бишкек, 2011. – 21 б.
2. Вербицкий А.А. Основы концепции развития непрерывного экологического образования //Педагогика. – 1997. - №6. – С.31-36.
3. Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021–2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясы. Бишкек, 2021. 23 б.
4. Усенгазиева Г.С. Кесиптик лицейлердин окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандырууну өркүндөтүү: пед. илим. канд ... дис.: 13.00.01.– Бишкек, 2015. – 150 б.
5. Чоров М.Ж., Усенгазиева Г.С. Современное состояние непрерывного экологического образования Кыргызской Республики. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2017. №. 5-1. С. 111-112

УДК: 581.1
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-331-336

**Шабданова Н. К., Абдрахманова В. А.**
Талас мамлекеттик университети, ага окутуучу,
Талас мамлекеттик университети, окутуучу
**Шабданова Н. К., Абдрахманова В. А.**
Таласский государственный университет, старший преподаватель,
Таласский государственный университет, преподаватель
**Shabdanova N. K., Abdrakhmanova V. A.**
Talas state university, senior lecturer,
Talas state university, teacher

# ӨСҮМДҮКТӨРДҮН ООРУ КОЗГООЧУ МИКРООРГАНИЗМДЕРГЕ ТУРУКТУУЛУГУ
# УСТОЙЧИВОСТЬ РАСТЕНИЙ К БОЛЕЗНЕТВОРНЫМ МИКРООРГАНИЗМОМ
# RESISTANCE OF PLANTS TO DISEASE-CAUSING MICROORGANISMS

**Аннотация:** Өсүмдүктөрдүн оору козгоочу микроорганизмдерге туруктуулугу айыл чарба жана экология үчүн темаларынын бири. Бул изилдөө өсүмдүктөрдүн патогендерге каршы туруктуулугун арттыруу жолдорун аныктоого багытталган. Оору козгоочу микроорганизмдер өсүмдүктөргө ар түрдүү таасир этет, натыйжасында түшүмдүн жоготуусуна жана азык-түлүк коопсуздугунун бузулушуна алып келет. Туруктуу өсүмдүк өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн генетикалык түрдүүлүк, экологиялык факторлор жана агрономиялык практика негизги роль ойнойт. Өсүмдүктүн ткандарында кармалган заттардын андагы мителик кылган микроорганизм азыктануусу үчүн пайдаланылат. Натыйжада өсүмдүктүн түшүмдүүлүгү төмөндөп, айыл чарбасына зыян келтирет. Мителердин кожоюн өсүмдүккө тийгизген таасири бул эки организмдин физиологиялык өзгөчөлүктөрү, өз ара байланыштары, чөйрөнүн шарттары менен байланыштуу болот. Өсүмдүктүн ооруга туруктуулугу канчалык жогору болсо, анын мембранасынын өткөргүчтүгү ошончолук төмөн.

**Аннотация:** Устойчивость растений к патогенным микроорганизмам является одной из тем сельского хозяйства и экологии. Целью исследования является выявление путей повышения устойчивости растений к патогенам. Патогенные микроорганизмы поражают растения различными способами, что приводит к потере урожая и отсутствию продовольственной безопасности. Генетическое разнообразие, факторы окружающей среды и агрономические методы играют ключевую роль в обеспечении устойчивого развития растений. Вещества, попавшие в ткани растений, используются для питания паразитических микроорганизмов. В результате продуктивность растения снижается и наносит вред сельскому хозяйству. Действие паразитов на растение-хозяин связано с физиологическими особенностями этих двух организмов, взаимоотношениями и условиями внешней среды. Чем выше устойчивость растения к болезням, тем ниже проницаемость его мембраны.

**Abstract:** Plant resistance to pathogenic microorganisms is one of the topics in agriculture and ecology. The purpose of the study is to identify ways to increase plant resistance to pathogens. Pathogenic microorganisms attack plants in a variety of ways, leading to crop loss and food insecurity. Genetic diversity, environmental factors and agronomic practices play a key role in ensuring sustainable plant development. Substances that enter plant tissue are used to feed parasitic microorganisms. As a result, plant productivity decreases and harms agriculture. The effect of parasites on the host plant is associated with the physiological characteristics of these two organisms, relationships and environmental conditions. The higher the plant's resistance to disease, the lower the permeability of its membrane.

**Негизги сөздөр:** микроорганизмдер, сапрофиттер, фитофтора, облигаттык мителер, некротрофтор, токсиндер, спора, гифтер, гидролиз, фотосинтез, фитоалексин, фитонциддер.

**Ключевые слова:** микроорганизмы, сапрофиты, фитофтора, облигатные паразиты, некротрофы, токсины, споры, гифы, гидролиз, фотосинтез, фитоалексины, фитонциды.

**Keywords:** microorganisms, saprophytes, late blight, obligate parasites, necrotrophs, toxins, spores, hyphae, hydrolysis, photosynthesis, phytoalexins, phytoncides.

Өсүмдүктөрдүн оору козгоочу микроорганизмдерге туруктуулугу бүгүнкү күндө айыл чарба, экология жана азык-түлүк коопсуздугу үчүн өзгөчө маанилүү. Дүйнөдөгү климаттын өзгөрүшү, экологиялык кризистер жана азык-түлүк суроо-талаптарынын жогорулашы бул маселени актуалдуу кылат. Өсүмдүктөр чөйрөнүн ыңгайсыз шарттарынын таасирлеринен коргонушу менен бирдикте факторлордун, биринчи иретте микроорганизмдердин таасиринен да коргонушат. Микроорганизмдер – өсүмдүк өскөн чөйрөдө дайым болуп, анын туруктуу оору жугузуучулары. Жапайы өскөн өсүмдүктөрдө эволюцияда өздөрү өскөн чөйрөсүндөгү коңшу, биргелешип жашаган организмдердин таасирлерине ар түрдүүчө жолдор менен ыңгайланышып, маданий өсүмдүктөрдө жок коргонуунун ар кандай механизмдери иштелип чыккан.

Өсүмдүктөрдүн оору козгоочу микроорганизмдерге туруктуулугун жогорулатуу максаты көптөгөн аспектилерди камтыйт, анын ичинде:

1. Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу: Өсүмдүктөрдүн туруктуулугун арттыруу аркылуу азык-түлүк өндүрүшүн жогорулатуу. Бул өзгөчө, дүйнөдөгү өсүүчү калк үчүн жетиштүү жана сапаттуу азык-түлүк камсыздоодо маанилүү.

2. Экологиялык туруктуулукту жогорулатуу: Табигый ресурстарды натыйжалуу колдонуу, экосистемалардын туруктуулугун сактоо жана экологиялык көйгөйлөрдү чечүү. Бул климаттын өзгөрүшүнө жана экологиялык кризиске каршы турууда маанилүү.

3. Генетикалык изилдөөлөрдү өнүктүрүү: Генетикалык жактан туруктуу өсүмдүк сортторун чыгаруу. Бул, оору козгоочуларга каршы туруу мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу үчүн биотехнологияларды жана генетикалык инженерияны пайдалануу.

4. Агроэкосистемаларды оптималдаштыруу: Агрономиялык ыкмаларды жана экологиялык практикаларды колдонуу аркылуу топурактын сапатын жакшыртуу, өсүмдүктөрдүн туруктуулугун жогорулатуу.

5. Билим берүү жана маалымдуулукту жогорулатуу: Фермерлер, агрономдор жана изилдөөчүлөр арасында маалыматтарды жайылтуу аркылуу өсүмдүктөрдүн оору козгоочуларга каршы туруу механизмдерин түшүндүрүү.

6. Климаттык шарттарга ылайыкташуу: Топурак жана климат шарттарына ылайык жаңы методдорду иштеп чыгуу аркылуу өсүмдүктөрдүн оору козгоочуларга туруштук берүү мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу.[1].

Өсүмдүктүн оорудан коргонуусунун негизги максаты митенин таасирин өзүнүн клеткаларына жеткирбөө жана митени алсыздандырып, өлтүрүү болуп саналат. Коргонуунун табигый механизмдерин аныктоонун теориялык маанисинен башка айыл чарба өсүмдүктөрүнүн ооруларына каршы күрөшүүнүн жолдорун аныктоо үчүн практикалык мааниси бар. Өсүмдүктүн ооруну жеңип чыгуу же анын өөрчүшүн токтотуу жөндөмдүүлүгү ооруга туруктуулук деп аталат. Өсүмдүктөрдүн оорусун мите козу карындар, бактериялар, вирустар, курттар, мите өсүмдүктөр (сары чырмоок, заразиха ж.б.) козгойт.(1-сүрөт). Козу карындардын 100 түрү, бактериялардын 150-200 түрү өсүмдүктөрдүн ооруларын козгошот. Оору козгоочу микроорганизмдердин таасиринен физиологиялык процесстердин бузулушу.



А



Б

**(1 сүрөт).А-сары чырмоок, Б-заразиха**

Оору козгоочу микроорганизмдердин төмөндөгүдөй топтору бар.

1.Факультативдик сапрофиттер негизинен мителик кылып жашашат. Кээде (картошканын фитофтора оорусун козгоочу) өсүмдүктүн өлгөн ткандары менен азыктанышат. (2- сүрөт).



**(2-сүрөт). Картошканын фитофора оорусу**

2.Факультативдик мителер сапрофиттер. Өсүмдүктөрдүн өлгөн ткандарында жашап, өсүмдүктөрдүн көп түрлөрүн ооруга чалдыктырат. (3- сүрөт).



**(3-сүрөт.) Чөп өсүмдүгү**

3.Облигаттык (туруктуу) мителер тирүү кожоюн өсүмдүксүз жашай албайт. Облигаттык мителер-вирустар, көп мите козу карындар.(4-сүрөт.)

Мителер тирүү ткандардын азык заттары менен азыктанышат. Азыктануусу боюнча мителер некротрофторго жана биотрофторго бөлүнүшөт. Некротрофтор (факультативдик мителер жана сапрофиттер) алдын ала өлтүрүлгөн ткандарга жайланышат. Кожоюн өсүмдүктүн клеткалары микроорганизм бөлүп чыгарган уу заттардын (токсиндин) таасиринен өлөт. Клеткалардын заттары мителер бөлүп чыгарган гидролиздик ферменттердин таасири астында ажырайт.

Биотрофтор –облигаттык мителер. Алар бир канча убакыт кожоюн өсүмдүктүн тирүү клеткасы менен бирдикте жашап, кийин уу заттарды (токсиндерди) бөлүп чыгарбастан ткандарга тереңдеп кирет. Мите козу карын спора пайда кылгандан кийин кожоюн өсүмдүк жабыркайт. Мителердин кожоюн өсүмдүккө тийгизген таасири бул эки организмдин физиологиялык өзгөчөлүктөрү, өз ара байланыштары, чөйрөнүн шарттары менен байланыштуу болот. Өсүмдүктөрдүн ткандарында кармалган заттарды андагы мителик кылган микроорганизм азыктануусу үчүн пайдаланылат. Натыйжада өсүмдүктүн түшүмдүүлүгү төмөндөп, айыл чарбасына зыян келтирет. Микроорганизмдердин өсүмдүктүн денесине кириши анын спорасынын өсүшүнөн башталат. Көпчүлүк микроорганизмдердин спорасынын өсүшү үчүн суунун тамчысы керек. Кийинки этапта митенин гифтери өсүмдүктүн клеткаларына кирет. Мите организмдердин кожоюн өсүмдүктүн ткандарына кирүүсү ар түрдүү жолдор менен жүрөт. Микроорганизмдер өсүмдүктүн тканына үттөр, ар кандай тешиктер, жаракалар аркылуу кирет. Кээ бир микроорганизмдер ферменттеринин таасири менен өсүмдүктүн клеткасынын кабыкчасын эритип киришет. Мите организм түн клеткасына кирип, анын зат алмашуу, тиричилик процесстеринин жүрүшүн өзгөртөт. Инфекциянын таасири астында

цитоплазманын физикалык-химиялык касиеттери өзгөрүп, мембраналардын өткөргүчтүгү өсөт. Дат оорусу менен ооруган буудайдын жалбырактарынын клеткаларынан бөлүнүп чыккан органикалык заттар оорубаган өсүмдүктөргө салыштырганда 500% болгон. Өсүмдүктүн ооруга туруктуулугу канчалык жогору болсо, анын мембранасынын өзгөргүчтүгү ошончолук төмөн.[3].

Мите козу карындардын таасиринен ооруган өсүмдүктө ар түрдүү себептердин натыйжасында транспирациясы төмөндөп, соолуйт. Мителик кылуучу микроорганизмдер бөлүп чыгарган уу заттар, (токсиндер) өткөрүүчү түтүктөрдүн ичинде төмпөктөрдү пайда кылат. Ал төмпөктөр түтүк боюнча суунун жана заттардын жылышына жолтоо болот. Мите бөлүп чыгарган ферменттер өткөрүүчү түтүктөргө жакын жаткан клеткалардын пектиндик заттарын гидролиздейт. Гидролиздин былжырлуу продуктылары фенолдор менен кошулуп, түтүктөрдүн көңдөйүн тосуп калуучу коюу илешкек заттарды пайда кылат. Козу карындардын гифтери өткөрүүчү түтүкчөлөрдү жана үттөрдү жаап тыгын сыяктуу болуп калат. Ушулардын бардыгы түтүктөр аркылуу суунун жылышын начарлатып, транцпирациянын нормалдуу жүрүшүн бузуп, өсүмдүктүн соолушуна алып келет. Өсүмдүктө суу алмашуунун ткань хлоропласттардын бузулушунан фотосинтездин жүрүшү төмөндөйт. Углеводдордун, белоктордун кармалышы азаят. Митенин ферменттеринин таасири астында бул кошулмалардын гидролизи күчөйт. Гидролиздик процесстердин продуктулары кожоюн клеткаларды ууландырат. Микроорганизмдердин таасиринен коргонуу үчүн кожоюн өсүмдүк дем алуусун күчөтүп, ал процесске запастык заттарын көп жоготуп ачкачылыкка дуушар болот. Мите микроорганизмдер тиричилигинде бөлүп чыгарган токсиндер өсүмдүктүн клеткаларын, анын структуралык элементтерин ууландырып өлтүрөт.

Өсүмдүктөрдүн оорудан коргонуусунун механизмдери.

Өсүмдүктөрдүн ооруга туруктуулугу алардын оорудан сактануусунун жолдоруна негизделген. Өсүмдүктүн организминде ал ооруганга чейинки жана ооругандан кийинки пайда болгон сактануунун жолдору бар. Ооруганга чейинки өсүмдүктө оорудан сактануунун төмөндөгүдөй жолдору иштелип чыгат:

1. Микроорганизмдердин кирүүсүнө жолтоо болуучу өзгөчө структуралуу ткандары болот;
2. Антибиотиктерди, фитонциддерди бөлүп чыгаруу жөндөмдүүлүгү артат;
3. Мителердин өөрчүшү үчүн керектүү заттар жетишсиз топтолот;

Ооругандан кийин өсүмдүктө оорудан коргонуунун төмөнкүдөй жолдору иштелип чыгат:

1. Өсүмдүктүн дем алуусу жана энергиянын алмашуусу күчөйт.
2. Мите үчүн уу заттар (фитоциддер, фенолдор, хинондор) топтолот.
3. Кошумча механикалык коргонуу тосмолору пайда болот.
4. Организм жогорку сезгичтикке ээ болот.
5. Фитоалексин синтезделет.

Өсүмдүктөрдүн ооруга туруктуулугунда антибиотик заттардын (фитонциддер) чон мааниси бар. Фитонциддер – ар түрдүү түзүлүштөгү төмөнкү молекулалуу кошулмалар (хинондор, гликозиддер, спирттер ж.б.). Алар микроорганизмдердин өрчүшүн токтотууга жана өлтүрүүгө жөндөмдүү. Учма эмес фитонциддер жабуучу тканда жана вакуольдо кармалат. Ооруга туруктуу өсүмдүктөрдүн сезгичтиги жогору. Алардын мите менен жанашып тийишкен жериндеги бир-эки катар клеткалар тез өлүп, митенин өсүмдүктүн ткандарын аралап, тереңирээк киришине тоскоолдук түзүлөт. Спора пайда болууга жол бербейт. Анткени споралар тирүү клеткаларга жанаша болгондо гана пайда болот. Өсүмдүк ооругандан кийин пайда болуучу коргоочу заттардын бири- фитоалексиндер. Фитоалексиндер ооруга чалдыккан өсүмдүктө мителик организмдин таасирине жооп катары пайда болгон төмөнкү молекулалуу антибиотик заттар. Соо ткандарда фитоалексиндер жок. Алар жогорку сезгичтиктин натыйжасында өлгөн клеткалар менен чектешкен тирүү клеткаларда синтезделинет. Ал тирүү клеткалардан өлгөн клеткаларга өтүп андагы микроорганизмдердин өсүшүн басып, алардын бөлүп чыгарган ферменттеринин активдүүлүгүн төмөндөтөт. Кожоюн өсүмдүктү микроорганизм лектинди –олигосахариддер, моносахариддер менен байланышуучу гликопротеиндин

жана элистердин (митенин клетка кабыкчасынын жогорку молекулалуу глюканы) жардамы менен таанийт.[5].

Ооруга карата өсүмдүктүн коргонуу механизмдери төмөндөгүдөй түрдө аракеттенет:

1. Мите кожоюн өсүмдүккө элистердин жардамы менен аракет кылат.
2. Өсүмдүктүн мембраналык рецептору митенин элистери менен аракеттенет.
3. Жогорку сезгичтик реакциянын натыйжасында өсүмдүктүн бир катар клеткалары өлөт.
4. Өсүмдүктүн өлгөн клеткаларында олигосахариддер пайда болот.
5. Олигосахариддер өлгөн клеткалардан тирүү клеткаларга өтүп, аларда фитоалексиндер синтезделет.
6. Өлгөн ткандар соо ткандардан перидерма аркылуу ажыратылат.

Өсүмдүктөр чөйрөнүн ыңгайсыз шарттарына каршы туруууга жөндөмдүү. Чөйрөнүн ыңгайсыз шарттарынын таасиринен коргонуу клеткалык жана органдык денгээлде жүрөт.

Клеткалык деңгээлде:

1. Анатомиялык түзүлүштү өзгөртүү;
2. Физиологиялык реакциялар (үттөрдүн жабылышы, ачылышы);
3. Коргоочу заттарды топтоо (канттар, белоктор) аркылуу жүрөт.

Органдык деңгээлде:

1. Жоготулган органды кайра калыбына келтирүү (регенерация).
2. Гормондук системанын жардамы аркылуу жүрөт.

Жыйынтыктап айтканда, өсүмдүктөрдүн ооруу козгоочу микроорганизмдерге туруктуулугу айыл чарба өндүрүмдүүлүгүн жана экосистеманын туруктуулугун жогорулатууга жардам берген маанилүү фактор. Генетикалык, экологиялык жана агрономиялык ыкмаларды колдонуунун негизинде, өсүмдүктөрдүн туруктуулугун жогорулатууга жетишүү мүмкүн. Мындай иш-аракеттердин натыйжасында, биз жашыл жайыттардын ден-соолугун коргоо жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу максатында эффективдүү чечимдерди таба алабыз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Артомонов В.И. Занимательная физиология растений. М., 1991. Агропромиздат, 1991.
2. Блукет Н.А., Емцев В.Т. Ботаника с основами физиологии растений и микробиологии,М.1974.
3. Девероллл Б.Дж. Защитные мезанизмы растений.М., 1980.
4. Леопольд А. Рост и развитие растений. М., 1968.
5. Кулаева О.Н. Цитокинины их структура и функции. М., 1978.
6. Дербишева М. Өсүмдүктөрдүн физиологиясы. Б.: Бийиктик, 2009.


УДК: 631.4
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-336-341

**Шабданова Н. К., Молдалиева Ж. Н.**
Талас мамлекеттик университети, ага окутуучу,
Талас мамлекеттик университети, окутуучу
**Шабданова Н. К., Молдалиева Ж. Н.**
Таласский государственный университет, старший преподаватель,
Таласский государственный университет, преподаватель
**Shabdanova N. K., Moldalieva J. N.**
Talas state university, senior lecturer,
Talas state university, teacher,

## ЖАЙЫТТАРДЫН ЧАРБАЛЫК МААНИСИ ЖАНА АЛАРДЫ РАЦИОНАЛДУУ

## ПАЙДАЛАНУУ
## ХОЗЯЙСТВЕННОЕ ЗНАЧЕНИЕ ПАСТБИЩ И ИХ РАЦИОНАЛЬНОЕ ИСПОЛЬЗОВАНИЕ
## ECONOMIC IMPORTANCE OF PASTURES AND THEIR RATIONAL USE

**Аннотация:** Жайыттардын чарбалык мааниси жана рационалдуу пайдалануу маселеси – агрардык экономикада өзгөчө орунду ээлеген темалардын бири. Жайыттар айыл чарбасында мал чарбачылыгы үчүн маанилүү ресурстар болуп саналат, ал эми алардын рационалдуу пайдаланылышы экологиялык жана экономикалык жактан туруктуулукту камсыз кылат. Макалада жайыттардын мааниси, алардын натыйжалуу башкаруу ыкмалары, экосистеманын балансты сактоо, жана мал чарбачылыгындагы ролу талкууланат. Ошондой эле, жайыттарды коргоо жана көбөйтүү боюнча сунуштар берилет. Бул изилдөөлөр, жайыт ресурстарын рационалдуу пайдалануу аркылуу айыл чарбасын өнүктүрүүгө жана экологиялык проблемаларды чечүүгө жардам берет**.** Алар малды азык менен камсыз кылууда, экосистеманын туруктуулугун сактоодо жана жер пайдаланууну оптималдаштырууда маанилүү. Мындан тышкары, жайыттарды коргоо жана көбөйтүү боюнча сунуштар берилет. Жайыттарды туура пайдалануу айыл чарбасын өнүктүрүүгө жана экологиялык проблемаларды чечүүгө жардам берет, натыйжада региондордун туруктуулугун арттырат.

**Аннотация:** Вопрос хозяйственной ценности и рационального использования пастбищ является одной из тем, занимающих особое место в аграрной экономике. Пастбища являются важным ресурсом животноводства в сельском хозяйстве, а их рациональное использование обеспечивает экологическую и экономическую устойчивость. В статье рассматривается значение пастбищ, эффективные методы их управления, поддержания баланса экосистем, их роль в животноводстве. Также даны рекомендации по охране и увеличению пастбищ. Эти исследования помогают развивать сельское хозяйство и решать экологические проблемы за счет рационального использования пастбищных ресурсов. Они важны для обеспечения продовольствием скота, поддержания стабильности экосистем и оптимизации землепользования. Кроме того, даны предложения по охране и увеличению пастбищ. Правильное использование пастбищ помогает развивать сельское хозяйство и решать экологические проблемы, как следствие, повышает устойчивость регионов.

**Abstract:** The issue of economic value and rational use of pastures is one of the topics that occupies a special place in the agricultural economy. Pastures are an important livestock resource in agriculture, and their sustainable use ensures environmental and economic sustainability. The article discusses the importance of pastures, effective methods of their management, maintaining the balance of ecosystems, and their role in livestock farming. Recommendations for protecting and increasing pastures are also given. These studies help develop agriculture and solve environmental problems through the rational use of pasture resources. They are important for providing food for livestock, maintaining the stability of ecosystems and optimizing land use. In addition, proposals for protecting and increasing pastures are given. Proper use of pastures helps develop agriculture and solve environmental problems, and as a result, increases the sustainability of regions.

**Негизги сөздөр:** жайыт, жайлоо, күздөө, кыштоо, деградация, фотосинтез, эфемер, вегетация, шалбаа,чабындылар, чер бадал, протеин.

**Ключевые слова:** выпас, зимовка, деградация, фотосинтез, эфемер, вегетация, растительность, луг, сенокосные угодья, черный куст, протеин.

**Keywords:** grazing, wintering, degradation, photosynthesis, ephemeral, vegetation, ,meadow, grassland, black bush, protein

Жайыттардын актуалдуулугу бүгүнкү күндө агрардык өнөр жай үчүн өзгөчө маанилүү. Жер кыртышынын бузулушу, климаттык өзгөрүүлөр жана калктын өсүшү жайыт ресурстарын рационалдуу пайдаланууну талап кылат. Мындан тышкары, мал чарбачылыгынын натыйжалуулугун арттырууга багытталган жаңы методдор жана технологиялардын пайда болушу, жайыттарды оптималдуу пайдалануунун маанилүүлүгүн күчөтөт. Жайыттарды коргоо жана экосистемаларды туруктуу өнүктүрүү аркылуу экологиялык тең салмактуулукту сактоо, экономикалык жактан

эффективдүү чечимдерди сунуштоо айыл чарба секторунун өнүгүүсүнө зор салым кошот. Ушундан улам, жайыттарды рационалдуу пайдалануу маселеси актуалдуу жана өз убагында.

Макаланын максаты – жайыттардын чарбалык маанисин жана алардын рационалдуу пайдалануу ыкмаларын изилдөө. Ошондой эле, жайыт ресурстарын эффективдүү башкаруу аркылуу экологиялык туруктуулукту сактоо, мал чарбачылыгын өнүктүрүү жана айыл чарба секторунун экономикалык эффективдүүлүгүн жогорулатуу. Бул изилдөө, айыл жергесинде жайыттарды туура пайдалануунун жолдорун көрсөтүү, жайыттарды коргоо боюнча сунуштарды берүү жана агроэкологиялык көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берүү максатын көздөйт.

Кыргызстандын айыл чарбасынын алдынкы тармагы-мал чарбачылык, көбүнчө табигый тоют жайыттарына негизделген, түптөлгөн. Экология жана өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Улуттук сатистика комитетинин маалыматтары боюнча жайыттар 9166,4 миң га, ал эми чөп чабындылар 169,1 миң ганы түзөт (Бишкек ш. Стат. Жыйнагы, 2001). Кыргызстандын жайыттары байыркы замандан тарта, өзүнүн бийик деңгээли менен даңкталган (Мушкетов, 1874-1878; Липский, 1903; Аболин и Советкина, 1930; Никитина, 1962; Выходцев,1956, Щихотов, 1985). [7]. Кыргызстан деңиз деңгээлинен 500дөн 4000 м чейинки ар кайсы бийиктиктеги ар түрдүү өтө баалуу чөлдүү, жарым чөлдүү, талаалуу, шалбаалуу жана көмөкчү жайыттарга ээ. Малчылар жайыттарды жыл мезгилине, аба ырайына жана жердин шартына жараша жайлоо, күздөө, кыштоо, жаздоо деп бөлүшөт. Табигый тоют талаалары эл чарбачылыгынын негизги тармагына 70% дан ашуун тоют беришет (Головкова, 1990). Талаа жайыттары көбүрөөк таралган (3,1 млн.га), андан кийин ээлеген аянты боюнча шалбаалуу-талаалар (2,4 млн.га), чөлдүү (1,3 млн.га) жана жарым чөлдүү, анан салыштырмалуу чоң эмес аянт (0,15 млн.га) бийик тоолуу жайыттарга туура келет. Жылдык мезгилине жараша алар жазгы жана күзгү (30%), жайкы (45%) жана кышкы (35%) болуп бөлүнөт. Бирок бул бөлүнүштөр бир кыйла шарттуу, чарбачылдар айыл чарбалык талаалардын тигил же бул өзгөчөлүктөрүн дайыма эске ала беришпейт жана бир эле аймактын көп жолку системасыз пайдалануусуна жол берилет.

Табигый тоют талааларды коргоо зарыл. Себеби бул жайыттар менен чөп чабындыларыбыздын түшүмдүүлүгү Орто Азиялык башка республикалардай эле өзгөчө тиешелүү анча жогору эмес. Жайыттар жана тоюттуу желер изилдеген, Кыргызстан илимий изилдөө институтунан берген маалыматы боюнча Кыргызстандагы жайыттардын орточо түшүмдүүлүгү 1931 – жылдан 1975-жылга чейинки убакытта 8,4 төн 4,3 ц/га чейин төмөндөгөн, б.а. 2 эсеге жакын, ал эми кээ бир даназалуу жайыттарыбыздын түшүмдүүлүгү (Суусамыр, Кара-Кужур, Соң-Көл, Сан-Таш, Бел-Саз, Турук ж.б.) андан да көп эсе төмөндөгөн. Жайыттардын көп бөлүгү, өзгөчө тоо этектеген жазгы жана күзгү жайыттарыбыз такырланган, 3,7 млн. гектардан ашык жайыттарды зыяндуу жана уулуу чөптөр баскан, жарым жарым бадалчалар, бадалдар өсүп черге айланып керектен чыккан өсүмдүктөр орун алган, чер бадал баскан, 1,7 млн.гектар жерди көчкү алган. Тигил же бул ченемде бузулууга (деградацияга) дуушар болбогон дээрлик жайыттар деле калбаса керек. Бул көрүнүш жакшы эмес, жайыттарды рационалдуу системалуу түрдө пайдаланууну киргизүү жолу менен жана аларды жакшыртуу иш чаралар аркылуу гана бул процессти токтотуу мүмкүн. Мындай иш чаралар жайыттардын жемиштүүлүгүн 20-40% жогорулатууга, жайлоолордун, кыштоолордун өсүмдүктөрүн сактап, флорасын жакшыртууга мүмкүнчүлүк берет. Табигый тоют жайлардын үстүртөн жакшырышы да (отоо чөптөр менен күрөшүү, жер семирткичтерди пайдалануу, суугаруу) түшүмдүүлүктү 2-3 эсеге, ал эми түп тамыры менен жакшыртуу 3-5 эсеге жогорулатууга көмөк берет. Жайыттарды рационалдуу пайдалануу максатында биринчиден малдын өсүмдүктөр кыртышына келтирген таасирин эске алуу керек. Биз малды кандайча жайганыбызга ( бир система боюнчабы же системасызбы) карата жайыттын түшүмдүүлүгү жана чөптөрдүн түр курамы ошого жараша болот. Демек, жыл бою жайыттарды пайдалануунун мөөнөтүн жана ырааттуулугун алмаштырып туруу зарыл. Өсүмдүктөргө оттотуунун ар түрдүү мөөнөтү аларды жашоо мүмкүнчүлүгүнө бирдей таасир этпейт. Көбүнчө жазгы оттотуу, чөптөрдүн чыга баштаган учурунда тескери таасирин тийгизет. Жазында көп жылдык жайыт өсүмдүктөрү үнөмдөгөн азык заттардын эсебинен өсүп чыгышат. Качан гана жалбырактын жетиштүү өнүгүп фотосинтез процессинин эсебинен органикалык заттардын пайда болушу тиешелүү даражага

жеткенде гана өсүмдүктөрдө азык заттардын үлүшү калыбына келет. Бул төмөнкү таблицадан көрүнүп турат. [1].

**1-таблица Эрмендүү-эфемер ассоциациясынын чөбүнүн химиялык анализи (кургак заттагы Захарьев Ж.Б.,1958)**

| Коңур баш жылгандын өөрчүү фазалары | Оруп алуу мөөнөтү | Суусу | Чийки про теин | Белок | Чийки май | Чийки клетчат-касы | Азотсуз экстрат заттары | Күлү | Каро-тин грамм, кг |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| **Гүлдөшү** | 5. IV<br>27. IV<br>15.V | - | 13,00 | 9,69 | 4,73 | 29,44 | 44,91 | 7,92 | 171,0 |
| -//- | 17. V | - | 12,19 | 9,81 | 4,39 | 32,17 | 43,45 | 7,80 | 108,0 |
| **Күзгү отоо** | 6.IX | - | 5,8 | 4,69 | 5,86 | 43,43 | 40,06 | 4,84 | 5,6 |

**2-таблица Бөксө жайлоолордун шимүүрдүү шалбааларынын чөбүнүн химиялык тутуму (Захарьев Ж.Б.,1956)**

| Тоо шимүүрүнүн өрчүү фазасы | Кургак затынын проценттик тутуму | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | чийки протеин | белок | май | чийки клетчаткасы | Азотсуз экстракт заттары | күлү |
| **Жалбырактануу** | 14,44 | 12,38 | 3,93 | 20,07 | 52,35 | 9,21 |
| **Богоктонуунун башталышы. Богок байлоо** | 12,56 | 10,25 | 3,77 | 21,18 | 52,68 | 9,81 |
| **Гүлдөө** | 10,88 | 9,50 | 4,35 | 21,77 | 53,31 | 6,69 |
| **Уругунун жетилиши** | 7,81 | 7,25 | 4,55 | 24, 28 | 54,39 | 8,97 |
# ARTIFICIAL INTELLIGENCE IN EDUCATION. ARTIFICIAL INTELLIGENCE TOOLS (NEURAL NETWORKS)

**Аннотация:** Макалада билим берүүдө жасалма интеллекттин колдонулушу каралган. Жасалма интеллекттин билим берүүдө эң маанилүү артыкчылыктарынын бири - бул ар бир окуучуга үйрөнүүнү жеке даражада уюштуруу мүмкүнчүлүгү жөнүндө берилген.Мындай ыкма студенттерге өз ылдамдыгында үйрөнүүгө жана аларды эң кызыктырган предметтерге жана темаларга көңүл бурууга жардам бере турганы айтылат. Жасалма интеллект азыркы учурда сүрөттөрдү иштеп, дизайнерлерге жардам бере ала турган инструмент катары да колдоноору айтылган.Макалада нейрондук тармактар бардык этаптарда, текст менен иштөөдөн сүрөттөрдү издөөгө чейин жана презентацияларды мыкты аткара турган, кооз слайддарды түзүүгө мүмкүнчүлүк берген кызматтар топтолгон жана алардын кандай артыкчылыктары, кемчиликтери, шарттары бар экени аныкталып берилди.

**Аннотация:** В статье рассматривается использование искусственного интеллекта в образовании. Одним из наиболее важных преимуществ искусственного интеллекта в образовании является то, что он дает каждому учащемуся возможность организовать свое обучение на индивидуальном уровне. Предполагается, что такой подход поможет студентам учиться в своем собственном темпе и сосредоточиться на предметах и темах, которые их больше всего интересуют. Говорят, что искусственный интеллект в настоящее время также использует изображения в качестве инструмента, который может помочь дизайнерам. В статье собраны сервисы, с помощью которых нейронные сети могут работать на всех этапах, от работы с текстом до поиска изображений и презентаций, позволяя создавать красивые слайды, и определены их преимущества, недостатки и условия.

**Abstract:** The article discusses the use of artificial intelligence in education. One of the most important advantages of artificial intelligence in education is that it gives each student the opportunity to organize their learning on an individual level. This approach is supposed to help students study at their own pace and focus on the subjects and topics that interest them most. It is said that artificial intelligence is currently also using images as a tool that can help designers. The article contains services with which neural networks can work at all stages, from working with text to image search and presentations, allowing you to create beautiful slides, and identifies their advantages, disadvantages and conditions.

**Негизги сөздөр:** Жасалма интеллект, нейрондук тармактар, Tome, MagicSlides, Gamma, Prezo, Slidebean, Wepik.

**Ключевые слова:** Искусственный интеллект, нейронные сети, Tome, MagicSlides, Gamma, Prezo, Slidebean, Wepik.

**Keywords:** Artificial intelligence, neural networks, Tome, MagicSlides, Gamma, Prezo, Slidebean, Wepik.

Санариптештирүү жана глобалдаштыруу доорунда билим берүү тармагы өзгөрүүлөргө учурап, жаңы жогорку интеллектуалдык өңүттөрдү алууда, атап айтканда, нейрондук тармактар, жасалма интеллект жана башка ар кандай санариптик принципиалдык инструменттерди киргизүүдө.

Жасалма интеллектти (ЖИ) билим берүү тармагына интеграциялоо - бул тез өсүп жаткан тенденция, ал бизди кантип үйрөнүп, окутарыбызды революциялаштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Жасалма интеллект билим берүүнүн ар кандай тармактарында, мисалы, жеке үйрөнүү, баалоо жана репетиторлук үчүн колдонулушу мүмкүн. Бул макалада биз билим берүүдө жасалма интеллекттин колдонулушун карап чыгабыз жана анын артыкчылыктарын жана кемчиликтерин талкуулайбыз. Жасалма интеллекттин билим берүүдө эң маанилүү артыкчылыктарынын бири - бул ар бир окуучуга үйрөнүүнү жеке даражада уюштуруу мүмкүнчүлүгү. Жасалма интеллекттин алгоритмдери окуучулардын үйрөнүү стилин, артыкчылыктарын жана жетишкендиктерин талдап, алардын жеке муктаждыктарына жооп берген индивидуалдуу окуу программасын түзүүгө жардам берет. Мындай ыкма студенттерге өз ылдамдыгында үйрөнүүгө жана аларды эң кызыктырган предметтерге жана темаларга көңүл бурууга жардам берет. Натыйжада, окуучулар көбүрөөк катышып, мотивацияланат жана маалыматты жакшыраак эстеп калуу ыктымалдуулугу жогорулайт.

Жасалма интеллект азыркы учурда сүрөттөрдү иштеп, дизайнерлерге жардам бере алат. Ал эми нейрондук тармактар бардык этаптарда, текст менен иштөөдөн сүрөттөрдү издөөгө чейин жана презентацияларды мыкты аткарат. Кыска убакытта кооз слайддарды түзүүгө мүмкүнчүлүк берген кызматтарды топтодук.

Биздин тандообузда:

Tome — презентациянын структурасын түзүп, слайддарды генерирлейт

MagicSlides (GPTforSlides) — «Google Презентациялары» менен жардам берет

Gamma — кызыктуу верстка менен слайддарды түзөт

Prezo — текст жана кооз иллюстрацияларды генерирлейт

Slidebean — презентацияларды кайра дизайндоого жардам берет

Wepik— кошумча тактоолорсуз жөнөкөй презентацияларды генерирлейт

**Tome**— презентация структурасын түзөт жана слайддарды генерирлейт.

**Мүмкүнчүлүктөр.** Колдонуучу презентация темасын киргизсе, нейросеть биринчи структураны сунуштайт, андан кийин бекитилгенден кийин ар бир слайд үчүн кеңири текст жазат жана уникалдуу иллюстрацияларды генерирлейт. Даяр презентацияга өз алдынча өзгөртүүлөрдү киргизүүгө же ЖИге кайра иштетүү үчүн кайрылууга болот: тексттик сүрөттөмө боюнча жаңы иллюстрация түзүү, тексттин абзацын кыскартуу же кеңейтүү, нейтралдуу тонду достук же расмийге өзгөртүү.

**Артыкчылыктар.** Сервис жөнөкөй жана түшүнүктүү, бир нече мүнөттө жалпы белгилүү тема боюнча жөнөкөй презентация түзүүгө жардам берет. Слайддарды кол менен оңой эле иштеп чыгууга болот: текстти редакциялоо, сүрөттөрдү масштабдоо, шилтемелерди киргизүү. Текстти орус тилинде генерирлепкылууга болот.

**Кемчиликтер.** Дизайн мүмкүнчүлүктөрү абдан чектелүү: нейросеть бир калыптагы вёрстка түзөт, шрифтти кол менен да өзгөртүү мүмкүн эмес. ЖИ тарабынан тартылган сүрөттөрдө кемчиликтер болушу мүмкүн. Тегин версияда презентацияны экспорттоого мүмкүн эмес.

**Шарттар.** Каттоодо 500 кредит берилет: алар ЖИ слайддарды түзүп жатканда же сиздин комментарийлер боюнча оңдоп жатканда сарпталат. Бул саны бир нече презентацияларды түзүүгө жана редакциялоого жетет, эгер нейрон тармакты өзгөртүүлөр менен ашыкча жүктөбөсө. Төлөм версиясынын баасы — айына 8 доллардан башталат.




https://tome.app/

MagicSlides / Skillbox Media

**MagicSlides (GPT for Slides)** — "Google Презентациялар" менен жардам берет

**Мүмкүнчүлүктөр.** Бул Google Slides үчүн плагин. Иштей баштоо үчүн, искусстволук интеллект үчүн презентация темасын белгилеп, каалаган учурда өз кириш бөлүгү же текст-референс кошуу керек. Ошондой эле, нейросеттин колдонорун түстөр, шрифттер жана стильдер менен жөндөп алса болот. Андан кийин 100 секунддун ичинде плагин Pexels сүрөтүнөн иллюстрациялар менен даяр презентацияны генерирлейт( генерирует).

**Артыкчылыктары.** Google Slides менен иштөө үчүн ыңгайлуу. Референстер аркылуу жасалма интеллектти "багыттоо" оңой. Дизайнды тандоого болот.

**Кемчиликтери**. Формалдуу түрдө плагин бардык тилдерди колдойт, бирок орус тилинде текст генерирлөө аракетинде токтоп калат. Кээде иллюстрацияларды так тандабайт.

**Шарттар.** Тегин версияда нейросеттин жардамы менен айына үч презентация түзүүгө болот жана ар биринде 2500 символдон ашпаган текстти иштеп чыгууга болот. Төлөмдүү жазылуулар 16 доллардан башталат.




https://gamma.app/

**Gamma** — кызыктуу дизайны бар презентацияларды түзөт

**Мүмкүнчүлүктөр**. Сервис презентацияларды, документтерди же веб-баракчаларды түзүүгө мүмкүндүк берет. Ишти баштоо үчүн теманы тандоо керек, ИИ тексттин планын сунуштайт, аны редакциялоого болот. Дизайнды тизмеден кол менен тандоого болот. Же болбосо, сервис автоматтык түрдө тандоону сураса болот, бирок бул учурда ал шаблондорду жөн гана кездештирип чыгат. Илюстрациялар катары нейросеть Unsplash сайтынан сүрөттөрдү тандайт. Презентация менен иштөөнү нөлдөн баштоонун кажети жок: GoogleSlides жана PowerPointтан презентацияларды импорттоого болот. Бирок сервиске тек гана слайддардагы текст жүктөлөт: дизайнды кайрадан түзүү керек.

**Артыкчылыктары.** Орус тилин колдойт. PDF форматында бекер экспорттоого болот. Вёрстка ар бир слайдда бирдей эмес, мазмунуна жараша өзгөрөт.

**Кемчиликтери.** Слайддар бийиктиги боюнча ар кандай болуп калат: кээ бирлери экрандын 1/3 бөлүгүн, кээ бирлери болсо 1,5 бөлүгүн ээлейт. Натыйжада, бул презентациядан көрө, уюштурулган лонгридга окшош болуп калат.

**Шарттары.** Бекер версияда 400 кредит бар, алар нейрон тармактын ар кандай операцияларына сарпталат. Эгер кредиттер бүтсө, жазылууну 16 долларга алууга болот.




https://prezo.ai/

**Prezo** — текст жана кооз иллюстрациялар генерирлейт

**Мүмкүнчүлүктөр**. Документти презентацияга айландырууга же белгиленген темада текст генерирлөөгө болот. Нейрондук тармак слайддарды генерирленген фотореалисттик сүрөттөр менен коштоп турат. Даяр презентацияны кол менен же ИИ аркылуу редакциялоого болот: тексттин көлөмүн өзгөртүүнү, бир нерсе жөнүндө жаңы абзац кошууну, текстти кайра жазууну, белгиленген стильде жаңы иллюстрация түзүүнү сураса болот — 3Dден анимацияга чейин.

**Артыкчылыктар.** Нейрондук тармак чындап эле сапаттуу иллюстрацияларды генерирлейт жана слайд торун ар түрдүүлүктү камсыз кылууга аракет кылат.

**Кемчиликтер.** Кээде нейрондук тармак башкы текст менен заголовокту экрандын ар кайсы тарабында жайгаштырып, борборду бош калтырат. Сервис орусча промпторду түшүнөт, бирок текстти англисче гана генерирлейт. Презентацияны экспорттоого мүмкүн эмес, болгону сайтта көрүүгө болот.

**Шарттары**. Азыркы учурда сервис акысыз: колдонуу шарттарында төлөмдүү функциялар жөнүндө маалымат бар, бирок биз аларды тапкан жокпуз. Мүмкүн, алар келечекте пайда болот.

https://slidebean.com/

**Slidebean** — презентация дизайнын кайрадан түзүүгө жардам берет

**Мүмкүнчүлүктөр.** Бул кызматты Slidebean агенттиги стартапчылар үчүн иштеп чыккан. Редактор PowerPoint же GoogleSlideska окшош: даяр шаблондорду алууга же нөлдөн презентация түзүүгө, текст жазууга жана иллюстрацияларды кошууга болот. Нейрондук тармак бул жерде тек гана вёрстка менен жардам берет: сиз конкреттүү слайдды же бүт презентацияны кайрадан түзүүнү сурана аласыз. Бир эле слайдды кандайча ар кандай түзүүгө болоорун көрүү үчүн пайдалуу.

**Артыкчылыктары.** Слайддарга текст жана сүрөттөрдү дизайн жөнүндө ойлонбой эле жазып коюуга болот, ал эми жасалма интеллект баарын өз ордуна коюп берет. Эгер вёрсткада күмөн болсо, аны кайра иштеп чыгууга сурана аласыз жана жаңы идеялардан шыктанасыз.

**Кемчиликтери.** Кызмат объектилер бири-бири менен байланышканда ката кетирет: мисалы, нейросеть иконкаларды жана аларга тиешелүү жазууларды аралаштырып жибериши мүмкүн. Мындан тышкары, ал кээде сүрөттөрдү кыскаратат жана созот, ошондуктан алардын көрүнүшү табигый эмес болуп калат. Орус тилинде текст жазууга болот, бирок көпчүлүк шрифттер колдонула албайт.

**Шарттары.** Тегин версиясында ишкерлер үчүн презентациялар боюнча бир нече сабактар жана чектелген шаблондор бар. Төлөмдүү жазылуу жылына 228 доллар турат. Ал бардык шаблондорду жана ишкерлер үчүн окутууну ачып, презентацияларды көрүү боюнча аналитиканы чогултууга мүмкүнчүлүк берет. Төлөмдүү жана тегин версиядагы ИИ мүмкүнчүлүктөрү бирдей.




https://wepik.com/

Wepik — жөнөкөй презентацияларды ашыкча тактоолорсуз түзөт

**Мүмкүнчүлүктөр.** Сервис тез презентацияларды түзүү үчүн ылайыктуу. Нейрондуктармакка көп суроолорду бербейт — теманы киргизүү, тилди, сүйлөө стилин жана дизайн шаблонун тандоо менен презентациясы даяр болот. Генерация этабында эч нерсени тактап болбойт, бирок кийин ЖИден текстти кайра жазып берүүнү жана сүрөттөрдү алмаштырууну сураса болот.

**Артыкчылыктары.** Орус тилин колдойт жана кириллицаны колдогон көп шрифттер бар. Иллюстрацияларды редакциялоо ыңгайлуу — мисалы, фондду жок кылуу үчүн инструмент жакшы иштейт.

**Кемчиликтери.** Баштапкы слайддардын керектүү санын белгилеп же кеңири суроо берүүгө мүмкүн эмес — мунун натыйжасында көп өзгөртүүлөр талап кылынат.

**Шарттар.** Сервис акысыз. Даяр слайддарды сайтта көрсөтүүгө же JPEG, PNG же PDF форматында жүктөп алууга болот.




Акырында, өтүү (сквозные) технологияларды, атап айтканда, жасалма интеллектти жана нейрондук тармактарды колдонуу билим берүүнүн натыйжалуулугун, студенттердин санариптик жана маалыматтык маданиятын калыптандырууга олуттуу жакшыртууларга алып келиши мүмкүн экенин белгилөө маанилүү. Мындан тышкары, өтүү (сквозные) технологияларды колдонуу билим берүү процессин көзөмөлдөп, аны тууралоого мүмкүндүк берет, бул заманбап санариптик коомдун талаптарына көбүрөөк жооп берет. Жасалма интеллект билим берүүнү ар бир окутуучунун жана студенттин муктаждыктарына жана өзгөчөлүктөрүнө жараша оптималдаштырууга көмөктөшөт. Билим берүүнү персоналдаштыруу максатында, бул технологияны колдонуу зарылдыгын алып келет.

Ошондой эле, жасалма интеллект - бул заманбап технологиянын жалгыз түрү эмес, ал башка өтүүчү (сквозные) технологиялар (чоң маалыматтар, робототехника жана сенсорика, интернет нерселери, булут технологиялары, кеңейтилген жана виртуалдык чындык технологиялары, кванттык технологиялар, жаңы өндүрүш технологиялары) менен тыгыз байланышта, алардын колдонулушу билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын ийгиликтүү профессионалдык ишмердүүлүгүнүн кепилдиги болуп саналат.

## Колдонулган адабияттар:

1. Макк А. А. Способен ли искусственный интеллект превзойти интеллект человека? // URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=29167840

2. Акинин, М. В. Нейросетевые системы искусственного интеллекта в задачах обработки изображений / М.В. Акинин, М.Б. Никифоров, А.И. Таганов. - М.: РиС, 2016. – 152

3. Черняк, В.З. Системы искусственного интеллекта: модели и технологии, основанные на знаниях: Учебник / В.З. Черняк. - М.: Финансы и статистика, 2012. - 664 с.
4. Сидоркина, И.Г. Системы искусственного интеллекта / И.Г. Сидоркина. - М.: КноРус, 2016. - 167 с.
5. Синельникова В.Н., Ревинский О.В. Права на результаты искусственного интеллекта // Копирайт. – 2017. – № 4. – С. 26
Струнин, Д. А. Искусственный интеллект в сфере образования / Д. А. Струнин. — Текст:непосредственный // Молодой ученый. — 2023. — № 6 (453). — С. 15-16. — URL: https://molu.

УДК: 69.1418
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-392-396

**Маджидова Т.Р., Белялова Л.Э., Олимова Д.А.**
Самарканд мамлекеттик университети, доцент,
Самарканд мамлекеттик университети, доцент,
Самарканд мамлекеттик университети, докторант
**Маджидова Т.Р., Белялова Л.Э., Олимова Д.А.**
Самаркандский государственный университет, доцент,
Самаркандский государственный университет, доцент,
Самаркандский государственный университет, докторант
**Majidova T.R., Belyalova L.E., Olimova D.A.**
Samarkand State University, Associate Professor,
Samarkand State University, Associate Professor,
Samarkand State University, doctoral student

# САМАРКАНД ОБЛАСТЫНЫН ПАСДАРГОМ РАЙОНУНУН «КИМЙОГАРЛАР» АЙЫЛЫНДА ОРНАЛГАН АСФАЛТ ЦЕХИНИН КУРУЛУШУНУН ЭКОЛОГИЯГА ТАСИРИН БААЛОО

# ОЦЕНКА ВОЗДЕЙСТВИЯ НА ОКРУЖАЮЩУЮ СРЕДУ СТРОИТЕЛЬСТВА АСФАЛЬТОГО ЦЕХА, РАСПОЛОЖЕННОГО В ПОСЕЛКЕ “КИМЁГАРЛАР” ПАСДАРГОМСКОГО РАЙОНА САМАРКАНДСКОЙ ОБЛАСТИ

# ASSESSMENT OF THE ENVIRONMENTAL IMPACT OF THE CONSTRUCTION OF AN ASPHALT SHOP LOCATED IN THE VILLAGE OF “KIMYOGARLAR” OF PASDARGOM DISTRICT OF SAMARKAND REGION

**Аннотация:** Макалада Самарканд облусунун Пасдаргом районундагы "Кимегарлар" кыштагында жайгашкан асфальт цехинин курулушунун айлана-чөйрөгө тийгизген таасирине баа берилет. Эмиссиянын булактары жана параметрлери, ошондой эле айлана-чөйрөгө зыяндуу заттардын түрлөрү изилденген. Айлана-чөйрөнүн абалына болжолдонгон ишкананын таасирин баалоону аныктоо максатында аймактын учурдагы абалы жана жабдууларды жайгаштыруу планы талданды.

**Аннотация:** В статье дается оценка воздействия на окружающую среду строительства асфальтого цеха, расположенного в поселке “Кимёгарлар” Пасдаргомского района Самаркандской области. Были исследованы источники и параметры выбросов, а также вид самих выбросов в окружающую среду. Проанализировано текущее состояние территории и план размещения оборудования, с целью определения оценки воздействия проектируемого предприятия на состояние окружающей среды.

**Abstract:** The article provides an assessment of the environmental impact of the construction of an asphalt workshop located in the village of Kimegarlar Pasdargomsky district of the Samarkand region. The

sources and parameters of emissions were investigated, as well as the type of emissions themselves into the environment. The current state of the territory and the equipment placement plan are analyzed in order to determine the assessment of the impact of the projected enterprise on the state of the environment.

**Негизги сөздөр:** Асфальт цехи, критерийлер, чекене соода түйүнү, органикалык эмес чаң, көмүртек кычкылы, азот оксиддери, бен(а)пирен, мунай продуктулары, инерттүү материалдар.

**Ключевые слова:** Асфальтный цех, критерии, торговой точкой, неорганическая пыль, окись углерода, оксиды азота, бен(а)пирен, нефтепродукты, инертные материалы.

**Keywords:** Asphalt shop, criteria, retail outlet, inorganic dust, carbon monoxide, nitrogen oxides, ben(a)pyrene, petroleum products, inert materials.

Целью работы является оценка воздействия на окружающую среду строительства асфальтого цеха, относящегося Обществу с ограниченной ответственностью (ООО) “NEVGRANTSTROY”, расположенного в поселке “Кимёгарлар” Пасдаргомского района Самаркандской области.

Критерии оценки воздействия включают изучение текущего состояния окружающей среды в результате эксплуатации оборудования, а также выявление наиболее уязвимых объектов с экологической точки зрения. Были исследованы источники и параметры выбросов, а также вид самих выбросов в окружающую среду, текущее состояние территории и план размещения оборудования для оценки воздействия проектируемого предприятия на состояние окружающей среды [1].

Всего под строительство асфальтобетонного завода ООО «NEVGRANTSTROY» выделено 12240 м$^2$ земли, расположенной на территории махалли Кимегарлар в Пасдаргомском районе. В настоящее время 12240 м$^2$ заброшенной земли выделено на северо-западе махалли Кимдарлар района Пасдаргом в соответствии с актом районной комиссии 2020 года, которая рассматривает выбор и выделение земель под здания, сооружения и другие цели для предприятий, организаций и учреждений в Пасдаргомском районе.

Выбранный участок граничит на севере с химзаводом, на востоке с ООО Самарканд Афросиаб Цемент и поселком, на юго-востоке и юге граничит с открытым полем, на западе- с частной торговой точкой, на этом участке предусмотрено производство асфальта.

На участке планируется построить следующие здания

1. Цех по производству асфальта;

3. Битумоплавительный котел;

4. Асфальтосмесительный цех.

**Цех по производству асфальта.**

Результаты анализа показывают, что неорганическая пыль образуется в процессе приема, хранения инертных материалов в атмосфере, транспортировки их по конвейерам, перемешивания в асфальтосмесительном оборудовании. Окись углерода, оксиды азота и бен(а)пирен образуются во время плавления и нагревания битума, процессов приготовления горячего асфальта, процессов хранения битума в бассейне хранения углеводородного битума [1-3].

В процессе производства асфальта в атмосферу выбрасываются неорганическая пыль, оксид углерода, оксиды азота и бенз(а) пирен.

В цехе по производству асфальта неорганическая пыль попадает в атмосферу в процессе приема, хранения, передачи и измельчения инертных материалов на крупные и мелкие куски, транспортировки по конвейерам, перемешивания в асфальтосмесительном оборудовании.

Окись углерода, оксиды азота и бенз(а) пирен образуются в результате плавления и нагрева битума, приготовления горячего асфальта, хранения битума в бассейне хранения углеводородного битума, герметичности резервуаров для хранения нефти, повышения давления в резервуарах, приема, хранения и распределения нефтепродуктов. Сварочная пыль и оксид марганца образуются во время сварочных работ с помощью электросварочного оборудования.

**Таблица 1. Сведения о устройств и оборудование**

| № п/п | Наименование устройства и оборудование | Количество |
|---|---|---|
| 1 | Приемный бункер | 1 |
| 2 | Устройства для приготовления асфальта | 1 |
| 3 | Транспортеры длина 24 м, ширина 1,2 | 2 |
| 4 | Дробилка (для крупных фракций)<br>СИТО | 1<br>1 |
| 5 | Дробилка (для мелких фракций)<br>СИТО | 1<br>1 |
| 6 | Транспортеры длина 16 м, ширина 1,2 м | 2 |
| 7 | Бункер и транспортер для асфальта | 2 |
| 8 | Битумоплавительный котел | 1 |
| 9 | Бассейн для битума | 1 |
| 10 | Сварочный аппарат | 1 |
| 11 | Ёмкость для хранения дизельного топлива 10 м$^3$<br>Для бензина 10 м$^3$<br>Для масла 10 м$^3$ | 1<br>1<br>1 |
| | **Всего** | **18** |

В цехе по производству асфальта инертные материалы сбрасываются из транспортных средств в хранилище инертных материалов. Емкость хранения инертных материалов - 2000 м$^3$. Продукция со склада инертных материалов перемещается в бункер устройством перекачки инертных материалов. Инертные материалы отправляются из бункера на дозирующий конвейер, оттуда на конвейер, из дозатора инертных материалов и оттуда на асфальтосмесительное оборудование. В этих процессах неорганическая пыль выбрасывается в атмосферу [2-4].

Приведенная битумная продукция выгружается на склад битума. Битум транспортируется из хранилища битума в бассейн плавления битума. Битум перекачивается из плавильной ванны в емкость для подогрева битума. Природный газ используется при плавке и нагреве битума. Годовое потребление природного газа составляет 320 тыс. м$^3$/год. При сжигании природного газа в атмосферу выделяются оксид углерода, оксиды азота и бенз(а)пирен. В процессе перемешивания асфальта в асфальтосмесительной установке в атмосферу выбрасывается неорганическая пыль, оксид углерода, оксиды азота и бенз(а)пирен. Выброс неорганической пыли в атмосферу осуществляется очистными сооружениями ЦН-11 [1-5].

**Заключение о воздействии на окружающую среду**

Объект относится к III экологической категории по степени воздействия на окружающую среду. Для предотвращения аварийных ситуаций на заводе планируется установка первичного огнетушителя. Суммарные выбросы за период эксплуатации: 22,506016 т/год, из них твердые отходы - 20,77 т/год или 92,29%, газовые и жидкие отходы - 1,736016 т/год или 7,71%. В результате эксплуатации объекта будет образовано 14,2769 тонн различных видов отходов. Из которых:

3,36 тонны остатков битума - отходы временно хранятся на специально отведенной площадке перед цехом, переплавляются и используются повторно; 0,6 тонны бытовых отходов - отходы временно хранятся в металлическом ящике, установленном в конкретном месте на территории объекта и вывозятся на центральный полигон города два раза в неделю на спецтехнике; Отходы Суприндi в количестве 8,64 тонны – отходы временно хранятся в металлическом ящике, установленном в бетонном месте на территории объекта, и два раза в неделю вывозятся на центральную полигону города.

Отходы конвейерной ленты в количестве 0,0035 тонны - отходы временно хранятся на складе и, в зависимости от сбора, доставляются на завод по переработке резины; 1,44 тонны отходов черных металлов - отходы временно хранятся в металлическом ящике перед вспомогательным зданием и, в

зависимости от сбора, доставляются на завод по обработке черных металлов; 0,1534 тонны отработанных масло отходов - отходы временно хранятся в герметичном металлическом контейнере перед складом и в зависимости от сбора доставляются на районную нефтебазу;

0,019 тонны аккумуляторных отходов - отходы временно хранятся на складе и, в зависимости от сбора, доставляются на завод по обработке цветных металлов;

Отходы шин в количестве 0,035 тонны - отходы временно хранятся на бетонной площадке перед складом и, в зависимости от сбора, передаются на завод по переработке резины;

Отходы ветоши (ветоша) в количестве 0,026 тонны - отходы временно хранятся на складе и сжигаются в специальном бытовом котле, в зависимости от его сбора;

Всего на объекте будет использовано 0,7076 тыс. $м^3$ воды, в том числе:

На территорию объекта будет транспортировано 0,078 тыс. $м^3$ воды, используемой для сельскохозяйственных целей;

0,0626 тыс. $м^3$ воды для хозяйственно-бытовых нужд отбирается из существующей сети питьевого водоснабжения на территории объекта;

Для орошения территории используется 0,130 тыс. $м^3$ воды, а заасфальтированные дороги и поля забираются из местной оросительной канавы;

На объекте будет образовано 0,09 тыс. $м^3$ сточных вод. Образующиеся сточные воды сливаются в существующий железобетон на территории объекта и периодически вывозятся на городские очистные сооружения специальным

Результаты анализа воздействия предлагаемого проекта на окружающую среду: в процессе строительства и эксплуатации - если строительные и проектные работы выполняются в соответствии со строительными нормами и правилами и мерами по охране окружающей среды, изложенными в проекте,

объект не представляет потенциальной угрозы для окружающей среды. Однако следует отметить, что такой вывод основан на том, что природоохранные мероприятия, изложенные в заявлении, выполнены в полном объеме.

Меры по снижению загрязнения окружающей среды.

Для уменьшения загрязнения окружающей среды необходимо принять следующие меры:

Соблюдение правил пожарной безопасности с целью предотвращения загрязнения окружающей среды и возникновения чрезвычайных ситуаций в результате пожаров на предприятии;

Организовать своевременный вывоз ТБО на полигон;

Монтаж основного противопожарного оборудования на территории предприятия;

Подземное бетонирование выбранного участка для бытовых отходов;

Монтаж основного противопожарного оборудования на объекте;

соблюдение электробезопасности при использовании электрооборудования;

Обеспечение чистоты окружающей среды;

Соблюдать все санитарно-гигиенические правила;

Принять меры по утилизации строительного мусора, образующегося при строительстве объекта, т.е. использовать его как вторичный строительный материал.

Обеспечение своевременного отвода сточных вод от сборника сточных вод до очистных сооружений с целью защиты подземных и поверхностных вод от загрязнения;

Контроль герметичности железобетонных стыков;

Принять меры по устранению сточных вод в случае утечки.

Своевременный ремонт этих мер является обязанностью заказчика.

**Список использованной литературы:**

1. Инструкция по проведению инвентаризации источников загрязнения и нормированию выбросов загрязняющих веществ в атмосферу для предприятий Республики Узбекистан. Ташкент, 2006 г.

2. Постановление Кабинета Министров Республики Узбекистан №541 от 07 сентября 2020 года «О дальнейшем совершенствовании механизма оценки воздействия на окружающую среду».

3. Сборник методик по расчету выбросов в атмосферу загрязняющих веществ различными производствами. Ленинград, 1986 г. Гидрометеоиздат.

4. Количественные характеристики вредных веществ, выделяющиеся при работе основного технологического оборудования на предприятиях отрасли.Одесса, 1986 г.

5. Сборник состоит из методик и рекомендаций по расчету количества загрязняющих веществ, выбрасываемых в атмосферу различными производствами. Ленинград, 2005.

6. СанПиН «Гигиенические нормативы. Перечень предельно-допустимых концентраций (ПДК) загрязняющих веществ в атмосферном воздухе населенных мест на территории РУз». Ташкент, 2005 г.

УДК: 330.34
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-396-401

**Омурканова Ж. Э.**
Талас мамлекеттик университети, ага окутуучу
**Омурканова Ж. Э.**
Таласский государственный университет, старший преподаватель
**Omurkanova Zh. E.**
**Talas State University, senior lecturer**

## ТАЛАС ОБЛУСУНДАГЫ КАЛКТЫН ЖАШОО ДЕҢГЭЭЛИ: КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА ӨНҮГҮҮ КЕЛЕЧЕГИ
## УРОВЕНЬ ЖИЗНИ НАСЕЛЕНИЯ В ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ: ПРОБЛЕМЫ И ПЕРСПЕКТИВЫ РАЗВИТИЯ
## THE STANDARD OF LIVING OF THE POPULATION IN THE TALAS REGION: PROBLEMS AND PROSPECTS OF DEVELOPMENT

**Аннотация:** Макала комплекстүү ыкманы колдонуу менен Талас облусундагы калктын жашоо деңгээлин изилдөөгө арналган. Изилдөөнүн жүрүшүндө региондун негизги экономикалык жана социалдык көрсөткүчтөрү, анын ичинде калктын кирешелеринин деңгээли, инфраструктуралык объектилерге жеткиликтүүлүгү жана экологиялык абалы талданат. Өзгөчө көңүл аймактын өнүгүүсүнө кедерги болгон негизги проблемаларды аныктоого, ошондой эле агрардык потенциалды жана туристтик ресурстарды пайдалануунун эсебинен анын келечектеги өсүү багыттарына бурулду. Аймактык өнүгүүнүн эмпирикалык маалыматтарынын жана теориялык моделдеринин негизинде социалдык-экономикалык кырдаалды жакшыртуу боюнча сунуштар берилет.

**Аннотация:** Статья посвящена исследованию уровня жизни населения в Таласской области с использованием комплексного подхода. В ходе исследования анализируются основные экономические и социальные показатели региона, в том числе уровень доходов населения, доступ к инфраструктурным объектам и экология. Наряду с этим, особое внимание уделено выявлению ключевых проблем, тормозящих развитие региона, а также перспективам его роста за счет использования аграрного потенциала и туристических ресурсов. Предлагаются рекомендации по улучшению социально-экономической ситуации на основе эмпирических данных и теоретических моделей регионального развития.

**Abstract:** This article focuses on the analysis of living standards in the Talas region through a comprehensive approach. The study examines key economic and social indicators, including income levels, access to infrastructure, and environmental conditions. Special attention is given to identifying the major

obstacles hindering the region's development, as well as growth prospects through the utilization of its agricultural potential and tourism resources. The paper offers recommendations for improving the socio-economic situation based on empirical data and theoretical models of regional development.

**Негизги сөздөр:** Талас облусу, жашоо деңгээли, экономикалык көйгөйлөр, инфраструктура, өнүгүү перспективалары, айыл чарбасы, туризм.

**Ключевые слова:** Таласская область, уровень жизни, экономические проблемы, инфраструктура, перспективы развития, сельское хозяйство, туризм.

**Keywords:** Talas region, living standards, economic challenges, infrastructure, development prospects, agriculture, tourism.

Талас облусу Кыргызстандагы уникалдуу аймактардын бири болуп саналат. Бул аймактын экономикалык, социалдык жана маданий аспектилери жашоо деңгээлине түздөн-түз таасир этет. Талас облусунун жашоо деңгээли өлкөнүн жалпы жашоо стандарттарына салыштырмалуу айырмаланып, ар түрдүү көйгөйлөрдү жана мүмкүнчүлүктөрдү жаратат.

Талас облусунун экономикасы негизинен айыл чарбасы менен байланышкан. Айыл чарбасы жергиликтүү калктын көпчүлүк бөлүгүнүн табигый жашоо булагы болуп саналат. Ошондой эле, өнөр жай, кызмат көрсөтүү жана туризм сыяктуу секторлор да өнүгүүдө.

Талас облусунун экономикалык структурасы анын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн маанилүү аспекттеринин бири болуп саналат. Жеринин жаратылыш ресурстары, климаттык шарттары жана калктын жашоо деңгээли экономикалык секторлордун ар түрдүүлүгүнө таасир этет. Талас облусунун экономикасынын негизги секторлоруна айыл чарба, өнөр жай, кызмат көрсөтүү жана туризм кирет. Аталган тармактардын өнүгүүсүнүн көрсөткүчтөрү региондун экономикалык абалын мүнөздөөдө жана туруктуулугун талдоодо маанилүү индикаторлор болуп саналат.

Талдоолор көрсөткөндөй, Талас облусу боюнча 2019-2023 жылдарда экономиканын реалдуу тармактарынын түзүмдөрүнүн өнүгүүсүндө бир топ өзгөрүүлөр болууда. Тактап айтканда, 2019-жылдан баштап, өнөр жайдын жана кызмат көрсөтүү тармактарынын облустун жана өлкөбүздүн жалпы өндүрүлгөн продукциядагы үлүшү жогорулагандыгы байкалууда. Эгерде 2019-жылы Талас облусунда өндүрүлгөн өнөр жай продукциясынын жалпы көлөмү 1578,3 млн. сомго барабар болуп, ал өлкөбүздүн жалпы өндүргөн өнөр жай продукциясынын 0,55 пайызын түзсө, ал эми 2023-жылы өнөр жай продукциясынын көлөмү 26253,3 млн. сомду түзүп, анын өлкөбүздөгү үлүшү 5,4 пайызды түздү, ал эми аталган мезгилде өндүрүлгөн өнөр жай продукциясынын наркы 16,6 эсеге жогорулаган[1].

Жогорудагы маалыматтар тастыктагандай, облустун өнөр жай тармагындагы болуп жаткан өсүштөр биринчи кезекте Талас облусунда Жер-Үй алтын кенинин ишке киргизилгендигине байланыштуу. Жер-Үй алтын кенин иштетүүчү “Альянс-Алтын” компаниясы облустун эле өнөр жай тармагынын өсүшүнүн негизги фатору эле болбостон, компнаия тарабынан 2016-жылдан бүгүнкү мезгилге чейин Талас облусунун социалдык-экономикалык өнүгүшүнө 900 млн. сом бөлүнгөндүгүн айтсак, аталган компаниянын облустун социалдык-экономикалык өсүшүнө кошкон салымы өтө эле жакшы болуп жаткандыгын баса белгилеп коюуга тийишпиз. Бул каражаттардын ичинен социалдык-экономикалык муктаждыктар үчүн берилген гранттык жардамдын көлөмү 280 миллионду түзсө, 470 миллиону айыл чарбасын жана бизнести өнүктүрүүгө жеңилдетилген насыя түрүндө банктар аркылуу бөлүнгөн[2].

Азыркы учурда Талас облусу өлкөбүздө чакан агрардык регион болсо дагы, айыл чарба өндүрүшүндө экономикалык өсүш темптери боюнча бир топ ийгиликтерди жаратып келе жатат. Тактап айтканда, 2023-жылы облусубуздун дыйкандары тарабынан өндүрулгөн айыл чарба продукциясынын наркы 29499,7 млн. сомду түзүп, , өлкөбүздөгү үлүшүбүз 7,8 пайызды түздү, ал эми 2019 –жылга салыштырмалуу өсүшү 51,8 пайызды түздү [3].

Ошону менен бирге, Талас облусунун дыйкандары тарабынан өндүрүлгөн төө буурчак айылдык калктын киреше булактарынын негизин түзөт жана жыл сайын төө буурчактын данын экспорттодон 40-45 миң америка доллары өлчөмүндө жалпы киреше алынат[4].

Бул жерден белгилеп кетүүчү нерсе, региондун экономикасынын өсүш темптери канчалык туруктуу болсо, ошонун негизинде региондо жашаган калктын жашоо деңгээли да жогору болорун практика далилдеди. Себеби, региондун экономикалык түзүмүндөгү тармактардын кирешелүү болушу, анда иштеген кызматкерлердин киреше булактарынын жогорулашына шарт түзөт. Ал эми калктын киреше булактары канчалык жогорулаган сайын, калктын жашоо деңгээли жогорулай тургандыгы белгилүү. Ушуга байланыштуу Талас облусунун калкынын жашоо деңгээлин талдоо жана азыркы шарттарда аны жогорулатуу жолдорун карап чыгуу өтө маанилүү деп айтсак болот.

Азыркы учурда илимий жана статистикалык басылмаларда калктын жашоо деңгээлин аныктоодо бир катар көрсөткүчтөрдүн комплексин пайдаланышат. Ошол көрсөткүчтөрдүн негизгилери болуп, төмөнкүлөр эсептелинет: региондун калкынын жан башына бөлүнгөн орточо акчалай кирешелеринин өлчөмү ( айына сом менен), региондун калкынын жан башына бөлүнгөн орточо акчалай чыгымдары ( айына сом менен), жан башына туура келүүчү региондун калкынын жашоо минимуму (сом менен), региондогу кедейчиликтин деңгээли (кедей катмарда жашаган калктын жалпы калктын санына болгон катышы, пайыз менен) жана ошондой эле региондо жашаган калктын өмүрүнүн орточо узактыгы. Ушуга байланыштуу, биз төмөндө Талас облусу боюнча аталган көрсөткүчтөрдү жалпы республикабыздын көрсөткүчтөрүнө салыштыруу менен, биз изилдеген облустагы калктын жашоо деңгээлинин абалы кандай экендигин изилдедик. (Таблица 1.)

**Таблица1. Кыргыз Республикасынын жана Талас облусунун калкынын жашоо деңгээлинин салыштырмалуу көрсөткүчтору (2019-2023 жж.) 1)**

| **Көрсөткүчтөр** | **Жылдар** | | | | | **2021жыл 2019 жылга % менен** | **2023жыл 2021 жылга % менен.** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Калктын жан башына бөлүнгөн орточо акчалай кирешелер( айына сом менен) | | | | | | | |
| -Кыргыз Республикасы | 5 684,69 | 5 625,35 | 6 647,75 | 7 948,36 | 9 716,05 | 116,9 | 146,1 |
| -Талас облусу | 4 834,52 | 5 262,85 | 5 732,48 | 6 986,73 | 8 406,17 | 118,6 | 146,6 |
| Калктын жан башына бөлүнгөн орточо акчалай чыгымдар(айына сом менен) | | | | | | | |
| -Кыргыз Республикасы | 3 899,02 | 3913,55 | 4681,45 | 5393,09 | 6291,49 | 120,1 | 134,4 |
| -Талас облусу | 3 130,01 | 3 166,31 | 3 637,06 | 4 367,12 | 5 397,36 | 116,2 | 148,4 |
| Калктын жашоо минимуму (жан башына сом менен) | | | | | | | |
| -Кыргыз | 4806,32 | 5358,53 | 6268,31 | 7178,32 | 7681,54 | 130,4 | 122,5 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Республикасы | | | | | | | |
| -Талас облусу | 4310,09 | 4948,93 | 5753,97 | 6608,32 | 7129,69 | 133,5 | 123,9 |
| Кедейчиликтин деңгээли ( пайыз менен) | | | | | | | |
| -Кыргыз Республикасы | 20,1 | 25,3 | 33,3 | 33,2 | 29,8 | 13,2 | -3,5 |
| -Талас облусу | 13,3 | 12,5 | 23,5 | 23,9 | 23,2 | 10,2 | -0,3 |

Таблицанын маалыматтары төмөнкү булактан алынып эсептелди: Статистикалык жыйнак: Жашоо деңгээли, Жылдык басылма, Бишкек, 2024, // https://www.stat.gov.kg/;

Жогорудагы таблицада келтирилген маалыматтар боюнча калктын жан башына бөлүнгөн бир айлык орточо акчалай кирешелери Талас облусунда 2023-жылы 8406,17 сомду түзүп, ал эми 2019 жылга салыштырмалуу өсүшү республиканын орточо көрсөткүчүнөн кем эмес болгондугун көрүүгө болот. Ал эми калктын жан башына бөлүнгөн орточо акчалай бир айлык чыгымдар 5397,36 сомго барабар болуп, бул аталган эки көрсөткүч орточо республикалык көрсөткүчтөрдөн төмөн болуп тургандыгын белгилеп кетсек болот. Талдоолор көрсөткөндөй, аталган көрсөткүчтөрдүн өсүш темпи 2022-жылдан тартып облусубузда ылдам темп менен жогорулагандыгын белгилеп коюуга тийишпиз. Калктын жашоо минимуму эгерде орточо республкалык көрсөткүч 7681,54 сомду түзсө, ал эми Талас облусунда 7129,69 сомго барабар болду, же болбосо республикалык деңгээлден 551,85 сомго төмөн болду. Ал эми облустагы кедейчиликтин деңгээли 23,2 пайызды түзсө, жалпы республикалык орточо көрсөткүч 29,8 пайызга барабар болду, башкача айтканда Талас облусундагы кедейчиликтин деңгээли республикабыздын орточо көрсөткүчүнө салыштырмалуу төмөн экендигин маалыматтар тастыктап турар. Бирок, бул жерден белгилеп кетүүчү нерсе, Талас облусунун калкынын кедейчилигинин деңгээлинин орточо республикалык көрсөткүчтөн төмөн болгондугунун себеби, облустун калкынын калың катмары айыл чарбасы менен алектенгендиги жана айыл чарбасынын кирешелүү тармагы болгон төө буурчак менен алектенгендигининин нтыйжасында калктын кедей катмары республикалык көрсөткүчтөн аз экендигинде деп айтсак болот. Эгер өлкөбүздүн башка облустары менен салыштыра турган болсок, Талас облусундагы кедейчиликтин деңгээли бир топ төмөн экендигин байкоого болот. Тактап айтканда, 2023-жылы Талас облусундагы кедейчиликтин деңгээли Ош шаарынын жана Ош облусунун көрсөткүчтөрүн кошпогондо, өлкөбүздүн башка региондорунан бир топ төмөн болду. Демек, жогорудагы көрсөткүчтөрдү талдоонун негизинде, биз изилдеп жаткан Талас облусунда жалпысынан алганда жашоо деңгээлинин көрсөткүчтөрү канаатандырарлык деп айтууга негиз бар десек болот. Ошондой болсо дагы калктын жашоо деңгээлине таасир бере турган башка да көрсөткүчтөр бар экендигин унутпашыбыз керек болот. Андай көрсөткүчтөргө калктын күнүмдүк жашоосунда дайыма кездешүүчү алардын жашоо шартын чагылдырган социалдык чөйрөнүн абалы, же болбосо социалдык көрсөткүчтөр деп атап койсок болот. Социалдык көрсөткүчтөр ар бир региондун жашоо деңгээлин жана калктын экономикалык, билим берүү жана саламаттык сактоо абалын чагылдырат. Талас облусундагы социалдык инфраструктуранын абалы, анын ичинде билим берүү, саламаттык сактоо, жолдордун абалы жана калкка кызмат көрсөтүү, региондун экономикалык туруктуулугун жана калктын жашоо сапатын жогорулатууда маанилүү роль ойнойт.

**Таблица 2. Талас облусундагы социалдык мекемелеринин саны (2019-2023-жылдар) [1)]**

| Жыл | Билим берүү (мектеп саны) | Саламаттык сактоо (мекемелердин саны) | Жолдордун абалы (км жолдор оңдолуп бүттү) |
|---|---|---|---|
| **2019** | 117 | 26 | 0 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2020** | 118 | 26 | 5,8 |
| **2021** | 118 | 27 | 0 |
| **2022** | 119 | 28 | 0 |
| **2023** | 119 | 28 | 12 |

Таблица Кыргыз Республикасынын статистикалык комитетинин Талас облустук башкармасынын маалыматтарынын негизинде алынды.

Жогорудагы 2-таблицадан көрүнүп тургандай, 2019-2023 жылдарда социалдык чөйрөдөгү мекемелердин саны эч кандай өзгөрүүгө дуушар болгон эмес, эч кандай жаны билим берүү жана саламаттык сактоо мекемелери курулган эмес, болгону 5 жылдын ичинде 2 ден гана мекеме ишке киргизилген. Демек, Талас облусунда жашоо деңгээлин төмөндөтүүчү бир катар көйгөйлөр бар. Бул көйгөйлөр экономикалык туруктуулукка, социалдык инфраструктуранын өнүгүүсүнө жана калкка көрсөтүлгөн кызматтардын сапатына терс таасирин тийгизет. Социалдык инфраструктура региондогу жашоо сапатын жана калктын социалдык абалын аныктаган негизги көрсөткүч болуп саналат. Саламаттык сактоо, билим берүү жана транспорттук инфраструктуранын абалы, адамдардын күнүмдүк жашоосуна, экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнө жана жалпы жашоо сапатына терс же оң таасирин тийгизет. Бул маалыматтар региондун социалдык инфраструктурасын өнүктүрүү боюнча чечимдерди кабыл алууда маанилүү база болуп кызмат кылат.

Жумушсуздук деңгээли да экономикалык туруктуулуктун жана калк арасында жашоо деңгээлин аныктаган маанилүү индикатор болуп саналат. Талас облусундагы жумушсуздуктун динамикасы, региондун социалдык-экономикалык абалы тууралуу маанилүү маалымат берет. Төмөндө, 2019-2023-жылдар аралыгындагы Талас облусундагы жумушсуздук деңгээлдери көрсөтүлгөн. Бул маалыматтар региондогу экономикалык кыйынчылыктарды жана жумушсуздукту жоюу боюнча жүргүзүлүүчү иш-чараларды аныктоодо маанилүү роль ойнойт. (Таблица 3.)

**Таблица 3. -Талас облусундагы жумушсуздуктун деңгээли (2019-2023-жж.)[1)]**

| **Жылдар** | **Талас облусу (адам саны)** | **Кыргыз Республикасы (адам саны)** |
|---|---|---|
| 2019 | 3 019 | 76 101 |
| 2020 | 3 050 | 76 652 |
| 2021 | 3 115 | 75 970 |
| 2022 | 3 185 | 74 683 |
| 2023 | 3 274 | 67 603 |
| 2023 жыл 2019-жылга пайыз менен | 108,4 | 88,8 |

Таблица Кыргыз Республикасынын статистикалык комитетинин Талас облустук башкармасынын маалыматтарынын негизинде алынды

Таблицанын маалыматтары көрсөтүп тургандай, Талас облусундагы жумушсуздардын саны 2023-жылы 3274 адамды түзүп, 2019-жылга салыштырмалуу 8,4 пайызга көбөйгөн, ал эми республика боюнча аталган көрсөткүч 2023-жылы 67603 адамды түзүп, 2019-жылга салыштырмалуу 11,2 пайызга төмөндөгөн. Демек, азыркы учурда Талас облусунда жумушсуздуктун деңгээлин төмөндөтүү боюнча иш алып баруу максатка ылайыктуу деп айтсак болот. Ушуга байланыштуу Талас облусунда чакан жана орто бизнести өнүктүрүү чоң мааниге ээ болот. Бул максатта облустун шарттарында туризм тармагын өнүктүрүү боюнча иш жүргүзүү жакшы натыйжа берет деп айтсак болот.

Талас облусундагы айыл чарбаны жана туризмди өнүктүрүү аркылуу экономиканы диверсификациялоо мүмкүнчүлүктөрү бар. Мисалы, органикалык айыл чарба продукциялары жана экотуризм тармактары өнүгүп, жаңы жумуш орундарын түзүү мүмкүн. Азыркы учурда Талас

облусунда социалдык инфраструктураны жакшыртуу - жашоо деңгээлин көтөрүүнүн маанилүү аспектилеринин бири. Жолдорду, мектептерди жана медициналык мекемелерди модернизациялоо калкка сапаттуу кызмат көрсөтүүлөрдү камсыз кылат жана ошонун негизинде калктын жашоо шарты жакшырат. Талас облусундагы калктын жашоо деңгээлин көтөрүү үчүн экономикалык, социалдык жана инфраструктуралык көйгөйлөрдү чечүү керек. Келечекте Талас облусунун экономикасын өнүктүрүү жаан ошонун неизинде калктын жашоо деңгээлин мындан ары жогорулатуу боюнча жакшы мүмкүнчүлүктөр бар экендиги талашсыз, бирок бул үчүн мамлекеттик, жеке жана коомдук секторлордун биргеликтеги аракеттери талап кылынат. Талас облусунун уникалдуу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу жана инновацияларга таянуу калктын жашоо деңгээлин жакшыртууда негизги роль ойнойт.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Статистикалык жыйнак: Кыргыз Республикасынын өнөр жайы, Басылмалар, 2019-2023жж., Бишкек, // https://www.stat.gov.kg/;
2. Электронный источник://https://barometr.kg/kg/zherj-altyn-kenin-ishtetch-alyans-altyn-kompaniyasy-talas-oblusun-nktrg-900-mln-som-blgn;
3. Статистикалык жыйнак: Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы, Жылдык басылмалар, 2019-2023 жж., Бишкек // https://www.stat.gov.kg/;
4. Статистикалык жыйнак: Регионалдык статистика, Талас облусунун социалдык-экономикалык экономикалык абалы, Жылдык басылма, Талас, 2023//https://www.stat.gov.kg/;
5. Жээнбаев, А. "Талас облусунун айыл чарба потенциалы". Кыргыз агрардык университети, 2021.


УДК: 004.85
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2024-2(1)-401-411

**Сейтказиева Н. С., Иса кызы Барчын, Курманбек уулу Талантбек, Сабитов Б. Р.**
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, окутуучу,
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, магистрант,
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, техника илимдеринин доктору, доцент,
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент

**Сейтказиева Н. С., Иса кызы Барчын, Курманбек уулу Талантбек, Сабитов Б. Р.**
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева, преподаватель,
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева, магистрант,
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева, доктор технологических наук, доцент,
Кыргызский национальный университет Ж. Баласагына, кандидат физико-математических наук, доцент

**Seytkazieva N. S., Isa kyzy Barchyn, Kurmanbek uulu Talantbek, Sabitov B. R.**
Kyrgyz State University named after I. Arabaev, teacher,
Kyrgyz State University named after I. Arabaev, Master's student,
Kyrgyz State University named after I. Arabaev, Doctor of Technological Sciences, Associate Professor,
Kyrgyz National University named after J. Balasagyn, Candidate of Physical and Mathematical Sciences, Associate Professor

## МАШИНАЛАРДЫ ҮЙРӨНҮҮ АЛГОРИТМДЕРИН КОЛДОНУУ МЕНЕН КОЛДОНМО ТАПШЫРМАЛАРДЫ МОДЕЛДӨӨ ЖАНА БОЛЖОЛДОО

## МОДЕЛИРОВАНИЕ И ПРОГНОЗИРОВАНИЕ ПРИКЛАДНЫХ ЗАДАЧ С ПРИМЕНЕНИЕМ АЛГОРИТМОВ МАШИННОГО ОБУЧЕНИЯ

# MODELING AND FORECASTING OF APPLIED PROBLEMS USING MACHINE LEARNING ALGORITHMS

